soros.kg

# МЕКТЕПКЕ БИРГЕ

## Мультимаданияттуу коомдун шартында билим берүү чөйрөдөгү мугалимдер үчүн колдонмо




Бишкек 2010

УДК 372.8

ББК 74.26

М 46

М46 МЕКТЕПКЕ БИРГЕ. Мультимаданияттуу коомдун шартында билим берүүчү чөйрөдөгү мугалимдер үчүн колдонмо. - Б.: 2010. -136 б.

ISBN 978-9967-11-312-1

Мультимаданияттуу коомдун шартында билим берүүчү чөйрөдөгү мугалимдер үчүн колдонмону иштеп чыккандар:

1. Абдывасиева А.А., «Илим-Ош» билим берүү комплексинин директору
2. Барсанаева Дж.С., «Save the children» КФ билим берүү программаларынын менеджери
3. Задорожная Н. П., билим берүү программалары боюнча эксперт
4. Мамытова Г.К., ББМ астындагы «Айылдык билим берүү» долбоорунун координатору
5. Мирзоева Л.Т., ББМ астындагы «Айылдык билим берүү» долбоорунун координатору
6. Низовская И.А., билим берүү программалары боюнча эксперт
7. Орусбаева Т., И.Арабаев атындагы КМУнун мектепке чейинки билим берүү кафедрасынын башчысы
8. Скреминская Л.Р., КОСУ тарых жана культурология кафедрасынын доценти
9. Хамзина С.А., USAID «Сапаттуу билим» долбоорунун мониторинг жана баалоо боюнча адиси

Проекттин консультанты: Питер Репицки, "Ачык мектеп" фондусу, Словения

Кыргыз тилине которгондор: Орусбаева Т., Эсенгулова М.

Өзбек тилине которгон Ходжаева М.

Сорос–Кыргызстан фондунун билим берүүнү реформалоо программасынын директору - Дейчман Валентин.

Ачык Коом фонддорунун Билим берүүнү колдоо программасынын регионалдык менеджери - Кейт Лепхам.

"Принтхаус" БҮдөн басылып чыкты. Бишкек, Шевченко к., 1, тел. 996 (312) 352952

М 4306010000-11 УДК 372.8

ISBN 978-9967-11-312-1 ББК 74.26

© Сорос–Кыргызстан фонду

# Киришүү

2010-жылдын июнь айында Ош жана Джалал-Абад областарында болуп өткөн окуялар балдарга ар кандай таасир тийгизди? Кээ бирөөлөрү үйлөрүн таштаганга аргасыз болуп, үй-бүлө мүчөлөрүнөн айрылышты. Көптөрү өзүлөрүнүн жамаатындагы зомбулукка күбө болушту. Кээ бир жаштар, мүмкүн, өзүлөрү зомбулук иштерге катышышты же аларды жасатбоого аракеттеништи, көптөгөн жамааттар үй-бүлөсүн, жакындарын коргоо үчүн тоскоолдуктарды түзүштү. Көпчүлүк балдар жабыркаган окуялардын саркындысынан чыга алат, эгерде колдоо уюмдарга жетишсе, алар үй-бүлөлөрдөн, достордон түзүлгөн болсо ошондой эле, көнгөн турмушка кайра тезирээк кайрылса. Балдар үчүн мектепке баруу тастыкталган режимдин бөлүгү болуп, мектеп достору күнүмдүк турмушунун түйүндүү колдоочу фактору боло алат.

Билим берүү министрлиги Эл аралык донорлор менен билим берүү Класстеринин алкагында өнөктөштүк укукта иштешет, 2010-жылынын 1-сентябрында балдарды кабыл алууга мектептерди даярдап камсыз кылууну көздөйт.

Балдарды колдоо үчүн мектептер эшиктерин чоң ачып, күлүп-жайнап окуунун биринчи күнүндө окуучуларды тосуп, аларга коопсуз шарт түзүп берүүсү эң негизги болот. Ошондой эле, биз мугалимдерди жана мектептин педагогикалык түзүмүн дагы бардык балдарга жогорку деңгээлде билим берүүсүн камсыздаганга умтулууларын колдогонбуз.

Мектептерге жаңы окуу жылына даярданып алышына жардам берүү үчүн Билим берүү министрлиги жана билим берүү Класстери багыттуу түрдө мектептин жетекчилерине тренингдерди уюштуруп, мугалимдерди конфликтилерди теске келтирүүчү таратылып берилүүчү материалдар менен камсыз кылып, балдардын мектепке жолдон коопсуз өтүүсүн камсыздап, жамаатты мобилизациялоого жардам берүү, бул бир нече негизги умтулуу июндан баштап иштелип жатат. Астыңардагы колдонмо, иштеги дагы бир кадам болот.

Мектептен балдар өзүлөрүн комфортуу жана коопсуз сезишине, мугалимдер бир күн кечке сабактарда активдүү катышуу жана балдарды кызыктыруучу көнүмүштөрдү, колдоо методикаларын билиш керек.

Тынчтыкты куруу жана натыжайлуу окутуу үчүн мектеп жамаатына тиешеси бар болгон сезимди жана башкаларды сыйлоо, күнүмдүк окуунун бөлүгү болгон учурда гана түзсө болот. Окуучулардын баарын окуу жараянына, класста активдүү пикир алышуусуна, качан гана ар бир окуучу коркпой мугалимине, теңтуштарына суроону бере алганда, жардам сураганда толук кириштi десе болот. Биз балдардын социалдык, эмоционалдык жактан дени сак өнүгүүсүн колдоп, ошондой эле окуучулар окуу программалардын мазмунун жакшы, тезирээк өздөштүрүүсүнө жардам кылабыз.

Бул колдонмо чогултулган материалдардын адаптацияланган түрү, алар конкретүү «Кадам артынан кадам» программасынын окуу модулдарынан; чукул чаралардагы билим берүү Эл аралык сактоо комитетинин иштелмелеринен; Бүткүл дүйнөлүк банктын «Айылдык билим берүү» долбоорунун иштелмелеринен жана башкалардан алынган.

Иштөө тобу, университеттин окутуучуларынан, жергиликтүү эл аралык эксперттерден, коомдук мамлекеттик эмес уюмдардын өкүлдөрүнөн түзүлүп, чогултулган материалдарды мугалимдерге ылайыктап кыскача билдирүүлөрдү сабактарды пландоодо, балдарды колдоодо, июнь айындагы окуяларды эске салып адаптациялап, тематикалык бөлүктөргө бөлгөн.

Колдонмо жети баптан турат, тематикасына киргизилгендер: инклюзия жана көп түрдүүлүк, коопсуз окуу шартты түзүү, коом менен мектептин ортосунда өнөктөштүк байланышты түзүү, классты башкаруу стратегиясы, ошондой эле окуучулар менен жекече иш жүргүзүү.

Колдонмонун биринчи чыгарылышы орус тилинде чыккан, бирок кыргыз жана өзбек тилдеринде чыгаруу пландаштырылган.

Министрликтин, Билим берүү класстеринин жана автордук иш тобунун атынан бул колдонмо мугалимдер үчүн алардын насаатчылык ишмердүүлүгүндө, балдар коомчулук кыйынчылыкты башынан өткөргөн убакытта жардам беререрине биз үмүтөнөбүз.

**Мазмуну**

1. Мультимаданияттуу/мектеп системасында жана жалпысынан көп маданияттуу билим берүү 7

1.1 Полиэтникалык коом – нормабы же чектен чыгуубу? 7

1.2 "Тарых менен география" 7

1.3 Көп түрдүүлүк жана анын мүнөздөмөсү 8

1.4 Көпчүлүктүккө таандык жана көпчүлүк окшоштук 9

1.5 Социалдык контекстеги этникалык окшоштук 11

1.6 Коркунучка негиз барбы? 12

1.7 Маданиятты аныктоо 14

1.8 Маданиятты биз кантип өздөштүрөбүз? 14

1.9 Көп маданияттуулук деген эмне? 16

1.10 Көп маданияттуу билим берүү деген эмне? 17

1.11 Кыргызстанда көп маданияттуу билим берүү 17

1.12 Окутуу жараянына көп маданияттуу мазмунду киргизүү 20

1.13 Биздин жалпы келечегибиз 22

2. Инклюзивдик билим берүү жана ар түрдүүлүк: сабак берүү тажрыйбасына ар түрдүүлүктү жана демократиянын баалуулугун кантип киргизсе болот? 23

2.1 Инклюзивдик маданият 24

2.2 Инклюзивдик саясат 27

2.3 Инклюзивдүү практика 28

2.4 Атайын көнүгүүлөрдүн комплекси 30

2.5 Манжалар көнүгүүсү 32

2.6 Кат жазганды үйрөнөбүз 33

2.7 Достор (балдар жана чоңдор үчүн жомок) 38

2.8 «Акылсыз карышкыр» англис жомогу 40

2.9 К.Д.Ушинский "Шамал жана күн" 42

2.10 Этикеттин 8 жалпы эрежеси 46

2.11 Заманбап чөйрөсүндөгү балдар (өзүн сактоонун жөнөкөй эрежелери) 46

3. Коопсуздуу айлана-чөйрөнү түзүү 49

3.1 Класстын деңгээлиндеги коопсуз айлана-чөйрө эмнени түшүндүрөт? 49

3.2 Коюлган маселени чечүүчү практикалык бөлүм 50

3.2.1 Окуучуга багытталган класс 53

3.2.2 Класстык портфолио 55

3.2.3 Мугалимдин ролу 55

4. Мектеп менен коомчулуктун ортосунда өнөктөштүк мамиленин түзүлүшү 57
4.1 Үй-бүлөнү кантип билим берүү программага / окутуу ишкананын турмушуна тартса болот? 58
4.1.1 Үй-бүлө менен иштөөгө дагы бир нече кеңеш 60
4.2 Сапатуу билим алуу үчүн түзүлгөн мектеп менен эне-аталардын ортосундагы өнөктөштүк мамиле 61
4.3 Коомчулук жана мектеп 64
4.3.1 Мектептин өзүн-өзү баалоосу үчүн суроолор, параметрлер жана тармактар 65
4.3.2 Окутуу жана тарбиялоонун планын жакшыртуу деген эмне? (ОжТП) 66
4.3.3 Мектеп командасы 68
4.3.4 Миссияны кыска жана так жазуу (формулировкалоо) 71
4.3.5 Бүтүрүүчүнүн «Модели» 71
4.3.6 Мектептин өзүн-өзү баалосу (МӨӨБ) 72
1-тиркеме
2-тиркеме
5. Классты башкаруу жана жетектөө 79
5.1 Иштин жалпы ирети 80
5.1.1 Класстагы топтук иштерди уюштуруу 83
5.1.2 Класстагы жалпы дискуссияны башкаруу 86
5.1.3 Убакытты пайдаланууну башкаруу 87
5.2 Чөйрөнү башкаруу же окуучуларды кантип отургузуу керек? 88
5.3 Тапшырмадан тапшырмага өтүү 89
5.4 Глоссарий (Сөздүк) 96
6. Окутууда жана тарбиялоодо индивидуалдык мамиле кылуу 97
6.1 Глоссарий (Сөздүк) 97
6.2 Индивидуалдык мамиле кылуу деген эмне? 99
6.3 Окуутуда индивидуалдык мамиле кылуу деген эмне? 101
6.4 Интерактивдүү окутуу деген эмне жана ал индивидуалдык мамиле кылуу менен кандай байланыштуу? 102
6.4.1 Интерактивдүү окутуунун методдору жана ыкмалары 104
6.5 Адабияттар 118
7. Стереотиптер (өзгөртпөй эле кайталана берүү) жана жаман ойдо болуу. Чечүү методдору 119
7.1 Конфликтин өсүүсү 121
7.2 Педагогикалык конфликти чечүү методдору 123
7.3 Негизги эмоционалдык абалды өнүктүрүүгө оюндар 128

7.4 Глоссарий (Сөздүк) 134
8. Справочник: Бул же тигил көйгөйлөр пайда болгондо кимге кайрылуу керек 136
Тиркеме: Адабият сабагында көп маданияттуу билим берүү

# 1. Мультимаданияттуу/мектеп системасында жана жалпысынан көп маданияттуу билим берүү

**Педагогдор өзүнүн маданият жана тил байлыгы жөнүндө талдашы керек, анткени өзүнүн классын кайсы маданияттын “көз айнеги” менен көрүп атканын, башка тилге жана маданият топторуна кандай мамиле түзүүсүн изилдеп, ошол түшүнүктөр жана “жаман ойлор” иштөө тажрыйбасына кандай таасир тийгизери жөнүндө ойлонуусу зарыл.**

Таборс

## 1.1 Полиэтникалык коом – нормабы же чектен чыгуубу?

Азыркы мамлекеттер негизинен көп этностук экендиги жалпыга белгилүү: дүйнөдө 3500 жакын этностор, бирок 200 жакын гана мамлекеттер бар.

Этникалык көп түрдүүлүк эреже катары чектен чыккан эместигин цифралар так көрсөтүп турат.

Чындыгында, дүйнөдө көп адамдар эки маданияттын чегинде жашайт: бир жагынан - так чектеги улуттук маданиятта, экинчиден – маданият ортолук баарлашуунун кенен контекстинде, демек, биздин өлкө көп этникалыгынан уникалдуу, күнүмдүк суроолорго жооп издегенден жалгыз эмес:

- Көп түрдүү маданиятты мындай шартта кантип сактап калса болот?
- Маданияттын, тилдин жана этниканын ар түрдүүлүгүнө кантип мамиле түзүү керек?
- Конфликттерден, стресстерден аман калып маданиятык ортолук гармонияга кантип жетсе болот?

XX кылымдын тарыхы көп түрдүүлүктүн эч жакка жоголбосун, бизге айкын көрсөттү, ал кайра көбөйүп, ага көңүл бурбай же билмексенге салып коюу, үмүтсүз тоскоолдукка учурайт.

Тилекке каршы, түштүктөгү окуялардын ачуу тажрыйбасы, этностор аралык тирешүү кандай бүлүнүүгө жана трагедиялык натыйжага алып келерине бизди үйрөттү. Ошону менен бирге, этномаданияттын көп түрдүүлүгүн таануу жана макулдашуусу чечилбеген жагдайдан туура чечим табышы мүмкүн. Андан дагы, мамлекетте жашаган ар кандай элдин ынтымактуу коңшулугу, этнос ортолук карым-катнашы, этномаданияттын көп түрдүүлүгү социалдык өнүгүүнүн ресурсу боло алат.

## 1.2 «Тарых менен география»

Көп түрдүүлүк Борбор Азия өлкөлөрүндө мүнөздүү чек болот. Илгертен бери анын жер мейкиндигинде ондогон этностор жашап келген, көп сандагы маданияттын жана тилдик топтордун өкүлдөрү, катаалдык мамлекеттик чек ара менен бөлүнбөгөн, илгерки шаарлардын тарыхы жана кээ бир аймактар көчмөн элдин тарыхы менен кайчылашып калышкан. Дыйканчылык жана кол өнөрү өнүгүп, активдүү экономикалык алмашуулар жүрүп, жашоочулар эреже катары бир нече тил билишчү. Мындай социалдык чөйрө “коңшулардын” чогуу жашоосуна көнүп гана тим болбостон, Борбордук Азияга келгендерди дагы оңой кабыл алып турушчу, мисалы (19 кылымда регионго келген дунгандарды), совет мезгилинде немистерди, корейлерди, чечендерди жана башка улуттун элдерин кабыл алышкан Борбордук Азияда батыш өлкөлөрдүн үлгүсү боюнча улуттук мамлекет болуп өнүгүүсү кечирээк болду.

Өткөн кылымдын башында "Джадид" кыймылынын өкүлдөрү биринчилерден болуп Туркестандын мейкиндигинде ар башка мамлекеттер жашаса болот дешкен. Совет бийлигинин орнолгонунан баштап,

15 улуттук республикалар калыптанган, ар биринин этникалык көпчүлүгүн таанып, алар “негизги” жашоочулар катары каралган. Белгилүү Борбордук Азиянын изилдөөчү антрополог Сергей Абашкиндин ою боюнча: “большевиктер чарба өзгөчөлүктөрүн улуттук шартуу белгилер системасына, ар кандай топтогу ачык чек араларды саясий өткүс барьерге айландырды”. Аны менен бирге, совет мезгилинде этникалык аздар өкүлдөрү социалдык жардамга, жогорку билимге жана иштеринен жогорулашууга жетүүчү.

Советтер Союзунун кулаганынан баштап жаңы эгемендүү өлкөлөрдө жагдай өтө өзгөрүлдү. Ал өлкөлөрдө көп улуттар түзүмү болсо дагы, мамлекеттик түзүлүштө этностордун көптүгүн башкаруу маселелерге керектүү көңүл бөлүнгөн эмес.

Сыртынан караганда этностор аралык мамилелер жакшыдай көрүнчү. Этникалык жагдайга көп эле көңүл бурула берсе конфликтерге жана карама-каршылыктарга алып келерине мүмкүн экендиги бар болчу. Расмий позиция “этникалык сокурдуктан” азап тартып, анын көп түрдүүлүгүн таанабастыка салып жана көйгөйлөрдүн жылдан жылга топтолушуна жол берди. Бул жагдай демократиянын бузулушуна, топтордун теңсиздигине, титулдуу эмес улуттардын керектөөсү эсепке алынбай чыңалууну жаратып, ар түрдүү формадагы көрүнүштөргө алып келип, ачык түрткүлүктөргө барды.

Кыргызстанда жогору айтылган жараяндар орун алгандыгына байланыштуу, бүгүн этникалык көп түрдүүлүктүн керектигин таанып жана аларды мамлекеттик башкаруу системасына киргизүүнү негиздөө керек. Бул тарыхый тагдырдын чакырыгына адекваттуу жооп кайсылар болушу мүмкүн? Өнүккөн полиэтникалык коомду интеграциялоону эмне камсыз кылат?

Дүйнөдө ар түрдүү маданияттардын чогуу жашасына төрт алтернативдик ыкма түзүлгөн: ассимиляция, башкалардан бөлүп коюу, интеграциялоо жана маргинациялоо. Бирок **интеграциялык стратегия** гана коомдун биригишине оптималдык, анын негизи, өлкөнүн турмушуна жарандарынын тең укуктуу катышуусуна, этномаданияттык көп түрдүүлүктү сактоого жана улут маданияттык баарлашууну колдоого шарт түзө алат.

Башка сөз менен айтканда, көп этникалык жана көп маданияттуу коомдо бирдиктүүлүктү сактоо үчүн, мультимаданияттуу саясатты жүргүзүп, ар түрдүү маданияттын тең укуктугун таанып, ар кайсысы жашоого гана эмес, бирдей жарандык укукка жана боштондукка ээ болушу керек. Мультимаданияттуу саясатты ийгиликтүү жүргүзгөн өлкөлөрдүн тажрыйбасынан, алар коомдун саясий жана маданий интеграциясынын өнүгүүсүн көрсө болот.

## 1.3 Көп түрдүүлүк жана анын мүнөздөмөсү

**Көп түрдүүлүктүн негизи**

**1. Көп түрдүүлүк – бул биздин окшоштугубуздун, айырмалыгыбыздын бардык белгилери.**

**2. Адам катары айырмачылыгыбыздан көрө бир бирибизге окшоштук жагыбыз көп.**

**3. Бирок, айырмачылыктын мааниси бар!**

Биз бир-бирибизден көптөгөн белгилер менен айырмаланабыз – жаштык, гендердик, расалык, этникалык, адистик, билим боюнча жана көптөгөн башка нерселер менен. Бул айырмачылыктар социалдык тайпаны калыптандырууда негиз болушу мүмкүн. Ар бир айырмала-нуучу белги биздин кайсы тайпага тиешебиз барын белгилейт (эркек, аял, жаш же кары, үйлөнгөн же бойдок, бай же кембагал, армияны өткөн же барган эмес ж.б.).

Бул мүнөздөмөлөр эмнеси менен айырмаланат?

- Көп түрдүүлүктөрдүн **“алгачкы белгилери”** – бизге туулганда берилет, алар түбөлүктүү турмушта аларды өзгөртүү кыйын же өзгөртүүгө болбойт. Мисалы, раса көп муундар өтүп өзгөртсө болот, жынысты өзгөртүүгө хирургиялык киришүү менен ж.б.
- Экинчи белгилери – бул биздин көптөгөн мүнөздөмөбүз, алар экономикалык шарттын, билимдин, ден соолуктун таасири менен турмуштун жүрүшүндө өзгөрүлөт же жаңы нерселер пайда болот. Бул, мисалы, жашоо, иштеген жери, жарандыгы, адистиги, үй-бүлө статусу, хоббиси жана көптөгөн башка нерселер,ошондой эле жекече тандоонун негизинде жана чыгармачылык ыкмасын пайдаланганда өзгөрүлүшү мүмкүн.

Көп түрдүүлүктүн негизи ойлонууга түрткү кылат, айырмалыктардын кайсылары мааниге ээ болот? Жообу ар кайсы конкреттүү жагдайдын талдоосунан көз каранды болот. Мисалы, мектептеги билим берүүнүн сапатынын айырмасы басымдуу түрдө, мектепке барган баланын шаарда же айылда жашоосуна көз каранды болот. Кыргызстанда, мисалы, сапаттуу жогорку билимди алуу мүмкүнчүлүгү, көпчүлүктө, мектептен тил сабактарынын жакшы берилиши менен байланышат. Бул жагдайда гендердик айырма чоң мааниге ээ болбойт. Тескерисинче, депутат же жогорку саясий орунду ээлөө аялдарга караганда эркектер үчүн жогору. Бул учурда гендердик статус маанилүү болот.

Ошентип, айырмачылык биринчиден, тең эместик ресурстарга жетүү жагдайда көрүнүктүү жана маанилүү болуп калат. Бош убакытта керектөө канаттануу жагдайында айырмачылык биздин жашообузду кооздойт жана аларды кызыктуу, мазмундуу, чыгармачыл кылат.

**Ойлонууга суроолор**

- *Силер жашаган жерде, кандай этникалык топтор жашайт?*
- *Топтогулар жана алардын өкүлдөрү өзүлөрүн кандай мүнөздөйт?*
- *Башка топтогулар жана алардын өкүлдөрү башка топторду жана алардын өкүлдөрүн кантип мүнөздөйт?*
- *Топтордун ортосундагы “чегин” эмне белгилейт (тил, жашоо турмушу, дини ж.б.)? Алар кантип өзгөрүлөт? Канчалык ал туруктуу болот?*
- *Топтордун ортосундагы мамиле түзүүнүн сапаты кандай? Канчалык жыш, кандай мүнөздө жана кайда топтор, алардын өкүлдөрү менен карым-катнаш түзүшөт?*
- *Кандай социалдык мейкиндик карым-катнаш түзүүгө уруксат берет: мектеп, базар, иш орду? Андай мейкиндиктер көп сандабы же чектелгенби?*

## 1.4. Көпчүлүккө таандык жана көпчүлүк окшоштук

Тигил же бул топко таандыктар биздин **окшоштугубузду** – бирөөлөр менен бирдейлик сезимди, биз менен жалпы мүнөздү бөлгөндөрдү белгилейт: биз менен бир тилде сүйлөйт,каада-салттарды карманат, сыйлайт, окшош адистик билим, көндүмдөргө ээ, табиятты сүйөт, акыйкатсыздык менен күрөшөт ж.б.

Бир эле маалда биз ар кандай топторго таандык болуп кетебиз (үй-бүлө, адистик коом, достор, коңшулар, кызыгуулар), ошентип биз **көпчүлүктүү окшоштуктарга** ээбиз, алар бир-бирине кошулат. Ар бирибиз көптөгөн коомдорго тиешелүү болгондуктан кенен кызыгуу чегибиз болот. Коомчулуктун ичинен биздин таандыгыбыз белгилүү этникалык топко, же бир нече топторго тиешелүү болобуз.

Биздин окшоштуктарыбыз эрежедегидей, бир-бирин толуктап, толугу менен четке кагылып калбай контекстен көз каранды болот. (1-сүрөт). Демек, мектепте биздин адистик педагогдордун окшоштугу негизги, үйдө биздин апа же ата окшоштугубуз актуалдуу болот, базарда – дүкөнчүлүк же сатып алуучулук ж.б.




1-сүрөт. Көп түрдүүлүк жана үстү-үстүнө салынган окшоштук

Биздин окшоштуктар өзгөрүүгө дуушар болот. Ошондуктан, **окшоштук – динамикалык жараян,** дайыма бир жолу берилген мүнөздөмөлөрдүн чогултмасы эмес. Кээ бир окшоштуктар (мисалы, адистик окшоштук) башкаларга караганда аябай өзгөрүүгө дуушар болот, бирок алар дагы чексиз эмес өзгөрүлүп турат. Андан дагы, биздин социалдык окшоштугубузду (шаардыктар, айылдыктар, орто жеткилүүктүү класстагы өкүлдөрдү) биз бала чагыбыздан эле өздөштүрөбүз. Окшоштуктар жөнүндө өткөн жараяндар, биздин эмоциябыз, биздин инсаныбыздын коопсуз сезимибиз тыкыз байланышта болот. Мисалы, гендердик таандыктар боюнча мамилелерге айтылган сындар, балалык мамилелерди аткарбаганыбыз, ошондой эле биздин адреске айтылган этникалык таандык бизди катуу кайгыртат.

**Ойлонууга берилген суроолор:**

- *Эң алгачкы кабыл алынган окуяны эстей аласыңарбы башкалардан "айырмалангандыгы" менен? Ал сизге кандай таасир калтырды?*
- *Ойлонуп көргүлө, өзүңөрдүн тажрыйбаңарда көп түрдүүлүк менен күнүмдүк турмушута жолуктуңар беле?*
  - *Башка топтун элдери менен кайда жолугушат?*
  - *Өзүңөрдүн тобуңардан элдерди кайдан жолуктурасыңар?*
  - *Социалдык контекстен элдердин кайсы топко таандыгын кантип тааныйсыңар / белгилейсиңер ?*
  - *Өзүңөрдүн тобуңардын элдери экенин кантип таанып / белгилейсиңер?*
  - *Досторуңардын арасында "чыгарылган" топтон барбы? Кимдир бирөө өзүнүн этникалык таандыгын жашырабы?*

## 1.5 Социалдык контексте этникалык окшоштук

Этникалык окшоштук – көп ченемдүү кубулуш, алардын негиздери:

- жалпы ата-тегибиздин жаралуусу;
- жалпы тарыхый тажрыйба;
- типтүү чектер (тил, дин, адаттарды, каада-салттарды кармоо ж.б.).

Бул таанытуучу белгилер **адамдардын сезүүсү менен** башкалардан айырмалап, бир этникалык топтон экинчини айырмалоого пайдаланылат. Этникалык окшоштук, эрежедегидей, күнүмдүк турмушта өтө бийик мааниге ээ эмес. Тынч маанайда элдер, өзүнүн этникалык таандыгын “өзгөчөлөнгөн” учурда – майрамдарда, тарыхый жылдыктарда, маданият иш-аракеттерине байланыштуу күндөрдө гана эстешет.

Өзгөчө үй шартында бирөөлөр эне тилинде сүйлөсө, үйдөн тышкары мезгилде – мектепте, иш ордунда – мамлекеттик тилди же башка этникалык топтун тили пайдаланылат, бул жагдайда этникалык окшоштуктун өз тилинде сүйлөөсү ар дайым эле өтө маанилүү экендигин көрсөтбөйт. Тил мындай жагдайда коммуникациянын куралы катары каралат.

Башка иш, элдер качан “өзүнүн” тилине өтүп аны пайдаланууда, өзүн кайсы коомго тиешеси бардыгын билгизүү үчүн өтөт. Андай жүрүш-турушта, тил маркер катары же этникалык белгисин тактоочу болот. Эгерде элдер өзүлөрүнүн этникалык таандыгын жыш эстесе же ойлонсо, бул коркунучтуу белги, чыңалуунун же конфликтин көбөйүшүнө алып келиши мүмкүн. **Этникалык таандыгынын актуалданышы топто коркунуч жагдайында күчөйт.**

Өзгөчө коркунучту туудурган, этникалык окшоштуктардын ортосунда “тирешүүлөр” пайда болгон учурду аралаш никелүүлөрдүн жагдайындагы бир үй-бүлөнүн тажрыйбасында дагы байкаса болот. Жөнөкөй шартта, эне-атасы ар түрдүү этникалык окшоштукка ээ болсо, балдар көп этникалык окшоштукту өздөштүрүп, эки топко таандык болушат. Эгерде эки топтун өкүлдөрү этникалык конфликтке киришип калса, коомдо окшоштуктар жакталып, “башкалар” четке кагылууга багытталынат. Мындай балдарды бул жагдай өтө оор абалга алып келет, экиликтүү таандыкты сактоого кыйын болот, андан дагы эки коомду тең чыгарып коюлушу мүмкүн. Балдардын **“экиликтүүлүгү”** өзүнөн өзү дагы коркунуч катары кабыл алынат.

Ошол эле убакытта жакшы жагдайда ар түрдүү топтордун **бир бири менен окшоштук жагы** көбүрөөк айтылып, бир бири менен карым-катнаш түзүү жана бирдиктүү ишмердүүлүк жасоо мүмкүнчүлүгү жөнүндө, этникалык окшоштуктар аралык коркунуч жагдайында өзгөчөлөнгөн негизди пайда кылат, ошондо, **элдердин ортосундагы ар түрдүүлүк** аябай көп айтылат. Мындай жагдайда топтун “ичинен” окшоштуктар белгиленип жана адамдардын ортосунда “өзүнүн” тобундагы гана адамдарга ишенич кыларына умтулушат.

Бул фондо ишенимдин негизинде, сенин тобуң, сенин көз карашың, сенин жашоо тирлигиң башкалардан бийик турары, **этникалык бир-бирине терс аяктыкты** пайда кыла баштайт. Бул тилектештик сезиминин жоктугу гана эмес, бул башкалардын башкача каралышы, башкача ойлонушу, башкача кылганы, дегеле анын турганы үчүн кабыл албоосу. Терс аяктыктын жыйынтыгы кеңири диапазондо көрүнүп калат: жөнөкөй адепсиздиктен бирөөлөрдү барк албоочулук мамиле жасоо же, мүмкүнчүлүктөрдү жана укуктарын саясатка такап коргоо, жада калса этникалык тазалоо жана геноцид, атайы элдерди жок кылууга жетет.

Терс аяктык кылмыштарды жасоого жардам берет, алар адамзатты уятка калтырат. Терс аяктыктын арты коомго эмне алып келерин, аны баалап адам укугунун бузулушу деп түшүнүү керек.

Этникалык терс аяктыктын көрүнүштөрү:

- кордоо, шылдыңдоо, тоотбогондукту көрсөтүү;
- этибар албоо (баарлашуудан баш тартуу, көңүл бурбоо, таанымбоо);
- негативдүү стереотиптер, шек саноо, жок нерсеге ишенүү (башка маданиятка, эрежедей терс мүнөздүн негизинде этникалык топко караштуу адам жөнүндө жалпылоочу ой-пикирди түзүү);
- этноцентризм (башка топтор менен салыштырып өзүнүн тобунун каада-салты эталон сыяктуу жана турмуштук кубулуштарды чагылдырып баалап түшүнүү);
- душманды издөө (социалдык көйгөйлөрдү жана жамандыктардын пайда болушун башка топторго ыйгаруу);
- коркутуу, артынан түшүү;
- улутчулдук (өзүнүн улутунун башка улуттардан артыкчылыгына ишенүү, анткени өзүнүн улуту чоң көлөмдөгү укука ээ);
- куугунтукка алуу (расмий же басмырлоонун негизинде);
- сегрегация, апартеидди киргизүү (бир топтун кызыкчылыгын басмырлоо үчүн элдерди зордук менен расаларга, динге же жыныстыкка бөлүү);
- репрессиялоо (зордук менен адамдын укугун жокко чыгаруу);
- жоготуу жана геноцид ( түрмөгө салуу, кол салуу, физикалык жок кылуу).

Жаш өспүрүм балага окшоштуктарды калыптандыруу көйгөйлөрү негизги болору белгилүү. Ошондуктан, жаш өспүрүмдөрдүн окшоштуктарынын ар кандай аспектилерин, анын ичинен этникалык окшоштуктарына өзгөчө көңүл буруу абзел.

Балдар жана жаш өспүрүмдөрдүн арасында кордоо лексикасы өтө тараганын, негативдүү стереотиптер жана жок нерсеге ишенүүчүлүк, башка улуттун элдеринин маданиятын, динин кемсинтүүлөрдүн бардыгын изилдөөлөр көрсөтөт.

Аз эмес башка улуттун өкүлдөрү шылдыңдоого, кемсинтүүгө, кордоого дуушар болушат. Жаштардан топтор түзүлүп, экстремистик ураандарды чыгарышат. Негативдик жүрүш-туруштун негизинде окшоштуктун кризистик трансформациясы жатат, ал тип **гиперокшоштук** (этникалык эгоизм, улуттук фанатизм), өзүнүн тобуна жогорку позитивдүү мамиле жасоо “башкалардын” үстүнөн бийиктигин сездирет.

Башка жагынан караганда, этникалык окшоштукту жаш өспүрүмгө калыптандырууда ал **гиперокшоштук** типке кетип калышы ыктымал, биринчиден этникалык нигилизм, анын мүнөзү өзүнүн маданиятынан баш тартып, өзүнүн этникалык байлыктарын колдобой, негативизмди жана терс аяктыкты өзүнүн элине көрсөтөт.

## 1.6 Коркунучка негиз барбы?

Эрежедегидей, окуучулардын ортосундагы өзгөчөлөнгөн мамилелер, анын ичинен жаш өспүрүмдөрдүн спонтандуу чыр-чатак чыгуусун, тирешүү жана конфликтерди мүнөздөйт. Конфликтин өнүгүү деңгээлин билүү кээде татаал же практика жүзүндө билүү мүмкүн эмес. Эгерде инсан аралык трансформация билинбей улуттук конфликтке айланса, жагдай күчөп кетиши мүмкүн, артынан ойго келбеген натыйжа калтырылышы абзел.

| Полярдануу (карама-каршылын) | Позитивдүү мамилелер |
|---|---|
| • өзүнүн этностук таандыгын артыкча көрөт;<br>• өзүнүн тобунун абалын шылдың же "башка" топоторду жамандоо аркылуу бекемдейт;<br>• Балдар чөйрөсүндө коммуникация жок же аны түзүү кыйналыштуу;<br>• Бардык суроолор этникалык "көз караш" менен каралат;<br>• Четки позициялар биринчи планга чыгышат, ашыра талап кылбаган көз караштар баарлашуудан чыгарылат;<br>• Балдар коллективинде бир-бирин түшүнүү, боорукердик жана чогуу кайгыруу жөнөмдөрү жок болот;<br>• Көпчүлүк учурда ишенбестик, күмөн саноо пайда болуп (балдар ушакка көп ишенишет);<br>• Бир-бири менен мамиле түзүүдө бирөө утуп экинчиси жеңилсе гана жеңиш эсептелет, бул жерде: же "биз" – же "алар"деген принцип иштейт;<br>• Балдар тобу белгилүү аракеттерди колдоо үчүн билгизбей сүйлөшүп, кийинки бөлүнүүгө багыт алышат;<br>• Айланадагылар этникалык жагынан кабыл алынат, башка окшоштуктар жана жекече өзгөчөлүктөрү эсепке кирбейт;<br>• Окууда, оюнда, баарлашууда мейкиндик сегрегация орун алат;<br>• Баарлашуу жараяны балдардын ортосундагы чекти күчөтүп бышыктайт;<br>• Ар бир кадам сайын кыйынчылыктар менен кайра мурунку деңгээлдеги мамилеге келүү кыйын болот. | • Башкаларга кенен көз караш; Кызыкчылыктарды кенен түшүнүү жана ойду так кыска айтуу;<br>• өзүнүн тобуна оң баа берүү,"башкаларга" негативдүү бааны талап кылбайт;<br>• Такай бирдиктүү коммуникация жүргүзөт;<br>• Биринчи планда чыгаруу эмес киргизүү позициясы турат;<br>• Балдар сөз табышат, топтор ортосундагы мамилени түшүнүүнүн негизинде түзөт;<br>• Топтор ортолук мамилелерде ачык мамиле, жалпы баарлашуу жана оюн мейкинди-ги пайда болот;<br>• Балдар эмпатия, боорукердик жана бийик ишенични этникалык сапаттардан көз карандысыз көрсөтөт;<br>• Жалпы жакшылык өзүнө жана башкаларга караштуулугун көрсөтөт;<br>• Чогуу баарлашуу, кызматташтык байлык катары каралат;<br>• Балдар ынактыкты билет, түшүнөт, чогуу чечилгенде эки жак тең утулбашын;<br>• Балдар ар бир топтун салымы коомдун өнүгүүсүндө баалуу болорун, көп түрдүүлүк биримдиги менен байытарын көрөт;<br>• "башкалар" көптөгөн инсандык сапаттары менен норма катары кабыл алынат. |

Балдардын карым-катнашына кичине көңүл коюп караганда – полярдануунун (карама-каршылыктын) пайда болушу ошо замат көрүнөт. Эгерде карым-катнаштын коркунучтуу жана бузулуу мүмкүнчүлүктөрүнүн түбү көңүлгө алынганда, педагогдун компетенциясында алардын болушунда, алдын ала иш-аракеттеринин эмнеге керектиги, балдарды тарбиялоодо көп маданияттуу технологияны билгендиги түшүнүктүү болот.

Педагогдор көп түрдүүлуктүн өнүгүүсүн камсыз кылып ага шарт түзүүсү, дискомфорт жана конфликти жаратууга коркунуч жана негиз эмес, ар дайым өнүгүү ракурста каралып турат.

**Позитивдүү этникалык окшоштук** айланадагы этникалык көп түрдүүлуктүн, качан өзүңдүн этникалык тобуңдун позитивдүү образы менен биргелешип позитивдүү баалуулук мамилелер, башка этникалык топтор менен жанаша жашаса, абдан балансталган мамилелерди көрсөтөт. Балдарды өзүнүн элин сыйлоого тарбиялоо, тарыхына, каада-салтына, баалуулугуна, жетишкендигине сыймыктанууну түшүндүрөт, ошол эле учурда - көп түрдүүлүк маданиятты жана этникалык дүйнөнү билүүсүн, "башкаларды", улуттук, диндик жагына карабастан кабыл алуусу, анын окшош эместигин жана бир жараяндын эки жагынын биримдигин түшүнүүсү аны калыптандырат.

Тарбиялоодо биринчи иретте балдар өзүнүн наркын сезип жана өзүн билүү жөндөмүн калыптандырууга жумшалышы керек. Эмпатия, ишенич, кыялдануу, бирөөнүн кейигенине кошулуу категориялары менен иш жүргүзүү зарыл, баланын башкалардан окшоштук жана өзгөчөлүктөрдүн, маңызын ачуу. Бул инсандын сапаттары баланын айлана чөйрө менен карын-катнаш түзүүсүндө каралыш керек, себеби өзүнө кылган позитивдүү мамиле бул көп түрдүү дүйнөгө позитивдүү жана жакшы мамиле түзүүдө негизги шарты болуп келет.

## 1.7 Маданиятты аныктоо

"Маданият" деген түшүнүктө көптөгөн белги бар, алар терминдин маанисин түшүнүүгө негиз болот. Алардын кээ бирлери:

**...социалдык жүрүм-турумдун жаралышына жана тажрыйбаны интерпретациялоо үчүн адамдар колдонгон кабыл алынган билим.**

Спрэдли и Маккарди

**Адамдын коомдун мүчөсү катары татаал бүтүн табылгасы, көз карашы, искусство, адеп, мыйзамы, адаты жана башка жөндөмдүүлүгү билимине киргизилет.**

Тайлор

**Коллективдүү, социалдык уюштуруучу маанилери, коомдо тең эмес жайгашкан (кээ бир адамдардын маданий компетенциясы башкаларга караганда көбүрөөк болот).**

Ульф Ханнерц

1950-жылдардын аягына чейин маданиятты адаттардын жана жүрүм-турум модельдеринин терминдери аркылуу белгилеп келген.

**Азыркы кезде маданиятты жалпы билимдин жана көз караштын системасы катары кабыл алып, адамдардын кабыл алуусун жана социалдык жүрум-турумун калыптандырат деп түшүнүшөт.**

## 1.8 Биз кантип маданиятты өздөштүрөбүз?

Баланын биринчи мугалими эне-ата болот. Маданий антропология жараянында эне-аталардын баланы үйрөтүүсү (баланы үй-бүлөдө жана жамаатта үйрөтүү жараяны) **маданиятты өздөштүрүү** деп аталат. Бул окуу жараяны мектепке чейин өтөт, параллелде мектептеги окутууда жана мектептеги окутууга карабастан. Андан дагы бул жараян эч качан бүтбөйт, жаштар жана карыялар дагы окууну түбөлүк керек

катары уланта беришет. Жашообузда улам өзгөрүп турган дүйнөнү түшүнүп, жаңы нерселерди билүү кerектигин жана башкалар бизди үйрөтүүсүнө жол бергенибиз бул турмушта ийгиликтүү болушубузга мүмкүндүк берет.

Маданиятты өздөштүрүү билим берүү жараянын негизи болот, ал бала төрөлө электе эле башталат, анткени келечек эне-аталар ар кандай пландарды ким төрөлөрүнө жараша түзөт, баланын үй-бүлөдөгү абалын эске алып, анын атын коюшат. Эне-аталар өзүлөрүнүн маданий билимин, тажрыйбасын, күтүүсүн пайдаланат. Үй-бүлө жана коом, көп учурда байкабай, балдарга маданий моделдерди берүүдө жана балдардын өздөштүрүүсүндө чоң ролду ойношот.

**Ойлонууга суроолор:**

- *Маданиятты үйрөтүү кантип билинет? Элдер кандай жагдайда аны менен жолугушат?*
- *Мисалы, досторуңар, үй-бүлө өкүлдөрү, кесиптешиңер, тааныштарыңар балдарына кандай аттарды койот?*
- *Коюлган аттар маданияттын улантуучулугун же өзгөрүлүшүн көрсөтөт (атты тандаганда каада-салтты же поп маданияты жана ММК белгилүү ролун ойноп, баланын аты өткөн чака караганда азыркы учур менен көбүрөөк байланышып калдыбы?)*
- *Бала төрөлгөндө үй-бүлөдө эмне болот? Ким кам көрөт? Аны менен кантип сүйлөшөт, ойнойт? Кандай майрамдарды уюштурат? Анын баары балага кандай таасир этет?*

Тил менен маданият бир бири менен тыгыз байланышта. Сүйлөгөн тили, алардын белгилүү бир топтун мүчөсү экенин билдирерин балдар өтө эрте билишет. Үй-бүлөдө жана коомдо «Эне» (биринчи үйрөнгөн тили) маданиятты өздөштүрүү жараяны болот. Балдар коомдун бир бөлүгү болуп, тили этникалык таандыгын билгизет. Маданиятты өздөштүрүү жараяны балдар мектепке бара электе эле өзгөчө окуу жараянынан өткөнүн билгизет, эмнелерге үйрөтүлгөнү, эмне үйрөнгөнү, үй-бүлөдөн, коомчулуктан аны каалагандай каралган, ошентип, коомчулуктан жана үй-бүлөдөн күтүлүп жана бааланып турган. Ал билимдер жана көндүмдөр баалуу мурас катары каралып, алар азыркы жана кийинки мезгилде дагы өздөштүрүлүшү абзел. Жүрүш-турушу, көз карашы ж.б. моделдер, балдарды үйрөтүүдө жана алардын конкретүү өздөштүрүүсү коомдогу орду боюнча өзгөчөлөнүп турушу мүмкүн, бирок биринчи көрүнүшүндө балдарга позитив катары көрсөтүлөт.

Негизги маданиятты же көпчүлүктүн маданиятын чагылдырган баланын мектепке келиши өзгөчөлөнгөн маданий шокту жаратат. Башка маданияттын өкүлдөрүнүн окууга жетишүүсүнүн төмөн деңгээлине, кырсыкка, балдардын чыгарылышына же өзүн-өзү чыгаруусуна себеп болот. Шексиз, жараяндын ачык мисалы үй менен коомчулуктун же мектептин ортосундагы тил орун басуучулуктун үзүлүшү болот. Мектеп, балдардын бир тил-маданияттык чөйрөдөн экинчиге өтүү жолдорун камсыз кыла албай, бул жагдайды нормадан бузулду деп карайт, чечилүү жолун баланы “оңдоого” багыттап, аны доминанттуу топтун өкүлүндөй өзүн алып жүрүүсүн таңуулап, дагы алардын тилин билүүсүн талап кылып, жалгыз ошондой чечимди туура көрөт. Мындай аракеттер баланын уялуу сезимин пайда кылат, өзүнүн маданиятына болгон мамилесине жана өзүнө берген баанын ылдыйлашына алып келет – бала, өзүн кем сезип, “сынып” калат же башка топторго же өзүнө карата жини келет.

Баланын жаңы тил маданиятынын чөйрөсүнүн адаптацияланышынын негизги максаты – балдарды позитивдүү өзүн таанууга, жекече жана топтук окшоштукка оң тарбиялоо. Андай максатты ишке ашыруу үчүн, педагогдор өзүлөрүнүн маданий, тилдик күтүүсүн балдарга карата кайра карап чыгуусу зарыл. Балдардын маданий жана тилдик потенциалын жаңы чөйрөдө өнүктүрүп, алардын сезимин өзүлөрүнүн мурасынан баш тартпагандай кылып педагогдор балдарга жардам бериши керек.

Ал балдар тил жактан жетишсиз абалда болсо дагы, алар өзүлөрүнүн билимин жана жөндөмүн ар

кандай ыкма менен көрсөтүүгө аракеттенишине мүмкүндүк бериш керек. Алар үй-бүлөдөгү жана достор арасындагы, мектепте дагы ошондой болушун тандоого жол бербей аны сездирбегенге аракет кылыш керек.

Башка маданий чөйрөдөгү балдар педагогдор башка ык менен өзүлөрүн көрсөтө алаарын сезип турушу керек. Бирок баланын жүрүм-туруму башка балдардан айырмаланып турушу мүмкүн, ал жүрүм-турумдун модели ошол кездеги баланын түшүнүүсүн чагылдырат. Андай балдарга туура эмес баа берип жана аны оңдоого умтулбастан, педагог байкоодогу алган маалыматты ошол балага карата релеванттык сапаттагы "башталган чекит" катары пайдалануусу зарыл.

**Ойлонуучу суроолор**

- *Бала кезиңерде эмнеге үйрөнгөнүңөр, (мектепке бара электе), силердин эсиңирде барбы, алар эмнеси менен мектептегиден айырмаланат? Тил билбестик кыйынчылыка учурадыңарбы?*
- *Өзүңдүн өлкөңдүн тилдик жолун жолдоочулуктун айрылышынын мисалдары жөнүндө ойлонуп көргүлөчү.*
- *Ойлонгулачы, мисалы, балдар көпчүлүк айланадагылардан айырмаланып өзүлөрүн "экинчи сорттогулар" деп сезишет, алар кимдер, кандай сүйлөшөт же эмне кылышат.*

## 1.9 Көп маданияттуулук деген эмне?

**"Мультимаданияттуулук"** термини илимий изилдөөлөрдө жана билим берүү тажрыйбасында XX кылымдын 80-жылдарында пайда болгон. Бул бирдиктүүлүктөн көп түрдүүлүк идеяга келтирип, маданият түшүнүгүнөн четтегенге жардам берди. Азыр биз белгилүү этникалык топтордун бардыгы ээ болгон маданият эмес "маданияттар" жөнүндө айтабыз. Этникалык аз сандагылардын саясий кыймылдары өзгөрүүлөргө жардамдашып бирден-бир фактор болду. Көпчүлүктөрдөн жана басымдуулук кылгандардан, алардын коомго кошкон салымдарын, позитивдүү ордун, башка топтун ичинен маданий өзгөчөлөнгөнүн таанууну талап кылат.

Мульти- же **көп маданияттуулук** дүйнөнүн көп түрдүү элдеринин нормалдуу абалы экенин түшүнүп, башка топтордун да бар экенин, алардын башка маданий мүнөздүү экенин билишет. Адамдар таанып билүү жараянында, ар бирин жана бардыгын жалпылай албаганын көрүшөт.

Турмуш жөнүндө түшүнүк, жашоонун образы дагы, түшүнүктөрдөн жана башкалардын жашоо образынан айырмаланып турарын алар түшүнүшөт. Ар бир түшүнүктөр жана жашоо образдары башка маданиятты түзөрүн билүү керек.

Мультимаданияттулук бизди социалдык, маданияттык жана тилдик мамиледе болуп, биздин туулганыбыз **белгилүү чөйрөгө таандык** экенибизди, б.а. маданият же маданияттар аркылуу калыптандырылышыбызды түбөлүк болбосо дагы, өзгөрүлүү мүмкүндүгүнө үйрөтөт. Андан тышкары, маданияттын көп түрдүү диапазону татаал коомдо көбөйөт, көп маданиятуу компетенция анда чоң ролду ойнойт. Коомдо өзүбүздү ийгиликтүү ишке ашыруубузга мүмкүндүк түзүлүп, ошол ийкемдүүлүк мындай жагдайда жылышыбызга жардам берет.

**Ойлонууга суроолор:**

- *Сиз кандай ар түрдүү маданиятка тиешелүүсүз?*
- *Кантип ийкемдүүлүк же ар түрдүү маданиятка тиешелүүлүк, ийгиликтүү өзүн ишке ашырууга, көп маданияттулук мейкиндикте жылуусуна мүмкүндүк берет?*
- *Көп маданияттуу чөйрөдө жылууга кимде ийкемдүүлүк жок, эмне үчүн?*

## 1.10 Көп маданияттуу билим берүү деген эмне?

**Көп маданиятуу билим берүү** – бул билим берүү системасынын компоненти, инсандын этникалык окшоштугун, дүйнөлүк маданияттын жетишкенин, өлкөдө жашагандардын эне тилин, маданиятын маданий баалуулугун кошуп өздөштүрүп өнүктүрүүгө багытталган. Көп маданиятуу билим берүүнүн идеяларын ишке ашыруу бул улуттук билим берүү системасын түзүүнү билгизет, ал маданий ортолук карым-катнаштык жана тилдик көп түрдүүлүк маданияттын идеяларына негизделген.

Көп маданияттуу билим берүү инсандын калыптанышына багытталат, ал көп түрдүүлүктү кабыл алуунун жана сыйлоонун алдын алат:

- Окуу пландарда коомдун маданиятынын ар түрдүүлүгү, "этникалык сабаттуулугун" тарбиялоо максатында мектеп сабактарында жана айлана-чөйрөдө чагылдырылат;
- Окуучуларга өзүнүн маданий мурастарын өздөштүрүүгө жана башка улуттардын маданий баалуулугунан маалымат алганга мүмкүндүк берет;
- Этникалык топтордун окшоштуктарын жана ар башкалыгын кароо, бардык этникалык топторго элдерди сыйлоого тарбиялоо, уникалдуулугун билүү, сыйлоо, этникалык түшүнбөстүктү айыптоо;
- Билим берүү мазмунунда азыркы кезде маданияттардын бири-бирине таасир этерин жана байытуусун, коомдун интеграцияланганын маданият аралык карым-катнаштыгын чагылдыруу.

Ошону менен бирге балдарды эмнеге үйрөтүп жатканы, кантип үйрөткөнү бирдей негиздүү. Көп маданияттуу ыкмада каалаган окуу предметинин мазмуну, өзгөчө гуманитардык сабактарда, мамлекеттин көп курамдуулугун эске алуу принцибинде, өлкөнүн өнүгүүсүндө ар бир топтун кошкон салымы эске алынат.

Көп маданиятуу коомдо аз сандуу топтордун титулдуу этностун тилин, маданиятын жана тарыхын билүү, ал коомдо өзүн адаптациялаганга, ишин көрсөтүүгө жумшалары шексиз. Ошону менен бирге көпчүлүк, аз сандуу топтордун тилин, маданиятын жана тарыхын билүүсүн керектүү деп эсептешбейт. Бирок, **бардык окуучуларга көп маданиятуу куррикулум (программа), аз сандуу группаларды, көп сандагыларды кошуп толеранттыкка тарбиялоодогу негизги шарт болуп, этномаданиятуулуктун көп түрдүүлүгүн, коомдун интеграцияланышын жана консолидацияланышын өнүктүрөт.**

## 1.11 Кыргызстанда көп маданиятуу билим берүү

2008-жылдын апрель айында Билим берүү жана илим министрлигинде көп маданияттулук жана көп тилдүүлүк Концепциясы бекитилген. Ал документ көп маданияттуулук жана көп тилдүүлүк билим берүү чөлкөмүндө, азыркы кездеги талапка ылайык билим берүү системасын реформалоодо стратегиялык ыкма болуп саналат.

Кыргызстандагы көп маданиятуу жана көп тилдүү билим берүүнүн актуалдуулугун түшүндүрүүчү суроолордун бир топ факторлору Концепция деп аталган:

- Кыргызстандыктардан жарандык улуттарды калыптандыруу – жалпы улуттук биримдикти жана жарандык макулдукту түзүү өзгөчө азыркы мезгилде мамлекеттин оңой эмес өнүгүүсүндө аябай керек;
- Республиканын территориясында жашаган ондогон ар түрдүү этникалык топтордун этномаданияттык жана тилдик көп түрдүүлүгү,өзүнүн тарыхы, тили жана маданияттык өзгөчөлүгү;
- Кээ бир этникалык топтордун мамлекеттүүлүгүнүн жоктугу, маданиятынын өзүнчөлүгүн сактоого өлкөнүн жоопкерчилигин көтөрөт;

- Моноэтникалык региондордогу жаштарды көп маданияттуу чөйрөдө адаптациялоо керектиги, өлкөнүн көп маданияттуулугу көп түрдүүлүгү жөнүндөгү билими, көп маданиятуу коомго интеграцияланбаганы,табигый түрдө калыптандырылбаганы, билим берүү системасы тарабынан көп күч жумшоону талап кылат;
- Уруучулук, урук-тууган ортолук жана этникалар ортолук таймашуулар, республикада саясий жагдайга, тууганчылык, жердештик же этникалык окшоштугу менен негативдүү таасир берип, ачык этникалык чагылуулар түзүлүп, аларга жаштарды кенен тарта башташты.

**Кыргызстандагы көп маданиятуу жана көп тилдүү билим берүүнүн негизги максаты, өлкөнүн көп түрдүү маданият компетенциясы бар жаранын калыптандыруу, ал көп түрдүү маданият чөйрөсүндө ага жеткиликтүү жашоону жана ийгиликтүү профессионалдуу ишмердүүлүктү камсыз кылат.**

Кыргызстандын жараны **көп маданияттуу компетенциялар** менен камсыз болушу керек, аларга мындай билим, көндүм жана билгичтик уруксат берет:

- Баалуулукту тандап алуу;
- Стандарттык эмес көйгөйлөрдү чыгармачылык менен чечүү;
- Көп түрдүү дүйнө менен карым-катнаш түзүү, ошону менен дүйнөнү жана өзүн өзгөртүү;
- Тарыхый жана маданий мүнөздөгү маалыматты билүү;
- Ар түрдүү тилдерди билүү.

**Анын ичинен көп маданияттуу компетенция үч топко бөлүнөт:**

1. Когнитивдүү компетенциялар (**билим** жана таанып билүү көндүмү):

- өзүнүн жарандык жана этникалык ошкоштугу;
- ар кандай маданий моделдердин келип чыгышы жана тарыхы;
- дүйнө жөнүндө, ар кандай маданияттын бардыгын билүү;
- этномаданияттын стереотиптери;
- көп түрдүүлүктү жана тең укуктуулукту коргоого багытталган мыйзамдарын негиздерин билүү;
- конфликтердин болушун, этномаданияттын өзгөчөлүктөрүн билүү;

2. Аффективдүү компетенция (**баалуулук** жана эмоционалдык мамилелер):

- Башка элдин этникалык баалуулугун жана маданий окшоштугун өзүнүкүндөй көрүү;
- Көп түрдүүлүктүн баалуулугу менен эсептешүү;
- Жалпы жарандык окшоштуктарга сыймыктанганын көрсөтүү;
- Башка элдин маданиятын үйрөнүүгө ачыктыгын, даярдыгын, жакшылык тилөөчү мамилесин көрсөтүү;
- Маданият стереотиптерди сын көз караш менен кабыл алуу;

3. Коммуникативдик жана жүрүм-турумдук компетенция (**жүрүм-турум жана баарлашуу көндүмдөрү**):

- Эне тилде, мамлекеттик, официалдык жана дүйнөлүк бир тилде баарлашуу;

- Дискриминациясыз тең укутуктун негизинде башка маданияттын өкүлдөрү менен ачык диалогду жүргүзүү;
- Таанылбаган маданий чөйрөдө адаптациялануу;
- Ачык конфликтин чыгуусун алдын ала билүү жана агрессивдүү жүрүм-турумга туруштук берүү;
- Этномаданияттык стереотиптерди жеңүү;
- Массалык маалымат каражаттарынын маалыматтарын сын пикир менен кабыл алуу;
- Көп маданияттуу коомдо жашоону улантуу;

Көп маданияттуу билим берүү программалары ар түрдүү максаттарды көздөшөт, коомдо кайсыларга багытталганы негиз болот.

Ошондуктан азыркы кезде адам ресурсунун көп түрдүүлүктү таануусу, ошондой эле көп түрдүүлүк жашоого керектиги социомаданиятынын өнүгүүсүнүн приоритети болот.

Ар түрдүү маданияттар жөнүндө айтканда биз аларды иерархия түрүндө карай алабыз. Ар кимисинин өзүнүн уникалдуулугу бар жана ар бирин өзүнүн баалуулугуна жараша түшүнүш керек. Көп түрдүүлүк маданияттар арасында позитивдүү жана жагымдуу болот.

Башкаларга карата толеранттыкты көрсөтүү жетишсиз. Көптөгөн изилдөөчүлөр жана педагогдор белгилешкендей, башка адамдарга карата **эмпатияны** өрчүтүү керектигин айтышат (“тигилер” же “булар” башка маданияттын өкүлдөрү болушат). Эмпатия дегенди алар кыймыл-аракеттерди жасоо керектигин, башка маданияттар ар кандай адамдын керектөөлөрүнөн, башка тарыхый, социалдык, географиялык чөйрөдөн келип чыккандай түшүнүшөт. Эмпатия өзүнө ар түрдүү элдердин сезимдерин түшүнүүнү, жана жөндөмүн (аракеттин даярдыгын) камтып, дүйнөнүн башка тарыхый, социалдык жана географиялык контекстин негизин камтыйт.

Эмпатия тилектештиктин жана башкалардын укугун сактоо, ошондой эле таануу жөндөмүн, социалдык калыстыктын талабын колдонууну көздөйт. Ушул жерде жалпы тынчтыкты түзүүгө биргелешүү жана активдүү жарандык катышуу башталат, ошонун ичинде менин өзүмдүн “дүйнө сүрөтүмө” жана маданиятыма, ошондой эле башкалардын “дүйнө сүрөтүнө” жана маданияттарына орундары бардыгы сезилет.

**Ошондуктан мультимаданияттуу билим берүүнүн идеалы жана кенен максаттары – окуучуларды өзүнүн жана башкалардын тынчтыгын сактоого активдүү үндөө кирет.**

Азыркы кезде Кыргызстандын мектептеринде көп маданияттуу билим берүү принциптерин системалуу түрдө ишке ашыруу жокко эсе. Класстык сабак ишмердүүлүгүндө ар түрдүү предметтик чөйрөдө, интеграция принциптери, **педагогдун персоналдык позициясынан** жана жекелик көндүмүнөн маданият ортолук карым-катнашка киргизүү жөндөмү, маданий мурасы ж.б. көз каранды болот.

Кээ бир эле мектептерде класстан тышкаркы иштердин формалары сакталган. Бирок ал иш-аракеттер бир жолку болуп, эффективдүүлүгү байкалбайт. Коомдук жана эл аралык мекемелер тарабынан колдонгон методикалык иштелмелер, мугалимдер үчүн тренингдер, мектеп ишинин системасына, мугалимдерди даярдоо жана билимин жогорулатууга киргизилбейт. Кыргыз билим берүү академиясында, жогорку окуу жайларында көп маданиятуу билим берүү, тарбиялоо илим изилдөө ишинде приоритетке ээ эмес, анын өнүгүүсүнө керектиги дагы тематикалык пландарында киргизилген эмес.

Билим берүүдө көп маданияттулук принциптери приоритеттүүлүккө ээ болушу талапка ылайык, ал

иштерди системалаштыруу, куррикулумдарга тематикалардын киргизилиши, окуу пландарга жана программаларга, ошондой эле класстан тышкаркы иштерде көп маданияттулук жөнүндө кенен пайдалануу.

**Ойлонууга суроолор:**

- *Азыркы кезде көп маданияттуу билим берүүнү, тарбиялоону кандай жүргүзүп жатасыз?*
- *Азыркы мезгилде Сиз жана Сиздин окуучуларыңыз үчүн класста, мектепте, коомдо көп маданияттуулук чөйрөнүн өнүгүүсүнө кандай максаттар негиздүү?*
- *Эффективдүү жыйынтыкка жетиш үчүн эмнелерди өзгөртүп эмнелерди кошот элеңиз?*
- *Сиздин көз карашыңыз менен ал үчүн Сизге эмнелер жетишбейт?*

## 1.12 Окуу жараянына көп маданиятуулук мазмунду киргизүү

Албетте, көп маданияттуу билим берүүнүн максаты этникалык мазмунду маданий традициянын, музыканын, тамак-аштардын, этникалык диний майрамдардын түрлөрүн ж.б. класста окутууга кошуп киргизүү жатпайт, ал кенен ыкманы, жалпы мектепке тиешелүү экендигин жана окуу программаларын реформалоону талап кылат.

Бул стратегиянын максаты көп маданияттуулукту таануу гана эмес, ошондой эле, иммиграттар менен аз сандагы топтордун өкүлдөрүнө карата ишенбестигин азайтуу, мектепте ал топтун балдары бар болбосо дагы. Андан дагы, мультимаданияттуу билим берүү тең мүмкүнчүлүктү, талаптарды бардыгын активдүү түрдө коргоо менен байланыштуу, окуучулар, педагогдор жана жарандар билим берүүдө туура чечим чыгарып, камкордукту камсыз кылат.

Көп маданияттуу билим берүүнүн негизги максаты, окуучуларды сын көз караште ой жүгүртүүгө үйрөтүү жана туура чечимге келишине, анын баары социалдык киришүү көндүмүн үйрөнүүгө жардам берет. Мындайча айтканда мультимаданияттуу билим берүүнүн маңызы – көп түрдүүлүктү аныктайт, ошондой эле социалдык камкордуктун фундаменталдык көйгөйлөрүнө кайрылат.

Билим берүү жараянында көп маданияттуу билим берүүнүн стратегиясынын ар кандай түрүн жана ыкмасын аныктайт. Ал интеграцияланган мүнөздү карманышы зарыл, бардык окуу предметтерин ошондой эле класстык жана класстан тышкаркы иштерди дагы камтыш керек. Билим берүүнүн көп маданияттуу компонентин ишке ашырууда Джеймс Бэнкстин төрт ыкмасын пайдаланса болот.

**Киргизүү боюнча – биринчи ыкма.**

Бул ыкма билим берүү стандартты, окуу пландарды ж.б. өзгөртүүнү талап кылбайт, ал ар түрдүү класстан тышкаркы иш-чараларды, класстык сааттарды, тематикалык сабактарды өткөрүүнү караштырат, аларда маданий каада-салттар, жана этникалык топтордун көрүнүктүү өкүлдөрү, алардын өлкөнүн тарыхына кошкон салымдары жөнүндө маалыматтар берилет.

Эреже катары, көп учурда мындай ыкмалар календардык даталарды пайдаланышат, этникалык топтун көрүнүктүү өкүлдөрүнүн юбилейлери же майрамдар киргизилет. Андайда көйгөйлөр боюнча дискуссиялар, укук же этникалык топтун өкүлдөрүнүн муктаждыгы канааттандырылбайт, жетишсиз же үстүртөн майрамдын же каармандын тарыхый же маданий мааниси гана каралат.

Бул ыкма белгилүү адамдарга же окуяларга сый көрсөтүүгө мүмкүндүк берет, бирок өлкөнүн тарыхында же этникалык топтордун ролун толук көрсөтө албайт.

**Экинчи ыкма базалык куррикулумга кошумчаланышына негизделген.**

Ал деле куррикулумга өзгөртүү киргизүүнү карабайт, бирок кээ бир сабактарды өткөрүүнүн стандарттык схемасын кайра карап чыгууну, атайын темаларды тандоону ж.б. талап кылат. Педагог негизги темаларга бир нече кошумча аспектилерди киргизүү менен (мисалы, тарыхый окуяларда ар кайсы этникалык топтордун ролу жөнүндө кошумча маалымат киргизет) базалык окуу планы менен иштейт.

Бул ыкманын ийгиликтүү ишке ашуусуна педагогдун даярдыгынан жана жигерлүүлүгүнөн өзүнүн ишине көп маданияттуу компонентти киргизүүгө көз каранды болот, анткени анын сааттары көбөйөт.

Бул ыкма көп маданияттуу тарбиянын кээ бир максаттарын, маселелерин чечкенге аракет кылат, бирок билим берүү мекемесинде жана окуу-тарбия жараянында көп маданияттуу принциптеринин системасын киргизүүнү, көп маданияттуу чөйрөнү түзүүнү камсыз кылбайт.

**Үчүнчү ыкма – куррикулумду трансформациялоого негизделген.**

Бул ыкма принципиалдуу түрдө биринчи эки ыкмадан айырмаланып турат, окуу программасын кайра кароону, ошондой эле материалдарды ар кандай перспективаны эске алуу көз карашы менен берүү, саясий жана тарыхый окуялардын версиясын сын пикирдүү талдоо. Бул ыкманы ишке ашырууда окуу пландарын эле кайра карабастан билим берүү стандарттарын дагы кароого туура келет. Анда традициялык сабактар окуу-тарбия ишинин башка формалары менен айкалышат, мисалы, долбоор методу, музей педагогикасы, социалдык акцияны уюштуруу ж.б.

Трансформацияланган ыкма, мугалим ар дайым өзүнүн билимин байытып турушу керектигин, традициялык эмес новатордук идеяларга кайрылуусун, алар, муруңку берилгендерден айырмаланып турарын, өз убактысында алар баарынан туура деп кабыл алынганын көрсөтөт. Бул ыкманын алкагында негизги болуп:

- маданият жөнүндө билимин кеңейтүү;
- жергиликтүү коомдун иш-чараларына катышуу;
- өзүнүн мектебине маданият менен таанышууга ар кайсы этностордун өкүлдөрүн чакыруу;
- көп түрдүүлүк жөнүндө окууга / тренингге катышу;
- ар бир маданиятты билүү, мектебиңердеги көп маданияттуулук иш-чараларга катышуу;
- окуучулардын кичине топтордо маданий айырмачылыктарды талкулоону уюштуруу;
- сабактарга катышууга эне-аталарды жана жергиликтүү коомдун лидерлерин чакыруу;
- үй-бүлө менен формалдуу эмес баарлашууларды уюштуруу;
- эне-аталардын сабакка катышууга чакыруу жана андайларды кубаттоо;
- балдардын катышуусун, өнүгүүсүн ж.б. көрсөтүү үчүн балдардын иштерин үйгө өзүнүн комментарийлери менен берип жиберүү.

**Төртүнчү ыкма – окуучунун социалдык активдүүлүгүн жана чечим чыгарууга көндүмүн калыптандырууга негизделген.**

Бул ыкма жогоркулардын бардык элементтерин камтыйт, бирок окуучулардын активдүү катышуусун элестетет, расалык, этникалык, маданий, гендердик стереотиптерди тажрыйбалык ишмердүүлүктө жеңип чыгуу, конфликтүү жагдайда адекваттуу көндүмдөрдү калыптандыруу.

Бул деңгээлде көп маданияттуу компоненттин ишке ашуусуна белгилүү ролдо балдардын реалдуу социалдык активдүүлүгү ойнойт, алар мектепте же жергиликтүү коомдо болуп реалдуу көйгөйлөрдүн чечилиши менен байланышат. Инструмент катары изилдөө долбоорлору, интервью, маданий жана

билим берүү, социалдык долбоорлор, акциялар, башка региондогу жана мектептеги теңтуштардын биримдиги б.а. ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрүн, көп маданияттуу өнүгүүнүн жаңы мүмкүнчүлүктөрүн, перспективаларын ачат.

Окуучунун социалдык активдүүлүгүн жана чечим чыгарууга көндүмүн калыптандырууга негизделген ыкма, балдарды өз баалуулугун талдоого ойготот, жаңы билимдерди пайдаланууга жана өзүнүн өлкөсүнүн активдүү жараны болгонго үйрөтөт.

Биринчи эки ыкманын алкагындагы ишмердүүлүктөр ар бир билим берүү мекемесинин күчү жетет, анткени ал жеткиликтүү материалдарга таянат, программаларды өзгөртбөйт жана педагогдорго атайын даярдыктын кереги жок. Бирок белгилеп кетиш керек, **баланын көп маданияттуу компетенциясын толук калыптандырууга сунуш кылынган төрт ыкманы тең пайдаланууда гана жакшы натыйжага жетишсе болот.**

## 1.13 Биздин жалпы келечегибиз…

Кыргызстандын бүткүлдүгү жана келечеги көп учурда анын көп маданияттуулугуна байланыштуу болот. Республикада 80ден ашык этностор жашайт, алар ар кандай этнолингвистикалык үй-бүлөгө жана топторго карашат, ар кандай динди тутушат, өзүнчө бир башкача болгон тарыхы, маданияты бар.

Алардын баары үзгүлтүксүз карым-катнашка жана коммуникацияга киргизилген. Бул жараянда билим берүү системасы башка элдер жөнүндө уникалдуу билимин кеңейтүү жана бир-бирине толеранттуу мамилени калыптандыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Көп этникалык коомду эске алганда, бүгүнкү күндө Кыргызстандын жаш муундары социалдаштырылууда, көп маданияттулук компетенцияны балдарга калыптандырууга жаңы билим берүү стратегиялардын иштелип чыгышынын керектиги айкындалат.

Классикалык билим берүү парадигмасына «билүүгө үйрөнүү - жасоого үйрөнүү-билүүгө даяр болуу» керектөөлөргө багыттап жаңы элементтерди **«чогуу жашоого үйрөнүү»** дегенди ЮНЕСКОнун Эл аралык комиссиясы берет, ал негиздүү максаттарга жетүүгө билим берүү системасынын ролун көтөрөт: башкалар менен биргелешип жашоого, толеранттуу духта башкаларды түшүнүүгө, плюралистик ой-пикирлерге жана сыйлоого үйрөтөт.

**Кыргыз Республикасында көп маданияттуу жана көп тилдүү Концепцияны кабыл алганда билим берүү максаттардын негизги чечимдерин аткарууда тең салмактуулукка мүмкүнчүлүк берет:** жеткинчек муундарга коллективдүүлүктү пайда кылуу, жарандык окшоштукту жана инсандын боштондук тандоосун сактап турат.

Багыттуу жана пландуу түрдө билим берүү мекемелерде Концепцияны ишке ашыруу эне-аталар менен кенен өнөктөштүктө, жергиликтүү коомчулук, мамлекеттик жана мамлекеттик эмес мекемелер менен, маданият ортолук диалогдорду жылдыырууда, коомдун консолидациясын жана Кыргызстандын көп этникалык, көп маданияттуу палитрасын сактаган ишине жардамдашат, алар өркүндөөнүн ийгиликке жетүү шарты болот.

# 2. Инклюзивдик билим берүү жана ар түрдүүлүк: окутуу тажрыйбасына ар түрдүүлүктү жана демократиянын баалуулугун кантип киргизсе болот?

**Эмне үчүн инклюзивдик билим берүүнү киргизүүгө бул колдонмо жазылган?**

Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгү саясат, экономика жана социалдык чөйрөгө көптөгөн кайра куруулрды алып келди.

Билим берүү системасында өзгөрүүлөр пайда болду. Мамлекеттик реформалар окуу жараянынын түзүлүшүнө гана кирбестен, билим берүүнүн мазмунунун баарын камтыды. Билим берүү системасында баланын инсанына мамиле авторитардык позициядан мээримдүүгө өзгөрүлүп, бардык балдардын керектөөсүн канаттандырды. Андайдын ичинде кембагал үй-бүлөнүн балдары, көчөдө калган балдар, иштеген балдар, жетим жана жарым жетим, наркомания же денесин саткан, ошондой эле өзгөчө муктаждыка ээ болгон балдар.

Авторитардык мамиле балдардын мүмкүнчүлүгүн жана өзгөчөлүгүн эске албай билим алуусун камсыз кылбайт. Инклюзивдик билим берүүнүн идеясы, гуманистик педагогикага дал келип, бардык балдардын керектөөсүн камсыздай алат, билим алууга мүмкүндүк берет.

Кыргыз Республикасынын билим берүү саясатында балдардын баарын окутуу деген салтанаттуу жар салынган. Ал иш мугалимдер үчүн практикалык колдонмо катары берилип, андан ар кандай ыкмаларды бардык балдар, эне-аталар менен иштегенге ошондой эле балдарга карата боорукердик мамиленин өнүгүүсүнө жаңы идеяларды таабууга болот.

Колдонмону даярдагандар, бул иш инклюзивдик билим берүү чегинде агартуу ишмердүүлүгүнө көңүлү бар мугалимдерге,”инклюзивдик окутуу” жөнүндө көбүрөөк маалымат алууга жардам берерине ишенишет.

Колдонмо психологдорду, тарбиячыларды, эне-аталарды активдүү түрдө бардык балдардын мектеп жашоосу менен кызыгуусун ойготот жана инклюзивдик билим берүүнүн негизги суроолоруна өзүнүн позициясын билгизери күтүлөт.

Колдонмо класстарда өзгөчө муктаждыка ээ болгон балдары бар мугалимдерге, ошондой эле андай тажрыйбасы аз, бирок көптү билгенди каалагандарга жардам берет.

Инклюзивдик билим берүүнүн алкагындагы практикалык мисалдар жана иш-аракеттер мугалимдерге анын мазмунун, колдонуу мүмкүнчүлүгүн жакшы түшүнүүгө жардам берет.

## 2.1 Инклюзивдик маданият

**Инклюзивдик маданият деген эмне?**

Инклюзивдик маданият кабыл алган коомчулуктун коопсуздугун түзүүгө багытталган, ал жерде ар бир мүчөсүн баалашат. Коомчулукту түзүү, жамааттын, эне-аталардын,жергиликтүү коомчулук жана бардык балдар чогуу иштешине, шериктештике негизделет, билгелешип дискриминациянын бардык формаларын минимумга чыгаруу аракети жасалат.

**Калктын ыза болгон катмарынан чыккан балдарга мектеп коомунун стереотиптик мамилесин өзгөртүү**

Жалпы билим берүү мектептерде инклюзивдик билимди ишке ашыруу жараянын көрсөтүү, бул мектеп турмушунда сиңип калган тартиптерди белгилеп, кайра курууну талап кылат. "Кыргызстандагы инклюзивдик билим берүү" программасынын тажрыйбасынан алганда киргизүү жараянына ар түрдүү мамилелер байкалганын констатацияласа болот.

Көңүл шыктын өтө оңу, ал жараянга катышып жана анын ийгиликтүү экендигин баалагандар. Атайын мектептердин педагогдору тарабынан көбүрөөк киргизүү идеясын зордук менен бөлүп кетүүсү байкалат. Инклюзивдик мектепте окуган окуучулар көбүрөөк чогуу окуусу жөнүндөгү каалоолорун өзүлөрү айтышат.

Абдан талашсыз, мектеп коомунда оң тажрыйбага караганда терс стереотиптер күчтүүлүк кылат. Ал балдардын эне-аталарынын, мугалимдердин арасында ишенбестиктер бар. Анын маңызы калктын аярлуу катмарынан чыккан балдарга карата стереотиптүү көз карашын кайра карап чыгууга милдеттүү түрдө мектеп жаңы максаттарды аткарат. Ошол эле учурда калктын аярлуу катмарынан чыккан башка группанын балдары менен бирге өзгөчө муктаждыка ээ болгон балдардын категориялары бөлүнүп чыгат. Эгерде ал топту караганда, андай балдарга коомдо дайыма эки стереотиптүү модель: **медициналык жана социалдык** мамиле болгон.

Эгерде ал моделдерди балдардын кызыкчылыгы аркылуу карасак, алардын ортосунда көрүнүктүү айырма болот. Эки моделдин ортосундагы айырмачылыкты, ошондой эле коомдун аракеттерине кантип таасир этерин көрүш үчүн коляскада отурган баланын коомдук китепканага киргиси келерин элестетели.

Эмне үчүн ал коомдук библиотекага кире албайт? "Анткени ал коляскада отурат" - деген жооп болот. Көйгөй коляскада болот. Көйгөйдун маңызы - өзгөчө муктаждыка ээ болгон балада, анткени биз аны "оңдошубуз" керек. Бирок, эгерде биз аны жасай албасак, көпчүлүк учурда өзгөчө муктаждыка ээ болгон балдарды "оңдогонго" болбосун билебиз? Анда алар китепканага бара албайт. Ал көйгөйдү чечиш кыйын.

Бирок ошол эле жагдайды социалдык моделдин призмасы аркылуу карасак,биз такыр башка чындыкты көрөбүз. Эми биз, ал бала китепканага тепкичтер үчүн кире албаганын түшүнөбүз. Бул жалгыз себеп, эмне үчүн бала китепканага кире албаганы. Архитекторлор, куруучулар, пландоочулар китепкананы тургузууда өзгөчө муктаждыкка ээ балдардын кызыкчылыгын эске алган эмес. Ал адистердин мамилеси жана аракеттери ошондой айлана-чөйрөнү түзүп, баланы инвалид сездирет. Эгерде пандус курулган болсо, ал бала андай жагдайда ачык айкын инвалид болмок эмес, анткени башкаларга окшоп ал китепканага кире алмак.

Ошентип, мектеп, инклюзивдик маданиятты өнүктүргүсү келсе, биз социалдык моделди сунуштайбыз, анткени ал:

- өзгөчө муктаждыкка ээ болгон адамдарды тааныйт, башкалардай эле, убакыттан убакытка медициналык жардамга муктаж. Бирок бул модель, аларды шексиз түрдө медициналык кийлигишүү объектиси катары каралбашы керек;

- коомду өзгөртүү жана өзгөчө муктаждыкка ээ болгон балдарга коомдун мамилесин өзгөртүү керектигин эсептейт.

**Мектеп администрациясынын карым-катнашы жана бир-бирин түшүнүүсү**

Жагымдуу шартты түзүүгө, бир-бирин түшүнүүгө жана карым-катнашына, ошондой эле инклюзивдик маданиятты өнүктүрүү ийгилигине негизги шарты, мектеп администрациясынын компетенциясы болот. Инклюзивдик өзгөрүүлөрдү ишке ашырууда мектеп администрациясынын сапаттуу башкаруусу негизги ролго ээ. Жетекчилер мектепти керектүү башкаруу менен камсыз кылып жана мектеп ортолук байланыштарды өнүктүрүүгө жардам берет. Жетекчилер мектептин инклюзивдүүлүгүн өнүктүрүүдө жасай алат:

- Ойлонуп, мугалимдерге ийкемдүү бир калыптагы милдеттерди бөлүштүрүү.

  Мектеп жетекчилери тарабынан кылдаттык пландоо мугалимдерге милдеттерин аткарууга жардам берет. Ал ошондой эле класстагы окуучулардын жалпы санынын ичинен өнүгүүсүндө мүчүлүштүктөрү барларын же окутууда кыйынчылыгы барларды дагы киргизет.
- Жакшы мугалимдерди мактоого.

  Мектеп жетекчилери өзгөчө белгиленген мугалимдерге мактоо системасын эффективдүү пайдаланууга болот. Мында белгилүү мактоо же аттестация системаларын пайдаланса болот, буга параллелдүү “өзгөчөлөнгөн” системанын кереги жок.
- Убакыт рамкасын белгилөөдө, мугалимдер бир-бирин байкоого мүмкүнчүлүк алат.

  Мугалимдердин ишинин сапатын өйдөлөтүүчү бирден-бир ыкма, алардын ийкемдүүлүгү жана жаратуучулугу – бир-бирин байкоого шарт түзөт. Жетекчилер бул факторду пландоону эске алуу менен мугалимдерге өзүнүн ишмердүүлүгүн талдоого мүмкүндүк бериши керек. Бул өндүрүштөн бөлбөй даярдоонун жакшы формасынын бири. Андан тышкары, жетекчилер жаңыча иштеп баштаган мугалимдерге дайыма колдоо көрсөтүп турушу зарыл:

  - Мектепке барбаган балдарды таап чыгуу;
  - Жашаган районундагы балдардын баары табылганын, мектепке кабыл алганын жана окууда кыйынчылыка учураганда жардам алганын байкоо;
- Көп секторлук шериктештикке жардамдашуу. Инклюзивдүү билим берүүнү башкаруу ишинде чектеш ведомстволор менен шериктешүү (мисалы, саламаттыкты сактоо органдары же социалдык кызматтар) негиздүү болот. Өзгөчө муктаждыка ээ болгон балдар жана алардын үй-бүлөсү ар кайсы булактардан жардам алышат.

**Инклюзивдик окутуу боюнча**

Инклюзивдик окутуу – бул аярлуу катмар категориясынын болгон жашоочуларына билим берүү жеткилигин камсыз кылуу жараяны, анын ичинде өзгөчө муктаждыка ээ жана жалпы билим берүү мектептердеги ар түрдүү муктаждыгы бар балдардын аккомодациясы. Бул жараян мектептердин тажрыйбасында жана саясатында маданий баалуулукту кайра карап чыгуу.

> **Инклюзивдүү мектепте бардык балдарды жамааттын негизги мүчөсү деп кабыл алат; өзгөчө муктаждыка ээ болгон бала бардык теңтуштары жана башка мектеп коомунун мүчөлөрү менен өзүнүн билим алуу жана социалдык керектөөсүн канаттандыруу үчүн шериктешет.**

**Инклюзивдүү окутуунун негизги түзүмдөрү, мектеп жетекчилери жана мугалимдер үчүн кеңештер:**

- инклюзивдик тажрыйбаны колдоого татыктуу мектеп философиясын иштеп чыгуу;
- балдарды мектеп турмушуна тартуу үчүн ар тараптуу пландоо;
- инклюзивдүү мектепти түзүү жараянына мугалимдерди, мектеп администрациясын, эне-аталарды, балдарды жана башка коомдун мүчөлөрүн тартуу;
- мектептеги бардык персоналдарды (сакчыларды, ашпозчуларды ж.б. кошуп) окутуу.

**Инклюзивдик окутуу жөнүндө туура эмес түшүнүктөр:**

- мектепте өзгөчө муктаждыгы бар болгон балдардын жөн эле бардыгы жетишсиз;
- максаттарга эмес, аракеттерге ынтызар коюу;
- программага үйрөтүү жардам берүүнүн негизги багыты, ал балдардын жекече билим алуу керектөөсүн канаттандыруу эмес;
- сүйлөбөй отуруу – бул катышуунун нормалдуу альтернативасы.

**Инклюзивдүү мектептин эрежелери:**

- мектеп коомунда бардык окуучулар бирдей;
- бардык окуучулар окуу жараянына жана мектепте, мектептен тышкары өнүгүүсүнө бирдей тиешеси бар;
- бардык окуучуларда негизги социалдык байланыштарды түзүүгө жана өнүктүрүүгө бирдей мүмкүнчүлүк болушу керек;
- бардык окуучулар чечим чыгарууга катышышат;
- эффективдүү окутуу пландалат жана өткөрүлөт;
- билим берүү жараянында иштөөчүлөр, стратегия жана процедураларына окутулат, алар киргизүү жараянын жеңилдетет б.а. социалдык интеграция теңтуштар арасында жүрөт;
- программа жана жараян ар бир окуучунун керектөөсүн эске алат;
- үй-бүлөлөр мектеп турмушуна активдүү катышышат;
- ишке киришкен адистер позитивдүү көңүлдөнгөн жана өзүлөрүнүн ишин түшүнүшөт.

**Иинклюзивдик окутуунун жыйынтыгы:**

- окуучулардын такай жана активдүү жалпы билим берүү жараянындагы иш-чараларга катышууга мүмкүнчүлүгү бар;
- окуучулар мектеп шартына акырындык жана басымсыз адаптацияланышат;
- иш-аракеттер окуучуларды киргизүүгө багытталган;
- жекече жардам окуучуну алыстатбайт, бөлбөйт;
- жалпылоого жана көндүмдөргө үйрөтүү мүмкүнчүлүгү пайда болот;
- жалпы жана атайын сабак берүүчү педагогдор пландоодо, сабак өткөрүүдө жана баалоодо милдеттерин бөлүшөт;
- баа берүү эффективдүүлүгүнүн процедуралары бар болот.

## 2.2 Инклюзивдик саясат

**Иинклюзивдик саясат деген эмне?**

Инклюзивдик саясат мыйзамдарды жана жоболорду мамлекеттик жана эл аралык деңгээлде иштеп чыгуусун камтыйт, ошондой эле мектептин базасында иштелип чыккан устав менен план бардык балдардын билим алууга укугу бар экенин чагылдырат.

Кыргыз Республикасында нормативдик – укуктук базасы билим берүү чөлкөмүндө, бардык деңгээлде билим алуу мүмкүнчүлүгү бирден-бир приоритеттүү маселелерден болуп мамлекет гарантия менен камсыз кылат.

**Алдыңкы саналган нормативдик актыларда балдардын укугу жөнүндө айтылат.**

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы
- Балдардын укугун коргоо Конвенциясы
- "КР Билим берүү" мыйзамы, өзгөчө муктаждыка ээ болгон балдар жалпы категориядагы "балдар" дегенде корголот
- Жакырчылыкты кыскартуу боюнча улуттук стратегиясы жана Президенттин указы "Кыргыз Республикасында тез арада балдардын абалын жакшыртуу"
- Кыргыз Республикасында 2006-ж. тез арада балдардын абалын жакшыртуу планы
- "КР Президентинин указы Билимге кирүү "Жеткинчек" программасынын негизги багыттарын бекитүү" (1999-ж 11-февралынан)
- КРнын балдар жөнүндө кодекси балдар жөнүндө КР Кодекси (7 август 2006 жылы, №151).
- КР мыйзамы боюнча денсоолугунун мүмкүнчүлүгү тартыш адамдардын укугу жана гарантиясы (03 апрель, 2008-жыл, №38)
- КР мектепке чейинки билим берүү мыйзамы (29-июнь, 2009-жылы, №198)

Кыргыз Республикасынын жарандары, жынысына, улутуна, тилине, социалдык жана мүлктүк абалына, иштөө мүнөзүнө, саясий жана диний көз карашына, жашаган жерине жана башка шартына карабай билим алууга укуктуу.

Эң негизги билим берүүнү уюштуруу принциптеринин негизинде Кыргыз Республикасынын бардык жарандары билим алууга тең укуктуу.

**Инклюзивдик саясатты кантип кеңейтсе болот?**

- **Шериктештик аркылуу.** Шериктештик билим берүү системасында гана эмес бардык социумда, бардык звенодо керек, анткени инклюзивдик билим берүү саясаты, бардык балдардын билим алууга колдоочу укугу бирдей. Бул саясат белгилүү бир адамдар же мекемелер менен чечилбейт.
- **Социалдаштыруу аркылуу.** Балдардын баарын социалдаштыруу аркылуу дискриминацияны жоюуга жардамдашуу келечекте балдардын коомдо тең укуктуу мүчөлүгүнүн умтулуу позициясын чыңдайт.
- **Эне-аталар аркылуу.** Инклюзивдик билим берүү эффективдүүлүгү мектеп менен эне-аталардын карым-катнашына көз каранды болот. Мугалимдер, эне-аталар, окуучулар биригип майрамдарга даярданышат, өткөрүшөт, бир-бирине жакшы сөздөрдү айтышат,интерактивдүү оюндарга катышышат. Мектеп эне-аталарды бириктирүүчү, түзөөчү борбор болот.

- **Администрациянын катышуусу аркылуу.** Мектепте ишти уюштуруу менен администрация стратегиялык план түзөт.
- **Чөйрө түзүү аркылуу.** Инклюзивдүү билим берүү шартында чөйрө түзүлөт, ал жерде балдар бир бирин угушат, түшүнүшөт. Эгерде теңчилик карым-катнаш болбосо, анда инклюзия формалдуу болуп жыйынтыгы аз болуп калат. Кыскасы, окуучулар чогуу окушат, бирок инклюзивдүү коомчого киргизилбей калат. Инклюзивдүү окутууну качан гана окуучулар баарлашса, карым-катнаш түзсө, тажрыйба алмашылса гана айтууга болот, эгерде мугалим баарлашууну уюштура алса,ал окутуунун маңызын түзөт.
- **Окутуучу-фасилитатор аркылуу.** Инклюзивдүү окутуу шартында мугалимден фасилитатордук жөндөмүн көрсөтүүсүн талап кылат: баланы түшүнүү көндүмү, убактысында колдоп жана мактап, жандантып карым-катнашка киргизүү. Мунун баарына жетүү шарты, эгерде мугалим баланын күчтүү жактарына таянса, бир маалда сурап, колдоп жана өз алдынчылыкты берсе, жана анын көңүлү баланын катасына эмес жетишкенине бурулса, эгерде оптимизмди көрсөтүп баланын мүмкүнчүлүгүн ишеничин колдосо жетишет.
- **Социалдык-педагогикалык шарттарды эске алуу аркылуу.** Инклюзивдик билим берүү коомдогу жүрүп жаткан социалдык- педагогикалык жараяндын толук ачылыш мүмкүнчүлүгүн эсептейт. Атайын билим берүү реформасы объективдүү керектөө болот. Ызаланган категориядагы калкты мектепте окутууда, тарбиялоодо ыкмалардын өзгөрүлүшү социалдык активдүү инсандарды калыптандырууга, социалдык-адаптивдүү жүрүш-турушка ээ көндүмдөрдү базар экономикасына колдонууга багытталышы керек.

## 2.3 Инклюзивдүү практика

**Инклюзивдүү практика деген эмне?**

Инклюзивдүү практика – класста жана оюн аянтчаларда сабак берүү методун өзгөртүп сабак өтөт. Ошону менен бирге мугалим, балдар жана ата-энелердин ортосундагы мамиле өзгөрөт. Бул жерде ар бир баланын индивидуалдуу жөндөмдүүлүгү эске алынат. Мугалимдер жана коомдун мүчөлөрү бардык балдарды окутуу үчүн тыгыз кызматташат.

Бардыгы балалык кезде башталары талашсыз. Мүнөз калыптанат, достор тандалат, жакындары жана дагы маанилүү адамдар менен, чоочун кишилер же жөн эле тааныштар менен дагы мамиле түзүлөт. Баарынан негизгиси, жөндөмдүүлүктөр түптөлөт:

- башкаларды укканды жана ар кандай көз караштарды эске алуу;
- башка адамдардын оюн урматтоо менен өзүнүн келишпөөсүн билдирүү;
- башка адамдар менен кызматташ болуу көндүмдөрүнө ээ болуу;
- укугун басууга жана ээзүүгө каршы күрөшүү иштерин жүргүзүү;
- социалдык көйгөйгө кам көрүү көрсөтүү;

**"Бардык балдар ар башка"**. Урматуу кесиптештер, силер муну канчалык көп айтасыңар?

Силердин мектебиңердеги каалаган классты алгыла. Алар бир куракта болушу мүмкүн, бирок алар бири-бирине окшошобу? Жок! Алар бири-биринен кантип айырмаланышат? Кээ бирөөлөрү узун, кээси кыска бойлуу. Кээ бирөөлөрү уялчаак, башкалары өжөр. Бирөөлөр бат, башкалары жай окушат.

Педагогдун ишмердүүлүгү өз ара ишенич тилкесинде өтүшү керек, ал түшүнүүнүн, өз ара жардамдашуунун, жоопкерчиликтин жолу болушу керек.

Жөнү жок таарынычты биздин сөздөр жана аракеттер тийгизерин, анын артында чекти көрө билүү, окуучунун кадырына урматтоо көрсөткөнгө уруксат берген сезимдин чегин жана аны менен бирге өзүңдүн жеке кадырыңды табуу - мына заманбап мугалимдин толеранттуу инсандыгынын мүнөздүү түрү.

Ар бир баланын бардыгындай болуу жана өзү менен өзү эле калуу укугун таанып инсандыктык күчтүү жактарын бекемдесе болот.

**Инклюзивдүү практиканы жайылтуу жолдору:**

- инклюзивдүү класстарда балдардын муктаждыгын канааттандыруу;
- окутууда индивидуалдык процессти сактап калуу.

**Төмөндөгү 9 эрежени мугалимдер үчүн сунуштайбыз, алар ушуларга көңүл бурушу керек жана бардык балдарды окутууда колдонушса жакшы болот.**

- Биринчи эреже: **Окутуу процессине бардык балдар кириши керек.**
- Экинчи эреже: **Баарлашуу: мугалимдер балдар менен сүйлөшүшү зарыл, балдарга – мугалим менен жана бири-бири менен** (бул темага бир бөлүм арналган).
- Үчүнчү эреже: **Класстын жасалгоосу балдардын муктаждыгына жооп бериши керек** (бул темага бир бөлүм арналган).
- Төртүнчү эреже: **Сабакты пландаштырууга көңүл бургула.**
- Бешинчи эреже: **Айрым балдар үчүн дагы сабакты пландаштыруу болорун эске алгыла.**
- Алтынчы эреже: **Кантип индивидуалдуу жардам берериңерди ойлогула** (бул темага бир бөлүм арналган).
- Жетинчи эреже: **Көмөкчү куралдарды колдонуу жөнүндө унутпагыла.**
- Сегизинчи эреже: **Балдар үчүн кабыл алына турган социалдык факторлордун ыктарынын бири – бул мугалимдин балдардын жүрүм-турумун башкаруусу** (бул темага бир бөлүм арналган).
- Тогузунчу эреже: **Мугалим менен окуучунун чогуу иши – инклюзивдүү окутуунун жетишкендигинин шарты** (бул темага бир бөлүм арналган).

**Айланадагылардын жаман мамилеси жок болуп кетүү үчүн, мугалимге кантип жагдайды өзгөртсө болот?**

- Мугалим төрт багытта иш алып барат: ата-эне-мугалим-бала; мугалим-бала; бала-ата-эне; бала-бала.
- Мугалим фасилитатор болушу керек, б.а. баланы түшүнө билүү, өз убагында колдоо жана жактыруу, шыктандыруу жана өз ара аракеттешүүгө киргизүү.
- Эгерде мугалим баланын күчтүү жактарына таянса, бир убакта жардам бергенди жана талап кылганды билсе, өз алдынча болууну колдосо жана берсе, эгерде ал жаза басуусуна жана жетишпестигине көңүлүн токтотпосо, эгерде оптимизм көрсөтсө жана баланын жөндөмдүүлүгүнүн ишеничин колдосо, өз ара аракеттешүү ушул шарттарда жетишкендикте болушу мүмкүн.
- Мугалим оюн аркылуу балдар ойногон, иштеген, чогуу окуган чөйрөнү жаратат. Сабак учурунда мугалим кичинекей топтордо аткаруучу тапшырма берсе болот, анткени жалпы иш балдарды жакындатат да, алар бири-бирине жардам беришет, ар бир бала тапшырманы аткара алгыдай жана жалпы командалык ишке өзүнүн үлүшүн кошо ала тургандай иш чөйрөсүн түзүшөт. Ушундай шартта балдарда өз ара аракеттенүү сезими, “команда” сезими пайда болот.

- Тоскоолдукту сезбегендей жана окуучулар бирге ойной алгыдай кылып, мугалим чогуу ойной турган оюндарды ойлоп тапса болот.
- Мугалим бардык балдардын таланттарын, күчтүү жактарын мектептен тышкаркы, мектептин бардык иш-чараларында (мисалы: ырдоо, көркөм чыгармачылык, классты тазалоо, класстагы дежурство ж.б.) ишке ашырса болот.
- Балдар арасында тоскоол болбош үчүн, алар эркин өз ара аракеттенүү үчүн мугалим сабак учурунда окуучулардын ордун алмаштырса болот. Кичинекей топтогу иш ага ар дайым команданын курамын өзгөртүүгө жардам берет.
- Артыкча жетишкендиги бар окуучуга мугалим окуу процессинде жардамга муктаж болгон окуучунун үстүнөн шефке алып жардам берүүнү, бирге иштөөнү сунуштаса болот.

Урматтуу кесиптештер, биздин колдонмонун практикалык бөлүгүндө силердин көңүлүңөргө төмөнкүлөрдү сунуштайбыз:

- **Атайын көнүгүүлөрдүн комплексин.**
- **Манжалардын көнүгүүсү - майда моториканын ийгиликтүү өнүгүүсү.**
- **Сабактарды:**

1) Кат жазганды үйрөнөбүз (орус тили: 7-класс)

2) Альма Флор Ада “Достор”, (окуу, адабият: кичинекей жана орто мектептин балдарына жомок-сабак)

3) “Эси жок карышкыр”. Англис жомогу (окуу: кичинекей мектеп үчүн жомок-сабак)

4) К.Д. Ушинский “Шамал жана күн”, (окуу: кичинекей мектеп үчүн жомок-сабак)

Чоңдор жана балдар үчүн сунуштар жана кеңештер, силерге улутуна, динге ишенүүсүнө, социалдык абалына, физикалык жана акыл жагынын мүмкүнчүлүгүнө карабай, бардык балдар менен иштөөгө жардам берет.

## 2.4 Атайын көнүгүүлөрдүн комплекси

Бул комплекстин **биринчи көнүгүүсү** ар бир окуучуга анын өзгөчөлүгүн эске алып индивидуалдуу мамиле кылуу жөнүндөгү ойду угуучулар батыраак үйрөнүүгө арналган. Бул көнүгүү ушундай эле **“Биз кандай ар түрдүүбүз”** деп аталат. Биздин учурда тренинг дене тарбия мугалимдеринин жамааты менен өткөрүлдү.

Баарыдан мурда, мугалимдерди он адамдан кылып топторго бөлүштү. Ар бир топ (алардан экөө түзүлдү) өзүнүн айлампасын түзүштү. Эки айлампа алып баруучунун белгиси менен карама-каршы жакка тегерене баштаашты. “Токто” деген буйруктан кийин ар бири токтоп калыш керек жана маңдайында турган өзүнүн кесиптешинин он айырмалоочу бөтөнчөлүгүн тез айтуусу керек. Ушундай татаал эмес тапшырма.

**Экинчи көнүгүү – “Жакшы сапаттар”.** Мугалимдердин баарысы топторго он адамдан бирөөсү экинчисине бет маңдай болуп бөлүнүшүп, эки катарга тизилишти. Ар бир мугалим, анын көзүн карап турган кесиптешинин беш жакшы сапатын айтуусу керек. Бул көнүгүү ар бир окуучуда (жалпысынан адамда) жакшы жана жакшылыктуу бир нерсе сөзсүз бар, аны байкап жана баалоо үчүн кичине эле эмгек кылуу керектигин баамдоого мүмкүндүк берет.

**“Тааныш кырдаал” деп аталган үчүнчү көнүгүү** ойлонуунун позитивдүү жөндөмдүүлүгүн актуалдаштырууга иштейт. Мугалимдерге “Сиз эмне кылат элеңиз, эгерде сиздин сабагыңызда...” - деген сөздөн башталган жети суроого жооп берүү сунушталган:

1) Окуучулардын бири көпүрөгө тартылууну аткар деген көрсөтмөдөн кийин: “Мен тартылбайм, менин булчуңдарым мурунку сабактан бери ооруп жатат” - деп наразылык менен айтты.
2) Окуучулардын бири топту даана ыргытып бербей, жыйынтыгында өзүнүн дарбазасына топ кирди. Ката кетирген баланын кыжырын кайнатып, жолдоштору орой кыйкыра башташты.
3) Бардыгыңар 1000м. кросско чуркайсыңар деген сиздин сөзүңүзгө, окуучулардын бири: ”Бул кросстун мага кереги барбы... Мен, мүмкүн музыкант болгум келет” - деп айтты.
4) Үчүнчү класстын окуучулары бийиктикке секирип жатышты. Бирөөсүнөн башкасы бардыгы ийгиликтүү. Жолу болбогон баланы окуучулар жинин келтире башташты. Айтмакчы, ал сиздин сабакка дайыма катышчу эмес.
5) Сиздин алдыңызда турган онунчу класстын окуучусу, катары менен бир нече сабакка себеби жок эле катышпай жүрдү.
6) Окуучулардын бири (титулдук улуттан эмес) баскетбол оюну убагында топту корзинага салганга аракет кылып көрдү, бирок сала албай койду. “Кара, ыргыта албасаң, жолдошуңа пас бербейсиңби...” – деген одоно сөз сизге угулду.
7) Окуучу топту тээп жатып, капысынан башка команданын оюнчусунун бутуна тийип кетти, анын жыйынтыгында уруш башталды.

**Төртүнчү көнүгүү “Жоголгон журнал”** – бул таламдардын күрөшүнүн кичинекей “драмасы”, ээнбаштыктын шумдуктары, “жок жерден садага боло берүүчү адамды” издөө жана бирөөнү далилсиз күнөөлөө. Кокуйдун кырдаалы: окуу жылынын аягында журнал жоголду, эми жаңысын толтуруу керек. Деталдарды дааналоого дагы бир нече мүнөздүү белгилер. Биринчи - эгерде ким күнөөлүү экени билинбесе, анда жалпы класс жаза тартат. Экинчи – окуучулардын бир бөлүгү (жетише албагандардан) болгон окуяга ыраазы, алардын кээ биринин сыйкырдуу түрдө күндөлүктөрү жоголуп кетти. Үчүнчү мүнөздүү белги – окуучулардын кимдир бирөөсү мектептен чыгарып таштоонун четинде турган, эми бардык шек саноолор ага түштү. Төртүнчү – бир окуучу кыз баскетбол боюнча улуттук курама командасынын мүчөсү жана ал жакында мелдешке барганы жатат. Ал бир нече сабак боюнча баасыз калганы коркунуч алдында турат.
Оюнда өз ыктыяры менен чыккан он бала катышты. Бардык ролдор алардын ортосунда бөлүндү. “Спектакль” бүткөндөн кийин ар бир катышуучу оюн учурунда аларда пайда болгон сезимдер жөнүндө айта алган сүйлөшүү өткөрдүк. “Окуучуларда” үстөмдүк кылган жүрүм-турум реакцияларынын түрлөрүн талкуулоо көңүлдүн борборунда болду. Көрүүчүлөр дагы өзүнүн ойлорун айтып жатышты.

Тренингдин катышуучулары менен **бешинчи көнүгүү** эң маанилүүлөрдүн санына киргизилди. Убакыт убакыт менен ар бирибиз конфликттик жагдайга кабыларыбыз жашыруун эмес: транспортто бирөө менен урушат, жумушта жөнү жок айыптоолорду угушат ж.б. Бул учурда өзүн кантип алып жүрүү керек? Кимдир бирөө “каяша айтып” көнүп калган, кимдир бирөө болсо өзүнүн баркын сактап жана башка бирөөнү кемсинтпей “конструктивдүү чечим” тапканга аракет кылат. Мугалимдерге “**кордоочу киши – кордук көргөн киши**” сценкасын төмөнкү схема боюнча ойноо сунушталган: солдойгон-баласын досторунун көзүнчө капаланган апасы жемелеп урушуп жатат. Бала дүкөнгө нан алып келүүгө барбай койгон – себеби ушундай. Оюнга катышпагандар кызыгуу менен диалогду угуп жатышат.

Аягында **тренингдин уюштуруучулардын оюу боюнча сабырдуулукту жана өзүндө негативдүү реакцияны басууну билүүнү өнүктүрүү үчүн кызмат кылган көнүгүүлөр** жөнүндө айтып беребиз. Бардыгы экиден бөлүнүштү. Дене тарбия сабагында окуучуга таарынуу жана ыңгайсыздыкты сезген жагдайды биринчи номердеги катышуучу эстеши керек. Эми мугалим өзүн урушчаак-баланын ордуна коюп, анын ролун ойношу керек, экинчи номердеги катышуучу – анын кылыктарына ачуусун чыгарбастан мамиле көрсөтүү керек.

Профессионалдуу даярдалган педагог «отун үчүн токойду» көрө алат, мектеп окуучусу менен пайдасыз уруш-талашка күч коротууга өзүнө уруксат бербейт да, анын ордуна инсандык көйгөйлөрүн чечкенге жана реалдуу жардам бергенге аракет кылат. Башка бирөөнү **түшүнүүгө аракеттенүү, билүүгө умтулуу, жакын адамдарга кайрымдуулук** – педагогдун ишин натыйжалуу кылат жана кесиптик жактан өсүү жолдорун аныктайт.

## 2.5 Манжалар көнүгүүлөрү – майда моториканын ийгиликтүү өнүгүүсү

Окутуу жараянында колдун майда моторикасынын өнүгүүсү чоң мааниге ээ: балдарда кыймылдоо координациясы жакшыртылат, басырынгандык жана кол байлангандык өтүлөт. Колдордун кыймылдоосу кызыктуу оюндун негизинде курулган. Уккан сөздөр керектүү кыймыл элестерин бере алат жана тескеринче – жандоо балдарга өз алдынча ылайыктуу ырларды айтууга түрткү берет (дене тарбия мүнөтү).

**Дене тарбия мүнөтү.**

**Жылкы** (кол үчүн көнүгүү)

*Кичинекей ат сымал,*
*Жолдо барат манжалар.*
*Чок-чок-чок-чок.*
*Мына менин жардамчым*
*Каалагандай буруп ал.*
*Оңго, солго чаптырып,*
*Кетип калды ат сымал.*
*Чок-чок-чок-чок.*

(Балдар партада отурушат, алаканы партанын үстүндө. Кезеги менен бир сол, бир оң колу менен алдыга жылып, манжаларын бир убакта жумуп жана ачып).

**Мы писали**

*Жазып жатып чарчабай,*
*Туралы отурбай.*
*Чуркайлы ордубуздан – дүбүрөп*
*Чабалы колду дүркүрөп.*
*Муштумду түйүп ачалы,*
*Андан соң жазып баштайлы,*
*Жазып жатып манжалар,*
*Чарчап калган жөнү бар.*
*Алаң көздүү коенек,*
*Токойду көздөй секирет.*
*Мына –минтип, мына –минтип.*
*Оңго, солго ийип бактарды,*
*Шамал ойноп баштады.*
*Токтогула коендор*
*Шамал болот биздин достордон.*

(Ыр манжалардын кыймылы менен коштолот)

**Гүлдөр**

*Биздин назик гүлүбүз*
*Ачты бетин жылмайып.*
*Шамал соксо кичине,*
*Ийилет ал жерге*
*Желекчесин жамынып.*
*Уктап калат кечинде.*

(Манжаларды жай ачуу, колдорун алдыга алып булгалоо жана аларды жай партанын үстүнө коюу)

## 2.6 Кат жазганды үйрөнөбүз (7-класста орус тил сабагы)

**Бул сабак 7-класста чыгармачыл устакана формасында өткөрүлгөн.** Балдардын көңүлү топтук, жуп, индивидуалдуу тапшырмаларга бурулган, аларды аткаруу менен адаттагы сабактай жоопторду даяр түрүндө мугалимден алышпайт, алар өздөрүнүн билимин өздөрү курушат. Өз алдынча түшүнүү балдарды чоң кубанычка бөлөйт жана эч качан эми унутулбайт. Өзүлөрүнүн күчүнө ишенүү пайда болот, ошондуктан окуучулар сабакты майрам катары күтүшөт. Мугалимдерде өзүнүн окуучуларына ишенич өсөт. Мастер балдардын өз алдынча таанып билүү ишмердүүлүгүн тапшырма, устакананын логикалык структурасы аркылуу жетекчилик кылат.

Ушул технологиянын айырмалоочу өзгөчөлүгү - диалог: өзү менен өзүнүн ички диалогу (индивидуалдуу тапшырманы аткарууда), маданият аналогиясы катары текст менен иштөө – автор менен окурмандын диалогу, сырткы диалог – кичинекей топтун ар бир мүчөсү өзүнүн индивидуалдуу ишинин жыйынтыгы менен бөлүшөт, башкаларды угат, өзүнүн жана бөлөктөрдүн далилин салыштырат.

Устакананын негизинде – **ар түрдүү маданияттын өз ара аракеттешүүсү, “маданияттын диалогу”, өз ара баюуга, улуттук адабияттардын биригүүсүнө, улут ортосундагы мамилени туура келишине мүмкүндүк берет.**

Убакыт боюнча сабак 2 саат убакытты алат. Максаты – бул кат формасындагы жанрга окуучулардын кызыгуусун арттыруу, кат маданиятына үйрөтүү, өзүнүн эне тилине жана башка элдердин тилине кылдаттык менен мамиле кылууга, терең ойлонгон жана ой жүгүрткөн, жакшы көргөнгө жана кайрымдуулукка жөндөмдүү окурманды тарбиялоо. Устаканада сабакты окуу сабагындай эле жана класстан тышкаркы иш-чараларды эле өткөрсө болот.

**Мугалим:** - Балдар, силер кат жазганды жана кат алганды жакшы көрөсүңөрбү? Силер аларды канчалык тез аласыңар жана жазасыңар? 2-3 сүйлөм менен жазылган катты алгандагы жана күткөндөгү өзүңөрдүн абалыңарды сүрөттөп бергилечи. Каттар бир кыйла маанилүү ролду ойногон адабияттагы мисалдарды келтиргиле.

**Жоопторду варианттары:**

- Ар ким эле кат алганды абдан каалашы мүмкүн. Бирок ал колуңа тийгиче, жан дүйнөңдө эмне болуп жатканын сөз менен айтууга болбойт.
- Почта конвертин көргөндө, менин жүрөгүм токтоп калгандай болот. Ага батыраак колум менен тийип, ачып анан... сүйлөшсөм.
- Мен бир дагы жолу кат алган эмесмин. Эгерде алсам, менимче менин таң калуум учу-кыйырсыз болмок.
- Кимдир бирөө, качандыр бир убакта, мага жазып жиберерин мен кыялданам. Аябай ыракаттануу менен жообун ошол замат жазып жибермекмин.

**Сөздүк иш**

“Кат” деген сөздү жазыңыз жана ага бир уңгулуу - зат атооч сөздөрдү тандагыла. (Кат – жазылыш, жазуу, кат ташуучу, жаздырып алуу, кол коюу, кошуп жазуу, кыскача кат, көчүрүп жазуучу, катчы, мүлк каттоо, жазып алуу, тил кат, катчы-бесир, жазуучу, жылдагы окуялардын тартиби менен жазуучу, куш кат кылып жазууга үйрөнүү, баяндап жазуу...).

Бул сөз канча маанини берерин аныктагыла. Кыйынчылыктар болгон учурда С.И.Ожеговдун сөздүгүнө кайрылса болот (топтук иш).

**Жооп:**

Кат бул:

- бир нерсени билдирүүгө биреөгө жиберилген жазылган текст;
- жазганды билүү (кат жазганга кат маданиятына үйрөнүү);
- тиги же башка графикалык белгилердин сөздү берүү жана эстеп калуу үчүн системасы (иероглиф каты, славян каты);
- көркөм сүрөттөп көрсөтүү адаты (реалдуу кат, байыркы каттын иконасы).

Түшүндүрмө сөздүктөн берилген сөздөрдүн маанисин таап жана аларды көчүрүп алгыла:
**Письмовник** (байыркы убакта: кат түзүү үчүн үлгүлөрдүн жыйнагы).
**Кат ишин жүргүзүүчү** (эски) (көчүрүп жазуучу, катчы).
**Кат ташуучу** (ошол эле почтальон).
**Чакан кат** (кичинекей кат, кыскача кат).
**Посткриптум** - (“каттын аяк жагына” кол койгондон кийин - P. S. латын тамгаларын коюп туруп, андан кийин жазылган сөздөр).
**Реквизиттер** – (ишкер кагаздын же документтин милдеттүү түрдө түзүлгөн бөлүгү).
**Эпистолярдык** – кат түрүндө жазылган чыгарма (адабият чыгармасынын жанры жөнүндө: кат формасындагы жазышуу).

**Мугалим:** - Топто тексти окугула (текстин экземплярын таратат).

> *Бул чындыгында да бай, сыйкырдуу сөз, канча түшүнүктү өзүнө алып жүрөт! Тааныштанбы, достордонбу жана жакындарданбы, кимден экенине карабастан колуңда кармап турган, ачылбаган каттан башка эмне мындан да кызыктырган, табышмактуу болушу мүмкүн. Ал кубандырышы да, капа кылышы да, жашооңдун баарысын бурушу да мүмкүн – «уятсыз иримге таштоо» (К.Рылеев). Сөздүн сүрөтчүлөрү романдык баяндоо формасы катарында далай ирет катты бекеринен тандабайт да, мисалы, Шодерло де Лаклонун «Коркунучтуу байланышы», Гётенин «Жаш Вертердин азап чегүүсү», Руссонун «Юлия, же Жаңы Элоиза». Эпистолярдык жанр орус (Тургенев, Толстой, Чехов, Достоевский) жана советтик классикасында: В.Каверин («Эки капитан»), Д.Гранин («Зубр») ж.б. колдонулган. М.Ю.Лермонтовдун “Биздин замандын каармандары” романындагы кыскача каттар, күндөлүктөр өзүнүн мүнөздүү бөтөнчөлүгү баркаттар болуп саналат. “Кат” жанры согуш убагындагы акындардын чыгармачылыгында дагы кеңири таркалган. Бул сөз берүү-каты, кечирим суроо-каты, ант берүү-каты: А.Сурковдун “В землянке”, К.Симоновдун “Жди меня”, В.Агатовдун “Темная ночь” ж.у.с. Композитор К.Листовдун аркасынан А.Сурковдун аялына жазган катынын он алты сабы ыр болуп калды. Сөз маданиятын үйрөнүүдө каттар жакшы жардамчы болуп саналарына академик Д.С.Лихачев ишенген: “... велосипед тепкенди үйрөнүү үчүн, велосипедде жүрүү керек. Жазганды үйрөнүү үчүн, жазуу керек! Кандайча жазуу керек жана ошол замат туура жана жакшы жаза баштоо*

*жөнүндөгү жакшы сунуштар менен өзүңдү тегерете коюу болбойт, болбогон иш. Ошондуктан досторуңарга кат жазгыла, күндөлүк жүргүзгүлө, эскерүү жазгыла (аларды ошончолук эрте жазуу керек жана жазса жакшы болот, жаш кезиңде эле мисалы, өзүңдүн бала чагың жөнүндө)... аларды жазып жаткан учурда силер жөн эле жазганды үйрөнбөйсүңөр – силер өзүңөрдүн жашоо турмушуңузга жооп бересиңер, силерге эмне болду жана силер кандайча мамиле кылдыңар... Сиздин оозеки сөзүңүзгө караганда, жакшы, эркин жана тамаша иретинде досуңузга жазылган кат сизди көбүрөөк мүнөздөйт. Сизге жаккан адамга кат аркылуу өзүңүздү сезүүгө, өзүңүздүн көңүлүңүзгө жагуу мүмкүндүгүн бергиле".*

**Мугалим:** - Бүгүн, биз силер менен Лихачевдун акылман кеңешин колдонуу менен кат жазганды үйрөнөбүз. Башталышында 7-10 мүнөттө досубузга чакан өздүк кат жазабыз. Сиздин каттын мазмунуна карата темасын айкын кылса болот.

Каттын негизги бөлүгүнө көңүл бөлүүнү унутпагыла:

- башталышы (убактысы, орду, адресатка кайрылуу формасы);
- негизги бөлүк (ишкер же жеке өздүк билдирүү; сураныч, сунуштар, каалоолор; туугандарга жана тааныштарга саламдар);
- аягы (адресатка каалоо, кол коюу; убактысы жана кат жиберүүчүнүн турган жери, эгерде алар башталышында көрсөтүлбөсө).

**Мугалим** *(расмий, ишкер, жеке каттарга көрсөтүлгөн жалпы талаптары менен карточкаларды топко таратат)*: - Силердин катыңар маңыздуу, кызыктуу болуш үчүн, өзүңөрдүн каттарыңарда төмөндөгү санат сөздөрдү колдонууну силерге сунуштайм (санат сөздөр менен карточкаларды таратат):

- "Сен кандай жазып жатканыңды кимдир бирөө сенин артыңан дайыма карап турат. Эне. Мугалим. Шекспир. Кудай". (Мартин Эмис)
- "Адам канчалык көп жазса, ал ошончолук көп жазып салат". (Уильям Гэзлитт)
- "Жазуу – демек өзүн-өзү окуу". (Макс Фриш)
- "Мен эмне ойлоп жатканымды түшүнүү үчүн, мен жазам". (Тадеуш Бреза)
- "Ойлонуу оңой. Жазуу кыйын". (Рамон Гомес де ла Серна)
- "Күндөлүк – бул Мен, кат – бул Сен". (Казимеж Выка)
- "Акылдуу адамдын катында кимге жазылган болсо, алардын мүнөзү көрсөтүлөт". (Георг Лихтенберг)
- "Азыр кол менен жазылган кат өткөн замандын куттуктоосу катары көрүнөт". (Торнтон Уайлдер)
- "Кат чапталгандан кийин, токтолбостон башка жаңы ойлор келет". ("Каттын мыйзамы")
- "Бул кат ушундай узун болуп калды, анткени менде аны кыска жазууга убакыт жок болучу". (Блез Паскаль)
- "Жанында почта ящиги жок кезде, катты салуу керек экендигин жакшы эле эсиңде болот". ("Хаудендин мыйзамы")
- "Сиздин катыңызга мен жоопту бат эле жазмакмын, бирок сиз мага аны салып жиберген жоксуз". (Гудман Эйс)

**Мугалим:** - Топто маалыматты окугула (карточканы таратат).

Кандай гана каттар жөнүндө сөз болбосун, расмий, ишкер, жеке, кубанычтуу жана кайгылуу кабар менен каттар аларда автордун жана анын адресатынын, анын замандашынын мезгили көрсөтүлөт. Улуу адамдардын кылым, жарым кылым мурунку каттары дайыма ачылыш, анткени аларда тарыхтын

таасири, мурунку окуялардын шооласы жатат. Китептен, илимий булактардын бөлөк турмуштун, үрп-адаттардын, адамдардын акылынын багыттуулугун, кандайдыр бир унутулган, бирок зарыл жактарын алар көрсөтөт, өтүп кеткен укум-тукумдар жөнүндө биздин билимибизге олуттуу нерсе кошушат. А.П.Чехов кат жазышып турганда мамилечилдик болучу бирок, баарлашууда тез өтмө, убаракерчиликтүү жана шашылып айтылган сөзгө ишенбеген өңдөнүп үндөөчү эмес. Ал каттарды жакшы көрчү, аларды жазып жибергенди жана алганды жана жыл аягында алфавит менен тизип койгонду жактырчу.

Чеховдун каттарынын мазмундуулугу жана жүрөктүн чыккан жылуулугу адамдын жашоосунун бийик баалуулугу жөнүндө эстетет. Иш бүтүп, кам саана жок болгондо, тагдырга моюн бербөө, өзүн күнүмдүк иштин жана түйшүктүн агымында жоготпоо керек; адам эмне менен алек болбосун жана эмне гана жаратпасын, ал өзүнүн тагдырын жана өзүн өзү жаратат.

**Мугалим:** Акын, философ, саякатчы Максимилиан Волошиндин (1877-1932) эски каттар жөнүндө ырын уксаңар *(окуучу ырды жатка айтып берет).* Ушул ырдын кичинекей текст-талдоосун жазгыла (*басылган тексти топто таратат).*

*Я люблю усталый шелест*
*Старых писем, дальних слов…*
*В них есть запах, в них есть прелесть*
*Умирающих цветов.*
*Я люблю узорный почерк –*
*В нем есть шорох трав сухих,*
*Быстрых букв знакомый очерк*
*Тихо шепчет грустный стих.*
*Мне так близко обаянье*
*Их усталой красоты …*

**Жооптун варианты:**

Автор эски каттарды жерди укмуштуудай коздогон кургак чөптөр менен салыштырат. Чебердик менен согулган килемдей, оймо-чиймелүү жазылган жазуу таза кагазга жатат. Кургак чөптөрдөн айырмаланып, бир дагы тамга желаргы соксо кыймылдабайт. Тамгалар, карыялардай, бирок ылдам. Алар акырын шыбырашат, анткени көп сыйралап окуудан чарчап калышты. Кат чарчап, акырын, жеңил шыбырайт, күн күркүрөгөндөй күркүрөбөйт".

**Мугалим:** Жүрөккө кымбаттуу, эски каттар... 1941-1945-жылдардагы каттар... Биздин чоң аталардын жана чоң-чоң аталардын фронттук үч бурчтуу каттары, аларга жарым кылымдар көбүрөөк болду... Алар эчак эле үй-бүлөнүн реликвиясы, эң кымбатуу унутулгус эстелиги, документтери, тарыхы - таануу санжырасы болуп калды. Фронттон келген катты топто окугула (*басылган каттын тексттин таратат).* Аны татар акыны Муса Джалил аялына жазган.

*"12-январь 1942-жыл.*

*Кымбаттуу Аминага!*

*Жашоонун максаты, өлүмдөн кийинки жашоо, ушунда.*

*Жашоонун максаты – өлгөндөн кийин дагы жашоодо. Эгерде мен Ата Мекендик согушта эр жүрөктүүлүктү көрсөтүп өлүп калсам, бул өлүм жаман эмес - деп ойлоп жатам. Качандыр бир кезде табияттын закону менен менин бу жердеги жашоом токтолушу керек да, жибим үзүлөт да. Биз жашоону жакшы көрөбүз, жашагыбыз келет, ошондуктан өлүмдү жек көрөбүз! Эгерде бул өлүм ушунчалык керек болсо, (согушта, Ата Мекен үчүн) жана бул мыкты өлүм сенин карылыгыңа чейин 30-40-*

*жыл тынч эмгектенген жашооңду компенсациялайт (б.а. өзүнүн мааниси боюнча бирдей эле), андан коркпоо керек эрте өлдүм деп. «Ата Мекен үчүн жашап иштедиң, ал эми керек болгондо, Ата Мекен үчүн курман таптың» (ушул курмандык – бул өлбөстүк).*

*Бирок... мен Чолпон жөнүндө ойлонгон учурда, аны атасыз элестеткен менде мүнөттөр (көз ирмемдер) болот. Ал болду атасын көрбөйт (мисалы). Анын кымбаттуу, абдан жакын адамы ага келбейт, анны менен ойнобойт, ага кызыктуу жомокторду айтып бербейт. Ал эч качан тааныш адамды, тааныш, жакын көздөрдү көрбөйт. Мен бул жөнүндө ойлонгондо, мен абдан жаман болом… Менин жаным буга каршы күрөшөт – анткени Чолпонго болгон менин сүйүүм күчтүү. Бул сүйүү өлүмдөн дагы күчтүү.*

*Көрүшкөнчө, кымбаттуум!.. Жеңишке чейин!..*

*Муса»*

**Мугалим:** Топто көңүлдө калган таасирлер менен алмашкыла. Окугандан кийин кандай ойлор пайда болду? (*Өз оюн айтууну каалагандардын баарын угабыз.*)

**Мугалим:** Муундар менен байланыш... Коомчулуктун өнүгүүсүнүн эзелтеден берки көйгөйү – бир муундан экинчи муунга турмуш жана тарых тажрыйбасын өткөрүп берүү. Бул өткөрүп берүү ар түрдүү формада жана кээ бир учурда татаал жолдор менен барышы керек жана бара жатат. Бул формалардын бирөөсү болуп ата-эненин балдарга акыл-насыят айтуу каттары. В.А.Сухомлинскийдин баласына жазган катын окугула. Ата-эненин акыл-насыят айтуу жанрын тандап алып, автор өзүнүн эле баласына кайрылбастан, өзүнүн турмуштагы жолун тандап жаткан бардык жаштарга кайрылат (Жупта иштөө).

*“Кутмандуу күнүң менен, кымбаттуу балам!*

*Ата-эненин уясынан учуп кеткен балама, биринчи кат. Ушул кат өмүр бою сенде калуусун, аны сактап, кайра-кайра окуп, анын үстүндө ойлоноруңду каалайт элем. Биз апаң экөөбүз билебиз, ар бир жаш муун ата-эненин акыл үйрөтүүсүнө кичине текебердик менен мамиле кыласыңар: силер көрбөйсүңөр жана түшүнбөйсүңөр, биз көргөн жана түшүнгөн нерсени деп. А балким, бул ушундайдыр... Бул катты окугандан кийин, атаң менен апаңдын түгөнгүс акыл айтуусун азыраак эстетеш үчүн, сен аны кайдадыр бир алысыраак жакка коюп салууну каалайсың. Салсаң мейли, бирок жакшы эстеп ал, сен аны кайда, кайсы китепке салдың, анткени ушул акыл-насыятты эстеген күн да келет, ошондо өзүңө өзүң айтасың: ошондой болсо да, атамдыкы чын экен деп. Бул чала унутулуп калган катты сага окууга туура келет. Сен аны табасың жана аны окуйсуң. Аны өмүр бою сактап кой.*

*Мен дагы атамдын биринчи катын сактап койгом. Мен ата-энемдин уясынан учканымда 15 жашта болчумун, институтка окуганга өттүм. 1933-ж. оор, ач жыл болучу. Мени кирүү экзаменине апамдын кантип узатканын эстейм... Картөшкөнүн кабыгынан жана кебектен бышырылган кичинекей нан, эки стакан куурулган буурчак – мына ушуну ошол күнү менин апам мага бере алган...*

*Мына эми жаңы түшүмдүн наны пайда болду. Апам жаңы кара буудайдан жасалган биринчи нанды берип жиберген күндү эч качан унутпайм... Жумшак, жыттуу, кырсылдаган кабычкасы бар нан болотнайдан жасалган таза капта болучу. Нандын жанында атамдын каты бар экен, биринчи каты, ал жөнүндө мен айткам: ал менде биринчи осуят катары сакталып жүрөт... “Күндөлүк турмушка зарыл нерселерди эч унутпа, уулум... Сен үчүн дагы өмүр бою ал ыйык бойдон калсын. Сен ким экениңди жана каяктан чыкканыңды эстеп жүр... Элдин тамыры жөнүндө эс качан унутпа... Нан – бул адамзаттын эмгеги, бул келечекке үмүт, жана сенин балдарыңдын*

*ынсабын дайыма ченөөчү ченем".*

*Биздин тамырыбыз – биздин эмгекчил калк, жер, улуу нан, унутпа...*

*Сага ден соолук, жакшылык, бакыт каалайм. Сени сүйүп.*

*Сенин атаң".*

**Мугалим:** Каттан өзөктүү сөздөрдү, сөз түркүмүн жазып алгыла жана каттын негизги оюн түзгүлө (окуучулар жекече иштешет, андан кийин өзүлөрүнүн иштерин топто окушат, андан ары өз тобунун өкүлдөрүнүн жоопторун корутундулап, кичинекей топтордун алдында бир окуучу чыгып сүйлөйт).

**Мугалим:** Азыр дагы бир жолу "кат" деген сөздү жазып жана ага байланышкан сөздөрдү тандагыла ички абалды оң, жыт, үн ж.б. (жекече иштейт, жупташып иштесе болот, андай кийин ойлору менен бөлүшүшөт жана кааласа топтун иши менен классты тааныштырат).

**Кат** – чексиз кубаныч, күтпөгөн жерден болгондук, чочулап туруу, азаптуу түрдө шектенүү, биздин тарых, унутулгус эстелик, үй-бүлөлүк реликвия, улуттук эң кымбаттуу нерсе, акыл-ой маданияты, эң сонун адат, ата-эненин акыл-насыяты, даанышмандык насыят, жазууну билүү, өркүндөгөн сабаттуулук, тарых документи, түгөнгүс чыгармачылык, кубанычтуу бакыт, эңсеп кыялдануу, калктын жүрөгү, колунун жылуулугу, адамдын мүнөзү, бай мурас, жөрүктөн чыккан тамга, жаныңды ысытчу саптап, кымбаттуу ажар, жүрөктүн кагылышы, барактын таза жыты, көк конверт, кубанычтын ыйы, жүрөктүн бат-бат согушу, эски каттардын чарчап шуудурашы, оймо-чийме кылып колдон жазылган жазуу, Таанып-билүү багынын сулуулугу.

**Мугалим:** биздин устакананын материалдарын колдонуп, жыйынтык иш – досуңарга кат жазгыла.

**Урматуу кесиптештер, өзүңөрдүн сабагыңарда Инклюзивдүү Окутууну киргизүүнү кандайча кеңейте алат элеңер ?**

## 2.7 Достор (балдар жана чоңдор үчүн жомок)

Урматтуу кесиптештер, биз жомок-сабактарына өтүп жатабыз. Жомоктор берген сабактар – бул чоңдор үчүн жана кичинекейлер үчүн өмүр бою сабактар. Бул кичинекей балдар үчүн эч нерсеге теңелбей турган адеп-ахлак сабактары. Жомокту угуу менен, балдар каармандарга терең ортоктош болушат, адарда кол кабыш кылууга, жардам кылууга, коргоого ички шыктандыруучу күч пайда болот.

Биздин балдар айнек калпактын астында жашашпайт, алар бардык убакта эле атасынын же апасынын сактап калуучу колдоосунун алдында болбойт. Алар "коркунучту", тааныш эмес, түшүнүксүз нерселер менен күтүүсүз жерден короодо же көчөдө жолугуп калышы мүмкүн. Мындай жолугушууга кичинекей деңгээлде болсо дагы бала даяр болушу керек. Биздин балдар кайраттуу, чыдамдуу, баатыр болушу керек, антпесе алар боорукердиктин жана адилеттүүлүктүн прициптерин коргоп кала алышпайт.

### Ой жүгүртүү үчүн суроолор (Альма Флор Ада)

**I. Мугалимдин окуучуларга окууга чейинки суроолору.**

А) Балдар, дос деген ким? Силердин досуңар барбы?

Б) Дос кайсы сапаттарга ээ болушу керек?

В) Жомокто кандай достор жөнүндө сөз болот деп ойлойсуңар?

Окуучулар эки-үч мүнөттүн аралыгында жекече, жупта ойлонушат, андай кийин ойлору менен

бөлүшүшөт.

**II. Маркировка (ИНСЕРТ) менен окуу – (10 мүнөт):**

V – тааныш маалымат

\+ – жаңы маалымат

? – суроо пайда болду

- - – мындай деп ойлогом, көрсө

*Өткөн бир убакытта бир шаар болгон экен, анда тынчтык жана тартип өкүм сүрүп турчу. Шаардын бир бөлүгүндө төрт бурчтуктар жашашчу: чоңдор, орточолор, кичинекейлер. Алар ар түрдүү түстө болуучу: кызыл, сары кызыл, жашыл, көк жана кызгылт көк. Ар бир чарчынын төрт бурчу жана бирдей төрт жагы бар болчу. Күнүгө эртең менен кичинекей чарчылар өздөрүнүн чарчы үйлөрүнөн чыгып, өзүлөрүнүн чарчы короосунда ойногонго чыгышчу. "Убакытыңар кызыктуу өтсүн, - деп чоң чарчылар айтышчу, бирок тик бурчтуктар менен ойнобогула. Алар биздей эмес! Биз мыктыбыз!"*

*Шаардын башка бөлүгүндө тик бурчтуктар жашашчу: чоңдор, орточолор, кичинекейлер. Алар дагы ар түрдүү түстө болуучу: кызыл, сары кызыл, жашыл, көк жана кызгылт көк. Ар бир тик бурчтуктун чарчылардыкындай төрт жактары жана төрт бурчу бар болчу. Бирок тик бурчтуктун жактары бардыгы бирдей узундукта эмес болуучу. Ар бир тик бурчтуктун эки узун жагы жана эки кыска жагы бар эле. Ар күн сайын өзүлөрүнүн үй тапшырмаларын аткарып коюп, кичинекей тик бурчтуктар өзүлөрүнүн тик бурчтуу үйлөрүнөн, тик бурчтуу короосуна ойноого чыгышчу. "Убакытыңар кызыктуу өтсүн! - деп чоң тик бурчтуктар алардын артынан кыйкырышчу. Бирок, эсиңерде болсун: чарчылар жана үч бурчтуктар менен ойнобогула. Алар биздей эмес! Биз мыктыбыз!"*

*Суунун башка жээгинде үч бурчтуктар жашашчу: чоңдор, орточолор, кичинекейлер. Алар дагы ар түрдүү түстө болучу: кызыл, сары кызыл, жашыл, көк жана кызгылт көк. Бардык үч бурчтуктарда үч жагы жана үч бурчу бар болуучу. Кээде алардын жактары бирдей узундукта, кээде ар башка болучу. Түш маалында, тамактангандан кийин, кичинекей үч бурчтуктар өзүлөрүнүн үч бурчтук үйлөрүнөн өзүлөрүнүн үч бурчтук короосуна ойногону чыгышчу. Чоң үч бурчтуктар аларга артынан кыйкырышчу: "Жакшы көңүл ачкыла! Бирок эсиңерде болсун, чарчылар же тегеректер, же тик бурчтуктар менен ойнобогула. Силер билесиңер да, алар биздей эмес. Биз мыктыбыз!".*

*Терегеректер андан да алыс, темир жолдун башка тарабында жашашчу: чоңдор, орточолор, кичинекейлер. Алар дагы ар түрдүү түстө болуучу: кызыл, сары кызыл, жашыл, көк жана кызгылт көк. Тегеректердин бурчу дагы, жактары дагы жок болчу. Анын ордуна алар тептегерек болушчу. Жалбырактарды чогултканга жана жер жемиштерди сугарганга жардам берип койгондон кийин кичинекей тегеректер кечинде ойногону жөнөшчү. Алар өзүлөрүнүн тегерек үйлөрүнөн өзүлөрүнүн тегерек короосуна ойногону чыгышчу, чоң тегеректер аларга кыйкырышчу: "Алыска кетпегиле! Балакетке кабылып калбагыла! Чарчылар менен, тик бурчтуктар же үч бурчтуктар менен ойнобогула. Алар биздей эмес! Биз мыктыбыз!"*

*Ушинтип бул шаарда жашоо өтчү. Күндөрдүн бир кезинде...*

*Кичинекей кызыл тегерек жана анын бөбөгү кичинекей сары тегерек экөө, алар тегеренип жана өзүнүн тегерек короосунан баскандан тажап, чечишет. "Биз шаарга барып келбейлиби?" – деп кичинекей кызыл тегерек сурайт. "Эң мыкты*

*болот, - деп иниси жооп берет, жүрү барабыз", Ошентип, терегенип, тегеренип алар шаарга жөнөштү. "Салам" - деп кичинекей кызыл тегерек чарчы короодо ойноп жаткан кичинекей жашыл чарчыга айтат.*

*"Салам! – деп жооп берди кичинекей тик бурчтук. – Силер кайда бара жатасыңар?"*

*"Биз сейилдөөгө тоголонуп бара жатабыз, - деди кичинекей тегерек. – Сен эмне кылып жатасың?"*

*"Мен болсо зеригип отурам. Мен ата-энем кошуна короого барганга уруксат бербейт. Анткени ал жакта бизге окшобогон башка кошуналар жашашат. Алар мага жамандык кылат деп апам коркот" – кичинекей жашыл тик бурчтук муңдуу айтты.*

*"Сен билесиңби, деп кичинекей кызыл тегерек айтты. Мен азыр эле тиги көчөдөн ролик менен тээп өттүм. Менин оюмча, алар дагы зеригип жатышат. Кел барып, аларга биздин достугубузду сунуштайбыз. Балдар ойлонушуп, анан жөнөштү.*

*Аларды көрүп үч бурчтук балдар, таң калып алардын жанына келишти, алар коркушту, анткени үч бурчтуктар, тегеректер аларды ыза кылып коюшат деп, тегеректер болсо үч бурчтуктар аларды ыза кылышат деп ойлогон. Бул жерде кичинекей үч бурчтук "Келгиле чогуу ойнойбуз" деп айтат. Алар ойной башташат. Алар кубанып, тоголонуп жатышты, кубанычтан аларда ар кандай түрдүү фигуралар пайда болуп жатты: ар түрдүү үй, поезд, ракета, машина, оюнчуктар, жаныбарлар, асмандагы жаа. Балдарга ушунчалык кызыктуу жана көңүлдүү болуп жатты.*

*Ушул учурда ата-энелерге балдарынын үйдө жоктугу белгилүү болду. Алар балдарын издей башташты, бирок балдардын шаңкылдаган үнүн угушту. Балдар ажырашууну каалабай бактылуу ойноп жатышкан эле. Өздөрүнүн балдарын чектеткенге, ата-энелерге ушул учурда аябай уят болду.*

**III. Окуунун жыйынтыгын жупта, андан кийин бардык класста талкуулоо – 10 мүнөт.**

**IV. Ой-жүгүртүү үчүн суроолор:**

А) Кичинекей шаарчанын жашоочулары өзүлөрүн эмне аябай таң каларлык алып жүрүштү?

Б) Биздин турмушубузда мындай окуялар кездешеби?

В) Силер шаарчанын жашоочуларынын жашоосун кандайча ар түрдүү кылат элеңиз?

Г) Шаарчанын жашоочуларынын бактысы кимден көз каранды?

Д) Качанда болсо сизди, баары менен жасагыңыз келген бир нерседен четтетти беле? Бул убакта эмнени сезипсиз?

Е) Жомоктон кандай сабактарды алдыңар?

## 2.8 «Акылсыз карышкыр». Англис жомогу (окуу: башталгыч мектеп үчүн жомок-сабак)

**Тексти окууга чейин ой жүгүртүү үчүн суроолор:**

А) Карышкыр жөнүндө кандай жомокторду билесиңер?

Б) Карышкыр кандай болот?

В) Жомокто кандай окуя болот деп ойлойсуңар? Жомок эмне жөнүндө болот?

Сиздин көз карашыңызча жомокто эмне жөнүндө болорун эки-үч сөз менен жазгыла.

Окуучулар беш мүнөттүн аралыгында жекече, жупта ойлонушат, андан кийин ойлору менен бөлүшүшөт.

Г) Жупта жомоктор менен бөлүшкүлө, бир жуптан бир жомоктон айтып бергиле.

Жомок эмне жөнүндө экенин билгиңер келеби?

**“Акылсыз карышкыр” жомогу.**

Тексттин биринчи бөлүгүн окуу.

*Карышкыр эски үйдө жашачу. Күндөрдүн биринде үйдүн жанынан Пил өтүп бара жаткан. Ал капысынан тумшугу менен чатырга тийип кетет. Ал сынып калат.*

*Дос, мени кечирип койчу, - деп Пил айтат, - мен азыр чатырыңды жасайм.*

*Пил чатырын оңдоп дубалын жасады.*

**Ой жүгүртүү үчүн суроолор:**

А) Карышкыр жөнүндө эмнени билдиңер, бул жөнүндө эмне деп ойлойсуңар?

Б) Кандай окуя болду? Сөздүк иш паралеллдүү жүрө бериши керек (**Мугалим:** мага “кокусунан”, “оңдоп койду” деген сөздөр түшүнүксүз, аларды кандай түшүнсө болот? Бул сөздөр кыргызча, өзбекче кандай айтылат?)

В) Пил жөнүндө силер эмнени билдиңер?

Г) Мындан ары эмне болот, сиз кандай деп ойлойсуз?

Эки-үч сөз жазгыла. Балдар жомоктун уландысын жазышат.

Д) Жомокту андан ары окугуңар келеби?

Тексттин экинчи бөлүгүн окуу. (Жомоктун экинчи бөлүгү таратылып берилет).

Биринчи токтогон жер.

*“Пил кечирим сурады, демек менден коркуп калды”, - деп Карышкыр ойлойт. – Аны дагы коркутуп, анан иштетиш керек”.*

*Ошентип Карышкыр Пилге кыйкыра баштайт: - Ай сен, олдоксон десе! Мага жаңы үй куруп бересиң!*

**Ой жүгүртүү үчүн суроолор:**

А) Каармандар жөнүндө эмне жаңыларды билдик? “Олдоксон” дегенди кантип түшүнсө болот? Карышкыр жөнүндө дагы эмнени айтасыңар?

Б) Мындан ары эмне болот, сиз кандай деп ойлойсуз?

Эки-үч сөз жазгыла.

В) Жомокту андан ары окугуңар келеби же эртеңкиге калтыралыкбы?

Тексттин үчүнчү бөлүгүн окуу. (Өз алдынча окуу).

Экинчи токтогон жер.

*Пилдин жини келип, Карышкырды кудукка салып таштады.*

*Мына сенин жаңы үйүң, акылсыз айбан! – деп ачууланып айтты.*

*Карышкыр кудуктан чыгып:*

*Мен жаңылыптырмын. Ал менден коркпойт экен!*

*Ооба, - деди Карга. – Сен акылсыз жана адепсиз Карышкырсың. Досуң коркокпу же жакшы тарбияланганбы түшүнө албайсың.*

**Ой жүгүртүү үчүн суроолор:**

А) Бул жомокто силерди эмне айран таң калтырды?

Б) Силерди эмне таң калтырды?

В) Пилдин мамилеси силерди эмнеге таң калтырды?

Г) Пил Карышкыр үчүн кандай жаза ойлоп тапты?

Д) Үйдүн кыйрашы эмнеге алып келди?

Е) Карганын ролу эмнеде?

Ж) Жомок сизге жактыбы?

Жомокту роль менен окуу.

**Ой жүгүртүү үчүн суроолор:**

А) Кандай сабактарды жомок көрсөттү?

Б) Сиздин жашооңузда төмөнкүдөй кырдаалдар болду беле, сиз бир нерсени туура эмес жасадыңыз, ошого ата-энеңер сизге кандай жаза ойлоп табышты эле?

**Балдар үчүн үй тапшырмасы:**

1) Жомокту үйдө айтып берүү, интервью алуу (ата-энелер ушул жомоктон эмнени табышканын суроо).
2) Ушул жомокко сүрөт тартуу.
3) Куурчак спектаклин даярдоо.
4) Жекече жомокторду көчүрүп чыгуу жана текшергенге берүү.

## 2.9 «Шамал жана күн» К.Д.Ушинский (башталгыч мектеп үчүн жомок-сабак)

Бул сабак үчүнчү класста өткөн болучу. Мугалим кантип класстагы бардык балдардын жөндөмдүүгүнө карабастан, реалдуу катышуусуна мүмкүнчүлүк тапканын ушул сабактын мисалында көрсө болот (эстеп калуусу начар, сөз сүйлөөдө оордуктары бар, көзү начар көргөн балдар класста окушат).

**I. Ой жүгүртүү үчүн суроолор.**

А) “Шамал”, “күн” деген сөздү укканда, силер эмне жөнүндө ойлойсуңар жана эстейсиңер?

Б) Силер кандай ойлойсуңар аңгеме эмне жөнүндө болот?

Окуучулар эки-үч мүнөттүн аралыгында жекече, жупта ойлонушат, андан кийин ойлору менен бөлүшүшөт.

**II. Текстти окуу.**

Жогоруда айтылып кеткендей, сабакка көзү начар көргөн, орус тилин жетишерлик билбеген балдар катышышат. Мугалим алар үчүн жеңилдетилген тексти даярдады, б.а. мугалим **татаал сөздөрдү жөнөкөй сөздөргө, тааныш эмес сөздөрдү синоним-сөздөргө, шрифти чоңойтуп алмаштырды** (текст берилди). Окуу менен паралеллдүү **сөздүк иши жүргүзүлөт:** “Бата берди”, “момун”, “ачуу”.

Сиз... сөздү кандай түшүнөсүз? Бул сөздү башкача айтыңызчы? Бул сөз менен мисал келтириңиз? Кыргыз, өзбек тилинде бул сөз кандай айтылат?

**III. Кайра сүйлөп берүү боюнча иш.**

Эгерде класста кайра сүйлөп берүүдө оордук болгон балдар бар болсо, анда мугалим сүрөттөр менен иштөөнү, кээде кайра сүйлөп берүүнүн ордуна деле сунуштаса болот. Бала текстин мазмунун билсе, картиналарды же сүрөттөрдү хронологиялык ырааттуулук менен жайгаштыра алат (**1** – күлүмсүрөгөн күн жана каардуу шамал; **2** – жолоочу ат минип бара жатат; **3** – оролгон жолоочу, шамал шуулдайт; **4**- күн жаркырап тийип, жолоочуга күлүмсүрөп турат).

(сүрөттөр берилген).

**1**



**2**



3



4



Балдарга аларга жаккан каарманды, жагып калган жомоктун үзүндүсүн тартканга сунуштаса болот.

**IV. Текст боюнча тапшырма:**

“Боорукердик”, “ачуулануу”, “бата берди”, “момун” деген сөздөр менен төрт сүйлөм түзгүлө.

**“Көп нерсени ачууланууга караганда, эркелетүү жана боорукердик менен жасаса болот.”** Негизги сүйлөмдү мугалим жалпылоочу кичи чыгармага катары сунуштаса болот.

## Шамал жана Күн.

К.Д. Ушинский

*Бир күнү Күн менен каардуу батыш Шамалы алардын кимиси күчтүү тууғасында талашып кетишет. Алар көпкө чейин талашышат, акыры ат үстүндө чоң жол менен кетип бара жаткан саякатчынын үстүнөн күчүн сынашып көрүүнү чечишет.*

*Карап тур, - дейт Шамал, - мен ага учуп келип, анын плащын ошол замат үзүп кетем.*

*Айтты дагы – анан бардык күчү менен шамал сого баштады.*

*Бирок канчалык тырышып Шамал соғо баштаса, саякатчы ошончолук катуу өзүнүн плащына ороно баштайт: ал аба ырайына күңкүлдөп, бирок алыстап, алыстап кете берди. Шамалдын жини келет, каарданат, байкуш жолоочуну жамгыр менен жана кар үстүнө жаба себе берди; Шамалды сөгүп коюп, саякатчы өзүнүн плащын колуна кийип кур менен байланып алды. Мында Шамал плащты жулуп ыргыта албастыгына өзүнүн көзү жетти.*

*Күн өзүнүн теңтайлашынын күчсүздүгүн көрүп, күлүп, булуттун артынан чыгып, жерди жылытат, кургатат, ошону менен бирге жанагы байкуш тоңуп калайын деген саякатчыны дагы жылытат. Күндүн нурунун жылыганын сезип, ал сергип, күнгө бата берип, өзү болсо плащын чечип, аны ороп ээрине байлап коет.*

*Көрдүңбү, - дейт момун Күн, ачууланган Шамалга - көп нерсени ачууланууга караганда, эркелетүү жана боорукердик менен жасаса болот.*

## Шамал жана Күн (жеңилдетилген вариант)

К.Д. Ушинский

*Бир күнү Күн менен Шамал, ким күчтүү деп талашышты. Көпкө чейин талашкандан кийин, ат минип бара жаткан адам менен күчүн сынашып көрүүнү чечишет.*

*Карап тур, - дейт Шамал, - мен ага учуп келип, анын плащын ошол замат жулуп кетем.*

*Айтты дагы –бардык күчү менен шамал соғо баштады.*

*Бирок адам плащына ошончолук бекем оронуп алды. Шамалдын жини келип, жаан жана карды жаадырды. Адам болсо плащын кур менен байлап алды. Анан Шамал багынды.*

*Күн күлүп, жерди жана адамды жылытты. Жылынып алып, ал Күнгө бата берди жана плащын чечти.*

*Ошондо Күн Шамалга:* **көп нерсени ачуулануга караганда, эркелетүү жана боорукердик менен жасаса болот,** *- деп айтты.*

## 2.10 Этикеттин 8 жалпы эрежеси

- Сиз өзгөчө муктаждыгы бар адам менен сүйлөшүп жатканда, бирге жүргөн адамга, ата-энеге, же сурдопереводчикке эмес тикеден-тике өзүнө кайрылыңыз.
- Таанышканда адамдын колун кысуу бул албетте табигый нерсе, колу менен кыймылдатканга оор болгон же протез менен колдонгон адамдардын колун кысып кармаса болот – оңбу же солбу, буга толугу менен жол берилет.
- Көрбөгөн жана начар көргөн адам менен жолугушуп жатканда, милдеттүү түрдө өзүңүздү жана сиз менен ким болсо баарын атап айтуу керек. Эгерде силердин топто жалпы сүйлөшүү болсо, ушул учурда Сиз кимге кайрылып жатканыңызды жана өзүңүздү айтканды унутпаңыз.
- Жардам сунуштап жатканда, аны алганча күтүп туруңуз, андан кийин эмнени жана кантип жасоону сураңыз. Эгерде түшүнбөсөңүз, уялбай эле кайра сураңыз.
- Сүйлөшүүдөгү кыйынчылыктарды сезген адам менен баарлашууда аны кунт коюу менен көңүл буруңуз. Ал өзү сүйлөмдү айтып бүткүчө чыдамдуу болгула, күткүлө. Аны оңдобогула жана анын ордуна сүйлөп бүтүрбөгүлө. Эгерде баарлашып жаткан адамды түшүнбөсөңүз, уялбай эле кайра сураңыз.
- Сиз майып коляскасын же балдак колдонгон адам менен сүйлөшүп жатканда, сиздин көзүңүздүн деңгээли бирдей деңгээлде болгондой, ыңгайлуу жайланышыңыз. Сизге сүйлөшкөнгө жеңил болот, сиздин сүйлөшүп жаткан адамыңызга башын чалкалаткандын кереги жок болот.
- Кулагы начар уккан адамдын көңүлүн буруу үчүн, ага кол булгап же далыга чаап койгула. Көзүнө түз карап анан даан сүйлөгүлө, бирок бардык эле начар уккан адамдар, эрин менен окуганды билбесин эске алып коюу керек. Эрин менен окуганды билген адам менен сүйлөшүп жатканда, Сизге жарык тийгендей кылып жана Сиз жакшы көрүнгөндөй, Сизге эч нерсе жолтоо болбогондой жана тоспогондой жайланышыңыз керек.
- Эгерде, көрбөгөн жана укпаган адамга капысынан “Көрүшкөнчө” же “Сиз муну уктуңуз беле?- деп айтып алсаңыз уялбай эле коюуңуз.

## 2.11 Заманбап чөйрөсүндөгү балдар (өзүн сактоонун жөнөкөй эрежелери)

Ээн баш, бузуку адамдардын, кылмышкерлердин алдында так эле балдар көбүрөөк коргоосуз. Эгерде чоңдор баласына алар жанында жок учурда өзүн кандай алып жүрүү керектигин түшүндүрсө, көпчүлүк кайгылуу окуялардан кутулуу мүмкүн болмок. Кара ниет адамдардан азап тартпоо үчүн, психолог Л.Куликованын ою боюнча, биздин балдар төмөндөгү билдирүүнү жакшы өздөштүрүп алышы керек.

- Бала катуу эсине тутуп алышы керек: эгерде ал үйдө жалгыз болсо, анда ким экенин айтып жатса дагы, эшикти тааныш эмес адамга ачууга болбойт. Эгерде кимдир бирөө кирүү эшигин ачууга аракет кылып жатса, коркпой суроо керек: “Ким ал жерде?”. Эгерде эшикти ачууну уланта берсе, телефон менен 102 чалып, өзүңдүн так адресиңди атап жана кыскача эмне болуп жатканын түшүндүрүп берүү керек. Андан кийин терезеден же балкондон кошуналарды жана тегеректегилерди жардамга чакыруу керек. Бейтааныш адам менен жада калса телефон менен сүйлөшкөнгө болбой турганын бала билиши керек. Азыр ким үйдө бар жана ата-энең качан келет деген суроого, алар үйдө, бирок колу бошобой жатат, ким сурап жатат деп жооп берүү керек.
- Анын достору канчалык жакшы болсо деле, аз гана тааныш кишилер менен, эч ким менен сүйлөшпөй турган темалар бар экендиги жөнүндө балага эртерээк түшүндүрүү керек. Мисалы, үй-бүлөнүн берекелүү турмушу, үйдөгү баалуу буюмдардын бар экендигине тиешелүү.

- Балдарды бейтааныш адамдар менен сүйлөшүүнүн эрежелерине үйрөткүлө. Алардын эң негизгиси – алар менен сүйлөшүү жүргүзбөө. Эгерде бейтааныш адам баланын көңүлүн иши кылып бурууга аракет кылса, ал билиши керек: мындай учурда орой сөз айтууга болбойт, андан көрө сага айтып жаткан сөздү укмаксанга салуу жакшы болот. Эгерде бейтааныш адамдар ойногонго чакырса, итти же башка жаныбарларды көрсөткөнү, фильм көргөндү, музыка укканды, тасмага тартылганды сунуштаса, милдеттүү түрдө ата-энелерге же ал жакшы тааныган, башка чоң кишилер менен кеңешүү керек экендигин балага түшүндүргүлө. Албетте, бейтааныш же аз гана тааныш адамдарды, алардын ичинде балдарды, өзүңдүкүнө конокко чакырууга болбойт.
- Чоочун адамдар менен подъездге кирүүгө болбойт – муну бала абдан катуу эске тутушу керек. Мындай жагдайда эмне кылуу керек? Подъездге тааныш адамдар киргенче күтүп турушу керек.
- Эгерде мектептен үйгө чейинки жолдо келе жатканда анын артынан бирөө аңдып келе жатканын сезсе, жакын жердеги дүкөнгө же көп адамдар бар жерге баруу керек экендигин түшүндүргүлө.
- Көчөдө болгон ар кандай окуялардын бардыгын айтып турушу керек экендигин ага түшүндүргүлө. Анын аңгемесин көңүл коюу менен уккула. Антпесе ал олуттуу бир нерсе болсо деле, ал маанилүү билдирүүнү айтпай коет.
- Алардан улуу ээн баш балдар менен жолукканда, өзүнүн оюнчугун, башка буюмун көктүк менен бербей коюу болбойт экендигин балага түшүндүргүлө. Ушундай жоготуу үчүн аны жазалайт экен деп коркпосун. Коркунуч менен жолукканда, айланадагылардын көңүлүн буруу үчүн, сыпаалыктын башка эрежелерин бузуп, алар катуу кыйкырышы керек экендигин балдар өздөштүрүшү зарыл.
- Коопсуздук эрежелерин түшүндүрүп жатып, балдарды "ачуулу байкелер" менен коркутуп салбагыла. Аларды коркунучка акылга сыярдык мамиле кылууну үйрөткүлө.

**Глоссарий**

**Адаптация** (от лат. Adapto – ылайыктоо)
Конкреттүү жашоонун шарттарына организмдин ылайыктоосу. Организм толугу менен, жана анын органдары ылайыкташуу жөндөмдүүлүгүнө ээ.

**Аккомодация** (от лат. Accomodatio – бир нерсеге ылайыкташуу)
Инклюзивдүү окутуунун негизинде бир адамдын кызыктыргычтык процесси экинчи адам үчүн жакшы көрүүчүлүктүн, достук сезимдин, жагымдуулуктун механизиминин түзүлүшү. Инклюзивдүү мектептин чегинде физикалык чөйрөгө дагы ылайыкташ болушу керек.

**Инклюзивдүү билим берүү** (от англ. Inclusion – кошуу)
Бардык окуучулардын, алардын ичинде билим берүү процессинде өнүгүүсү артта калгандардын катышуусун кеңейтүү процессин көрсөтөт.

**Социализация** (от лат. Socialis – коомдук)
Индивиддин социалдык тажрыйбаны, социалдык байланышты жана мамиле системасын үйрөнүү процесси жана активдүү калыбына келтирүүсү. Адамдар социализациянын жардамы менен чогуу жашаганга жана бири-бири менен натыйжалуу өз ара аракеттенүүгө үйрөнүшөт.

**Колдонулган чыгармалардын тизмеси :**


1. Инклюзивдик мектепти курул боюнча колодонмо/Жумагулова Ч.А.нын редакциясы алдында – Бишкек, 2007. - 60 б.
2. Инклюзивдик билим берүүнү аткаруу боюнча рекомендация. – Бишкек, 1999.
3. Бардыгы үчүн ачык мектеп. Инвалид балдар менен иштеген жалпы орто билим берүүчү мектеп мугалимдерине окуу куралы. – Москва, 2003.
4. Мектеп окуучуларын тарбиялоо. Теоретикалык жана илимий-методикалык журнал. – Москва, 2008.

# 3. Коопсуздуу айлана-чөйрөнү түзүү

Бул колдонмо конфликтүү жагдайлар болгон аймактарда башталгыч жана чоң класстардын мугалимдерине арналат. “Сорос-Кыргызстан” фонду долбоорунун алкагында “Ачык коом институту” менен бирге даярдалган. Кантип балдарды кыйынчылыксыз мектептерге кайруу, өзүңдү жана иштөө практикаңды өзгөртүү үчүн эмне кылуу керек жөнүндө мугалимдерге жардам катарында сунуштар берилет:

- балдар менен балдардын, балдардын мугалим менен, достору менен, аларды курчаган чоң кишилер менен, бейтааныш курбулар менен өз ара мамиле түзүү;
- окуучунун үй-бүлөсү менен өз ара аракеттешүү;
- балдарды окутуу методдорун өзгөртүү;
- биринчи кезекте класста, мектепте, андан кийин ата-энелердин жардамы менен, жана үй-бүлөдөгү башка туугандары менен коопсуз айлана-чөйрөнү даярдоодо;
- кесиптик планда мугалимдин өзүнө бул жагдайда даярдануу: Эмне кылуу керек? Кандайча жасаш керек? Коркуп калган балдарга кыйраган, күйгөн мектептерге кайтууга жана ыза болгон окуучу менен ата-эненин көңүлүн оорутпоого кантип жардам беребиз.

## 3.1 Класстын деңгээлиндеги коопсуз айлана-чөйрө эмнени түшүндүрөт?

Класстын, бөлмөнүн деңгээлиндеги коопсуз айлана-чөйрө – бул ар бир окуучу өзү үчүн тандаган аракетти өзүнүн кызыгуусу жана жөндөмдүүлүгү боюнча таба ала турган орун. Окуучу үчүн класс лаборатория болушу керек, ошол жерден ал ар түрдүү ролдо чыгат: артист, изилдөөчү окумуштуу, дос, жакын сүйлөшкөн адам жана башка. Ал класстын деңгээлинде окуучулар менен, мугалим, мектептин администрациясы менен ж.б. эркин баарлашуусу керек.

**Азыркы убакта коопсуз айлана-чөйрөнүн негизги максаттары кандай?**

Шок, стрессти башынан өткөргөн, бир тууганын жана жакындарын жоготкон окуучулар үчүн сапаттуу базалык билим берүүнү камсыз кылууда, жагымдуу, коопсуз чөйрөнү камсыз кылуу прогресске жетишүүдө педагогдордун алдында төмөндөгү максаттар турат:

- балдарда айланадагыларды угуу, билүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү; алардын жашоосундагы болуп жатканды түшүнүү; башкалардын оорусун сезүү; аларга чыдамдуулук менен мамиле кылуу; өз алдынча ой жүгүртүүнү билүү; тигил же бул жагдайда туура чечим кабыл алуу; мектепте жана класста башка балдар менен кызматташ иштөөгө үйрөтүү; башкалардын оюн урматтап, ушул окуяны өзүнүн түшүнүгү менен далилдеп, өзүнүн келише албастыгын айтууга үйрөтүү;
- балдарды башка адамдардын жашоосун элестеткенди жана өзүнүн тажрыйбасы менен салыштырып аларды түшүнүүгө үйрөтүү. Коопсуз класста балдарды биздин Кыргызстанда жашаган башка элдердин жашоо тарыхы менен тааныштыруу зарыл;
- мугалимге адаттагы окутуудан четке чыгуу керек: **“китептер жана дептер, мугалимдин аңгемеси жана окуучуларды угуу, үйгө тапшырма”**. Бул жерде мугалимге чоң жоопкерчилик көрсөтүү керек – классты лабораторияга айландыруу. Окуу өтө турган классты же бөлмөнү керектүү материалдар менен жабдуу керек, ар бир окуучу өзүнүн ыктыяры менен тандап алган ушул материалдар алардын чыгармачыл экспериментин, алардын ачылыштарын жана айланадагылар менен көйгөйлөрүн чечүүгө демилге берүү үчүн билүү бурчун түзүү керек.

- окуучулар айткан идеяларды мугалимдер сыйлоону жана кээ бир учурда жарыялоого жатпай турган нерсени сактоону үйрөнүшү керек, ошондо, класста түзүлгөн коопсуз чөйрө балдарга жаратууга жана өнүгүүгө мүмкүндүк берет.

Балдар билимге өзүлөрүнүн жеке тажрыйбасы менен келиш үчүн, алардын айлана-чөйрөгө болгон көз карашын баамдап, окутууну куруу керек. Балдардын өсүүсүн, сыйлоо ыкмасы менен, алар менен баарлашуу аркылуу колдоп, алардын кызыгуусун, муктаждыгын билүү менен өнүгүүгө жана чыгармачылыкка силер демилге беришиңер керек.

Класстагылар ар бир окуучу келгенине кубанычта болорун сезүүгө кам көрүңүз. Окуучунун айткан бардык идеялары дагы баалуу. Ошентип, мугалим окуучуларда ар бир адамды өз алдынча урматтоону тарбиялайт, ар бир окуучу жана анын үй-бүлөсү класстагы, мектептеги коомчулуктун негизги бөлүгү экендигин түшүнүүгө жардам берет, алардын көрсөтүлгөн мейкиндикте ар бир жалпы ресурстарды колдонууга жана колдоого катышууга мүмкүндүгү бар экенин далилдейт.

Окуучуларга коопсуз чөйрөнү камсыз кылуу менен, чоңдор аларды демократиялык билим алууга даярдашат, балдар ой жүгүртүүгө сын көз менен кароо ыктарын колдонушат. Мисалы, окулган тексте, анда автордун позициясында көрсөтүлгөн маданияттын баалуугу анын айтканына башка көз караш менен айтканына каршы чыгып талашса, кеңейтсе болот.

Теманы даярдап жатканда логикалык жактан жергиликтүү олуттуу жана эң маанилүү суроолорду окуу планы жана зарыл темалар менен байланыштыруу керек. Бир мектептин мугалимдеринин биргелешип иштегени, ушул суроолор боюнча иштерди көбүрөөк натыйжалуу кылууга жардам берет. Аны менен бирге окуучулардын арасында билимдери менен бөлүшүү, балдар жупташып кичинекей топтордо иштегендей кылып, сабакты түзүүгө көңүл буруу керек.

Мугалимдин тапшырмасын аткарууда балдар бири-бирин көргөнгө жана чогуу иштегенге мүмкүнчүлүк болгондой, класстагы столдор биринин артынан бири коюлбай, жарым тегерек түрүндө койсо жакшы болот. Сабактын өзү интеграцияланган болушу керек. Ар түрдүү деңгээлдеги иштерди аткарып жаткандыктан, бул иш окуучуларга эркин болууга жардам берет, анткени балдар ар кандай болушат: түнт, тартынчаак, өз алдынча эмес, өзүнө өзү баа берүүсү төмөн, өсүүсү боюнча өзүнүн курбуларынан артта калган.

Окуучу бир нерсе билиш жана бир нерсеге үйрөнүш үчүн ал өзүнүн күчүн текшериши керек. Чоңойгон сайын балдардын өзүнө өзү баа берүүсү өсөт. Баланын өзүнө өзү мамиле түзүүдө алардын ролу чоң экендиги ата-эненин жана мугалимдин эсинде болушу керек. Гендердик, этникалык же начар тажрыйбалар ата-энелерге жана мугалимдерге таасир тийгизип калышы мүмкүн.

Ошондуктан, сабактын ийгиликтүү болушу үчүн окуучулардын аракети, мамилеси жана алар айткан ойлору баалуу экендигин сезген мамиле окуучуларга керек. Окуучуларга класста жана мектепте физикалык жана эмоционалдуу коопсуздукту сезүүгө жардам берүү керек.

Балдар ар түрдүү ыктар менен окуп жатканын жаңы изилдөөлөр көрсөтүп жатат. Андан башка алардын окутуусуна инсандык факторлор, мурунку тажрыйба жана чөйрө таасир этип жатат. Ошондуктан, бизге чоңдорго, балдарды аларда ушундай убактылуу конфликтүү жагдай түзүлгөндүктөн, натыйжалуу окутуу үчүн, ар кандай окутуучу ыктарды жана балдардын муктаждыгын жана өзгөчөлүгүн эске алган ишмердүүлүктүн түрлөрүн колдонушубуз керек.

## 3.2 Алдыга койгон маселелерди чечүүчү практикалык бөлүк:

Окуучулардын когнитивдик, социалдык, эмоционалдык жана физикалык өнүгүүсүнө класстагы коопсуз чөйрөнү түзүү аябай чоң таасир тийгизет.

**Мугалим түзүлгөн коопсуз чөйрөдө ага тиешелүү чечимдерди кабыл алат:**

1. **Физикалык чөйрөгө карата:** Бул балдар окуп жаткан лаборатория. Ар бир окуучу тоскоолсуз каалаган билим алуу борборуна барууга жана өз кызыгуусу боюнча ишмердүүлүктү тандап алууга мүмкүн болгондой пландаштырылган бөлмө же класс.
2. **Көрсөтүлгөн материалдарга карата:** Материалдар окутуу планындагы олуттуу куралдар. Окутуу жана тематикалык планга жараша мугалим китептерди тандап алат, куралдарды борбордо жайгаштырат жана ар күнү бүгүнкү сабакка жана кийинки сабакка эмне керектигин ойлойт.
3. **Күнүмдүк жүгүртмөнү түзүүгө карата:** Мугалим ар бир сабакка убакытты бөлгөнгө чечим кабыл алат жана өзүнүн планында ийкемдүү системаны көрсөтөт. Ушул учурда класста коомчулукту түзүү аябай **зарыл**, ошондуктан биз мугалимге дайыма эртең менен **эртең мененки чогултуу** өткөрүүнү сунуштайбыз.
4. **Топто жана жупта окутууга карата:** Окутуу чөйрөнү окуучулар жупта же топто долбоорлор менен бирге иштөөнү түзүп, биргелешип иштөө окуучуларга **кызматташ болуу жана көйгөйлөрдү чогуу чечүү** түшүнүгүн сезүүгө, билүүгө мугалим балдарга мүмкүнчүлүк берет.

Ушундай чечимдерди кабыл алып жатап, Силер окутуу планына жараша тематикалык план иштеп чыгасыңар. Класстык бөлмөнү материалдарды алууга оңой болгондой кылып пландаштырасыңар. Сабактар бири-бири менен байланышта болууга жана сабактарды интеграция кылууга Сиз тематикалык планды түзүп жатканда чечесиз. Негизги билгичтиктерге окутууну жана өз окуучуларыңардын чыгармасына демилге туудурууну эстен чыгарып койбогула.

Ар бир класста программанын максатына жана окуу планына жетүү үчүн, Сиз өзүңүздүн аракетиңизди өзгөртүүнү чечишиңиз керек, мисалы, эгерде балдарды кат жазганга үйрөтүү керек болсо, анда класста «билдирүү борборун» уюштурса болот, ал жерде окуучулар бири-бирине кат жазышат. Кат жазуу көндүмүнө ээ болушат, оңой эле өзүлөрүнүн ойлорун жазышат, программалык мазмунду жайылтылган түрдө аткарып жана иштеп жаткандыгын сезбей деле калат. Эгерде кат жазуу көндүмүн жакшылап калыптандырса, анда өнүккөн майда моторика жана өз алдынчалык ойлонуу ишмердүүлүгү жалпы окутууда натыйжалуу жыйынтыкты берет.

Өз алдынча окутуу планын ишке ашыруу жөнүндө туура чечим кабыл алууга убакыт керек. Бир-эки күндө үйрөнбөйсүз. Көпчүлүк мугалимдер бир гана жактан чечим чыгарууну кабыл алуудан башташат, мисалы, класстагы коопсуз чөйрөнү уюштуруу же материалдар менен жабдуу, же жүгүртмөнү түзүү ж.у.с. Бирок, башкача иштегенден кийин, башка ишмердүүлүктүн деле ийгиликтүү чечимин кабыл алууга мүмкүн экендигин түшүнүшөт.

**Силер окуучуларга окуганга жардам берип жатасыңар.**

Бул жерде негизгиси, окууга жоопкерчиликти алуунун жөнүн балдарга көрсөтүү, багыттоо. Л.С.Выготскийдин теориясын силер дайыма эстеп жүргүлө (“Өнүгүүнүн жакынкы зонасы”). Силер суроо берип жатканда же жоопторго комментарий бергенде, силер булар менен баланын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүп жатасыңар.

**Мугалим жактан болгон жардам кандайча болот?**

Балдар сизге ишенет, алар дагы окутууга жоопкерчиликте болот. Силер дайыма окуучулардын ишмердүүлүк чөйрөсүндө болуп жана дайыма аларды коштоп жана багыттап, өзүңөрдүн ишиңерди кылып жүрөсүңөр. Бир дагы окуучу силердин көз астыңарда болбой калбайт, анткени силер дайыма жаныңдасыңар, аларга жардам бересиңер жана багыттайсыңар.

**Сабак өтүүдө зарыл нерселер:**

- Балдарды көбүрөөк мактоо.
- Кайтадан кабыл алган көндүмдөрдү белгилөө.
- Баланы ал өзү мактагандай кылып кызыктыруу. “Чынында эле сенин бийик мунараң мага жагат. Сенин өзүңө эмнеси жагат?” – деп башталышында айтса болот. Балага биринчи ал өзүн баалаганы зарыл, ошондо ага башкаларды баалаганга жана мактаганга жеңил болот.
- Талкуулоону мактоого айландырууга тырышыңыз. Эгерде балдардын бирөөсү начар сүрөт тартып жатса, ал жакшы жасаган нерсеге көңүл бургула: боёктордун сонун айкалышын тандаса, сүрөттү туура симметрияда койсо же жана дагы башкалар. Позитивдүү талкуулоонун ушундай бурулушу, бирөө жөнүндө терс сүйлөө адепсиздик экендигин балага түшүнүүгө жардам берет.
- Эгерде окуучу тапшырманы туура эмес аткарып келсе, анда анын өзүнө **катаны табууга** мүмкүнчүлүк берүү керек. Бул үчүн мугалим окуучудан ал тапшырманы кантип аткарганын айтып берүүсүн жана көрсөтүүсүн суранат.
- Топтук иштен кийин иштик орундарын тазалоодо суроо туулат: Ким тазалаш керек? Бул көйгөйдү чечүүгө мугалим **балдардын өзүнө** мүмкүнчүлүк берет, – Кантип туура чечим кабыл алуу керек? Ушундай жагдай аркылуу окуучулар көйгөйлөрдү чогуу чечкенге үйрөнүшөт.
- Эксперименталдык ишке окуучуларды кызыктыруу жана киргизүү үчүн байкоо жүргүзүүгө табигый материалдарды колдонуу зарыл, мисалы, пияздын же өзүңөрдүн ресурста бар башка өсүмдүктүн уругун отургузуп, балдарга алардын өсүүсүн байкоого жана өзгөрүүлөрүн жазууга мүмкүндүк берүү керек. Эмнени көрүп жатканын сүрөткө тартууну суранса болот, бул балдарга жагат.
- Эгерде окуучу тексти окуп жатканда ката кылса жана аны өзү оңдой алса, анда **мугалим сөзсүз түрдө аны мактап жана белигилеп кетүү керек**: “Мен байкадым, сен өзүң катаны оңдоп кеттиң. Азамат, сен жакшы ой жүгүртөсүң” ж.б.
- Окутуу убагында проблемалуу суроолор, балдардын талашы пайда болушу мүмкүн. Мугалим **өзү бул көйгөйлөрдү чечпеши керек,** чечкенге жана талкуулоого окуучуларга мүмкүндүк берүү керек. Бардык балдар өз оюн айтууга кызуу талкуулоо, талаш-тартыш уюштуруу үчүн, ушундай жагдайды түзүүсү зарыл. Эркин талкуулоону түзүү жана бардык балдардын идеясын угуу **– мугалимдин маселеси, чечимди мугалим кабыл алат.**
- Көпчүлүк мугалимдер балдарга ар түрдүү ыкмаларды үйрөнүүгө жардам берет, бирок азыркы учурда окуучулар өзгөчө абалда экендигин унутпоо керек – чоңдорго караганда **ал коркунучка жана стресске көбүрөөк жолугат. Ошондуктан кээ бир мугалимдерге окуучуга коркунучту туруктуулук менен жеңип чыгууга жардам көрсөтүүгө, өзүн кандай алып жүрүүгө жана эмнени сүйлөөгө үйрөнүүсү зарыл.**

**Окуучулар жооп бериш үчүн кандай суроолорду берүү керек?**

Сабакта, окуудан бош убакытта мугалимдер окуучуларга ар түрдүү суроолорду беришет жана жоопторду алышат. Окуучу туура жоопту билеби, айкын билүү үчүн **текшерүү суроолору** болот.

Суроолор билимди текшерүү үчүн, **балдар эмнени билет жана материалды кантип өздөштүрдү жөнүндө** болот. Суроолордун мүнөзү ар түрдүү болот. **“Жабык” суроо: “Сенин өсүмдүгүң канча чоңойду?”, “Үч бурчтуктун канча бурчу бар?”** ж.б. ушундай суроолорго балдар бир мааниде жооп беришет: **“бир см”, “үч”, “бар”** же **“жок”, “жакшы”** же **“жаман”** ж.у.с.

Ой-жүгүртүү ишмердүүлүгү демилге туудурган жана окутуу мүнөздү алып жүрүүчү **“ачык”** суроолорду берүүнү биз сунуштайбыз. Мисалы, **“Сен аны отургузганда, сенин өсүмдүгүң эмне болду?”, “Сен**

**бул фигура жөнүндө эмнени айта аласың?", "Магнит эмнеге темир буюмдарды өзүнө тартат, сен кандайча ойлойсуң?"**

Кошумча: **"Сен эмнени айта аласың?", "Сен кандайча ойлойсуң?"** деген суроолор окуучунун кимисин болбосун ачат, ойлонуу үчүн жана ойлонуп жана жооп берүүгө туура эмес болсо деле. Силер окуучулар артынан жооп берүү деңгээли боюнча байкоо жүргүзсөңөр болот.

Тиги же бул чыгарма, окуя, жагдай жөнүндө балага айтып берүү керек болгон эпизоддор силердин ишиңерде кезигет, **бул жөнүндө ал кандай ойлорун жана туура эмес болот деп ал коркпой жазып же айтып берүүгө окуучуну туура багыттоо зарыл.**

Өз алдынча өнүгүү үчүн суролоорду камдап коюу зарыл, тапшырманы аткарып жатып окуучулар эмнеге көңүл бурушу керек. Суроолор дайыма окутуу программа менен байланыштуу.

- Мен окуп жатканда, мага бул кызыктуу болду...
- Аңгеме мени... жөнүндө ойлонууга мажбур кылды.
- Мен... тобунда иштөө, мен үчүн оор.
- Мен эч нерсени түшүнбөйм... ж.у.с.

## 3.2.1 Окуучуга багытталган класс

Окуучуга багытталган класстын негизги принциптери, индивидуалдык компетенциясын, окутуу стилин жана бардык окуучулардын маданият баалуулугун таануу жана кызыгуусун кабыл алуу. Кантип окууну балага үйрөтүү жана жеке потенциалын өнүктүрүүгө мүмкүндүк берүү зарыл.

Албетте, окуучу негизги билимге ээ болушу керек. Окуучуларда окутууга мамилеси ар түрдүү. Ошондуктан класстагы ар бир окуучунун муктаждыгын ачып көрсөтүү силердин алдыда турат, ар бир окуучунун индивидуалдуу өзгөчөлүгүн эске алып, окутуунун ар түрдүү стилдери бар экендигин түшүнүп жана класста, мектепте өнүктүрүү чөйрөнү түзүү керек.

Гарвард университетинин профессору Говард Гарднер 1984-жылы практиктерге ал тарабынан бөлүнгөн табигый чөйрөдө өнүккөн жети негизги жөндөмдүүлүктөрдү колдонууну сунуштаган.

- **Лингвистикалык жөндөмдүүлүгү.** Сөздөрдү натыйжалуу колдонот, жакшы сүйлөйт. Сөздүн маанисин түшүнөт.
- **Логико-математикалык жөндөмдүүлүгү.** Сандарды аябай жакшы колдонот жана логикага ылайык ой жүгүртөт, себеп менен натыйжанын байланышын көрсөтөт жана түшүнөт.
- **Мейкиндиктик жөндөмдүүлүгү.** Визуалдуу мейкиндик дүйнөсүн кабыл алуу жана ушул кабыл алууда негизделген кайра өзгөртүүнү жүзөгө ашыруу. Бул жөндөмдүүлүккө түскө, линияга, формага, мейкиндикке жана ушул элементтердин ортосундагы мамилелерди түшүнүүлөр кирет.
- **Кинестетикалык дене жөндөмдүүлүгү.** Сезимди жана ойду билдирүү үчүн денени колдонууну билүү жана буюмдарды чыгаруу жана кайта кубултуу үчүн колдорду колдонуу жөндөмдүүлүгү. Ошондой эле конкреттүү физикалык жөндөмдүүлүктөр киришет: координация, тең салмактуулук, шамдагайлык, күч, ийилгичтик жана ылдамдык.
- **Музыкалык жөндөмдүүлүк.** Кабыл алуу, ажыратып таануу, музыкалык формаларды кайта куруу жана билдирүү. Ритмге, үнгө жана музыкалык чыгарманын мелодиясына жакшы шыктуулук.
- **Инсан аралык жөндөмдүүлүк.** Башка адамдардын көңүлүн, ниетин, мотивациясын жана сезимин билүү жана таануу жөндөмдүүлүгү. Бетке, үнгө, жандоого болгон реакциянын көрсөтүүсү буга дагы кирет.

- **Ички инсандык жөндөмдүүлүгү.** Өзүн-өзү таануу, ийкемдөөчү жүрүм-турум. Адекваттуу өзүнө өзү баа берүүнү, жеке өзүнүн көңүлүн түшүнүү, ниети, мотивация, темпераменти, каалоосу. Өзүн өзүн кармай билүү, өзүн-өзү түшүнүү жана өзүнө өзү баа берүү жөндөмдүүлүгү.


Гарднердин көп жөндөмдүүлүктөр теориясы ар түрдүү стратегияларды класстагы окутууда колдонууга жол ачат.

**Окутуу борборлору**

Окутуу борборлору – бул **окуучулар индивидуалдуу, жупта, топтук иштөөгө мүмкүнчүлүк алган орун.** Алар бир далай критерийлердин (чендердин) негизинде иштелип чыгат, алардын формасы ар түрдүү болот. Мисалы, башталгыч класстын окуучулары үчүн – окуу планы боюнча тартипти эске алып, маданият борборун, математикалык борборду, окуу жана кат жазуу борбору, илим борбору: табигый, социалдык, интеграцияланган сабак өтүү.

Чоң класстар үчүн – **сабактар ортосундагы байланыштарды үгүттөй турган** көбүрөөк **интеграция борборлорду түзүү.** Интегративдүү окуу планы тематикалык окутуунун жардамы менен ийгиликтүү ишке ашуусу мүмкүн. Бириктирүү тема окуучуларга сабак предметтеринин ортосундагы байланышты көрүүгө, мугалимге – темалардын, проблемалардын жана суроолордун тегерегинде окуучуларды кызыктырган окуу ишин уюштурууга мүмкүндүк берет. Тематикалык окутуу силерге темалардын, маселелердин же негизги суроолордун базасында балдарга кызыктуу болгон программаны уюштурууга мүмкүндүк берет. Ал материалдын мазмунун башка ык менен, окутуудан бөлөк, бир эле тармактын же бир предметтин негизинде жеткирүүнү сунуштайт. Бир нече предмет менен негизделген тематикалык окутуу, пландаштырууну жана кызматташ болууну силерден талап кылат.

Мисалы: тематикалык бөлүктү пландаштырганда биринчи кезекте темасын тандап алуу керек. Окуу планына жана программанын максатына теманы тандоо негизделет жана балдардын кызыгуусун, муктаждыгын, тажрыйбасын жана бар ресурстарын киргизишет. Тема тандалгандан кийин, тема менен байланыштуу ой толгоо чабуулун жасагыла жана торду түзгүлө. Тема борбордо жайланыштырылат. Аларды алдын ала классификациялап, торго балдардын сунуштарын жазып белгилеп коесуңар.



## 3.2.2 Класстык портфолио

Окуучулар өзүнүн окутуу процессин баалоого мүмкүнчүлүгү болуш керек. Алар ушундай ишти объективдүү жасоо үчүн, алардын ишмердүүлүгүн көрсөтө алгандай, аларга билдирүү керек. Ошондуктан, өзүнүн ишмердүүлүгүндө талдоо жүргүзүү үчүн индивидуалдуу портфолио түзүшү зарыл, ал жерге окуучу класста жасалган өзүнүн эмгегинин жыйынтыктарын чогултат. Алар класста ар бир окуучу үчүн атайын индивидуалдуу папкада сакталышы керек.

Ата-энелер дагы анда-санда портфолионун мазмуну менен таанышы керек жана Сиз менен, балдар менен ой бөлүшүшү керек. Ата-энелер карап бүткөндөн кийин, портфолиону класска алып келип, ошол жакта сактагыла. Чогулган материалдар окуучуларга өзүнүн ишмердүүлүгүн, өзүнүн окутуу процессин талдоого, баалоого мүмкүндүк берет. Бул папканын материалдарын башка максат менен колдонсо болот, мисалы тематика боюнча материалдарды тандоо боюнча окуучу ага дагы бир жолу кайрылса болот, бул ишти аткарууда эмнеге аракет багытталганын, эмне жана кантип жасаганын түшүнүү менен эстейт. Материалдарды колдонууда, убакыт өткөн сайын башка идеялар пайда болушу мүмкүн.

Маанилүү кагаздарды сактоо тартибин сактап калуу үчүн силер алдын ала ойлонгула, кайсы материалдарды сактоо керек жана кайсы тартипте. Өзгөчө мектептин башталгыч классындагы балдарга портфолиону жуманын бир күнүндө таратыш керек жана, кийинки иште керек боло турган материалдарды, ата-энелер жана окуучулар менен чогуу талдоо боюнча алардын ишкердигин кароону сураныңыз.

Портфолиого сөзсүз кайрылуусу жана аны менен иштеши керектигин эстетебиз. Портфолиодогу материалдарды жылына 2 жолу жалпылоо сунушталат. Жалпылоо алдында балдарга тапшырма бергиле, аларды керектүү нерсеге, өтө маанилүү материалдарды тандап алууга үйрөткүлө. Эмне үчүн ушул материал аны окутууда көбүрөөк маанилүү экендигин балдар өзүлөрү түшүндүрүшөт. Мисалы: “Мен бул кышында тартылган сүрөттү тандап алганым, анткени кыштын кооздугун сүрөттөө мен үчүн көңүлдөгүдөй болду”... Портфолио окуучунун жеке менчиги болуп саналат, ал алып үйүндө ата-энелерине көрсөтсө болот.

## 3.2.3 Мугалимдин ролу

Сиздин ролдоруңуз ар түрдүү: кеңешчи, башкаруучу, каражат чогултуучу. Бирок бул ролдорду бириктирген жана ынтымактуулукту уюштуруучу бир нерсе бар. Бул – окутуунун зор маанилүүлүгүн түшүнүүгө окуучуларды катыштыруу. Өз окуучуларыңардын окутуу урматына силер алар менен биргелешип окуучулардын коомчулугун түзөсүңөр, ал жерде ар бири өзүлөрүн толук баалуу мүчө катары сезишет, аны кадырларын жана баалоорун ал билет.

Окутуу процессин уюштуруп жатып төрт бөлөк жакты көз алдыдан кое бербөө керек: пландаштыруу жана даярдоо, класста чөйрөнү түзүү, окутуу жана кесиптик жоопкерчилик.

**Пландаштыруу жана даярдоо**

- билимин жана педагогикалык билгичтигин көрсөтүү;
- окуучулардын билимин көрсөтүү;
- окутуунун максатын тандоо;
- ресурс билимин көрсөтүү;
- окутуунун ыраатуулук курсун пландаштыруу;
- окуучулардын билимин баалоо.

**Класста чөйрөнү түзүү**

- урматтоо жана колдоо шарты менен чөйрөнү түзүү;
- окутуунун маданиятын тургузуу;
- классты башкаруу (процедуралар);
- классты башкаруу (окуучулар);
- физикалык чөйрөнү уюштуруу;

**Окутуу**

- ачык жана так баарлашуу;
- суроолорду жана талкуулоолорду колдонуу;
- окутуу процессине окуучуларды тартуу;
- окуучуларга кайра байланышты берүү;
- ийкемдүүлүк жана жоопту реакция.

**Кесиптик жоопкерчилик**

- окутуунун рефлексиясы;
- жазууларды жүргүзүү;
- үй - бүлөлөр менен баарлашуу;
- мектептин жашоосуна салым кошуу;
- кесиптик өсүү;
- иштеги кесипкөй.

Балага багытталган класстын көп мүмкүнчүлүгүнөн силер өзүңөрдү жоготуп коюшуңар ыктымал, ошондуктан окуучулардын ишкердигин, аларга тандоо көрсөткөндө, кантип куруу керек экендигин өзүңөргө так элестетип алуу зарыл. Класс логикалык жактан (окутуу борбору боюнча) уюштурулушу керек, андагы материалдар акырындык менен кабыл алган методиканын чегинде киргизилет. Өзүнүн жүрүм-турумун башкарууга балдарды үйрөтүү иши бир күндүк иш эмес. Ошондуктан балдарга класстагы жүрүм-турумдун эрежелерин иштеп чыгуу өзүлөрүнө мүмкүнчүлүк берүү жана материалдарды туура колдонууга аларды үйрөтүү керек. Окуучулар бири-бири менен сүйлөшүүгө, изилдөөнү жүргүзүүгө, класстан эркин жүрө алгыдай кылып, силер убакытты уюштуруу керексиңер. Сизди (мугалимди) укканга караганда, убакыттын көп бөлүгү ушуга бөлүнүшү керек.

> **«Ушундай чөйрөдө окуган балдар, көйгөйлөрдү натыйжалуу чечкенди жана чечим кабыл алганды билишет»**
>
> Диксон

**Колдонулган адабияттар:**

1. Кейт Берт Уолш. 8-10 жаштагы балдарга карата класстарды түзүү.- Бишкек, 1998
2. 21 кылымдын компетенттүү педагогдору. "Кадам артынан кадам" (ISSA) эл аралык ассоциациясы иштеп чыгарган сапаттуу педагогиканын аныктоосу
3. Мектепке чейинки билим берүү мекемелердин табиячыларын окутуу боюнча колдонмо. - Бишкек, 2009
4. СОРОСтун метепке чейинки доборунун иш программасы, 1994.

# 4. Мектеп менен коомчулуктун ортосунда шериктештик мамилени түзүү

Урматтуу кесиптештер, эми биз силер менен **мектеп, ата-энелер жана коомчулуктун ортосунда шериктештик мамилени түзүү жөнүндө** сүйлөшкүбүз келди.

Ата-энелер өзүнүн баласын жана алардын үй-бүлөсүндө эмне болуп жатканын башка бирөөгө караганда жакшы билерин биз бардыгыбыз билебиз. Алар баланын биринчи мугалими болуп саналышат, ошондуктан мектеп өзүлөрү үчүн ата-энелерди өтө маанилүү шериктеш катары көрүшү керек.

**Илимий изилдөөлөр көрсөткөндөй, ата-энелерди жана үй-бүлөнү баланын окутуу процессине тартуу эң жакшы академиялык жыйынтыктарга алып келет. (Epstein 1995)[1].**

Ар бир мектеп белгилүү маданияттын өзүн көрсөтөт. Ата-энелер маданиятка б.а. салтка, эрежелерге жана мектептин талаптарына ийкемделишин биз күтөбүз. Бирок ар башка адамдарда жана ар түрдүү маданияты бар элдердин мектеп жөнүндө өзүнүн түшүнүгү болот, ал мурда алган билимдин айырмасы менен жана мектепке болгон мамилени күтүү менен түшүндүрүлөт жана билимдин жана турмуш тажрыйбасынын деңгээлинен болот. Үй-бүлөдө жана жергиликтүү коомчулукта алардын балдары окуган мектептин жашоосуна катышууга ар кандай көз караштар бар.

Окуу процессинде шериктеш катары ата-энелерге алар кантип натыйжалуу иштей алышарын түшүнүүгө жардам берүү үчүн, педагогдор эртерээк алар менен сүйлөшүүсү зарыл. Мектепке карата болгон үй-бүлөнүн баштапкы тилегин билүү, ошондой эле баласына карата болгон алардын үмүтү жана умтулуусу жөнүндө билүү, баласына эмне керек экендиги жөнүндө алардын пикирин билүү керек. Ошондой эле кантип педагогдор жардам бере алары тууралуу мектептер сунуштаган кызматтарды үй-бүлөлөргө билдирүү сунуштарын айтууга алардан суранса болот.

Маданият ортосундагы көндүмдөрдү алуу үчүн педагогдор: үй-бүлөлөр менен мектептин ортосундагы жаңы түшүнүккө жана баарлашууга көмөк көрсөтүү үчүн, жергиликтүү коомчулуктун негизинде бар болгон, чогулуштарга жана жергиликтүү коомчулуктун иш-чараларына бара алат, андан тышкары мектепке байланыштуу маселелер жана көйгөйлөр боюнча жергиликтүү коомчулуктун мүчөлөрүнө өзүнүн салымын кошууну сунуштай алышат.

Көбүнчө биз өзүбүздү педагогика жаатында экспертбиз деп санайбыз, аларды сабаттуулукка окутуу үчүн салттык жана алдын ала божомолдогон ыкмалар менен колдонобуз да, балдарда сабаттуулук көндүмдөрү үйдө кантип өнүгүп жатканын эсепке албайбыз. Бирок биз айрым балдар жана үй-бүлөлөр боюнча эксперт эмеспис жана үй-бүлө алкагында алган окутууга баа бербестен, мектептин окутуу процессинен четке чыгарып салабыз. Ошондуктан, мектеп менен үй төп келиш үчүн, сиз ата-энелердин билим берүүгө мамилесин жана балдарын алар кантип окутарын билишиңиз абзел. Балдар үй маданияты менен төп келген жагдайда жакшы окушат.

Балдардын кызыктарын көрсөтүп жатып, мектептин жашоосуна үй-бүлөнүн башка мүчөлөрү дагы (ата-энелер гана эмес) жана жергиликтүү коомчулуктун мүчөлөрү да тартылышы мүмкүн болгондуктан, биз талкулоону кеңейтүү жана аны ата-энелерди тартуу менен гана чектебеш керек деп эсептейбиз. Кызматташтык моделинде – ата-энелер, мугалимдер жана коомчулуктун башка мүчөлөрү окуучунун ийгиликтери үчүн жоопкерчиликти тең бөлүшөт. Кызматташтык баланын күчтүү жана начар жактарынын толук сүрөттөмөсүн бергендиктен, ийгиликке жетүү үчүн максималдуу түрдө мүмкүнчүлүктөрдү жаратат. Андан тышкары үй-бүлөлөр, мугалимдер жана коомчулук идеялар жана байкоолору менен

[1] *Педагогдор үчүн колдонмо «За многообразие: Развитие мультилингвизма при обучении детей младшего возраста», «Эффективное преподавание и обучение детей языковых меньшинств» программасы*

бөлүшө баштаганда, алар баланын максатка жетүү узак мөөнөттүк пландары жана максаттары үчүн жоопкерчиликти бөлө башташат.

Кызматташуу моделинин алкагында мугалим ар түрдүү динамикалык ролдордо болот. Ролду тандоодо баланын онүгүүсүнүн деңгээли, анын инсандыгы жана жактырган окуу стили сыяктуу факторлор чоң мааниге ээ. Чогултулган маалымат менен, балдар өз ара ишкердикте болгон, башка чоң адам менен бөлүшүүдө жана балдарга жардам берүү үчүн кайсы болбосун маалыматты колдонуунун эң мыкты жолдорун тапканга аларды козгоодо педагогдун ролу турат.

## 4.1 Үй-бүлөлөрдү кандайча билим берүү программаларына/ окуу мекемесинин жашоосуна кызыктыруу (бул жерде мектепке чейинки жана мектептин кичинекей курактагы балдардын ата-энеси менен иштөөгө басым кылынат)

**Үй-бүлө жөнүндө көп нерселерди билүү үчүн жана аларга керектүү маалыматтарды көрсөтүү үчүн төмөндөгүлөрдү жасаса болот (Petrosová et al. 2003):**

**Жеке контакт үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзүү.**
Ата-энелер жана педагогдор бири-бирин билүүгө жана маалымат менен алмашууга уруксат берүүгө, ар түрдүү ишкердиктин түрлөрүн колдонот. Ата-энелер менен талкуулоо үчүн жетишерлик убакыт албетте калтыргыла, алар суроо бергенге жана жооп алганга алардын мүмкүнчүлүгү бар болушу керек. Эффективдүү угууну үйрөнгүлө.

**Мектепке/бала бакчага биринчи келүүсү.**
Бала мектепке барардан мурда, классты/бала бакчадагы топту көргөнгө жана педагог жана анын жардамчысы балдар менен иштегенин байкоого, андан сырткары программалар, окуу мекемеси жана колдонуучу методика жөнүндө билүүгө ата-энелердин мүмкүнчүлүгү бар болушу керек. Бул "ачык эшиктер күнүндөй" же мектепке/бала бакчага барып жүргөн балдар үчүн мектептеги балдардын майрамына чакыргандай көрүнүшү мүмкүн.

**Багыттоо үчүн жолугуулар.**

Бала мектепке кабыл алынгандан кийин, багыттоо үчүн ата-энелер менен жолугуу өткөрүү керек. Ушундай жолугушуулар педагогдор жана башка ата-энелер менен таанышууга, алардын баласынын күнү кандай уюштурулат жана башка керектүү билдирүүлөрдү билүүгө ата-энелерге жардам берет.

**Үй- бүлөгө баруу.**
Бала менен таанышууга, баланы анын жеке чөйрөсүндө көрүүгө педагог жана педагогдун жардамчысы үй-бүлөгө барышы зарыл.

**Ата-энелердин баласын мектепке алып келген жана алып кеткен убактысы.**
Баласын мектепке алып келген жана алып кеткен убактыда, формалдык эмес сүйлөшүүгө жана ата-энелер менен талкуулоого педагог жана педагогдун жардамчысы убакытты натыйжалуу колдонсо болот.

**Педагог менен ата-энелердин аңгемелешүүсү.**
Мындай жолугушуулар расмий болгондуктан, балдарынын прогресси жөнүндө билүүгө мүмкүнчүлүк берет. Ата-энелер өздөрүнүн түшүндүрмөсүн, өздөрүнүн идеяларын айтышат жана алардын балдар үчүн индивидуалдуу план түзүүдө педагогдор менен биргелешип иштешет.

**Жазуу түрүндөгү байланыш**
Эгерде ата-энелер менен кандайдыр бир себеп менен контакт мүмкүн эмес болсо, анда ар кандай жазуу түрүндөгү байланышты колдонгула, айрыкча, эгерде сиз баланын ата-энеси билдирүүнү алганын толугу менен ишенгиңер келсе.

**Буклеттер жана бюллетендер.**
Окуу мекемеси, программа жөнүндөгү толук билдирүү буклеттер жана бюллетендерде берилет. Аларды ата-энелер бир жыл бою “жол көрсөткүч” катары колдонсо болот.

**Билдирүү барактары.**
Эгерде билдирүү барактарын чыгара алсаңар айына бир-эки жолу чыгаргыла. Ар түрдүү иш-чаралар жана окуялар жөнүндө, мектептеги программалардын өзгөрүүлөрү, өз ыктыяры менен конкреттүү долбоорлорду же конкреттүү күндөрдө аткарууга бардык ата-энелерге билдирүү кылууга аны колдонсо болот.

**Ар жумалык жаңылыктар барагы.**
Мектептеги сабактардын баласына жаккандыгы жөнүндө ар жумада ата-энелерге индивидуалдуу билдирүүлөрдү жибергиле.

**Формалдуу эмес кулактандыруулар.**
Балдардын үйүнө алардын жетишкендиктери, алар үстүндө иштеген же үйрөнгөн жана үйрөнө турган көндүмү жөнүндө кыскача кулактандырууну жибергиле. Бул кулактандырууну мектепке жардам бергендиги үчүн ата-энелерге ыраазычылык билдирүү үчүн же аларды белгиленген талаптар жөнүндө билдирүүгө колдонсо болот. Үй-бүлөлөр дагы ушундай билдирүүлөрдү жибере алышат.

**Билдирүү тактасы.**
Үй-бүлөлөрдү чогулуштун мөөнөтү жана башка иш-чаралар жөнүндө ушул күнгө жүгүртмөнү илиш керек д.у.с.

**Отчеттор.**
Бул ата-энелерге маалыматты расмий жана натыйжалуу кабарлоо ыкмасы. Бирок отчеттор үйгө барууну, ата-эне менен педагогдун сүйлөшүүсүн жана жеке баарлашуунун башкача түрлөрүнө алмаштырылбашы керек.

**Ар кандай нерселер менен ата-энелерди класстын жашоосуна катышууга чакыргыла.**
Ата-энелер формалдуу жана формалдуу эмес жол менен катыша алышат.

**Байкоо.**
Ата-энелерди алардын балдары класста кантип окуп жатканын көрүү үчүн класска келүүгө чакырып тургула.

**Өз ыктыярдуулар – педагогдун жардамчылары.**
Ата-энелер класста ар түрдүү сабактарды/тапшырмаларды өткөрүүдө, иш-чараларды уюштурууда, классты жыйноодо, коороздоодо жардам бериш алат да өзүнүн көндүмдөрлөрү же кызыгуулары менен окуучуларды байытып, долбоорлор үчүн материалдарды алып келе алышат ж.б. у.с.

**Акы төлөнгөн педагогдун жардамчылары.**
Сиздин мектепте/ бала бакчада каражат бар болсо, бир нече ата-энелерди акы төлөнгөн педагогдун жардамчылары катарында жалдагыла.

**Консультациялык ата-энелер комитетинин мүчөлөрү.**
Консультациялык ата-энелер комитети – бул программаны пландаштырууга жана ишке ашырууга жардам берүү үчүн үзгүлтүксүз чогулган ата-энелердин тобу.

**Ата-энелер үчүн маалыматтык жана окутуу сабактар.**
Ата-энелер кызыккан темалар боюнча мектеп аларга маалымат берет, мисалы баланын өнүгүүсү: силердин балаңыздын математика жана сабаттуулук көндүмдөрү кандай өнүгүүдө, балаңыз менен ойной алган оюндар ж.б. Бул ишмердүүлүк педагогдор же ата-энелер менен уюштурула алат.

**Ата-энелер, педагогдор жана педагогдун жардамчылары үчүн формалдык эмес иш чаралар.**
Чоңдор бири бири менен анча формалдык шарттарда эмес таанышуу үчүн аларга атайын иш-чараларды пландаштыргыла.

**Ата-энелерди социалдык/кайыр-садага уюмдар же грант берүүчү уюмдар менен байланыштыргыла.**
Кээ бир учурларда мектеп өз алдынча үй-бүлөлөрдүн экономикалык, бош болбогондук, саламаттык сактоодо керектөөлөрдү канааттандыра албайт; бирок мектеп талап кылынган уюмдар менен ата-энелерди байланыштурууга жардам бере алат.

**Китепкана.**
Мектеп ата-энелер үчүн китепкананы түзө алат.

## 4.1.1 Үй-бүлөлөр менен иштөө боюнча дагы бир нече кеңештер

**Ата-энелердин ролун сыйлагыла.**
Ата-энелер менен педагогдун ортосундагы өз ара сый мамилени тарбиялоо.

**Ата-энелердин катышуусун колдогула.**
Мектептин/бала бакчанын жашоосунда/программасында алар кантип катыша алары жөнүндө ата-энелерге кеңеш бергиле.

**Ар түрдүү сабактарды жана ыкмаларды колдонгула – чыгармачылыкты жана ийкемдүүлүктү көрсөткүлө.**
Үй-бүлөлөр айрым адамдар сыяктуу эле өзүнүн кызыкчылыктары жана алектенүүсү боюнча айырмаланат. Силердин окуучуларыңардын үй-бүлөлөрү бардык иш-чараларда бирдей катышуусун талап кылбагыла.

**Үй-бүлөлөр катышабы же катышпайбы жана кантип катышарын өзүлөрү чечишсин.**
Класста ата-энелердин катышуусун сиз баалаганыңызды, эмнени алар чече алышат экенин жана канчалык деңгээлде катыша аларын ата-энелер түшүнгөнүн камсыз кылыңыз.

**Ата-энелер менен бири бириңирден эмнени күтүп жатканыңар жөнүндө сүйлөшкүлө.**
Башынан баштап эле ата-энелер менен үзгүлтүксүз байланышты кантип кармоо керектиги жөнүндө сүйлөшкүлө.

**Сабырдуу болгула**
Үй-бүлөнү тартуу педагогдор үчүн, ата-энелер үчүн дагы жаңы нерсе болушу мүмкүн жана өз ара аракеттешүүнүн өнүгүүсүнө бир канча убакыт керек болушу мүмкүн.

**Балдардын күчтүү жактарына жана алардын үй-бүлөсүнө басым жасаңыз жана позитивдүү кайтарым байланышты бериңиз.**

**Тыгыз байланышта болгула**
Эч болбогондо жумасында бир жолу педагогдордун бирөөсү ар бир баланын ата-энеси менен сүйлөшүүсү жөнүндө кам көрүңүз.

**Өзүңүздүн жактырууңузду көрсөтүңүз.**
Силер ата-энелерге класстын сабагына /жашоосуна катышкандыгын баалай тургандыгыңарды көрсөткүлө.

**Үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрүн тартканга аракет кылгыла.**
Көпчүлүк убакта аталар бала бакчанын ишин четке кагышат. Аталарды, байкелерди жана эжелерди жана үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүн кантип тартууну ойлонгула жана чыгармачылыкты көрсөткүлө.

**Ата-энелерди чогулушка катышууга үгүттөгүлө.**
Чогулушту ата-энелерге жакшыраак ылайык келген убакытка пландаштыргыла. Чогулуш убагында балдарга көз салууну уюштургула.

**Купуялыкты сактагыла.**
Ишенүү - бул өз ара мамиленин керектүү компоненти. Бардык билдирүүгө купуялык менен мамиле кылыңыз.

**Кызматташтыкты бекемдегиле.**
Алардын байланышын бекемдеп, аларга натыйжалуу кызматташууга жардам берүү үчүн, ушул себептен ата-энелер менен педагогдордун жолугушуусун уюштургула.

**Жергиликтүү коомчулук менен кызматташкыла.**
Үй-бүлөлөр кызмат жана жардам көрсөткөн бир катар уюмдардан көз каранды. Сиздин мектеп/бала бакча мамлекеттик уюмдар менен же жекече бизнестик структуралар менен кызматташуусу жөнүндө кам көргүлө.

**Ата-энелердин консультативдүү комитетин түзгүлө.**
Үй-бүлөдө мектептин программасына катышууга мүмкүнчүлүгү бар болсо, алардын катышуусу программанын сапатын жакшыртат жана анын кучагын аябай кеңейтет.

## 4.2 Мектеп менен ата-эненин ортосунда сапаттуу билим үчүн шериктештик мамилени түзүү[2]

> **СОЦИАЛДЫК ШЕРИКТЕШТИК (англ partnership) - билим берүү процессиндеги биргелешкен ишкердиктин өзгөчө түрү, ишеничтин, жалпы максаттын жана баалуулуктун, ыктыярдуулуктун жана узакка созулган мамиленин, ошондой эле алардын кызматташтыктын жана өнүгүүнүн жыйынтыгы үчүн, эки жактын өз ара жактыруучулук жоопкерчилигин моюнга алуу.**
>
> И.А.Хоменко

Шериктештик мамилени түзүүдө үч баскычты бөлсө болот.

Биринчи баскыч – **ТААНЫШУУ**

Бул баскычта **жалпы максаттар**, жалпы баалуулуктар жана жактардын ресурстук базасы аныкталат.

Так ушул жалпы максаттардын бар болуусу – шериктештикти куруудa негизги фактор, эгерде ата-энелер мисалга предметтик окутууга, мектеп болсо – балдардын социалдык көндүмүнүн өнүгүүсүнө көбүрөөк багытталган болсо, анда конфликт сөзсүз болот: балдар менен тарбиялоо ишинин формасына жана окутуунун мазмунуна ата-энелерде көп талаптар болот.

---

[2] *«Мектеп жана ата-энелер:социалдык шериктештиктин өнүгүү баскычтары», Ирина Хоменконун макаласынын негизинде . Москва //журнал «Директор школы» .- 2007,№4. 83-88 бет.*

**Жалпы баалуулукту** бул жерде максатка жетүү принциптери (ыкмалар) катарында түшүнүшөт. Толеранттуулук, сыйлоо, тандоо эркиндиги сыяктуу гумандуу (жалпы адамзаттык) баалуулуктары заманбап коомчулукта өзгөчө актуалдуулукка ээ болуп жатат. **Бири-бирине пайда келтирүүнү аныктоо** б.а. бири-биринин мүмкүнчүлүктөрүн (ресурстарын) изилдөө биринчи баскычта абдан чоң мааниге ээ. Каалаган натыйжага жетүү үчүн жактардын аракетин бөлүштүрүү ушуга көз каранды. Андан тышкары, балдарга жана ата-энелерге педагогикалык коллективдин эксклюзивдүү пайдалуулугун дагы актуалдаштыруу керек.

**Силердин аракетиңер:** биринчи баскычта минимум дегенде эле **эки иш-чараны** өткөрүү керек: ата-энелердин мүдөөсүн жана мүмкүнчүлүгүн мониторинг кылуу жана жеке "баалуулук аудит". Эреже катары, ар бир мектепте балдардын билим алуусу жагынан өзүнүн көрсөткүчү бар, бирок бул көрсөткүч педагогикалык кеңеште, кандайдыр-бир документте белгиленген болсо жакшы болот.

Өзүнүн приоритеттерин жалпыга жарыялоо, бул идеялар аябай жакын көрүнгөн контингентти өзүнө тартууга уруксат этилет. Мындан ары ушундай мамиле эки тарапка көпчүлүк конфликттерден кутулууга мүмкүндүк берет. Практика көрсөткөндөй көпчүлүк түшүнбөстүктөр "мектептин жамандыгынан" же "баланын жамандыгынан" эмес, жөн эле алар бири-бирине дал келбегендиктен пайда болот.

Ошентип, биринчи баскычтын негизги жыйынтыгы болуп биргелешкен ишмердүүлүктүн аткарылышына ата-энелердин каалоосу бар болушу зарыл.

Экинчи баскыч – **БИРГЕЛЕШКЕН ИШМЕРДҮҮЛҮК.** Бул баскычта келечектеги шериктештер өз ара аракеттешүүнүн багыты жана мүмкүнчүлүгүн аныктоо менен, биргелешип иштөөнүн конкреттүү программаларын долборлоого киришишет.

Бул жерде **жалпы салым** түшүнүгү аябай маанилүү б.а. биргелешкен ишмердүүлүктүн тиги же бөлөк жактары үчүн жоопкерчиликти бөлүштүрүү. Бирок, качан гана ата-энелер билим берүү уюмуна ишенич көрсөткөндө, бул салымды жасаганга алардын каалоосу пайда болот. Ишеничтин калыптануусу негизги үч факторлор[3] бар болгондо байкалат:

- Этикалык нормаларды жана сүйлөшүп бир пикирге келишкендикти сактоо;
- Колдоо (ишеничти чакыра турган адамдарды);
- Жемиштүүлүк.

**Колдоо.** Ата-энелер жөнүндө чыныгы камкордукту бир нече багытта көрсөтсө болот: дайыма маалымдоо, агартуучулук, консультация берүү, окутуу, ошондой эле үй-бүлөгө социалдык жана психологиялык (кээде терапевтикалык) жардам көрсөтүү[4]. Эгерде үй-бүлө ушул камкордукту өзүндө сезсе, анда билим берүү уюмуна ишенүүнүн деңгээли бир кыйла өсөт.

**Жемиштүүлүк.** Катышуучулар өздөрүнүн аракетинин (салымынын) жыйынтыгын көрбөгөн учурда, кызматташтыкка алардын кызыгуусу аябай азаят. Заманбап ата-энелер - таптакыр колу бошобогон кишилер, алар өзүнүн жана бөлөк адамдардын убакытын баалашат, ошондуктан куру бекер маанисиз сүйлөшүүлөр алардын кыжырын келтирет. Мектеп кандай конкреттүү жетишкендиктерге ээ болгонун жана мектептин кайсы багыттарында алар катыша ала тургандыгы жөнүндө көпчүлүгүндө ата-энелердин эч кандай түшүнүгү болбойт.

Үй-бүлө жана билим берүү уюмунун биргелешкен **ишмердүүлүгүнүн негизги түрлөрүн** жана жыйынтыгында алына турган "продукттарды" атайбыз.

[3] *Шо.Р.Б. Уюмдун ичиндеги ишенимдүүлүккө ачкыч: жыйынтыктоочтук, ак ниеттүүлүк, кам кордук. М., 2000*

[4] *Кошумча көргүлө: Эне-аталар менен кызматташуу боюнча мектеп директоруна. –М.,Басма: «Сентябрь», 2001.*

| Ишмердүүлүк | «Продукт» |
|---|---|
| 1. Билим берүү жараянынын стратегиясын жана тактикасын талкуулоо → | моделдер, концепциялар, ресурстар |
| 2. Билим берүү жараянын долборлоо → | билим берүү программалары |
| 3. Билим берүү жараянынын ишке ашыруу → | иш-чаралар |
| 4. Билим берүү жараянынын ишке ашыруу → | өнөктөштөрдүн психологиялык жагымдуулугу |

Билим берүү жараянынын ишке ашыруу дегенди ата-энелердин тикеден-тике мектептеги жардамын (мисалга алганда, башталгыч мектептерде же күнү узартылган топтордо көмөк көрсөтүү) жана сабактан тышкаркы ишмердүүлүгүндө алардын катышуусу (көңүл ачуу, ыраазычылык, коммерциялык, эмгектик ж.у.с.) түшүнөт. Биргелешкен ишмердүүлүктүн өз ара жардамдашуу деген түрү жөнүндө өзгөчө айтуу керек. Албетте бул жерден демилге педагогдордон чыгуусу керек (натыйжалуу байланыш жөнүндө атайын билимге ээ болгон адамдардай). Бирок кээ бир учурда ата-энелерге, кызматчыга, башка балага психологиялык жардам көрсөтүү өтүнүчү менен кайрылса болот. Биргелешкен ишмердүүлүк жараянында кайтарым байланыштын жана байланыш каналдарынын ачыктыгынын бар болушу өзгөчө актуалдуулукка ээ. Бул ушул ишмердүүлүктүн жыйынтыгы жана жараяндын сапаты жөнүндө ата-энелердин пикирин дайыма үйрөнүү керек экендигин билдирет.

**Силердин аракетиңер:** Ата-энелер менен биргелешкен ишмердүүлүктү долбоорлоодо, ата-энелердин колдоосу (үстүн кара) жана мониторинг. Ата-энелер жыйналышы деп аталган жыйналыштарды "тегерек столго" же "кеңешүүгө" айлантуу керек, ал жерде "мектептин муктаждыктарына" акча чогултпайт, стратегиялык суроолорду чечишет. Мектеп менен ата-эненин ортосунда келишимдин вариантын, анын ичинде ар бир тараптын "жоопкерчилик тилкелери" аныкталынышы керек.

Экинчи баскычтын негизги жыйынтыгы болуп ата-энелердин биргелешкен ишмердүүлүккө катышуу билгичтиги болушу керек, б.а. билим берүү уюмуна болгон ишеничке негизделген алардын белгиленген компетенттүүлүгү. Конкреттүү үй-бүлөгө гана тиешелүү ишенич өз убагында ушул формалар менен кызматташтыкты улантууга каалоону туудурат.

Үчүнчү баскыч – **ШЕРИКТЕШТИК.**

Шериктештик мамиленин керектүү шарттары болуп алардын **ыктыярдуулугу** эсептелет, эркиндиктин бар болуусу жана өз ара аракеттешүүнүн (биргелешкен ишмердүүлүк) ар түрдүү формаларын түшүнүү баамдалат. Ата-энелер ушундай тандоого даяр болгон жерде (маалымдоо, агартуучулуктун ж.б. жардамы менен) жана өзүлөрүнүн мүмкүнчүлүгүн чыныгы баалашса (педагогикалык компетенттүүлүктү, ар түрдүү мүмкүнчүлүктөрдү) тандоону түшүнүү пайда болот. Билим берүү уюмунда балдар жана ата-энелер менен өзүлөрүнүн ишин кыстоо (аргасыз) принцибинде түзсө, анда шериктештиктин өнүгүүсү жөнүндө айтуу мезгилсиз.

Шериктештик мамиленин экинчи белгиси болуп алардын **көп убакытка созулуусу** б.а. узакка созулган жана бир нече жолку өз ара аракеттешүүнүн мүнөзүнө субъекттин максаттуулугу. Эгерде үй-бүлө менен мектептин ортосундагы бирге аракеттешүүсү баш аламан, ошого карабастан күчтөнгөн мүнөздө болсо (мисалы, кандайдыр бир белгилүү иш-чараны же акцияны өткөрүүдө ата-энелер уюштуруучу катарында эмес жалаң гана катышуучунун ролунда болгондо), анда мындай бирге аракеттешүүнү шериктештик деп айтууга болбойт.

Шериктештик мамиленин үчүнчү белгиси - бул негизи биргелешкен ишмердүүлүктүн башталышында түптөлгөн (экинчи баскычта) эки жак үчүн **бирдей болгон жоопкерчилик**. Ата-энелердин жоопкерчилиги бардык учурда дароо эле пайда болбосун эске алуу керек: ал бардык инсандын сапатындай эле тарбияланат. Андан тышкары, ата-энелердин жоопкерчилигинин өнүгүүсүнө, үстүдө айтып кеткендей

тандоонун түшүнүүсү алып келет. Тиги же бул үй-бүлө кандай деңгээлдеги жоопкерчиликти алып жүрө тургандыгын билим берүү уюму так аныкташы керек жана үй-бүлөлөргө өзүнүн көңүлүн жана жардамын дифференциалдуу бөлүштүрүү керек.

**Үй-бүлө менен билим берүү уюмунун ортосундагы социалдык шериктештик балдарга эмне берет?**

Предметтүү тармактардын билиминен тышкары, бул социалдык жана жалпы окуу көндүмдүн өнүгүүсү жана өзүн-өзү урматтоо (ата-энелерге сыймыктануу) жана психологиялык жактан жайлуу болуу (өзгөчө балдар чөйрөсүндө) жана жаңы билим берүү долбоорлорун ишке ашыруу үчүн жаңы материалдык мүмкүндүктөрдү кабыл алуу болушу мүмкүн. Бирок эң маанилүүсү - мындай жакындоодо ата-эне менен балдардын мамилеси өтө өзгөрүшү мүмкүн, анткени **мектепте ийгиликтүү өздөштүрүлгөн кызматташуу модели, үй-бүлөдө дагы жашап кетүү мүмкүндүгү** болот. Бул бала өскөн өнүгүү мейкиндиги, чыныгы гумандуу боло тургандыгын көрсөтөт.

**Мугалимдерди дагы жана окуучуларды дагы социалдык психологиялык колдоо көз карашында, бүгүнкү күндөрдө педагогикалык чөйрөдө мультимаданиятуу билим берүүсү кеңири пайдаланууда[5].**

Мультимаданияттуу билим берүү бардыгы үчүн бирдей мүмкүнчүлүктү активдүү коргоо менен окуучулар, педагогдор жана атуулдар бардыгы чечим кабыл алып жана билим берүүдө чындыкты камсыз кылуу үчүн аракет кылуусуна байланыштуу. Ушул багыттын маанилүү максаты, окуучуларды сынчыл ой-жүгүртүү көндүмүнө жана чечимдерди кабыл алууга окутуу, ал аларга жеке саясий таасирдүүлүк сезимин табууга жардам жана мүмкүнчүлүктү берет.

Жада калса кичинекей балдар дагы өзүнүн жашоосундагы адилетсиздикти байкашат. (мисалы “Эмнеге Петяга уруксат беришет, мага жок?”). Тиги же бул абалда кимде бийлик бар экендигин жана ушу айырмачылыктын негизинде бийликке ээ болууга өзүн кантип алып жүрүү керек экендигин алар бат эле түшүнө башташат. Эгерде биз адамдар менен мамиле кылууда айырмачылык эмнеге болорун иштиктүүлүк менен талкуулоо кылбасак, анда биз ошону менен бар абалды колдойбуз. Биздин балдардын китептеринде ар түрдүү улуттардын элдери аябай аз көрсөтүлгөнү туурабы? Кээ бир балдардын үйүндө тамак-аш жогу туурабы (мүмкүн ушундай балдар, биздин деле класста бар болушу керек)?. Кресло-каталкада отурган же көзү начар көргөн же кулагы начар уккан менин кошунам менин мектебиме бара албаганы туурабы? Балдар өзүлөрүнүн жана башкалардын укугун билиши керек, алар ушул укуктарды сактоо үчүн чыгууга, аларды колдоо зарыл. Аларды дагы конфликтти чечүү көндүмүнө үйрөтүү керек, анткени конфликт бардык коомчулуктагы жашоонун бирден бир бөлүгү болуп эсептелет.

Мультимаданияттык мазмун кошумча сабак катары көрсөтүлөт, башка маданиятты көрсөткөн ата-энелер жана/же келүүчүлөр катыша алышат, ошол убакта окуу программа өзүнүн негизинде жана максатында өзгөрүүсүз калат. Үй-бүлөнүн мектепте ойногон ролун түшүнүү ар башка болгондуктан, ар түрдүү коомчулукта үй-бүлөлөрдү тартуу конкреттүү өзгөчөлөнгөн формаларга ээ.

## 4.3 Коомчулук жана мектеп

Билим берүү Мыйзамына[6] ылайык жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары мектептин турмушуна жигердүү катышып, аны камсыз кылуу жана өнүгүшүнө жоопкерчиликтүү болушу керек. Ушуну менен катар азыркы мектеп – ачыктык, мобилдүүлүк, кызматташтык «рельсине» тура алган, ата-энелер, чиновниктер, бийликтер менен диалог түзө алган мектеп.

---

[5] *Педагогдор үчүн «За многообразие: Развитие мультилингвизма при обучении детей младшего возраста» колдонмонун негизинде «Эффективное преподавание и обучение детей языковых меньшинств» программасы.*

[6] *Билим берүү жөнүндө Закон , 36 ст. «Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын компетенциясы». 25.04.03., Өлкөнүн өнүгүү стратегиясы (2007 -2010жж.). Бишкек, 2007.*

Мектептин коомчулугуна:
- мугалимдер;
- администратордук персонал;
- окуучулар;
- ата-энелер / камкорчулар;
- коомчулуктун өкүлдөрү, жумуш берүүчүлөр ошондой эле медициналык жана социалдык кызматты сунуштаган юридикалык же физикалык адамдар.

«Башка катышуучулар» деген категорияга жергиликтүү МЭУдар, билим берүү бөлүмүнүн өкүлдөрү, жумуш берүүчүлөрдүн топтору, коомчулуктун жигердүү мүчөлөрү ж.б.

Өзгөчө өзүн-өзү баалоо жана максатты коюу учурунда мектеп коомчулугунун мүчөлөрү окутууну жана тарбиялоону жакшыртуу процессине катышышат.

## 4.3.1 Мектептин өзүн-өзү баалоосу үчүн суроолор, параметрлер жана тармактар[7]

| | |
|---|---|
| Ата-энелер, коомчулук жана жергиликтүү ишкерлер менен өнөктөштүк мамиле | Өздөрүнүн балдарын окутуу процессине катышкан ата-энелерди мектеп кантип сыйлайт?<br>Ата-энелер мектептин турмушуна кантип катышышат?<br>Ата-энелер менен карым-катнаштын жолдору кандай, ата-энелерге мектеп тууралуу кандай маалыматтар берилет?<br>Мектеп коомчулуктагы башка кызыгдар тараптар менен, мисалы бизнес- ишканалар, өнөр жай ишканалары, маданий борборлор ж.б. кантип иштешет?<br>Жергиликтүү коомчулук мектепке карата кандай таасирге ээ?<br>Мектеп жергиликтүү бийлик менен кандай иштешет?<br>Жергиликтүү бийлик менен мектептин ортосунда өз ара таасири кандай? |

**Иш тажрыйбадан**

Биздин мектепте пландаштырылган кадамдардын аткарылышы тууралуу мектеп коомчулугуна маалымдаган бир нече маалымат такталары иштелип чыгарылган. “Мектеп турмушун биргелешип пландаштырабыз” деген тактадагы жайгаштырылган маалыматтар ишмердүүлүктүн негизги багыттарын ачып берип жана бир жылда 2 жолу жаңыртылып турат. Окуучулардын жетишкендиктери өзүнчө тактага жайгаштырылып, ар бир чейректе жаңыртылып турат. Өткөн айдын маалыматтары орун алган мектеп газетасы үчүн өзүнчө жарнак тактадан орун алган. Жаңы форма: пиар-кампания көңүлдү көбүрөөк буруп жана пикирлерди жаратты.

Мисалы, мектептин ресурстук борборун ачуу үчүн ата-энелер жана окуучулар тарабынан көбүрөөк тилектештерге ээ болуу үчүн биз бир нече кадамдарды иштеп чыктык.Адегенде окуучулардын арасында “Мектепке эмне керек” деген аталышта сурамжылоо жүргүздүк. Андан соң класстардагы ата–энелер комитети менен жолугушуу өткөрүп, жакшы жабдылган мектептин сүрөттөрүн көрсөтүп, окуучулардан алынган сурамжылоолордун жыйынтыгы менен тааныштырып, өзүбүздүн планыбыз менен тааныштырдык, келип катышууларын өтүндүк. Кийинки кадам-ресурстук борбор боло турган кабинеттин жанына “Ресурстук борбор болушу керек!” деген аталыштагы планшетти илип жана бир айда 2 жолу кайталап турдук. “Чоң рахмат!” бөлүмүн ар бир ай сайын көбөйткөнгө туура келди. Ал эми жумуш бүтүп, ресурстук-борбор ачылганда, биз бул тууралуу областык газетага жаздык, ачылышына проектин бардык катышуучуларын чакырдык. Ал эми азыр тактыда проектин катышуучулары жана борбордун расписаниеси жөнүндө маалымат илинип турат.

[7] *ОТЖПны түзүү боюнча «Айылдык билим берүү» долбоорунун тажрыйбасынан*

**Ойлонуңуз!**

- Кантип ата-энелер, өзүн-өзү башкаруу органдары, окуучулар, мугалимдер, коомчулук мектептеги окуу жана тарбия иштерине таасир этет?
- Мектептик коомчулук пландаштыруу процессине, мектептин белгиленген максат жана милдетин аткарууга кантип катышат?
- Мектептин башкаруу командасы кандай принциптер менен жетектелиниши керек?

Ата-энелерди, Айыл Өкмөтүн, жергиликтүү депутаттарды, ӨЭУнун өкүлдөрүн, активист –окуучуларды чакырган мектеп жыйналыштарда педагогикалык коллектив менен мектептин ишмердүүлүгүнүн баалоосу жүрөт, мектептин көйгөйлөрү жана жетишкендиктери тууралуу маалымат талкууланат.

Жолугушуу процессинде мектеп алдында турган, демек, ата-энелер жана коомчулук үчүн турган көйгөйлөр айтылат. Ата-энелер жана коомчулук алардын жигердүү катышуусу менен гана чечиле турган суроолор бар экендигине түшүнө башташат. Белгилүү суроолор жергиликтүү бийлик тарабынан чечилет, ошондо үстөмдүксүз жана көрсөтмөсүз коомчулуктун өкүлдөрү мектептин өнүгүүсүнүн ийгиликтүүлүгүнүн жоопкерчилиги мугалимдин гана мойнунда эместигин түшүнүшөт.

Окутууну жана тарбиялоону жакшыртууга багытталган бардык көйгөйлөрдүн чечими мектептин өнүгүүсүнүн стартегиялык планынын негизи болот. Ишти туура пландаштырууда процесстин ар бир катышуучусуна мектепке жеткиликтүү жардам берүүгө жана баланы тарбиялоо жана окутуу жараянында жигердүү катышуучу болушуна мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Урматтуу кесиптештер, сиздердин көңүлүңөргө, коомчулук менен кызматташуу шарттарында мектепте окутууну жана тарбияны жакшыртууну пландаштыруу боюнча материал сунушталынат. Ошондой эле эл аралык консультанттардын жана «Айылдык билим берүү» долбоорунун алкагында мектептин өнүгүүсүнүн стратегиялык пландаштыруусунун жаңы форматы апробациядан өткөн Талас жана Ысык-Көл облустарындагы сиздин кесиптештериңиздин айткандары берилет. Стратегиялык пландаштыруу боюнча материалдарды мектептин директорлору үчүн, мектеп командасы, билим берүү тармагындагы башкаруу кызматкерлери үчүн республиканын бардык мектептери үчүн 2009 -жылы берилген **«Окутууну жана тарбиялоону жакшыртуунун мектептик планын кантип иштеп чыкса болот»** деген практикалык колдонмодон таба аласыңар.

## 4.3.2 Окутууну жана тарбияны жакшыртуу Планы деген эмне? (ОТЖП)

ОТЖП – мектеп жана жергиликтүү коомчулуктун мектеп өнүгүүсү боюнча мектептин жана жергиликтүү коомчулуктун өкүлдөрүнүн өзүнүн балдарынын келечектеги өнүгүүсүнө карата биргелешкен позицияны чагылдырган документ (келишим). Мектептин бардык балдарынын жетишкендиктерин жана окуу процессинин сапатын жогорулатуу үчүн мектеп жеткиси келген максат жана милдеттерди, ошондой эле катышуучулар арасында жоопкерчиликти так бөлүштүргөндү, реалдуу мөөнөттөрдү, жетишкендиктердин көрсөткүчүн (индикаторлорун) киргизген кадамдардын толук баяндалышын ОТЖП чагылдырат. План мектептеги азыркы кырдаалдын объективдүү талдоосун киргизет. Планда бул процесстин бардык катышуучуларынын, балдардын, ата-энелердин, жергиликтүү коомчулуктун жана мамлекеттин муктаждыктары жана күтүүлөрү эске алынган.

ОТЖП – реалдуу жана ыңгайлуу курал. Аны түзүүдө коюлган максаттын жана милдеттин аткарылышы убакыттын, бардык ресурстардын түрлөрүнүн (материалдык, коммуникациялык, каржылык, адамдык ж.б.) так эсептелиниши талап кылынат.

ОТЖПны түзүүдөгү жана ишке ашыруудагы негизги катышуучулар: мектеп жана коомчулук. Алар үчүн ОТЖП - өзүнүн мектебинин келечегинин жалпы элесин дагы бир калыптандыруу мүмкүнчүлүгү жана коюлган максат жана милдеттердин чечилишинде кызматташтыкты көргөзүү.

Пландаштырууда, биринчиден, мектептин **өзүн-өзү баалоосун** өткөрүү зарыл, ал мектептин статистикасына, мугалимдердин кесиптик, окуучулардын жана алардын ата-энелеринин ошондой эле коомчулуктун ой толгоолоруна, ар түрдүү булактардан жеткиликтүү мектеп жөнүндө маалыматтарга негизделген. Мектептин күчтүү жана алсыз жактарын аныктоо үчүн бул маалыматтарды талдап жана талкулоо керек. Мектептин жумушу ийгиликтүү болгон тармактарын аныктоо жана белгилөө маанилүү. Бир жагынан алсыз жактарын кароодо сөзсүз кээ бир категория үчүн же бардык мектептин балдар окуусунун мүмкүнчүлүгүн чектеген кубулуш же факторлорго өзгөчө көңүл бурушу керек.

Мектептин окуучуларынын окутуу жана тарбиялоо мүмкүнчүлүгүн чектеген ачып көрсөтүлгөн факторлордун негизинде **көйгөйлөр** (сөздүктү кара) **аныкталат жана так, кыска жазылат**. Андан соң көйгөйлөр убакыт, чыныгы (фактический) жана потенциалдуу ресурстарды эске алуу менен чечилишинин маанилүү деңгээли боюнча иреттелинет.

Кийинки кадам – аныкталган көйгөйлөрдү жоготуу жана кырдаалды жакшыртуу үчүн **максат жана милдеттерди аныктоо** (сөздүктү кара). Максаттар 3-5- жылды камтышы мүмкүн, мектептеги белгилүү өзгөрүүлөр убакытты талап кылат. Ал эми милдеттер бир жылга коюлат.

Максат жана милдеттерге жетишүү үчүн көп ырааттуу кадамдарга аракет кылуу керек. Кээ бирөөсүн шилтеш оңой, кээ бирөөлөрү – татаал, бирок ар бири конкреттүү финансылык жана убакыттык чыгымдарды талап кылат. Мунун баарын **жумуш планы** катары убакыттык чектерди, чыгымдарды, керектүү адамдык ресурстарды, жыйынтыктын жетишкендигин тастыктаган көрсөткүчтөрдү (индикаторлор) баяндаш керек. План түзүү үчүн бул параметрлер (иш-чаралар, мөөнөтү, чыгымдары, ресурстары) негизги болуп эсептелет.

Белгиленген кадамдарды аткаруу индикаторлор аркылуу жетишүүнү дайыма байкоо менен (мониторинг) коштолот. Мониторингдин негизинде (сөздүктү кара) кезектеги ишмердүүлүктүн оңдолушу жөнүндө чечим кабыл алынат.

Ишке ашыруунун бир жылы өткөндөн кийин жетишкен жыйынтыкты баалоо керек: каалаган максат менен аткарылган милдеттин дал келиши, иш планынын аткарылышы: чыгымдардын, ресурстардын, убакыттын рентабелдүүлүгү . Мындай баа кийинки өзүн-өзү баалоо үчүн пайдалуу маалыматтарды берет жана пландаштыруунун **жаңы циклы** үчүн негиз боло алат.

**Иш тажрыйбасынан**

Мектептин жаңы окуу жылы үчүн планды бекитүүгө жана мурунку жылдагы жумуштун талдоосуна традициялуу арналган августагы биринчи педагогикалык кеңеши таң каларлык өттү. Ага мектеп администрациясы бир нече күн даярданышты. Тарбия иши боюнча директордун орун басары алдын ала балдардын активин топтоду жана алар менен мектептин көйгөйүн талкуулашты, окуу иштери боюнча директордун орун басары ата-энелер менен жолугушуп жана методикалык бирикмелердин жетекчилер менен сүйлөштү, директор Райондук Кеңеште педагогикалык кенештин идеясын түшүндүрүп берди, башталгыч класс боюнча директордун орун басары мугалимдер менен плакаттарды даярдашты.

Актовый залда биз отургучтарды жарым тегерек кылып койдук, стол алып келдик, демонстрация кыла турган тактаны алып келип, ага мектептин ишмердүүлүгүнүн жылдык циклы тууралуу жаңы маалыматы менен жаңы ватмандарда аткарылган плакаттарды илдик. Бул учурда докладдарды жана маалымдоолорду

мектептин гана директору жасаган жок. Көйгөйлөр жөнүндө балдар айтышты, азыркы бүтүрүүчүлөрдүн ата-энелери, мугалимдер, өзүнүн каалоосун райондук Кеңештин председатели билдирди. Мектептин директорунун окуу иштери боюнча орун басары катышуучулар киргизген идеяларды таза ватманда жазып турду. Эң негизгиси – биз чогуу иштөө керек идеясына жеткирдик. Ошондон кийин биз катышуучуларга мектеп командасы жөнүндө маалыматты сунуштадык, ар бирине МК жөнүндө кичинекей эстеткичтерди тараттык жана кандидатураларды көрсөтүүлөрүн сунуштадык.

Биз МКнын шайлоолору кийинки күнү болот деп пландаштырганбыз, бирок бардык катышуучулар күтүүсүз жигердүү кандидатураларды сунуштай башташты. Ошондо педагогикалык кеңештин катчысы сунуштаган фамилияларды таза ватманга жазды жана кандидатураларды талкулоону сунуштады. Биз сунуштоолорду уктук, конкурстун катышуучулары өзүнүн оюн айтышты. Катышуучулардын чыгып сүйлөө учурунда катчы ар бир фамилиянын тушунда (жөндөмдөр, билгичтик, мүмкүнчүлүктөр ж.б.) белгилерди коюп жатты. Жыйынтыгында жакшы команда топтолду. Жаңы мектеп командасын биз залдын ортосуна чакырдык, куттуктадык, бир нече фотосүрөттөрдү тарттык, ийгилик каaладык, коллектив менен жардам беребиз деп убада бердик. Ал эми кийинки күнү жарыялоо тактасында мектеп директорунун МКнын милдеттери жана полномочиялары тууралуу буйрук илинип калды.

А. атындагы орто мектеби, Жети-Өгүз району

**Ойлонуңуз!**
Сиздин мектепте кантип маалымат компаниясы уюштурулушу мүмкүн? Ал үчүн эмнелерди жасаш керек?

## 4.3.3 Мектеп командасы

**Окутуу жана тарбиялоо процессин башкаруу жана жетекчиликке алуу үчүн Мектеп командасын түзүү керек.**

Мектептик команда натыйжалуу тартылган, ачык-айкын катышуу принцибине негизделген ата-энелердин арасынан, мугалимдерден, окуучулардан жана мектептин администрациясынын өкүлдөрүнөн, Кам Көрүү кеңешинин мүчөлөрүнөн түзүлөт. Жалпы жетекчилик мектептин директоруна же Кам Көрүү кеңешинин төрагасына жүктөлөт.

Мектептик команданын катышуучуларынын саны мектептин көлөмүнөн көз каранды. Сунуш катары төмөнкү 7-5 мүчөдөн турган курамды сунуштаса болот:

- Ата-энелер (жалпы жыйналышта шайланат) – 3 же 4;
- Мектептин мугалимдери (педагогикалык кеңеш тарабынан шайланат) – 3 же 4;
- Мектептин окуучулары (жалпы мектептик окуучулардын жыйналышында шайланат) – 1 же 2;
- Административдик башкаруучу персонал – 1 же 2;
- Башка катышуучулар – 1 же 2;

Мектеп командасынын курамы тиги же бул мектептин муктаждыктары менен аныкталат, бирок мектеп кызматкерлеринин санына ата-энелердин жана коомчулуктун өкүлдөрүнүн санына дал келиши керек.

**Мектеп командасы бир нече практикалык көндүмдөргө ээ болушу керек:**

- сапаттык жана сандык маалыматтарды чогултуу жана талдоо;
- башкаруу жана баалоо куралдарды (сурамжылоо, анкеталар, матрицалар, пландаштыруунун графиктери) иштеп чыгуу жана өркүндөтүү;

- ата-энелер жана коомчулук менен натыйжалуу консультацияларды өткөрүү жана уюштуруу;
- балдар менен (өзгөчө жаш балдар) натыйжалуу консультацияларды өткөрүү жана уюштуруу;
- финансылык (каржылык) план жана отчетторду түзүү;
- Формаларды толтуруу жана электрондук түрдө, диктофон жана башка техника менен планды сунуштоо үчүн компьютер менен иштөө;

Окутуу жана тарбиялоону жакшыртуу боюнча процессти башкаруу жана натыйжалуу жетектөө үчүн керектүү көндүмдөргө ээ болгондорду издөө менен мектеп командасын түзүү үчүн катышуучулардын компетенттүүлүгү[8] менен жетектелиш керек. МКнын статусу, команда ичиндеги мүчөлөрүнүн милдеттери документалдуу түрдө бекитилет (мектеп командасы жөнүндө жобо, педагогикалык кеңештин чечими, мектептин жетекчисинин буйругу).

**Мектептик команда жетекчиликке алган негизги принциптер[9]**

1. Ар бир катышуучу эмнеге, эмне үчүн умтулганын билген ачык жана биргелешкен көз караш.
2. Бардык катышуучулар үчүн бийик стандарттарды жана күтүүлөрдү коюу. Мугалимдер жана мектептин жамааты кээ бир окуучулар оор кыйынчылыктардан өтө турган фактысын билүүсүнө карабастан бардык окуучулар окуй ала турган жана бийик стандарттарга дал келишине аракет кылышы керек.
3. Мектептеги натыйжалуу жетекчилик. Окуу процессин өзгөртүү үчүн тарбия жана административдык жумушту ишке ашырууда натыйжалуу жетекчилик керек. Натыйжалуу башкаруучу демилгелүү, керек болгон учурларда жардамга кайрылат, кесиптик өсүү жана жаңы билим алууга гана түрткү берген мектептеги окутуу программаларын жана мектептеги маданиятты колдойт.
4. Кызматташтык жана сүйлөшүүнүн бийик деңгээли. Ар түрдүү класстардын бардык мугалимдери жана мектептин башка персоналы менен тыгыз командалык иш. Көйгөйлөрдү аныктоодо жана чечимдерди кабыл алууда ар бир катышуучу бири-бири менен байланышта, ата-энелер жана жергиликтүү коомчулуктун мүчөлөрүн кошкондо.
5. Окуу программалары билим берүү боюнча мамлекеттик стандарттардын талаптарын эске алуу менен түзүлөт. Мектеп жамааты баалоодогу жаңы усулдун ролун класстын деңгээлинде жана жалпы улуттук деңгээлде бул баа эмнени ченеп жатат жана окуучунун иши кантип бааланарын түшүнөт.
6. Окутуу жана окуу процессинин үзгүлтүксүз мониторинги. Тестирлөөнүн ар түрдүү түрлөрүн үзгүлтүксүз өткөрүү жардам керек болгон окуучуларды чыгарат. Аларга сабак учурунда жана сабактан кийин көбүрөөк көңүл жана убакыт бөлүнөт. Окутуу процесси окуучулардын муктаждыктары жана жетишкендиктердин үзгүлтүксүз мониторингисинин негизинде оңдолот. Баалоо жыйынтыктары сабак берүүнүн усулун жакшыртуу үчүн колдонулат.
7. Квалификацияны жогорулатуунун максаттуу программасы. Жамаатты окутууда абдан керектүү аспектерге өзгөчө көңүл бурулат. Окуу жана окутуу суроолору боюнча кайтарым байланышта ар тараптан жана үзгүлтүксүз квалификацияны жогорулатууга басым жасалат. Колдоо мектептин, аймактын максат жана элестөөлөрүнө ылайык келүүсүнө жараша берилет.
8. Жагымдуу, цивилизациялуу, ден соолуктуу, интелектуалдык өнүгүүгө түрткү берген мектепте окуу

[8] *Компетенттүүлүк – (лат. – ылайык келүү, шайкештик) – белгилүү бир кырдаалда ( окуу, инсандык, кесиптик) адамдын өз алдынча ар түрдүү билимдин, билгичтиктин жана ишмердүүлүктүн ыкмасы, элементтерин колдоно алган интеграцияланган жөндөмү.*

[9] *Принцип ( лат. – башталыш, негиз) – кандайдыр бир теориянын, окуунун, илимдин, көз караштын, саясий уюмдун ж.б. негизги жобосу; адамдын болмушка, жүрүм-турум жана ишмердүүлүк нормаларына болгон мамилесин аныктаган ички көз караш; кандайдыр бир механизмдин, прибордун түзүлүшүнүн негизги өзгөчөлүгү.*

үчүн чөйрө. Окуучулар өзүнө карата сый мамилени жана мектеп жамааты менен байланышты сезишет жана окууга кызыкдар болушат. Окуу персоналаштырылган (инсандын өнүгүүсүнө багытталган), ал эми окуу процессинде түзүлгөн кичинекей топтор мугалим жана окуучунун ортосундагы байланышты күчөтөт.

9. Жергиликтүү коомчулуктун жана үй-бүлөнүн катышуусунун бийик деңгээли. Окуучунун билим алуусуна бардыгы мугалим жана мектеп жамааты гана эмес жоопкерчиликтүү деген түшүнүк болот. Ата-энелер, мекемелер, социалдык жардам көрсөткөн кызматтар, жергиликтүү коомчулук башка билим берүү уюмдары (кесиптик – техникалык жана жогорку билим берүү системалары) – булардын бардыгы балдардын билим алуусунда маанилүү ролду ойношот.

**Иш тажрыйбасынан**

Т.Сатылганов атындагы мектеп-лицейи, Каракол шаары.

«Бүгүнкү күндө абдан таланттуу директор дагы мектепти жалгыз натыйжалуу башкара албайт, бардык көйгөйлөрдү чечип, бардык суроолорго жооп таба албайт. Ал үчүн тыгыз кызматташтыкта максаттарга жетүүдө максималдуу ийгиликтерге жетише турган команда керек. Ал эми башкаруу командасынын түзүүнүн демилгечүүсү менин оюмча, директор болушу керек.

Педагогикалык жамаатты көйгөйлөрдү чечүүнүн жолун издөө процессине тартуу өздүк тажрыйбадан максат командада түшүнүүгө жетишкенде, иштин формасы жана ыкмасы макулдашылгандыгында аткарыларын мен билчүмүн. Ошондуктан мен өзүмдүн тажрыйбалуу мугалимдерим, «Окуу жана жазуу аркылуу сынчыл ой жүгүртүүнү өстүрүү» жана «Мектепти жакшыртуу» программалардын тренерлеримди бир нече тренинг өткөрүүнү сурандым.

Сабактар практикалык багытта болду. Бул тренингдин жүрүшүндө биздин мектептик команда стратегиялык команда деген эмне, командада кантип иштеш керек, эмнени жана кантип биз баалайбыз, мониторингди кантип өткөрүү керек ушул жана башка көп суроолорго жооп ала алышты. Бул тренингдердеги негизги формалар рефлексия, ишке байланыштуу оюндар, кырдаалдарды сүрөттөгөн көнүгүүлөр, мини-дискуссиялар, анкета, отчеттор, интервьюну иштеп чыгуу ж.б. боюнча практикалык көнүгүүлөр болду.

Ж.Р. Өзүбекова, мектеп директору, эл мугалими

**Иш тажрыйбасынан**

Матен Сыдыков атындагы № 7 орто мектеп, Нарын шаары.

«Биздин мектепте 1200 окуучу окуйт, ал эми педагогикалык жамаатка 79 мугалим жана кружоктордун жетекчилери кирет. Мектеп турмушуна жигердүү катышкандар билим берүүгө көмөк көрсөткөн комитет (КОМС), мектеп парламенти ( окуучулардын өзүн-өзү башкаруусу). Жакында мектептин ата-энелер, КОСМнын өкүлдөрү, мектеп парламенти, демилгелүү мугалимдер курамы кирген стратегиялык командасынын позициясын директордун буйругу бекемдеди. Директордун Буйругунда стратегиялык команда мектепти натыйжалуу башкарууну жогорулатуу жана мектептик көйгөйлөрдү чечүүгө коомчулуктун тартылышы максатына түзүлгөндүгү тууралуу айтылган. Буйрукка биз өзүбүз түзгөн стратегиялык команда жана милдеттердин бөлүнүшү тууралуу Жобо тиркелген. Андан соң стратегиялык команда Жобо, команданын курамы, стратегиялык план жана ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө маалыматты өзүнүн маалыматтык тактасына илди.

А.У. Атабаев, мектеп директору, «Мектепти жакшыртуу» программасынын тренери

## 4.3.4 Миссияны кыска жана так жазуу (формулировкалоо)

**Миссия** латын тилинен которгондо «жоопкерчиликтүү жумуш, роль, тапшырма» дегенди билдирет. Миссия субъектердин мектепке таасир эткен сырткы кызыкчылыгын камсыз кылат жана окуу-тарбиялоо процессинин (администрациянын, педагогикалык жана окуучулардын жамааты) катышуучуларынын ички кызыкчылыгы.

Башка сөз менен айтканда миссия – мектептин умтулууга даярданган жаңы образын баяндоо. Миссия абдан кыска айтылышы мүмкүн – лозунг формасында; бир нече сүйлөм, мүмкүн бир нече бет менен баяндалган. Ал сиздин гана мектепке арналгандыгын аныктагандыктан, аны иштеп чыгууда педагогдордун, окуучулардын, алардын ата-энелеринин ойлорун эске алышы керек. Көпчүлүгүндө миссияны так жана кыска жазганда (формулировкалаганда) коомдук көз караштын кошумча изилдөөсү талап кылынат. Андан сырткары билим берүү уюмунун миссиясын аныктоодо так, сылыктыктык жана ар бир жобонун жана өзүнчө фрагменттин реалдуу формулировкалоосуна көңүл бурулушу керек.

Миссияны аныктоо процессинде кийинки суроолорго жооп берүү керек:

- Мектеп кандай окутуу контингентине багыт алат?
- Кандай билим берүү талаптарын ал канааттандырат?
- Ал үчүн кандай ресурстар бар?
- Ойлогонду ишке ашыруу үчүн кандай ресурстар керек, ал канчалык реалдуу?

Алдын ала кыска жана так жазылган мектептин миссиясынын бир нече вариантын даярдап коюш керек. Андан соң мектептин миссиясынын кыска жана так жазуусунун вариантын кенен талкуулоого сунушташ керек. Мектеп коомчулугу миссияны иштеп чыгууда өзүнүн ролун көрүш үчүн бул процесске адамдардын максималдуу санын тартуу маанилүү.

## 4.3.5 Бүтүрүүчүлөрдүн «модели»

Мектептин миссиясын жана узакка созулган максаттарды бүтүрүүчүлөрдүн «моделин» баяндоо байытат.

Мектепте өткөрө турган өзгөрүүлөрдүн мазмунун иштеп чыгууну баштаардан мурда, мектептин ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгында кандай «продукт» келиши керек жана ушул мектептин бүтүрүүчүсү башка мектептин бүтүрүүчүсүнөн эмнеси менен айырмаланары тууралуу окуучулар, мугалимдер, ата-энелер аныкташы керек. Ушуга байланыштуу мектеп тандап алган билим берүүнүн мазмунунун таасири астында калыптана турган так ошол сапаттар «моделде» толугураак чагылдырылышы керек.

«Моделди» иштеп чыгуу мектеп ишке ашырган билим берүү программаларынын эң бийик деңгээлинен б.а. орто (толук) жалпы билим берүүнү өздөштүргөн бүтүрүүчүдөн баштаса болот. Андан соң окуучу улуу тепкичке өтүү учуруна алына турган мүнөздөмөнүн тизмеги аныкталышы керек. Ушунун негизинде негизги жалпы билим берүүнүн деңгээлин өздөштүргөн окуучунун модели, андан кийин ушул эле схема аркылуу башталгыч классты бүтүргөн окуучунун модели иштелип чыгат.

Бүтүрүүчүнүн «модели» төмөнкү баяндоолорду камтыйт:

- анын негизги жана кошумча жалпы билим берүүчү программаларын ишке ашырууну камсыз кылган окуусунун деңгээли;
- жалпы окутуучу билгичтик жана көндүмдүн калыптануу деңгээли;
- бүтүрүүчүнүн ой жүгүртүү ыкмасынын басымдуулугу;

- бүтүрүүчүнүн социалдык жөндөмдөрүнүн калыптанган деңгээли;
- ар бир деңгээлдеги билим берүү программаларын өздөштүрүү процессинде окуучуда калыптанышы керек болгон приоритеттүү сапаттар;
- окутуунун экинчи жана үчүнчү тепкичинин (профилдештирүү, кээ бир предметтерди терең окуу, ж.б.) бүтүрүүчүлөрүнүн мүмкүн болгон тармактарындагы бөлүштүрүүлөр кириши мүмкүн.

Билим берүүнүн тиги же бул тепкичтеринин милдеттерине ылайык окуучуларда калыптана турган сапаттарды бүтүрүүчүнүн «моделин» түзүүнүн негизи катары алса болот.

## 4.3.6 Мектептин өзүн-өзү баалоо (МӨӨБ)

**Мектептин өзүн-өзү баалоосу** – көйгөйдү табуу жана аларды чечүүнүн натыйжалуу ыкмаларын аныктоо үчүн маанилүү тармактардагы (окуу планында, жетишкендикте, окуучуларды окуу, окутуу жана тарбиялоодо, окуучуларга жардам берүүдө, моралдык баалуулуктарда, ресурстарда, башкарууда, жетекчиликти жана сапатты камсыз кылууда) мектептин жетишкендиктерин комплекстүү талдоо.

Мектептин өзүн-өзү баалоо баскычында бардык мектептик коомчулук мектепте бар болгон кырдаалды түшүнүп, жакшы жакка өзгөртүү үчүн мектептик команда маалыматты чогултат жана суммарлайт. Өзүн-өзү баалоонун жыйынтыгы чогултулган маалыматтын талдоо жыйынтыгы төмөнкү иретте көрсөтүлгөн отчет болуп саналат:

### 1.Окуу планы.

Окуу планы мектептин ичинде түзүлбөгөндүгүнө карабастан, мектептин жана жергиликтүү коомчулуктун күтүүлөрүнө абдан дал келе турган, ошондой эле мектеп жакшы ишке ашыра турган варианттарды тандаш үчүн мамлекеттик окуу планынын (республикалык компонент) бардык вариантын карап көрүшү керек. Мектептик компонентти тандалган миссия менен, мектептин максаты, окуучулардын, алардын ата-энелеринин муктаждыгына ылыйык мектеп өз алдынча иштеп чыгат. Предметтер боюнча окуу стандарттарын республикалык жана мектептик компонент менен салыштырууну эске алып жана ушул мектеп үчүн жасаган тандоо абдан оптималдуу экендигине ишенүү керек.

### 2. Көндүмдөргө ээ болуу (окуучулардын жетишкендиги).

Мектеп, окуучулар жана алардын ата-энелери үчүн эң маанилүү суроо – канчалык окуучулар көндүмдөргө ээ болушат жана алар кантип жакшы окушат. Көпчүлүк өлкөлөрдө ушул суроолорго жооп бериш үчүн маалыматты сунуштаган сыртынан аябай ишеничтүү экзамендер бар. Ал эми Кыргыз Республикасын ала турган болсок, өлкөдө азыр гана окуучуларды баалоонун өркүндөтүлгөн усулдары киргизилип жатат алар мектептер, класстар, өзүнчө окуучу жөнүндө, салыштыруу үчүн ыңгайлуураак маалымат сунуштай алат.

Ушул баскычта ар түрдүү тесттердин жыйынтыгын колдонууга болот (мисалы, «Себат» кыргыз-түрк билим берүү тармагынын алтынчы классынын тестирлөөсү, улуттук тестирлөө борбору (УТБ) тарабынан өткөрүлгөн тестирлөө). Бул жыйынтыктарды мектеп ичиндеги текшерүүнүн түрлөрү: кезектеги аттестация (чейректик баалар, билимдердин тематикалык кесүүсү), класстык-жалпылоо, административдик, тематикалык ж.б жыйынтыктары менен салыштырса болот[10]. Бирок мунун абдан кылдаттык менен жасаш керек, "зыян кылба" деген принципке таяныш керек.

Бардык окуучулардын, абдан жакшы окуган, жакшы окуган, мектепке келбей керектүү көндүмдөргө ээ болбой калгандардын дагы жетишкендиктерин кароо маанилүү, окуучулардын ар бир категориясы өзгөчө көңүлдү, талдоону жана ар бир категориядагы окуучулар боюнча жыйынтыкты талап кылат.

---

[10] *Баалоодогу жаңы ыкмалар жөнүндө «Формативдик баалоо жана инсанга багытталган окутуу жана таанып билүүнүн методдору». Мугалимдер үчүн колдонмо китебинен көбүрөөк тааныша аласыңар. Бишкек 2008.*

### 3. Окуу, тарбия, окутуу.

Бул тармактар мектеп үчүн абдан чоң кыйынчылыкты түзөт. Мугалимдер окуучулар билим, билгичтик, көндүмдөргө ээ болууга жана баалулууктарды калыптандырууга жардам берүүдө эмне кылышы керек?

Ушул жерден уюштуруу суроолорун, методдорду, педагогикалык технологияларды, мектептин мугалимдери колдонгон (же колдонбогон) таанып билүү кызыгуусун арттыруучу баалоонун формаларын карап көрсө болот. Мектептин методикалык жумуштарынын күчтүү жана алсыз жактарын, окуу-тарбиялоо процессинин баланын муктаждыктарына ылайыктуулугун аныктоо. Өзүн-өзү баалоонун бул бөлүгүндө «Айылдык билим берүү» долбоорунун алкагында иштелип чыккан мугалимдер үчүн кесиптик стандарттарды колдонсо болот.

### 4. Мектептин климаты же ички эрежелери (чөйрө).

Мектеп окуучуларга кантип мамиле жасайт (окуучуларга болгон достук мамиле, окуучулардын коопсуздугу) жана кам көрөрү ушул тармактын алкагында каралат. Бактылуу балдар дайыма окууда мыкты жыйынтыктарды көргөзүшөт. Ушул жерден мектепте окуу жана сүйлөшүү үчүн жагымдуу чөйрө түзүлүп жатканын кылдаттык менен талдоо керек, ошондой эле ушул үчүн (администрация, мектептик команда, методикалык бирикмелердин жетекчилери, окуучулардын өзүн-өзү башкаруунун лидерлери, кам көрүү кеңеши) жоопкерчиликтүү болгон структуралардын жумуштарын талдоо.

### 5. Ресурстар.

Бул тармакта мектептеги болгон ресурстар бааланат: каржылык, эмгектик, маалыматтык, коммуникативдик, материалдык. Долбоорлорду тартуу ж.б. фандрайзингдин[11] башка формалары аркылуу келген акчалар канчалык натыйжалуу колдонулду жана ушуга байланыштуу окутуу жана тарбиялоо процесси жакшыргандыгын изилдөө керек. Педагогикалык жамааттын кесипкөй деңгээли жана компетентүүлүгү кадрлар менен камсыз кылынышынын талдоосу керек. Заманбап билим берүү жана тарбия максаттарына ылыйык маалыматтар ресурстары (окуу китептер, методикалык, маалымат берүүчү (справочная) илимий-популярдуу, көркөм адабият, CD, видео/аудиоресурстар ж.б.). баалоону талап кылат. Мектептин ичиндеги жана сырткы байланыштардын кеңейиши көйгөйдүн тез чечилишине жардам берет. Мектептин коммуникациялык системасы канчалык тез жаңырат? Мектептин материалдык базасы санитардык, коопсуздук нормаларга, милдеттерге жетишүүнү камсыз кылууга ылайыктуулугун кылдаттык менен талдоону талап кылат.

### 6. ОТЖП башкаруу жана ишке ашыруу.

Бул тармактын борборунда – максат коюу, мектептин уюштуруу маданияты. Окуу-тарбиялоо процессинин бардык катышуучулары пландаштыруу процессине, милдеттерге жетүүгө, мониторинг жана баалоого канчалык катышарын, канчалык көйгөйдү чечүүгө кызыкдарын түшүнүү керек.

**Маалыматты чогултуу куралдары:**

### 1. Мектеп билим берүү тармагында мамлекеттик документтерди талдоо.

Билим берүү тармагында мамлекеттик приоритеттерди жалпы көрүү жана мектептик билим берүүдөгү приоритеттерди өздүк көрүү, мамлекеттик «Билим берүү» мыйзамы, өлкөнүн өнүгүү стратегиясы, улуттук программалар, улуттук куррикулум, предметтик стандарттар ж.б. мамлекеттик документтерди окуп үйрөнүүгө шарт түзөт.

### 2. Сандык маалымат.

Чогултулган сандык маалымат төмөнкү суроолорго жооп берүүгө жардам берүүгө тийиш:

- Бир параллелдин алкагында кайсы класстын жыйынтыктары/ жетишкендиктери жана окутуунун бир тепкичиндеги класстар бири-биринен абдан айырмаланып турушат. Эмнеси менен?

[11] *Фандрайзинг – кошумча каражаттарды тартуу.*

- Эркек балдар жана кыздардын кызыкчылыгында жана билим берүү муктаждыктарында кандай белгилүү айырмалар бар? Башка көрсөтүлгөн топто? (окутуу тиби боюнча бөлсө болот, кайсы тилде окуйт, окутуу формасы, социалдык өзгөчөлүктөр ж.б.).
- Кайсы жылдары кайра отуруп окуунун бийик көрсөткүчтөрү же өзгөчө төмөнкү катышуусу белгиленген? Бул эмне менен байланыштуу?
- Акыркы эки жылда кандай олуттуу өзгөрүүлөр болду? Жакшы жаккабы же жамангабы?

Эгерде мектепте окуучунун жетишкендиктеринин тести жана класстын жетишкендиктеринин тести сыяктуу баалоонун жаңы процедуралары киргизилип жатса, анда кесилген мезгилдеги маалыматты алууга болот жана мектептин, класстын жетишкендиктери салыштырууга мүмкүндүк берет[12].

**Сапаттык маалыматтар: мугалимдер, ата-энелер, окуучулар.**

**Мугалимдер менен консультациялар:**

Методикалык кеңештин алкагында (же башка мектептик методикалык структуранын) мектептеги азыркы кырдаалды талкуулаган жолугушуулар өткөрүлөт. Максаты болуп бардык мугалимдерге өзүнүн көз карашы менен бөлүшкөнгө мүмкүнчүлүк берүү жана пландаштырууда ушул ойлорду эске алуу. Талкуулоонун жыйынтыгында Сиздин мектепте мугалимдер баалоонун тармактарына жараша кырдаалды кантип көрөт деген жазуу отчету болушу керек (Баалоонун структурасын караңыз).

**Ата-энелер менен консультациялар:**

Ата-энелер менен ачык жолугушуулар (ата-энелер жыйналышы) өткөрүлөт. Бардык ата-энелер кабардар болуш үчүн жолугушууга чакыруу жибериш керек же жарыя жасаш керек. Жолугушууда ата-энелерге баалоонун тармактарын талкулоого мүмкүнчүлүк берилет, дискуссияны позитивдүү багытта алып барыш керек. Талкуу бүткөндөн кийин ата-энелер мектептин күчтүү жана алсыз жактары жөнүндө өзүлөрүнүн идеясын айта алып жана сунуштарды бериши мүмкүн. Андан кийин отчет түзүлөт, аны бардыгы талкуулаган суроолор менен таанышуу үчүн мектептин холлунда жана мугалимдердин канаасында илип коюш керек.

Ата-энелерден анонимдүү суроо ыкмасын колдонсо болот. Маанилүү суроолор боюнча өзүңүздүн оюңузду баяндаңыз деген кат жиберсе болот. Бул ыкма ата-энелерди ачык болууга шарт түзөт.

**Балдар менен консультациялар:**

Балдар эң кабардар жана маалыматтын ак ниет булагы болуп эсептелинишет, өзгөчө предметтердин окулушу жана өтүлүшү жана мектептеги чөйрө тууралуу (балдар үчүн ал комфорттуубу же жокпу). Балдарды суроо үчүн убакыт бөлүү менен ал бекер кетпегендигине ишенүүгө болот. Андан сырткары муну менен окуучуларга болгон сый мамиле көрсөтүлөт. Белгилүү суроо боюнча көбүрөөк сандагы ойду чыгарыш үчүн анкета алуу ыкмасын колдонуу жөндүү[13].

**Кесиптештер жана бийликтин өкүлдөрү менен консультациялар:**

Райондук билим берүү бөлүмдөрүн өткөрүлүп жаткан иш-чаралар жөнүндө оозеки жана жазуу формасында дайыма кабарлап туруш керек. Керек болсо билим берүү бөлүмүнүн адистерине баалоого катышып берүү жөнүндө өтүнсө болот. Эгерде керек болсо ушундай эле сураныччы башка мектептердеги кесиптештерге жиберсе болот (мисалы, башталгыч мектептен балдар орто мектепке өткөндө).

[12] *Сапаттык маалымат менен иштөөнүн мисалын 5-тиркемеден тапса болот.*

[13] *Балдар үчүн анкетанын мисалын тиркемеден табасыңар.*

**1- тиркеме**

# Мектептеги климат же ички эрежелер (чөйрө)

”Айылдык билим берүү” долбоорунун эксперти
Питер Моргенестин материалдары боюнча

**1. Борбордо окуучу турган билим берүүнүн мүнөздөмөсү:**

- Мектеп бардык окуучулар, кыздар, балдар үчүн бирдей жайлуу жана ачык. Ар бир окуучу урматталып, айырмачылыктар кабыл алынып жана балдар өзүнүн окуусу үчүн жоопкерчиликти алууга жөндөмдүү.
- Мектеп ресурстары таза суу жана санитардык шарт, заманбап эмерек, биринчи жардам үчүн жабдуулар жана бардыгына жетишерлик талапка ылайыктуу окуу жабдууларын камтыйт.
- Баалуулуктар, көндүмдөр, окуучулар билимди предметтер, тилдер, табигый илимдер, социалдык жана практикалык курстарды камтыган мектеп программасы аркылуу өздөштүрүшөт.
- Окуу процесси коомдук эксперттер, ата-энелер үчүн ачык. Мугалимдер мектептин жетекчилиги, ата-энелер, окуучулар, коомчулук тарабынан урматтоонуу сезе алышат. Аларга квалификацияларын жогорулатууга дайыма колдоо көрсөтүлөт. Мугалимдер окуучуларды маалыматты пассивдүү түрдө кабыл алуучулар эмес, окуу процессине жигердүү катышуучу болууга тарта тургандай ар түрдүү усулдарды колдонушат.
- Жергиликтүү коомчулук мектепти башкарууга ар бир окуучунун билим алуусуна, өнүгүүсүнө жигердүү тартылат.
- Окутуу – үзгүлтүксүз процесс, анын мектепте жана андан сыртта да жүргүзүлө турганы таанылат.

**2. “Жагымдуу мектептин” мүнөздөмөсү:**

- балдар окуй ала турган жана баланын укугун жүзөгө ашыра ала турган орун;
- борбордо окуучу турат;
- жыныстардын тең укуктуулугун камсыздоо;
- окутуунун жыйынтыктарынын сапаттуулугуна колдоо көрсөтүү;
- окуучулардын реалдуу турмушуна негизделген билим берүүнү камсыздайт;
- балдар өздөрүнүн жеке тажрыйбаларынан окуп – үйрөнүшөт;
- кайтарым байланыш менен ийкемдүү чөйрө;
- балдардын бардыгына бирдей мүмкүнчүлүктү камсыздайт;
- психикалык жана физикалык ден соолукту камсыздайт;
- бардыгына бирдей ачык;
- мугалимдин кубаттуулугун жогорулатат;
- үй-бүлөнүн жана коомдун кызыкчылыктарын көңүлгө түйөт.

**3. Борбордо окуучу турган билим берүүгө мүнөздөмө:**

- балдардын ар түрдүүлүгүн тааныйт: окуучулар окууга карата ар кандай мүмкүнчүлүктөргө жана ыкмаларга ээ;
- этникалык жана башка ар түрдүүлүктү кабыл алуу;
- окутуу усулдарында бардык беш сезимди колдонуу;
- бири бири менен өз ара мамилелеринде балдарга жардам берүү;
- баланын өзүн-өзү баалоо жана өзүн -өзү урматтоосун жогорулатуу.
- балдардын окуу процесине максималдуу кириши;

- балдарга класста окугандары менен сырткы дүйнөнүн ортосундагы байланышты көрсөтүү;
- балдарга билим алуу үчүн класста жагымдуу чөйрө түзүү;
- окуучулардын мектепке кызыгууларын жогорулатуу.

**4. Жагымдуу мектепте билим берүү жана окутуу стратегиялары:**

- кошумча колдоо көрсөтүүчү таанып билүү процесси;
- адекваттуу;
- биргелешип: балдар бири –бири менен өз ара мамиледе;
- практикалык: реалдуу предметтер жана турмуш тажрыйбасы колдонулат;
- ар тараптуу жана кызыктуу;
- суроолор балдарды креативдүү (чыгармачыл) ойлонууга үйрөтөт;
- оюн түрүндө: балдардын ортосундагы кызматташтыкка шарт түзөт жана көз карандысыз ишке мүмкүнчүлүк берет;
- топтук: социалдык көндүмдөрдү өнүктүрөт.

**5. Окуу чөйрөсү жана окуучулар үчүн жагымдуу шарт:**

- таза суу жана санитардык шарт;
- бардыгына, майыптарга жана кош бойлууларга бирдей мамиле;
- коопсуздук жана зээнден алыс;
- класстагы доскалардын, столдордун жайгашуусу, тандалып алынган окутуу усулдарына ылайык бардык окуу материалдарын колдонуу;
- окуучу-окуу жараянынын борборунда;
- мектептин аянтчасын жана бакчасын окутуу процессинде колдонуу;
- үй жана коом окутуунун булагы катары каралат.

**6. Борбордо окуучу турган мектеп чөйрөсүн түзүү үчүн негизги кадамдар:**

- ар бир окуучуга урматтоо жана тилектеш болуу, сыйлоо аркылуу окуучуларды да ушуну жасоого тартуу;
- толеранттуу болуу менен толеранттуулукка үйрөтүү: балдардын бардык кемчиликтерин туура кабыл алуу, айыптабоо же четке түртпөө, мыскылдабоо;
- сыйлоо, таануу жана мактоо аркылуу окуучуларда нарктуулук сезимди тарбиялоо;
- окуу үчүн жагымдуу кырдаал түзүү менен окуу процессин уюштуруу;
- окуучуларды жигердүүлүк менен тартып, программа жана окуу иш –чараларын иштеп чыгуу;
- окуучулар үчүн биргелешкен иш-чараларды ойлоп чыгуу;
- бош орундарды колдонуу менен кызыктуу класстарды (комната) уюштуруу ( мисалы, окуучулардын иштери, маалыматтар, көрүнүктүү, демейден башка илинген алмаштырылып турулуучу такталар).
- жетиштүү ресурстарды колдонуу менен класстык комнаталарды эң жогорку деңгээлде ыңгайлуу кылып жасоо.

**7. Жыйынтыктар:**

- окуучуларга өздөрүнүн окуу процессин толук көзөмөлдөөгө мүмкүнчүлүк берүү;
- окуучуларга, аларга туура келе турган темпте окууга мүмкүнчүлүк берүү;
- балдардын өзүн-өзү баалоосун жана башкаларды урматтоосун өнүктүрүү;
- предметтик баалардын негизинде окууга коюлуучу бааларга басым жасоону кыскартуу;
- окуунун сапатын жакшыртуу;
- мектептин ишмердүүлүгүн көбүрөөк колдоого ата-энелерди тартуу;
- катышууну жакшыртуу.

**Тиркеме 2**

Педагогикалык стандарттардан “Step by Step” (ISSA)

## 3-стандарт: Үй-бүлөнүн катышуусу

**Балдардын окуу процессинде пайда болгон муктаждыктарын канааттандырууда оптималдуу колдоо көрсөтүү жана өнүктүрүү үчүн педагогдор ата-энелер менен өнөктөштүк мамилелерди курушат.**

Ата-энелердин жана башка үй-бүлө мүчөлөрүнүн, алардын балдарынын билим алуусундагы катышуусу программа үчүн / окуу мекемеси үчүн эң чоң баалулукка ээ.Үй-бүлө балдардын билим алуусунун бөлүгү кылышы үчүн, педагогдор :

- Үй-бүлөлөрдү өнөктөштүк катары эсептөөсү;
- Алар менен үзгүлтүксүз байланышуусу;
- Класста же башка бала бакчалык топтордо балдар менен иштөө процессине өзүнүн салымын кошууга үй-бүлөлөрдүн мүчөлөрүн чакыруусу;
- Үй-бүлөлөргө алардын балдарын үйдө окутууда жардам көрсөтүүсү;
- Ата –энелерге тейлөөлөрдү жана ресурстарды алуусуна жардам берүү.

**Сиздердин класста тилдик айырмачылыктар менен иштөө бул төмөнкүлөрдү билдирет:**

- Педагогдор ата-энелерге кубанычта экендиктерин алар сезгендей кылыш керек жана педагог сүйлөгөн тилде алар сүйлөбөсө да ата-энелерди маалымдоо керек. Педагогдор мектепте үй-бүлө мүчөлөрүн куттуктоо үчүн ар түрдүү тилде жазууларды жасашса болот. Баланын мектептеги ийгиликтери жөнүндө маалымат берүү үчүн, ата-энелерден маалымат алыш үчүн жана ушунтип үй менен мектеп ортосунда коммуникацияны колдоп, ата-энелердин тилинде сүйлөгөн жергиликтүү коомчулуктан кишилерди пайдаланса болот;
- Класстагы башка балдар менен өздөрүнүн турмуштук тажрыйбалары жана тилдери менен бөлүшүүнү ата-энелерге сунуштап, материалдарды алардын эне тилинде даярдоо менен педагогдор ата-энелерге алардын балдарынын мектептеги сабактарына катышууларына дем берип турушу керек. Мисалы, алар бутафорияны колдонуп өздөрүнүн эне тилинде китептерди окуп жана кызыктуу окуяларды айта алышат;
- Педагогдор ата-энелерге балдардын тарбиясы жана өнүгүүсү тууралуу маалыматты алардын эне тилинде берүүсү керек;
- Ата-энелер жыйналышында аларга өздөрүнүн жеке материалдарын түзүүгө жардам берүү үчүн же окутууну эки тилде колдоо үчүн, - педагогдор ата-энелерге материалдарды жана ресурстарды үйдө пайдалануусу үчүн берүүсү керек.

## 7-стандарт: Социалдык инклюзия (киргизүү)

**Педагогдор адам укуктарын колдогон социалдык инклюзивди жана бардык аз сандуулардын укуктарын коргоону кошуп, ачык демократиялык жарандык коомду түзүүнү колдогон жүрүм-турумдун модели менен баалуулуктарын сыйлап кызыктырашат жана моделдештиришет.**

Балдар программаларда/“Step by Step” балдар мекемелеринде ачык демократиялык жарандык коомдо керек болгон билимдерин, ыктарын жана көз караштарын өрчүтүшөт. Балдар ар түрдүү көз караштарды эске алууну, сынчыл ой жүгүртүүнү пайдаланып, башкалар менен кызматташтыкта иштөөнү, ошондой

эле, башкаларга сый көрсөтүү менен өздөрүнүн айырмалуулугун айтканды үйрөнүшү керек. Бардык балдарга өздөрүн жана башкалардын укугун сыйлоону үйрөнүүгө жардам бериш үчүн, педагогдор:

- Балдар үчүн бардык окуучулардын укуктарына сый көрсөтүүгө үйрөткөн окуучу жагдайларды моделдештиришет;
- Окуучуларга этикалык суроолор жана конфликтер жөнүндө ой жүгүртүүсүнө демилге берген сабактарды иштеп чыгышат;
- Окуучуларга дискриминация жана стереотиптерди көрүүгө жардам берет;
- Өздөрүнүн жергиликтүү уюмунда жана окуу мекемелеринде социалдык бөлүүнүн таасирин активдүү жоюушат;
- Ар түрдүүлүктү чагылдырган көрсөтмө куралдар жана материалдар менен класстарды жабдышат;
- Окуучуларга ар түрдүү катмарлардын адамдары / коомдун топтору менен алар өз ара аракеттене алыш үчүн мүмкүндүк беришет;
- Окуучулар ар түрдүү көз караштарды көңүлүнө алышын талап кылган тапшырма/сабактар түзүшөт.

**Силердин класстагы тилдик айырмачылыктар менен иштөөдө сизге керек:**

- маданий жана тилдик ар түрдүүлүк бар класстын артыкчылыктарын түшүнүү жана түшүндүрүп бере ала турган абалда болуу. Мындан сырткары сизге бул артыкчылыктарды өзүңүздүн мектебиңизде жана ата-энелер арасында пропагандалоо керек;
- башка тилде сүйлөгөн адамдар менен баарлашуу, бул адамдар тилди кантип үйрөнүшкөнүн талкуулоо үчүн жана бул тажрыйбаны өзүнүн окутуудагы жеке практикасында колдонуу;
- Класста тилдин ар түрдүүлүк проблемаларын жана суроолорун көтөрүү жана бардыгынын үндөрү угуулуусун жана түшүнүшүн кантип жасоого мүмкүндүгүн чечимдерин табууну балдарга сунуштоо;
- класста жана жергиликтүү уюмдарда бирин бири коргоп чыгууга балдарга жардам берүү.

# 5. Класcты башкаруу (менеджмент)[14]

**Класстагы менеджмент** – бул проактивдүү методдордун системасы, класста ырааттуулукту, структуралык уюштуруу жана ачык талаптар менен күтүүлөрдү, камсыз кылуу үчүн колдонулат. Бул система класстын жалпы уюштуруусунун маанилүү бөлүгү болуп эсептелет. Класста бардык окуучуларды натыйжалуу окутууну уюштурууда менеджмент жана башкаруу маанилүү ролду ойнойт. Анын үч курамын белгилөөгө болот: абалы, уюштуруусу жана тартиби.

**Абал** - класстагы абалды төмөнкүчө аныкташат: бул "окуу чөйрөсүндө же класстагы социалдык атмосфера, окуучулар менен болуп жаткан жана алар сезген нерсе, жеке өз ара мамилелерден жана мугалим орноткон ошол эрежелерге жараша айырмаланып турат". Адамдын базалык муктаждыктарынын суроолору боюнча көп илимий изилдөөлөр бар. Окутуу үчүн зарыл шарттардын бири, коопсуз жана окуучулар камкордукту сезген жана өздөрүнүн базалык муктаждыктарын канаатандырууга мүмкүндүгү бар, интелектуалдык жактан стимулдай турган чөйрө болорун биз билебиз.Мындай чөйрөнү өздөрүнүн окуучулары үчүн түзүшүнө педагогдор абдан көңүл буруусу зарыл.

**Уюштуруу** - бул компонент күнүмдүк аракеттерди сүрөттөйт/тартиптин жана процедуранын элементтерине, алар үчүн үлгүдө моделдештирилген жана предметтик мазмунга окуткандай эле, окуучуларды дал ушундай эле окутушат. Окуу жылынын башында мугалим тез-тез талдайт/аларды изилдейт жана жыл ичинде мезгил-мезгили менен кайра аларды эстетет.

**Тартип** - окутууга жардам берген жана тоскоолдуктарды минимумга жеткирген, класстагы жөнөкөй эрежелерди практикада ишке ашыруу. Бул жөнөкөй эрежелерди окуучулар менен биргеликте иштеп чыгуу менен аны тартиби менен колдонуу керек. Эффективдүү окутууну камсыз кылууга мүмкүн болуш үчүн класста эрежелер тартиби менен жана калыс (бардыгына тең) тез колдонулушу зарыл. Класстык эрежелер класста илиниши керек жана аларга дайыма таянуу керек.

Класста башкаруунун көптөгөн методдорун пайдаланса болот. Бирок, канча методдорду билгенибиз эмес, тигил же бул жагдайда биз кандай методду колдонорубуз маанилүү. Колдонуучу метод:

- конкретүү жүрүм-турумга туура келиши;
- жеке түрдө колдонулушу;
- азыраак чектөөчү жана азыраак зордукчул болушу керек.

**Жүрүм-турумдун менеджменти** - бул эрте кийлигишүү методдорунун системасы, айрым конкреттүү окуучуларда байкалган ылайыксыз жүрүм-турум болгондо колдонулат.Тигил же бул жүрүм-турумду коррекциялоо методун колдонуу, бул жүрүм-турум мугалимди канчалык деңгээлде ачуусун келтиргенине же мугалимдин ошол моментте жасагысы келгенине эмес, окуучунун жүрүм-турумуна негизделет. Мына ошону үчүн ар бирибизге биздин методдордун репертуарын кеңейтүү зарыл.

Дж. Коунин тарабынан бир топ чоң изилдөө материалында өткөрүлгөн, класста менеджментти изилдөө кеңири маалым. Ал биринчи жана экинчи классынын мугалимдеринин 49 видеожазууларын изилдеп чыккан. Ал мугалимдердин жана окуучулардын жүрүм-турумун классификациялоо үчүн категорияларын тапкан. Ал класстагы натыйжалуу менеджменттин 4 эң маанилүү аспектин аныктаган (окуучунун жүрүм-турумун башкаруу):

1. **«Катышуу»** - өзүнүн айланасына жана бул окуу чөйрөсүндө орун алган ошол сабакка карата баамдуулуктун курч сезими;

---

[14] *Бул бөлүмдүү түзүүдө кийинки булуктар колдонуган: Гин А.А. Педагогикалык техниканын ыктары: Мугалим үчүн окуу куралы.- М.: Вита-Пресс, 1999, 88 б. Интерактивндик окутуу жана класcты башкаруу усулдары менен таанышуу: Мугалимдерге методикалык окутуу куралы. Бишкек, 2004 (IFES); Р. Левьен, С. Гинзберг. Класстагы өзүн-өзү алып жүрүүнүн менеджменти. «Шаг за шагом» программасынын тренинг модулу, 2004.*

2. **Байланыштуулук жана темпти колдоо / окутуу учурунда кызыкчылыкты** –окутууда ылайыктуу темп жана энергия сабак учурунда камсыз болот;
3. **Журум-турумга карата болгон үмүттөр** – күнүмдүк практикада конкреттүү талаптар жана аларды тутпоонун натыйжасы бар жана ал ырааты менен колдонулат.
4. **Окуучулар үчүн ар түрдүү жана чени менен татаал тапшырмалар** – ар башка деңгээлдеги окуучулар үчүн ылайыктуу тапшырмалар камсыздалган.

Өзүнүн классында менеджментти натыйжалуу ишке ашырып жаткан мугалимдер оор окуучуларга таасир кылуу методдорунун ар түрдүү түрлөрүн колдонушарын, башка изилдөө (Jere Brophy тарабынан 1996-жылы жүргүзүлгөн) көрсөттү. Алар кезигишкен окуучулардын жүрүм-турумундагы көйгөйлөрүн чечүү колдон келиши үчүн, аларда методдордун репертуары бар, алардын ичинен бир нерсени тандап алыша алат. Өздөрүнүн классында менеджментти натыйжалуу эмес ишке ашырып жаткан мугалимдер кайра-кайра бир эле методдорду пайдаланышат, аларга кандай типтеги окуучу менен же көйгөй менен иш алып барууга туура келгенине карабастан.

Бул изилдөөлөрдүн сунуштарында так айтылат, өздөрүнүн классында натыйжалуу менеджментти ишке ашыруу үчүн методдорду жана алар ар түрдүү шыктарды иштеп чыга ала тургандай, мектептерге жана билим берүү системаларына мугалимдерди даярдоо жана окутуу менен камсыз кылуу зарыл.

Алдыда биз классты башкаруунун ар түрдүү аспектерин карап чыгабыз, ошону менен бирге мугалимдин ишинин жалпы тартибин, класстарда окуучуларды жайгаштыруу менен топтордо жана башкаларда социалдык процесстердин динамикасын башкаруу методун, ал силерге классты башкаруунун же башка ыкмаларын колдонууну пландаштырууга жардам берет жана ошону менен окуучулардын окутуу процессин көбүрөөк натыйжалуу кылышат.

## 5.1 Иштин жалпы ирети

Төмөнкүдө көп деген интерактивдүү сабактарды жана көнүгүүлөрдү өткөрүүдө аткарылган кыймыл-аракеттердин комплекси келтирилген. Окуучулар теориялык материалдар менен таанышып (окуп же лекцияны угуп),аны түшүнгөнү талап кылынылат.

**а) Даярдануу.**

Бул жакка төмөнкү кадамдар кирет:

- Окуучулар кайсы түшүнүктөрдү ар кандай көнүгүүлөрдү аркарып бекемдеш керек экендигин эрте билип, тапшырмаларды тандоо;
- Тапшырманын түзүлүшү сиздин классыңыздын мүмкүнчүлүктөрүнө туура келерин билүү (тапшырманы аткаруу үчүн сизде материалдык ресурстар барбы жана окуучулар жетиштүү маалыматка ээби);
- Сиз мунун баарын текшергенден кийин, бул тапшырма класста кандай ыкма менен аткарыларын ойлонуп чыгышыңыз керек. Ушинтип, сиз окуучулардын болжолдуу реакциясын алдын ала биле аласыз да өзүңүздүн жообуңузду даярдай аласыз;
- Сиздин оюңуз боюнча окуучуларга түшүнүксүз боло турган тексте талкууланып жаткан концепцияларды такташ үчүн текст менен таанышууга чейин окуучулар менен бир нече көнүгүүлөрдү аткаруу.

**Мугалим:** Бүгүн биз лидерге керектүү сапаттарды карайбыз. Силер 3-4 кишиден топторго бөлүнүшүңөр керек да, 54-барактагы 5-тапшырмада келтирилген сапаттардын тизмесин талкуулашыңар керек, анан алардан кайсы беш сапат эң маанилүү экенин чечишиңер керек. Суроолор барбы?

**Окуучулар:** Жок!

**Мугалим:** Бермет биз эмне кылышыбыз керек?

(Бермет жооп берет)

**Мугалим:** Жакшы, топторго бөлүнгүлө, топтун катчысын тандагыла да баштагыла. Силерге талкуулого 5 мүнөт берилет.

[Мугалим өзүнүн ордуна класстын алдына келет].

**Мугалим:** Эми балдар, кайсы сапаттар эң маанилүү экенин карайлы. 1-топ, силер кайсы сапаттарды тандадыңар?

**Окуучулар:** ак ниеттик, Ата-Мекенди сүйүү, сүйлөгөндү жакшы билүү жана байлык эң маанилүү деп ойлойбуз.

**Мугалим:** 2-топ?

**Окуучулар:** ак ниеттик, тажрыйба, билими жана жашы эң маанилүү деп ойлойбуз.

**Мугалим:** 3-топ?

Окуучулар: ак ниеттик, Ата-Мекенди сүйүү, билим жана ден-соолук – эн маанилүү деп ойлойбуз.

**Мугалим:** Ак ниеттик боюнча бардыгы бир пикирде экен, эки топ болсо билим маанилүү деп ойлойт. Биринчи топ силер бай болгон эмнеге маанилүү деп ойлойсуңар?

(окуучу түшүндүрүп берет)

**Мугалим:** 2-топ эмнеге силер макул эмессиңер? Ж.б.у.с.

**б) Окуучуларга көрсөтмө.**

Окуучуларга иштин максатын айтып бергиле (алар эмнени кылганды аракет кылыш керек, кантип андан тышкары бул максатка жетиш үчүн ресурстарды жана процедураларды көрсөткүлө). Аткарылуучу жумуштун иретин жана тапшырманы аткарыш үчүн берилген убакытты айтыңыздар. Мындайда болжоп тандалган окуучуга (мугалимдин көрсөтмөлөрүн кулагынын четинен өткөрө берген окуучуну) берилген нускаманы кайталап берүүсүн сурануу деген жакшы ыкманы колдонсо болот.

**в) Топтордун мүчөлөрүн аныктоо (ким-ким менен жупта, үчөөлөп же төртөөлөп ж.б. иштешет).**

**г) Окуучулар иштей башташат...**
Андан кийин класстын аяк жагында күтүп турсаңар болот.

**д) Топтордун ишин байкоо.**

Эгерде силер окуучулар бир нерсени түшүнбөй же тапшырманын четинен чыгып жатышканын көрсөңүздөр класска же топко кайрадан багыт беришиңиз мүмкүн. Эгерде бардык топтор ийгиликтүү иштеп жатышса, сиз аларды бирөөсүнө катышуучу катары (мугалим катары эмес) кошулсаңыздар болот. Бирок, окуучулар топтордо иштегенге көнгүчө бул көп убакытты талап кыларын унутпаңыздар. Силер топтогу жүрүп жаткан талкулоорду байкап турушуңуз зарыл. Ушинтип, сиз окуучулардын көңүлүн тапшырмага бура аласыз да балдар сүйлөгүсү келбесе да, ар биринин сүйлөөгө укугунун корголуусун карашыңыз керек.

**е) Кичинекей топтордо талкулоонун бүтүшү.**

Берилген убакыт бүтсө же окуучулар тапшырманы эрте бүтүшсө, сиз мундан кийинки талкулоо эч кандай пайда алып келбесин сезип турсаңыз класстын көңүлүн өзүңүзгө буруңуз.

**ж) Корутундуларды / жыйынтыктарды чыгаруу баскычы.**

Мугалим топторго өзүлөрүнүн корутундуларын жана жыйынтыктарын айтууну жана бардыгы макул боло турган кырдаалдарды аныктаганды сунуштайт. Бирок бул жакта мугалимдин эң негизги ролу, окуучулардан алар эмнеге башкача ушундай ойлонушат экендигин сурап турууда турат. Көбүнчө муну класста айтылган тескери ойго таянып кылган оңой. Сиздин класс бардык кырдаалдар боюнча бир ойго ар дайым эле келе бербестигин байкаңыз. Мугалим ар бир эле тапшырма бир маанилүү жыйынтыкты талап кылбасын түшүнүүсү абзел.

**Ойлонуп көрүү керек!!!**

**Мугалимдер көбүнчө учурда өзүлөрүнүн таасирин баамдашпайт. Бул мугалимдердин жүрүм- туруму эмес, берилип жаткан материалды окуу окуучуларга негизги таасир берет деп мугалимдер эсептегендиктен. Мугалимдер жүрүм – турумдун демокративдүү стилин көрсөткөндө жөн эле бул жөнүндө сүйлөгөнгө караганда, көбүнчө учурда көбүрөк таасир берет.**

Андан кийин мугалим тапшырманын мүнөзүнө карап, окуучулар келген жыйынтыктар жашоодо кантип колдонулушу мүмкүн деген суроонун үстүндө окуучуларды ойлонууну суранышы мүмкүн

## Класста мугалимдин ролу

Кээ бир мугалимдердин интерактивдүү методиканы колдонгондо өздөрү керек болбой калганы аларды сарсана кылат. Бул такыр туура эмес. Эми сизге окуучуларга сиз билгендериңизди айтыштын кереги жок болгону менен жана сиз пассивдүү болуп көрүнүп калышыңыз мүмкүн, бирок сиз мурдакыдай эле жардамчы жана гид катары чоң ролду ойнойсуз, анткени сиздин бирден бир максатыңыз өз ара ишмердүүлүктү колдоо жана анын сапатын жогорулатуу

Бул үчүн сизге төмөнкүлөр керек:

- тапшырманы аткаруу үчүн шарттарды аныктоо;
- иретин аныктоо;
- кээ бир идеяларды аныктоого жардам берүү;
- ар бир окуучунун өзүнүн оюн айтууга жана башкалардын оюн угууга болгон укугун коргоп, идеяларды ойлоп табууну жана окуучулар арасында идеялар менен алмашууну башкаруу;
- каралып жаткан идеяларды жакшыраак түшүнүүгө жардам берчү суроолорду берүү;

Акыркы пункта мугалимдин алдын ала даярдыгы өтө маанилүү.

**“Шайтандын жактоочусу” ыкмасы.**

Бул ыкма пассивдүү окуучуларды ишке киргизүү үчүн абдан пайдалуу. Мугалим, кайсыл болбосун адамдын оюна карама-каршы болгон көш караштьі, өзү бул көз караш менен макул болбосо да коргойт.

Андан тышкары,ал окуучуларды өзүнүн көз карашын логикалык негиздегенге (же сынчыл ойлонууга) мажбур кылганы менен пайдалуу. Көбүнчө окуучулар башкалардын көз карашына төп келген көз караштьі тандашат, же алардын ою берилген жагдайга артыктуу реакция болушу мүмкүн. Өзүнүн жоопторун негиздеп жатып, окуучулар мындай көз караштын себептерин жана натыйжаларын жакшылап ойлоно алышат да, ошентип каралып жаткан маселенин ар кандай аспекттерин түшүнө алышат. Эгерде окуучулар сизден: “Сиз чынында эле ушинтип ойлойсузбу?” деп сураса, сиз: “Мен кантип ойлойм маанилүү эмес, силер эмнеге ушинтип ойлогонуңар маанилүү” – деп жооп беришиңиз керек. Бирок төмөнкү эскертүүгө көңүл бөлүңүз.

Сиз “шайтандын жактоочусунун” ролун аткарып жаткан баардык учурларда, сиздин максат - окуучуларды ойлонууга козгоо экенин, сиздин окуучулар түшүнүп жатканын билишиңиз керек. Сабактын аягында сиз түз эле ал жөнүндө айтсаңыз болот.

Сиз өзүңүздүн чын көз карашыңызды айтып жатканда, сиз “шайтандын жактоочусунун” ролун аткарып жатканыңызды окуучуларга айтпаңыз жана абдан этият болуңуз, антпесе окутуу үчүн бул ыкманын маанисин начарлатып саласыз. Эгерде кээ бир маселелер боюнча сизде туруктуу көз караш бар болсо сиз окуучуларга ачык айтышыңыз зарыл же болбосо бул нерсени талкуулабагыла.

Окуучулар алардын суроолоруна жана көйгөйлөрүнө аларды дагы ойлондурган жаңы суроолор болсо өзүлөрүнүн ыкмаларын кеңейтет жана көбүрөөк билип калышат. Бул абдан олуттуу милдет, анткени мугалим жалгыз гана теманы терең түшүнбөстөн, окуучулардын ойлонуу логикасын баамдоосу зарыл.

Кандай гана болбосун сабакты окутуу, башында жыгылуусуз болбогон, велосипедде тебүүгө үйрөнүүгө окшош. Бирок ошол жыгылуулар тээп баратканда тең салмакты кармаганды үйрөтөт. Башкача айтканда, сиз окуучуларга кээ бир кездерде ката кылганга (сиздин көз каршыңыз боюнча) уруксат бергенге мажбур болосуз. Андан тышкары силер өзүңөр класстын дисскусиясына берилбесеңиздер, классты башкаруу оңой экенин байкайсыңар. Антпесе сиз тартипти бузасыз (футболдо топ менен ойноп кеткен сот сыяктуу), анткени окуучулар сиз мугалим катары же аларга тең катары чыгып жатканыңызды билишпей калат.

Топтордо иштегенде жана өзгөчө жалпы класстык талкуулоодо өз ара ишкердиктиктерди башкаруу – мугалимдин ролунда эң оор деген жыйынтыкка көп деген мугалимдер келишет.

Бул ыкмага көп окуучулар үйрөнүшү зарыл, ошондуктан дисскусиянын эрежелерин (Алтын эрежелер деп аталган) иштеп чыгуу керек да, классты аларды аткарганга үйрөтүү абзел. Класстагы баардык окуучулар бул эрежелерди так түшүнүшү жана жактыруусу керек. Бул эрежелерди балдар окуу жылы бою аткаруу үчүн, сентябрда, сабактардын башталышында эле, иштеп чыгуу сунуш кылынат. (Эгерде сиз окуучулардын өзүнө бул эрежелерди жаратууну сунуштасаңыз, мүмкүн бул эрежелер аларга маанилүү болушаттыр).

## 5.1.1 Класста топтук иштерди уюштуруу

Окуучулардын топтордо иштешин уюштуруу алыстан оңой көрүнөт. Бирок, бул иш натыйжалуу жүрүш үчүн башкаруунун жакшы машыгуусу керек. Топтордун ишин жакшылап көзөмөлдөбөсө анын натыйжасы сиздин көңүлүңүздү калтырышы мүмкүн, андан тышкары класстагы тартип менен көйгөйлөрдүн пайда болуу мүмкүнчүлүгү абдан чоң.

**Алтын эрежелердин мисалдары:**

**1. Башкалар чыгып сүйлөп жатканда сөзүн бөлбөгүлө. Өзүңөрдүн кезегиңерди күткүлө.**

**2. Бир нерсени айткыңар келсе колуңарды көтөргүлө. Ким жана качан сүйлөрүн мугалим тандайт.**

**3. Адамдарды эмес, алар айтып жаткан идеяларды сынга алгылат. (Инсандыкка өтпөгүлө).**

**4. Ар бир окуучуда өз оюн айтууга укугу бар, ошондуктан, узакка чейин сүйлөбөгүлө.**

**5. Ар бир көз караш кубатталат.**

**6. Көбүнчө учурда эң жакшы идеялар дискуссияда жаралат.**

**7. Мугалим биздин укуктарыбызды коргойт жана ишибизди багыттайт.**

Төмөнкүдө топто ишти уюштуруу боюнча кээ бир сунуштар келтирилген:

1. Ар бир окуучу башкалардын баары менен иштегидей кылып, топтордун мүчөлөрүн ар дайым алмаштырып тургула. Окуучулар өзүнүн достору менен гана иштебеши керек. Жакшы жыйынтыкты топтордун аралашма курамы – балдар, кыздар, ар кайсыл улуттагы, ар кандай тилдерде сүйлөгөндөр көрсөтүшөт. Топтун курамын ар кандай жолдор менен алмаштырса болот:

   • Мурдатан даярдалган топтордун тизмесин жарыялап (бул жол менен сиз кыйын жана кичине начар окуган окуучулардын тең бөлүнүшүн камсыз кыласыз да, бир топто абдан активдүү же тентек окуучулардын чогулушуна жол бербейсиз);

   • Классты биринчи, экинчи, үчүнчү, төртүнчүгө санап, бирдей номердеги окуучуларды бир топко чогултуп (сандардын ордуна сөздөрдү колдонсо болот, мисалы, жер-жемиштердин атын, айларды ж.б. колдонсо болот). Мындай ыкма класс топтордо иштегенди үйрөнүп калганда абдан жакшы. Бул жараянга анык калыстыкты (“эч ким мага ким менен иштешти көрсөткөн жок, жөн эле ушундай болуп калды”) жана оюн элементин берет, анткени окуучулар эмкиде ким менен иштеерин билишпейт.

**Жазууларды катчы гана алып барат!!!**

**Топтордо иштеп жатканда жазууларды катчы гана жазышын талап кылгыла. Эгерде топтун бардык мүчөлөрү калемди алса, алар өз салымын кошпой калышат. Андан тышкары столдун үстүнөн бардык ашыкча китептерди алып коюу да пайдалуу.**

2. Топтун ар бир мүчөсү өзүнүн ролун так түшүнүп жатканын текшериңиз. Мисалы: “ Айбек, сен катчы / докладчик болосуң”, - “Эркин, сен тексти жазасың”; “Гулжан, сен бешинчи жана алтынчы баракты сүрөттөйсүң; Бакыт, сен болсо каталарды текшерип, 3-баракка сүрөттү тартасың”. Бир нече убакыттан кийин окуучулар топтордо өзүнүн ишин уюштурууну үйрөнүшкөнүн текшергиле. Сиз алардын өзүнө ролду тандоо каалоосуна дем берип, ролдордун ротациясын камсыз кылышыңар керек. Мисалы: “ мурдагы жумада Айнура докладчик болгон, бул жумада болсо Улан болот”. Класс топтордо иштөөгө көнгөндө, топто ролдорду бөлүштүрүш экендигин эстетип койсоңуз гана болот. (убакытты карап турган адам, катчы,докладчик, сүрөтчү ж.б.).
3. Окуучулар башкалардын айтууга болгон укугун сыйлаш керек.

4. Баскыч-баскыч боюнча топтогу мүчөлөрдүн санын көбөйтүп, окуучуларды топтордо иштөөгө бара-бара үйрөтсө болот. Окуучуларга эки кишиден турган топто иштөө оңой. Эгерде беш –алты кишиден турган топ жакшы уюшулбаса, окуучулардын жарымы катышымыш болуп,чынында иштешпейт.
5. Ишти башкалардан биринчи бүткөн топтор үчүн кошумча тапшырмаларды белендеп тургула.
6. Кээ бир окуучулар үчүн топто иштөө – оор чөйрө. Бул балдардын бир бөлүгүнүн тартипсиз жүрүм-турумунуна алып келиши мүмкүн. Өзүңөр үчүн мындай окуучуларды белгилеп койгула да, аларды көзөмөлдөп тургула. Мүмкүн, аларга биринчи жалгыздыкта иштеткен оң болор. Бирок, алар класстан өзүн бөлүп салгандай сезбегендей, алар үчүн түзүлгөн сизде даяр тапшырмалар болушу керек. Аларга эксперттердин, статистердин, байкоочулардын ролун берсе болот.
7. Топтордо көп учурда салттык сабактан караганда ачык баарлашуу керек болот. Иштик ызы-чууну, жөнөкөй ызы-чуудан айырмалаганды үйрөнүңүз. Иштик ызы-чуу гана болгонуна жетишиңиз!

**Силердин Алтын эрежелериңер көз алдынардабы?**

Көп мугалимдер алтын эрежелерди негиз салуучу деп эсептейт, кээ бир китептер себеп эмнеде экендигин түшүндүрүштү. “ Биздин класс кичинекей өлкөгө окшош, а биз бул өлкөнүн өкмөтүнүн бөлүгү жана анын жарандары болобуз. Алтын эрежелер – бул биздин Конституция, биздин өлкөбүздө иштер жакшы жүрсүн десек, биз аларды аткарышыбыз керек.”

Эгерде силердин алтын эрежелер дубалда илинип турса жана сиз ар дайым алардын аткарылышын талап кылсаңыз, сиз МЫЙЗАМДЫН ҮСТӨМДҮҮЛҮГҮН көрсөтөсүз. Эгерде алтын эрежелер сакталбаса же мугалимдер жана окуучулар менен сыйланбаса, кандай баш аламандык башталганын окуучулар көрүшөт.

Алтын эрежелер, ирээтти сактап жатып, силер ар бир окуучунун өзүнүн оюн билдирүүгө укугун коргоп жатканыңарды окуучулар түшүнгөнгө жардам берет. Муну класстын жарандары менен иштелип чыккан жана кабыл алынган, алтын эрежелердин жардамы менен мугалим мыйзамдаштырат.

Жогоруда айтылган, башка класска ушул эрежелерди мойнуна илип, ал класс эрежелерди сыйлайт деп үмүттөнө албайсыз. Бардык класста эрежелердин жоболору бирдей болуп калса да, ар бир класста бардыгы макул болгон эрежелерди талкулоо жана иштеп чыгуу жараяны өтүшү зарыл.

8. Мугалимдин ролу – топтон топко өтүп, эмне болуп жатканына көзөмөл салып, окуучулардын көңүлүн маселе бөлүп, суроо берип жана көйгөйлөрдү чечкенге жардам берүү. Окуучулар үчүн сиз бардыгын билген адам болууну токтотосуз да, жардамчы, ресурстарды бөлүштүрүүчү жана консультант болуп каласыз. Суроолорго өзүңөр жооп бергендин ордуна, сиз жоопторду табыш үчүн жанына олтурасыз. Суроолорду берүү – эң мыкты идея. Эң начар вариант – өзүңөрдүн столуңарда олтуруу. Сиз активдүү болушуңуз абзел.
9. Окуучулар маселени толук талкуулап бүткөн учурду аныктоону сиз бат эле үйрөнөсүз. Муну билиш үчүн башынан класста басып, талкууларга кунт салуу жакшы.
10. Окуучуларга топтордо иштөө бул оюн экен деп ойлотпогула. Аны минтип атап, сиз ишмердүүлүктүн өзүн жана алардын оюнун маанисин азайтасыз.
11. Топтун ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын айтып жаткан окуучу өзүнүн эмес, топтун оюн айтуусун талап кылыңыз. Эгерде өзүнүн жыйынтыктарын айтып жаткан топ досканын алдына чыкса, бардык класс докладчикти кунт салып угушат, анткени докладчик “мени уккула” зонасында болуп калат.
12. Топко кошулганда, катуу сүйлөп же үстөмдүк кылбаш керек. Сиздин ролуңуз суроолорго жооп бербей, көбүнчө суроолорду берүүдөн турат.

13. Сиз жетишкен ийгиликтерди жана натыйжасыз иштер (ойлор) жөнүндө топтордо иштөөнү колдонгон башка мугалимдер менен сүйлөшүп көрүңүз, анткени жаңы методикага көнүш үчүн убакыт талап кылынат.

## 5.1.2 Класстагы жалпы дискуссияны башкаруу

Төмөнкүдө класстагы жалпы дискуссияны башкаруу боюнча кээ бир сунуштар келтирилген:

1. Класстын бардыгын сурабастан, окуучуларды бир бирден ойлорун сураңыз. Жооп алгандан кийин башка көз караштар барбы кызыгыңыз. Бир топ жооп берип жатканда ал толук жооп бериши зарыл, андан кийинки топ болсо айтылган ойлордон өзгөчөлөнгөн жоболорду айтышы керек.
2. Силердин **АЛТЫН ЭРЕЖЕЛЕРИҢЕР** менен колдонгула.
3. Кээ бир окуучулар дискуссияда топтун үстүндө үстөмдүк кылбасын карап тургула. Ар кандай ойлорду укканга аракеттениңиз.
4. Айтылган ойлорду доскага жазгыла **(алар провокациялык болбосо).** Аларды график, добуштарды саноо же толук сүйлөмдөр катары жазсаңыз болот. Ошенткенде, окуучулар алардын көз карашы сөзсүз түрдө башкалар менен бөлүнбөстүгүн байкай алышат. Андан тышкары жазууну алып баруу жалпылоо жана жыйынтыктарды чыгаруу ыктарын өнүктүргөнгө жакшы мүмкүнчүлүк берет. Бул окуучулардын көңүлүн ойлордун айырмаланганына чогултуу үчүн жакшы ыкма. Ушинтип, сиз окуучуларыңызга критикалык ойлонуу ыкмаларын өнүктүрүүгө жардам бересиз. Ар дайым окуучулардын бирөөсүн маалыматты жазуу үчүн катчынын ролуна тандап туруңуз.
5. Өздүк ойлор боюнча пикирлериңизди айтпаңыз. Анын ордуна “Эмнеге?”, кээ бирде “Эгерде мындай болсо...?” сыяктуу суроолорду бериңиз. Окуучуларыңызды бири-биринин ойлоруна комментарий бергенге түрткү бериңиз: “Айгуль, Мараттын оюу боюнча эмне айтасың?”
6. Эгерде сиздин оюңуз боюнча окуучулар суроону түшүнбөй калса же темадан алыс кетип калышса талкуулоону токтоткула. Аларга бул абдан кызыктуу болгонун сезип калсаңыз.
7. Ойлорду түшүндүрүү үчүн чагылыштыруу техникасын колдонгула. Ал окуучунун айтканын кошуп, ал ушинтип ойлойбу деп сурагыла. Ошондо алар өзүнүн айтканынын логикасын кайрадан ойлонуп чыгат.
8. Оюн айтуунун иретин катуу көзөмөлгө алгыла. Эч качан бир окуучуга экинчи окуучунун сөзүн бөлгөнгө уруксат бербегиле. **Алар бири биринин ойлорун укканын көзөмөлдөгүлө.** (Бул мааниде сиздин мисалыңыз абдан маанилүү). Көнүп калган башкаруу техникасын колдонгула (окуучулар бир нерсени айткысы келгенде, колун көтөрүшөт).
9. Жабык суроолорду (“Ооба “ же “жок” деп жооп берүүчү) көп бербеңиз. Алар көбүнө учурда багыт берүүчү болот. Алардын ордуна түшүндүрүүнү же талкулоону талап кылган суроолорду бериңиз (“Эгерде мындай болсо?” “Эмнеге?” “Кантип?”). Мындай суроолор окуучуларды теманын үстүнөн ойлогонго түрткү берет.
10. Өзүңөргө көзөмөл салгыла, бардыгын эле түшүндүрүп бере бербеңиз. Анын ордуна суроо бергиле. Бир окуучунун суроосуна экинчи окуучу жооп бергенин силер көп көрөсүңөр.
11. Талкуулоонун ортосунда болгондун ордуна ойлорду айтуу мугалимден өтүп жатканда, класска өзүңөрдүн оюңарды айткандан мурун окуучуларга өз ара талкулоого мүмкүнчүлүк бериңиз. Кичинекей топтордо иштеп жатканда да алтын эрежелер сакталышы зарыл. (Бул тынч окуучуларга дем берүүгө жакшы мүмкүнчүлүк. Окуучуларды бирөөсүнө өзүңөр ролуңарды берип өзүңөр байкоочу болуп турсаңар болот).

## 5.1.3 Убакытты башкаруу

Мугалимдин класска тематикалык көйгөйлөрдү талкулоого көбүрөөк мүмкүнчүлүк берүүгө умтулуусун колдойбуз. Бирок сиздин окутканыңыз сиздин сабактардын расписаниесине, силердин окуучуларыңардын мүмкүнчүлүктөрүнө жана жогоруда турган башкаруучуларга көз каранды экендигин биз түшүнөбүз. Эгерде окуучулар коюлган суроолорго көбүрөөк көңүл бөлүүсүн каалаcаңыз, убакыттын жетишпестиги менен жолугушуңуз мүмкүн (ар бир класста окуучуларда ар кандай кызыгуулар жана билимдин ар кандай деңгээли бар) жана силер берилген убакыттын ичинде жумушту бүтүрө албай каласыңар.

**Убакыт жетишпей жатабы?**

1. Окуучуларга бардык класска тапшырманы жана ага берилген нускаманы окутпагыла. Бул жөндөн жөн эле убакытты коротуу.
2. Тапшырманын бөлүмдөрүн топтун мүчөлөрү арасында бөлгүлө. Мисалы, Рустам менен Эркин 1, 3 жана 5 пункттарды, Назгуль менен Айнура – 2, 4 жана 6 пункттарды аткарышат.
3. Окуучулар тапшырманы аткарардан бир күн мурун үйүнөн бир сыйра ойлонуп (бирок жасабай) келишсин.
4. Кээ бир топтор бир тапшырманы, кээ бирөө башка тапшырманы аткарышсын жана баарына жыйынтыктарды айтып беришсин.
5. Сиздин көз карышңыз боюнча окуучулар түшүнгөн нерселер бар болсо ал тапшырмаларды калтырыңыз.

Топтук дискуссиялар алтынды табууга окшош. Кээ бирде көйгөйдүн логикасын окуучулардын изилдөөсү маселенин маанисинен алыс кетсе да (б.а. алар идеяларды издөөдө “казышы керек” экенин түшүнөбүз), жакшынакай жыйынтыктарга алып келет. Кээ бирде сиз бул тема боюнча сүйлөшүүнүн кажети жоктугун түшүнөсүз. Бирок мындай жыйынтыктарды алдын ала айтуу өтө кыйын.

Ошондуктан, кээ бир тапшырмаларды калтыруу керек болот. Эмнени талкулоо керекпи же керек эмеспи жөнүндө чечимди окутуу максаттардын негизинде кабыл алуу зарыл. Эгерде окуучулар сиз койгон максаттарга жетти деп эсептесеңиз тапшырманы аткаруунун кажети жок.

Көбүнчө учурда интерактивдүү тапшырмалар эки убакыттык мезгилге бөлүнсө же аны шашып- бушуп жазаса керектүү натыйжаны бербейт, анткени тапшырманын үстүндө иштөөнүн өзү, анын аягына караганда маанилүү. Ошондуктан сизде убакыт жетишбей жатса, бардык тапшырмаларды аткарганга аракет кылбагыла. Башкысы – саны эмес, сапаты.

Эгерде, көз караштын кең спектирине көз каранды болгон тапшырмаларды окуучуларга үйгө берсеңиз, аларды өзүнүн позициясын жакшылап ойлонууга мүмкүнчүлүк берет. Анан бул тапшырманы сөзсүз түрдө класста талкуулоо керек.

Сөздүн аягында кандай гана суроо талкууланып жатпасын, төмөнкүлөр жөнүндө так түшүнүккө ээ болуу зарыл:

- Эмне үчүн сиз муну берип жатасыз, окутуу максаты эмнеде;
- Көрсөтүлгөн материалды окуу эмне берет;
- Окуучуларга кандай ресурстар керек болот;

- Акыркы жыйынтык кандай формада берилет (сочинение, таблицаны толтуруу).

## 5.2 Чөйрөнү башкаруу же окуучуларды кантип отургузуу керек?

Окуучуларды кантип олтургузууну чечүү, божомолдогон анча деле оор эмес: сиздин класстын бөлмөсүн кантип уюштуруу керектигин, сиздин класстын формасы жана көлөмү менен аныкталат. Столдорду жана отургучтарды жылдыргандан мурун, сиз класстык бөлмө кандай болорун так элестетиңиз керек. Бул убакытка чейин сиз такыр ойлонбогон факторлорду эсепке алууңуз абзел.

Окуучуларды кантип олтургузуу керек экендигин тандап жатканда төмөнкү суроолорду ойлонгула.

1. Кичи топтордо же жалпылап (“кооперативдүү окутуу”) иштөөнү божомолдоп жатасыңарбы? Андай болсо столдорду/парталарды топтоп (экиден же төрттөн) коюу туура болобу?
2. Сабак алып барууда сизге бош мейкиндик керек болобу?
3. Окуучулар топтордо талкуулайбы?
4. Класста доска каякта турат жана аны сиз көп колдоносузбу?
5. Сиз тапшырмаларды кантип таратасыз?
6. Сиздин класста өзгөчө муктаждыкка ээ болгон бала бар жана алар үчүн кандай өзгөрүүлөрдү / адаптацияларды жазашыңыз керек?


Бул суроого жооп бергенден кийин, сиздин керектөөлөрүңүзгө жооп берүү үчүн окуучуларды кантип олтургузушту проектировка кылганга даярсыз.

Окуучуларды класста кантип олтургузса болот:

**Жарым тегерек же П тамгасы менен.**

Кичи топту окутуу үчүн окуучуларды олтургузуунун эң идеалдуу ыкмасы. Ишти мындай уюштуруу өз ара ишмердүүлүккө жана талкуулоого көмөк көрсөтөт да, мугалимге окутуу учурунда окуучуларга жакын болууга мүмкүнчүлүк берет.

Сүрөт 1. Жарым тегерек же П тамгасы менен.




**“Сэндвич”.**


Окуучуларды минтип олтургузуу чоң топторду окутуу жана талкуулоолорду өткөрүү үчүн өтө ыңгайлуу.

Мугалим борбордо туруп, маалыматты бере алат да, окуучулар анын эки жагынан олтурушат. Мындай параллелдүү уюштуруу окуучуларга бири-бири жана мугалим менен көз аркылуу контакт түзүүгө мүмкүнчүлүк берет.

**Топтор менен.**

Окуучуларды минтип олтургузса, бул топтук иштерди аткарып жатканда аларга биргелешип иштегенге мүмкүнчүлүк берет. Мындай уюштуруу мугалимге окуучулар кичи топтордо иштеп жатканда, алардын жүрүм-турумуна жана окуп жатканына көз салууга мүмкүнчүлүк берет. Эгерде сиз олтургузуунун мындай планын окуу жылдын аягына чейин колдонгонду божомолдоп жатсаңыз, ар түрдүү баарлашууга көмөк көрсөтүү үчүн, убакыт-убакыт менен окуучуларды бир столдон экинчиге олтургузуп туруңуз.

Сүрөт 2. Топтор менен (Кластер менен).




## 5.3 Тапшырмадан тапшырмага өтүү

Көбүнчө учурда тапшырманын ийгиликтүү болуусу мурдакы тапшырмадан кийинки тапшырмага өтүү кандай уюшулгандан көз каранды. Кээ бир мугалимдер жыйынтыктарды чыгаруу менен же жалпылоо менен тапшырмадан тапшырмага өтөт.

Мындай мамиле кылуунун максатка ылайыктуулугу талашсыз анткени :

- Тапшырманын аягында сиздин план боюнча окуучулар өздөштүрүүчү негизги нерселерге көңүл бурууга мүмкүнчүлүк берет;
- Биринчи тапшырмадан экинчиге өтүү пункту даана белгиленет да, көбүнчө учурда алардын логикалык байланышы жакшы байкала баштайт.

**Бирок жалпылоону же жыйынтыкты ким кылыш керек: мугалимби же окуучуларбы?**

Биз жалпылоого окуучуларды тартууну сунуштайбыз, анткени бул:

- бардык класстын өнүгүүсүн баалаганга;
- негизги концепцияларды бекемдөөгө мүмкүнчүлүккө ээ болуу;
- өзүнүн курдаштарынын алдында жыйынтыктарды чыгарып берүүнү сурап калышы мүмкүн экендигин түшүнгөндүктөн, окуучулар тапшырманы жакшылап ойлонуусун камсыз кылууга жөнөкөй, бирок натыйжалуу ыкма боло алат.

Натыйжада окуучулар кылган корутундулар окутуунун максаттарына жакын болушу керек. Бирок, сиз туура суроолорду беришиңиз керек жана кээ бир тапшырмалар боюнча жасалган корутундулар башкаларга караганда анча ачык мүнөздө болбостугун эске алышыңыз керек, кээ бир өзүнчө тапшырмалардын аягында бул суроого ар кандай көз караштар бар экендигин жыйынтыктасаңар болот.

Пикирлердин картасын түзүү жана аларда жалпы көз караштарды издөө жыйынтык чыгаруунун бир жолу. Төмөнкү тапшырма жакшы үлгү.

**“Президент кандай болуш керек?” тапшырмасы.**

1. Классты 4 топко бөлү, президент ээ боло турган беш негизги сапаттардын тизмесин түзүүнү сураныңыз.
2. Катчыларды топтордун жыйынтыгын доскага жазуусун сурангыла.
3. Кайталанган пикирлерди чийип салгыла.
4. Калган сапаттарды номердегиле.
5. Топтордо иштеп тизмеден үч эң маанилүү сапаттарды тандоону окуучуларыңыздан өтүнүңүз.
6. Төмөнкү таблицаны тактага чийиңиз:

| 1 топ | 2 топ | 3 топ | 4 топ | |
|---|---|---|---|---|
| №1 тандоо | | | | |
| №2 тандоо | | | | |
| №3 тандоо | | | | |

7. Окуучуларыңарды идеяларын номердөөнү сураныңыз.
8. Окуучулардын ойлору бири-биринен канчалык айырмаланарына алардын көңүлүн бургула. Ушинтип сиз класстагы пикир картасын түзө аласыз.

Мындай ыкмаларды ар бир тапшырманын аягында колдонуунун кажети жок, бирок сиз аларды жок дегенде бир чейректе бир жолу колдонгонго аракет кылууңуз зарыл. Бул ыкма тапшырмаларды аткарууда пикирлердин ар кандай болуусу байкалган тапшырмаларда жакшы иштейт, антпесе окуучулар иштин максаттарын гана (формулировкалай) тактай алышат. Эгерде окуучулар сиз күтүп жаткан жыйынтыктарды чыгарбаса, тапшырманын үстүндө иштөө кандай уюшулганын талдап көрүү керектир. Бирок ошо менен бирге окуучулар көбүнчө учурда билгенин сөз менен айтып бере албасын унутпоо зарыл. Андан тышкары кээ бир тапшырмаларды аткарууда сиз күтүп жаткан жоопко келиш үчүн бир нече саат керек болушу мүмкүн экенин унутпаңыз.

**Сабактын салттарын жаратуу.**

Бардык маданият жөндөн жөн гана салттар менен тигилген эмес. Салттар өзүбүздүн кыймыл-аракеттерибизди бир ыңгайга келтирүүгө, иретте жашаганга жардам берет. Сабактарга салттарды киргизүү сабакка киришүү, көңүлдөнүү жараяндарын жеңилдеткенге жардам берет жана классты натыйжалуу башкарууга жардам берет.

**Сабакка кирүү.**

Атлет машыгууга келер замат, разминкасыз штанганы кармабайт. Каратисттер медитациядан башташат. Белгилүү бир ишмердүүлүккө, жумуштун бир түрүнө көңүлдөнүү керек. Ошол үчүн “сабакка кирүү” процедурасы бар. Жашка, окутуучу сабакка жана башка шарттарга карай процедура өзү ар кандай болушу мүмкүн. Бир нече жыл мурун кеңири жайылган сабакка кирүү мындай болчу: бардыгы турушат, катышат, мугалимдин көзүнө карашат да команда боюнча олтурушат. Азыр силер башка ыкмаларды колдонсоңор болот.

Мисалы, сабактын планы менен кичине тамаша түрүндө тааныштырабыз. Мисалы: “Биринчиден биз кеңири билим менен суктаныш үчүн оозеки кичинекей сурамжылоону өткөзөбүз. Экинчиден (сабактын темасы суроо формасында) суроого жооп беребиз. Андан кийин ой толгообузду машыктырып,

маселелерди чыгарабыз. Аягында акыл-ой капчыктарынан баалуу бир нерсени чыгарабыз (кайталоочу тема айтылат).

Техникалык жагдай мүмкүнчүлүк берсе сабакка жакшы көңүлдөнүүнү кыска музыкалык фраза жаратат. Ал Хачатуряндын " Кылыч менен бийлер" же Равелдин "Болеросу" сыяктуу мажордук-козголтуучу же Глинканин романсы сыяктуу минордук - тынчытуучу болушу мүмкүн. Үй тапшырмасын талдоодон баштаса да болот. Интеллектуалдык машыгуудан – ой жүгүртүүгө бир-эки анча татаал эмес суроолорду берип, салттык оозеки же болбосо кыска жазуу сурамжылоодон. Албетте сурамжылоо жөнөкөй болуусу зарыл, анткени сурамжылоонун негизги максаты баланы стресс менен жемелетүүнү уюштуруу эмес, аны иштөөгө көңүлдөтүү. Мындан тышкары дагы сабакка кирүүнүн башка түрлөрү да болушу мүмкүн.

Эреже бар болгондон кийин, андан четке чыгуу да бар. Класс начар, башка оорчундуктар менен көңүлдөнсө, сабакты ар дайым (болушунча) белгилүү бир ык менен баштайбыз. Бирок, класс жакшы уюшулган, башкаруу менен көйгөйлөр жок болсо, сабакка кирүүнү ар кандай кылса болот.

**Сабакты аяктоо.**

Сиз сабакты так, салттуу сөз же кыймыл-аракет менен бүтүрсөңүз жакшы. Окуучулар сабакты танапистин жарымына чейин чойбостон, так, коңгуроо менен бир бүтүргөндү билгенди баалашат. Бирок, баары бир акыркы сөз коңгуроодо эмес, мугалимде. "Сабак бүттү! Силерге ийгилик!" же "Сабак бүттү, кийинки сабакта жолукканча!" сыяктуу жөнөкөй сүйлөм болсун, эң маанилүүсү бул сүйлөм сабактын бүтүшүн билдиргендиги. Сүйлөм жакшылык каалаган сүйлөм болсун. "И баса, эң башкысын айтканды унутуп койгон турбайымбы" деген такыр болбосун. Сабактын бүтүшүнүн белгиси сөз эмес болсо андан да жакшы болот.

**Мугалим сабакты бүтүп жатып, досканын үстүндөгү лампочканы ар дайым өчүрчү. Бир нече убакыт өткөндөн соң өчүргүчтүн какканы сабак бүттү дегенди билдирип калды. Эч кандай сөздөрдүн кереги жок.**

**ТАПШЫРМА СТОЛГО!**

Эгерде балдар үзгүлтүксүз үй тапшырманы текшерүүгө берип турса, берүү процесси бир жолу жана көпкө чейин иштелип чыгат да, дептерлер ар дайым мугалимдин столунун белгилүү бир жерине коюлат.

**ТАРТ КОЛДУ!**

Окуучулар абдан кулак түргүч болот. "Эмнеге алдың? – Мен билген эмесмин." Деген сыяктуу сценаларды канча жолу көрдүк. Албетте коркунуч сезиминин алдында мугалимдин столуна жолобогудай кылса болот, бирок көбүнчө учурда анда кармап көрүүгө мүмкүн болгон, керек болсо кармап көрүү пайдалуу болгон буюмдар жатат. Андан тышкары, негизсиз тыюулар авторитет кошпойт. Эмне кылыш керек?

Бул маселени чечсе болот. Чоң класста окуган окуучулар "Тийбе" дегенди билдирген ачык белги тартышсын. Керек болсо белгинин эскизине конкурс жарыяласаңар болот – бул белгинин таанымалдыгына жакшы көмөк көрсөтөт.

**Керек болгон учурларда атайын тыюу салуучу белги мугалимдин столуна коюлат же тактага илинет.**

**Ойлонуу үчүн суроолор:**

- *Дагы кандай салттар сабактарда пайдалуу?*
- *Башталгыч мектептин пайдалуу салттары ортонку бөлүмгө өтүп жатканда жоголуп кетпешин кантип камсыз кылуу керек?*
- *Мындай салттарды жалпы мектептик кылууга эмне тоскоолдук болуп жатат?*

# Класстык эрежелерди колдонуу

Эрежелер жана процедуралар класстагы күнүмдүк ишмердүүлүктүн жана сабактардын ирееттүүлүгүнө көмөк көрсөтөт. Мугалим эрежелерди жана процедураларды өздөштүрүүгө жардам берип, маанилүү ролду ойнойт. Окуучулар эрежелерди жана процедураларды билсе, натыйжалуу класссты уюштурууга абдан жардам берет.

**Класстык эрежелерди жаратуу кандай пайданы алып келет.**

Эрежелердин жардамы менен талаптар кандай экенин билдирсе болот жана алар окуучуларды өзүн жакшы алып жүргөнүн билүү үчүн негиз болот.

**Эрежелерди кантип жаратуу керек.**

Эрежелерди жаратууга жардам берүүчү сунуштардын кээ бирөөсү:

- Эрежелерди мектептин биринчи күнүндө жараткыла;
- Бул жараянга окуучуларды кошкула. Бул балдарда эрежелер - алардын эрежелери экен деген сезимин жаратууга жардам берет. Бирок акыркы арбитр мугалим экенин унутпаңыз. Көбүнчө балдар сунуштап жаткан эрежелер абдан катуу болуп калат;
- Эрежелердин саны минималдуу болсун (3 же 4);
- Эрежелер жүрүм-түрлөрүн камтыш үчүн кеңири болушу зарыл;
- Эрежелердин формулировкасы жөнөкөй болуш керек;
- Эрежелерди позитивдүү формулировкалагыла;
- Эрежелер абдан катуу же абдан жумшак болбошу зарыл;
- Ар кандай жагдайларга эрежелерди түрлөштүргүлө.
- Эрежелер релеванттуу, так жана түшүнүктүү болуш керек.

**Эрежелерди кантип натыйжалуу колдонуу керек.**

Окуучуларды эрежелерге атайын үйрөтүү зарыл. Окуу жылынын биринчи бөлүмүндө окуучуларды ушул эрежелерге үйрөтүүгө көп убакыт бөлүүсү зарыл. Буга бул эрежелерди жана аларга төп келген жүрүм-турумду түшүндүрүү, мындай жүрүм – турумду моделдештирүү жана аны иш жүзүндө аткарууга мүмүкүнчүлүк берүү, кайтарым байланышты берүү, андан тышкары окуучулар эрежелерди аткарып жаткан учурларда мактоо жана кубат берүү кирет. Эрежелерди төмөнкүлөр дагы колдойт:

- эрежелер менен плакатты илип коюңуздар. Бул окуучуларга аларды унутпаганга жардам берет.
- убакыт-убакыт менен эрежелерди окуучуларга кайталап туруңуздар;
- позитивдүү нерселерге көбүрөөк көңул бургула.
- эрежелердин маанилүүлүгүн түшүндүргүлө.

Бул эрежелерди окуучулар кандай иретте колдонуп жатканын байкап турууга мугалим ыкмаларды табуу керек. Бул максатка жетиш үчүн төмөнкү ыкмаларды колдонсо болот: окуучулардын өзүн өзү баалоо сурамжылоосун толтуруу, эрежелерге болгон окуучулардын мамилесин жазуу жана ошондой эле мугалимдин байкоосу.

**Эрежелердин мисалдары.**

Ылдый жакта жакшы эрежелердин критерийлерине жооп берген эрежелердин үч мисалы келтирилет:

- Материал түшүндүрүлүп жатканда мугалимди карагыла

- өзүңөрдүн колуңарды жана буттарыңарды өзүңөр үчүн сактагыла
- силердин кезегиңер келгенде сүйлөгүлө.

Бул мисалдар жөнөкөйлүк жана тактык менен өзгөчөлөнөт. Алар позитивдүү формулировкаланган. Окуучулар эрежелерди качан аткарып жатканын билгенге жардам берет. Бул эрежелердин аткарылып жатканын байкоо оңой жана алар объективдүү.

**Так команда.**

Команда түшүнүктүү жана аны аткаруу боюнча технологиясынан четтен чыгууга уруксат бербеген болсо аны так команда десек болот. Кээ бир учурларда мындай командалар күч-аракетти азайтат жана тартип тарабынан өтө пайдалуу.

**Мисал**

Мындай сцена кимге гана таанымал эмес: текшерүү иши берилет, мугалимдин буйругу айтылды. Бирок бир окуучу башаламандык менен колдонуп кошунасынан көчүрүп жатат. " Мен дептерге кол койгонду унутуп калыптырмын "– деп экинчиси кыйкырып, кол коюмуш болуп шашып бушуп ишти бүтүрүүдө.Үчүнчүсү болсо окшош вариантта олтурган классташы менен кыйкырынып жоопторду салыштырып жатат. Дептерлерди кезекчи дептерлерди чогултканда иш кичине башкача турат. Мындай учурда гладиаторлордун согушун байкасаңар болот, бирок жашоо үчүн эмес, дептер үчүн. Дептерлерди акыркы партадан алдынкыга өткөрүү ыкмасы дагы жардам бербейт. "Бүтүрүүгө умтулуу" башка сырткы сигналдардан күчтүү болуп калат экен. Жалпы башаламандык жана нервдүү абал алы жетпей калган педагогду да, окуучуларды да кыжырдантат. Ал өз убагында танаписте жана башка сабактарда жакшы таасир бербейт.

Бирок, башка сценарий дагы болушу мүмкүн. Ар бир текшерүү иш коңгуроого чейин беш мүнөт калганда бүтөт деген эреже менен ар дайым колдонгула да, ал "Иш бүттү" деген так команда менен бүтүрүлөт. Ушул команда боюнча окуучулар калемдерин, ошол замат четке коет. Мындай жагдайда алдоо мүмкүн эмес, анткени жазып жаткан окуучу билинип калат. Мугалим балдардын көңүлүн өзүнө бурат да, атайын акырын, шашпай окуучулар менен текшерүү иш жөнүндө сүйлөшөт. Чарчадыңарбы? Эмне түшүнүксүз болду? Жоопторбу? Сеники туура эмес болуп калыптырбы? Сарсанаа болбо, чыгаруулардан жаңылышып калгансыңар...

Эн башкы максат - тынчытуу жана нормалдуу режимге кирүү. Азыр акыркы так команда: мугалимдин белгиси боюнча ар бир катардын бир окуучу дептерлерди чогултат. Жана акырында кичинекей сырлар: ишти аяктаганга чейин 2-3 мүнөт калганда мугалим окуучуларга мисалы коңгуроо менен эскертет. **Текшерүү ишке чейин так командалар иштелип чыгарылышы керек экенин унутпаңыздар.**

**"Көңүл бургула!" командасы.** Бул команда менен окуучулар ишмердүүлүгүн (текст менен иштөөнү, топтордо талкуулоону, маселелерди чыгарганды) токтотуп, мугалимге көңүл бурат. Мындай команданы "иштик ызуу-чуусуз" өтпөгөн (иштик оюндар, лабораториялык жана практикалык иштер) сабактарда иштеп чыгаруу өтө маанилүү. Ошондо мугалим көп үндөрдөн катуу сүйлөбөйт да, кыйкырганга мажбур болбойт.

**Вербалдык эмес командалар.**

Негизги окутуучу маалыматты мугалим үнү менен берет. Тартип боюнча эскертүүлөрдү башкаруучу иш аракеттерди да үн менен билдирет. Бул алардын натыйжалуулугун азайтат, анткени "окшош окшошто жоголот". Бул окуучуга кошумча оорчундук пайда кылат: ал ар кандай мүнөздөгү белгилерди, башкача айтканда кабыл алуунун бир каналынан кеткен аралаш окутуу жана башкаруу маалыматтарды бөлгөнгө мажбур болот.

Ошондуктан “так команда” ыкмасында кичинекей коңгуроо пайда болду. Анын үнү адамдын үнүнөн өзгөчөлөнөт. Так ошондой өзгөчө үн иштик ызы-чууда “Көңүл бургула” командасы үчүн керек. Жок дебесе кол менен катуу чапса болот, бирок башка дагы вербалдык эмес белгилерди колдонсо болот.

Ар бир сабакта беш мүнөт дрессировка, албетте оюн формасында. Мисалы мындай: “Азыр ызы- чуу салабыз. Бул ызы-чуубу? Сергей сен ызы-чууну кандай жакшы саларыңды билем го! Үч кол чабуу-тыптынч болуусу зарыл. Дагы кичине. Биз бир минутада толук көңүлдү бөлүүгө жеттик...Бирок, секундаларда жетишибиз зарыл!” Жашоодо көп кезикчү байкоо бар: бизге жардам бергендерди гана эмес,биз өзүбүз жардам берген адамдарды жакшы көрөбүз.
Бул психологиялык натыйжа төмөнкү ыкманын негизинде турат.

**Жүрүм- турумдун менеджментинин башка ыкмалары...**

Түзөп оңдоонун көптөн көп ыкмаларын колдонуу окуучу үчүн коопсуз чөйрөнү камсыздоого багытталган. Мугалим окуучуларына төмөнкү нерселерди түшүндүрүү зарыл:

- өзүңдүн көйгөйлөрүңдү чечкенди үйрөнсөң болот;
- өзүңдү позитивдүү башкарганды үйрөнсөң болот;
- өзүң бир нерсеге жеткенде, бир нерсени жаратканда же бир нерседе ийгиликтерге жетишкенде өзүңө жакшы мамиле кыласың;
- сен иштеп тапканың, жетишкениң же болбосо бир нерсеге үйрөнгөнүң сага таандык жана бул белек эмес!

Мугалимде бир нече так (конкреттүү) усулдар жана ыкмалар бар болсо, бул окуучулардын ылайыктуу эмес жүрүм-турумун оңдогонго мүмкүнчүлүк берет. Бул усулдар жана ыкмалар окуучулар керектүү жана позитивдүү жүрүм-турумду көрсөтүүсүнө көмөк көрсөтөт да, ошол эле учурда окуучулардын ылайыктуу эмес жүрүм-турумун азайтканга/жоготконго жардам берет. Мектептин кызматчылары менен колдонулуп жаткан оңдоонун бардык түрлөрү окуучуларды алардан күтүлүп жаткан (талап кылынган) класстагы жүрүм-турум жөнүндө, андан тышкары окуучулар көрсөткөн жүрүм-турумга жооп катары ирети менен колдонгон натыйжалар жөнүндө билдирүү үчүн колдонулат.

**Жүрүм-турумдун менеджментинин усулдарынан төмөнкү конкреттүү ыкмаларды көрсөтүп кетсе болот:**

**1. Белги берип жатам:** Окуучуга, башкалардын көңүлүн ага бурбай, анын жүрүм-туруму туура келбегенин вербалдык же вербалдык эмес түрдө көрсөтүлөт. Вербалдык эмес ыкмаларга төмөнкүлөр киргизилет: көз караш контакты, кол менен жаңдоо, тыкылдатуу же кол менен тырсылдатуу, жөтөлүү же абал (поза). Бул усулдар туура келбеген жүрүм- турумдун башкы баскычтарында натыйжалуу.

**2. Билип туруп, көңүл бурбай жатам:** Бир нече убакыт окуучунун жүрүм-турумуна атайын көңүл бөлүнбөйт, анткени ал:

- өнүгүүнүн белгилүү бир баскычын көрсөтөт;
- кичинекей бузулуш да, жагдай менен байланыштуу;
- ага көңүл буруп коюп, анын мындай жүрүм-турумун бекемдетип коюушуңуз мүмкүн. Биз көйгөйлүү жүрүм-турумга атайын көңүл бурбай жатканда да, керектүү жүрүм-турумду көрсөтүп жаткан окуучуларды көрүү жана мактоо маанилүү.

**3. Сөз менен мактоо:** Мугалим окуучуларды мактоого жана алар позитивдүү жүрүм-турумду көрсөтүүсүнө көмөк көрсөткөн сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү колдонот. Сөз менен, мактоо ирети менен колдонулганда, окуучулардын белгилүү бир позитивдүү жүрүм- турумун аныктаганда жана бекемдегенде абдан натыйжалуу. Мындай мисалдарды келтирсе болот.

- Эң мыкты! Бул параграф абдан жакшы болуптур: сенин ой жүгүртүүңдү бекемдеген көп майда нерселердин баарын кошуптурсуң.
- Азамат! Коридордо акырын басканды жакшы билет турбайсыңбы.

**4. Кызыгууну күчөтүп жатам:** окуучу ишке кызыгуусун жоготкондо жана ал ага кызыксыз жана тажап жаткандыгынын белгилерин билгизип жатса, мугалим бул окуучуга көңүл бөлгөнү пайдалуу. Баланын кызыгуусун күчөөсүнө көмөк көрсөтүү мугалимди ал эмне кылып жатканы кызык болгон адам катары көргөнгө жардам берет да, окуучуну мактоого алуу үчүн иш-аракет кылууга түртөт. Андан тышкары окутуу усулдарды, сабактарды жана тапшырмаларды, сабактардын түрлөрүн алмаштыруу окуучулардын кызыгуусун сактоого жардам берет.

**5. Өзүнүн жүрүм-турумун кароону үйрөтөм:** мугалим окуучу туура жана туура эмес жүрүм-турумдун белгилүү бир түрлөрүн көрсөткөн учурларды убакыт-убакыт менен байкап жана жазганга үйрөтөт/багыт берет.

**6. Башкарылган уруксат (окуучуга уруксат берилген жол менен жинин чыгарып алганга мүмкүнчүлүк берем)**: Мугалим көбүнчө учурда туура келбеген жол менен көрсөтүлгөн сезимдерди жана импульстарды социалдык жактан туура келген жол менен билгизүүгө окуучуга мүмкүнчүлүк берет/үйрөтөт.

**7. Тоскоолдуктардан өткөнгө жардам берем:** окуучу оор учурду өтө алыш үчүн мугалим ага жардам берет. Класста окуучуларда убакыт-убакыт менен тапшырмалар менен кыйынчылыктар пайда болуусу мүмкүн. Көбүнчөсү жардамды мүмкүн болсо мугалимден же классташтарынан алганга аракет кылат. Башкалар болсо аларга оор болгондорду калтырып кетет да, өздөрүнүн алынан келген нерселерди уланта беришет. Бирок, кээ бир окуучулар иштегенди токтотушат да, эмне кыларын билишпейт. Аларды токтоткон тоскоолдукту алар өтүп кетүүсү керек. Мугалим окуучуну маселелерди/көйгөйлөрдү чечүү усулдарына же ыкмаларына үйрөтсө, же ошол убакытта маселени чечүү үчүн жардам берсе, мугалим окуучуга чоң жардам берген болот. Бул нерсе жасалса, тоскоолдук жоголот да, окуучу ишин уланта алат. Окуучу көйгөйгө кабылса, мугалим минтип айта алат:

- Беш эң оңой тапшырманы /маселени танда да, аларды жаса. Каалаган үчөөнү чийип сал.
- Жазуу тапшырмасы катары: “ Эки суроону танда жана аларга жакшылап жооп бер”
- Суроолорду окуу. Эң оор суроону тоголокко ал да, аны жардамчы менен талкуулагыла.
- Жуп же так тапшырма/маселелерди гана аткар.
- Эгерде сага оор тапшырма жолукса, бир кагазга “Тоскоолдук” деп жаз да, кагазды партанын үстү жагына коюп кой. Иштегенди уланта бер жана сага оор тапшырманы чыгарганга жардам бергиче күт.

**8. Чөйрөнү башкача уюштурам:** мугалим жүрүм-турумдун позитивдүү же күтүлүп жаткан түрлөрүнүн көбөйтүү үчүн убакытты, мейкиндикти, же шарттарды башкача уюштурат. Мисалы, топтук талкуулоолордо отургучтарды тегерете коет; индивидуалдык тапшырмаларды аткарууга окуучулар бардык көнүлүн бөлүш үчүн индивидуалдык орундарды бөлөт; көңүлүн кичине эле убакытка чогулта алган окуучулар үчүн иштөөнүн кыска мөөнөтүн; ылайыктуу социалдык мамилелерге көмөк көрсөтүү үчүн жаккан шериктештер менен иштөө; балдардын өздүк менчикке укугун камсыз кылуу үчүн аларга индивидуалдык шкафтарды берүү.

**9. Өчүрүп жатам:** мугалим жаман жүрүм-туруму үчүн окуучуну тапшырманы аткаруудан убактылуу “өчүрөт” же болбосо аны сабактан чыгарып салат. Бул усул каалабаган жүрүм-турумду азайтуу үчүн багытталган жана мугалим окуучуну “партага жатып турууну”(б.а тынчтанып,өзүнө келип жана жаңы күч менен тапшырманы чыгара башташ үчүн башын партага коюп, көзүн жумуп, бोштонуу ) суранган жөнөкөй абалдан баштап, окуучуну тапшырманын ортосунан чыгаруу же такыр эле класстан чыгарып

салганга чейин. Бул усул каалабаган жүрүм-турумду азайтуу үчүн багытталган. Окуучуну төмөнкү себептер менен чыгарып салат:

- Окуучу тынчтаныш үчүн;
- Окуучу өзүнүн жүрүм-турумун башкаруу үчүн убакыт берүү;
- Андан кийин көйгөйлүү окуяны талкулоо үчүн (бул мугалим өзү же окуучулар мугалимдин башкаруусу менен жасалат).

**10. Жакын жолоп жатам:** мугалим окуучуга жакындаганда, анын жүрүм- турумунун жоопкерчиликтүү болуусуна жана класстын эрежелеринин сактоосуна жардам берет. Бул усулду окуучунун керектүү жүрүм-турумун (тапшырманы аткарып жатканда, активдүү катышып жатканда) мактоо үчүн да, негативдүү жүрүм-турумду азайтуу (ордунан кыйкырып жатканда, эрежелерге баш бербегенде) үчүн да ийгиликтүү колдонсо болот.

## 5.4 Глоссарий (Сөздүк)

**Алтын эрежелер** – өзүн класста кантип алып жүрүш керек экендиги жөнүндө айтылган, бардык класс менен иштелип чыккан жана макулдашылган эрежелердин тизмеси.

**Башкаруу техникасы** – класста болуп жаткан өз ара ишмердүүлүктүн мүнөзүн башкаруу үчүн колдонгон ар кандай ыкмалар.

**Вербалдуу** – (лат. verbalis–оозеки), маалыматты оозеки жана сөз менен берүү ыкмасын билдирген термин.

**Вербалдык эмес баарлашуу** – бул индивиддер арасындагы сөздү колдонбой коммуникациялык өз ара ишмердүүлүк (интонация, жаңдоо, мимика, пантомима аркылуу маалыматты бири-бирине берүү жана бири-бирине таасир кылуу, баарлашуунун мизансценасынын өзгөрүлүүсү), башкача айтканда түз же кандайдыр бир белги формасында берилген сөздөрсүз жана тил каражаттарсыз баарлашуу. Мындай баарлашуунун каражаты болуп адамдын өзүн айтын билдирүүсүнүн бардык формаларын камтыган маалыматты берүү же маалымат менен алмашуу каражаттардын жана ыкмалардын кең диапозонуна ээ болгон адамдын денеси болуп калат. Адамдардын арасында кеңири жайылган аты – невербалика жана “дененин тили”.

**Класстты башкаруу** - класста олтурган бардык адамдардын укугу сакталыш үчүн жана биз койгон максаттарга жетүү үчүн сабак убагында биз кылуучу кыймыл-аракеттер.

**Класстты даярдоо** – класста парталардын коюлушу. Класс ар кандай ыкмалар менен даярданса, бул талкуунун эркин жүрүшүнө жардам бере алат.

**Командалык иш –** коюлган максатка жетүү үчүн бардык окуучулар биргелешип иштеген абал.

**Командалык окутуу** – эки же андан ашык мугалим сабакты класста өткөзгөн абал.

**Муз жаргыч** – топтун мүчөлөрүнүн өз ара ишмердүүлүгүн активдештирүүгө жана аларга өзүн эркин алып жүрүүгө жардам берген көнүгүү.

**Окуучулардын өз ара ишмердүүлүгү –** окуучулар бири-бири менен иштешкен жараян. Жупта же топтордо иштөө ага жакшы мисал. Мындай ишти көбүнчө учурда башкаруу жана баалоо өтө кыйын, бирок бул жогору натыйжалуу окутуу усулу.

**Суроону коюунун технологиясы** – окуучулар окуп жаткан нерселерди жакшы түшүнүү үчүн суроолорду койгонго жардам берген процедуралар.

**Топтогу ролдор** – негизи бул жака катчы жана көйгөйдү чыгарууда өзүнүн салымым кошкон окуучулар кирет. Бирок, кээ бир тапшырмаларды аткарып жатканда, сиз башка, мисалы байкоочунун ролун бергиңиз келетдир.

**Топту түзүү -** класстты топторго бөлүү. Топтук иштин ийгиликтүү болуусу көп учурда ким-ким менен иштеп жатканынан жана канча убакытта бир топтун мүчөлөрүн алмаштырганыңыздан болот.

**Шайтандын жактоочусу** – мугалим өзүнүн оюна төп келбеген позицияны атайын коргогон усул.

# 6. ОКУТУУДА ЖАНА ТАРБИЯЛООДО ИНДИВИДУАЛДЫК МАМИЛЕ КЫЛУУ

## 6.1 Глоссарий (сөздүк)

**Эки бөлүктүү күндөлүк**

Текст менен иштөөнүн интерактивдүү ыкмасы. Мындай күндөлүктү толтуруу үчүн атайын убакыт керек. Окуучунун ой жүгүртүүсүн, комментарийлерин, баалоосун ж.б. белгилүү бир формадагы жазылуусун талап кылат(класстык же үй тапшырмасы болушу мүмкүн):

| Цитата | Комментарийлер, ассоциациялар, ой жүгүртүүлөр, түшүндүрүүлөр. |
|---|---|
| | |

Аудиторияда сөзсүз өткөрүлгөн жана өзүнүн ирети бар болгон, кийинки талкуулоого негиз катары жана окуучунун окуп бүткөн нерсесине мамилесин билүү үчүн колдонулат.

**Кадамдар:**

1) Мугалим окуучулардан текстин башынан, ортосунан жана аягынан (текстин көлөмүнө жараша) цитаталарды тандоосун суранат. Цитата абдан узун болбошу керек (сөз, сөз айкашы, сүйлөм).
2) Цитатаны күндөлүктүн мамычасынын сол жагына жазууну суранат.
3) Бардык комментарийлерди оң мамычасына.
4) Аудиторияда мугалим бир окуучудан биринчи цитатаны окуп, ага комментарий берүүсүн суранат.
5) Мугалим окуучулардан: “ Кимде бул цитата же бул цитатага жакын цитата жазылган?” деп сурайт.
6) Кийинки окуучу ошол эле цитатаны жана ага берген комментарийлерин окуйт. Бир эле цитатага ар кайсыл окуучу ар кандай комментарий бериши мүмкүн.
7) Экинчи цитатага өтүү жана аны талкуулоого көрсөтүлгөн мисал боюнча.

**Дискуссия.**

Дискуссия – четтен чыкпаган гана ыкмаларды колдонгон, чындакка жетүүгө багытталган талкуулоо. Бул формасы боюнча тематикалык жана четтен чыкпаган айтышуу. Дискуссия (лат. discussio – изилдөө, кароо, талдоо) - ынандыруунун натыйжалуу ыкмасы, анткени анын катышуучулары натыйжада бир ойго келишет.

**“Биргелешип издөө” дискуссиясы.**

Дискуссиянын бир түрү. Көйгөй, тема же текст жөнүндө окуучулардын түшүнүгүн кеңейтүү максатында мугалимдин атайын даярдап койгон суроолорунун жардамы менен талкуулоо. Өзүнчө тема же көйгөй боюнча же текстин негизинде же ансыз деле өткөрүлөт. Көркөм жана башка текстин түрлөрүн үстүндө жүргүзсө болот.

**Жардамчы суроолордун бөлүнүүсү:**

1) Текстин фабуласы боюнча суроолор.
2) Текстин символикасы жана сүрөттөө системасы боюнча суроолор.

3) Контрасттын (айырма) элементтери боюнча сурorолор.
4) Темага, көйгөйгө ж.б. ар кандай мамилеси менен эки тексти бириктирүүчү суроолор.
5) Этиканын суроолору.
6) Метафизикалык суроолор.
7) “Өз алдынча эмес” окуучуну (автордун баалоосуна жана көз карашына каршы болгон) ачыкка чыгаруу үчүн суроолор.

**Индивидуалдык мамиле кылуу.**

Индивидуалдык мамиле кылуу - окутуу жана тарбиялоо иште ар бир окуучунун жашоо шарттарын жана инсандык өзгөчөлүгүн эске алуу керек болгон, психологиялык, педагогикалык принцип.

**ИНСЕРТ.**

Эффективдүү окууга жана ойлонууга жардам берген, белгилөөнүн ыкмасы жана маалымат менен иштөө усулу. Текст менен диалог түзүүнүн жолу жана маалыматты көзөмөлдөө жан түшүнүү каржаты.

**Стратегиянын кадамдары:**

1) Иштин башында тема боюнча “ой толгоо” өткөрүлөт;
2) Текстин маанисин түшүнүү стадиясында – текстин четин белгилеп тексти окуу.Төмөнкү белгилер колдонулат: ✓ (чымчыкча) – белгилүү маалымат; + (кошуу) – жаңы маалымат; - (алуу) – бул сиз билген нерсеге же билем деп ойлоп жүргөн нерсеге карама-каршы турат; ? (суроо белгиси) – түшүнүксүз болгон нерсе же силер бул суроо боюнча толук маалыматты алгыңар келет.
3) Ойлонуу (рефлексия) стадиясында – Жасалган маркировкага таянып окуган тексти жупта, андан кийин топто талкулоо.Топто талкулоо белгиден белгиге өтөт; белгиленген маалыматты окуучулар ирети менен айтат: алар билгенден баштап – суроолорго.
4) Аягында таблица түзүлөт же текст боюнча ар түрдүү резюме жасалат.

**Интерактивдүү окутуу же кабарлашып окутуу.**

Окуучулардын биргелешкен ишмердүүлүгү.

Активдүү, өз алдынча ой жүгүртүүнүн өнүгүүсүнүн керектүү принциби жана заманбап окутуу процессинин маанилүү компоненти. Окуучулар жаңы идеяларды айтып, чечимдерди кабыл алып, бир теманын же көйгөйдүн үстүндө биргелешип ( жупта, топто) иштеп окушат.

Окуучулар арасындагы өз ара ишмердүүлүк, алардын чогуу жана макулдашылган ишмердүүлүгү топтук ишти мүнөздөйт. Топтук иште эки элемент болушу керек: индивидуалдык изденүү жана идеялар менен алмашуу, башкача айтканда индивидуалдык изденүү ойлор менен алмашуудан жана чечимдерди тапкандан мурун болот.

**Адабияттык кружоктор.**

Окуучулар (студенттер) окуган текстин негизинде жүргүзүлгөн ролдук дискуссия. Окуп жатканда окуучулар ар кандай ролдорду аткарат: цитаталарды тапкандын, изилдөөчүнүн, из таанычтын, байланышчынын, суроолорду бергендин, сөздөрдү издегендин, текшергичтин, каармандарды түшүндүрүүчүнүн, сүрөтчүнүн, катчынын, доклад окуучунун ж.у.с. Топтун ар бир мүчөсү жасалган жумуштар жөнүндө доклад окуйт. Талкуулоонун жыйынтыктары ири топто жазылган отчет же оозеки презентация түрүндө жалпыланылат.

Мугалим модель болот да,окуучуларга адабий кружокто жаңы ролдорго көнгөнгө жардам берет, сүйлөшүүнү алдыга жылдырат, окууну колдоп турат.

**Фасилитация.**

Эксперттин ролунан баш тартып, катышуучулардын өздүк издөөсүн коштогон жардамчынын ролун тандап жаткан алып баруучунун өзгөчө позициясы. Фасилитатордун милдети – маалымат менен алмашуу процессин багыттоо.

Фасилитатордун позициясы катышуучулардын тажрыйбасын тартып, жалпылоого, өзүнүн эксперттик позициясын моделдерди, албетте, моделдерди талкуулого компетенттүүлүгү бар болуп, сунуштап (жолдордун тизмесин) колдонууга мүмкүнчүлүк берет.

“Фасилитатор” деген түшүнүк педагог жана психотерапевт К. Роджерс тарабынан киргизилген.– жеңилдетүү, көмөк көрсөтүү, ылайыктуу шарттарды түзүп берүү дегенди билдирген – to facilitate (англ.) деген англис сөзүнөн келип чыккан.

**Эссе.**

Предметтин негиздөөчү жана толук түшүндүрмөсүн талап кылбаган, конкреттүү себеп же суроо боюнча индивидуалдык таасирденүүлөрдү жана ойлорду билдирген, эркин композициядагы жана кичинекей көлөмдөгү прозалык дил баян.

Жазуу ишинин бир түрү. Окуучулардын ар кайсыл жанрдагы дил баяндары. Заманбап билим берүү системасында колдонулат. Ата-мекендик методика мындай каттын үстүндө “Сочинение” деген атты бекитип койду. Дил баян дагы, эссе да негизинен жакын окутуучу функцияларды аткарат.

**Үч мүнөттүк эссе.**

Окулган материалдар боюнча жыйынтыктарды чыгаруу максатында, окуучулар ойлонуу стадиясында үч мүнөттүн ичинде жазган кичинекей көлөмдөгү чыгарма.

**Башкалардан айырмаланган кайтарым байланыш.**

Окууучулар тема боюнча эмнени билгенин жазышат да, сабакта жооп албаган суроoo түзүшөт.

## 6.2. Индивидуалдык мамиле кылуу деген эмне?

Азыркы тапта билим берүүдө эң керектүү болгон индивидуалдык окутуу маселенин, ата мекендик жана чет элдик педагогикалык илимде жана тажрыйбада, көп жылдык тарыхы бар. Индивидуалдык мамиле кылуу өзгөчө жагдайларда жана мектептик билим берүүнүн өзгөчө учурларында, балага жардам керек болгондо, ал өзү кейгөйдү чече албаганда, оор учурда баланын жанында жалгыз чоң киши - педагог болгондо талапталынат. Бул бөлүм теориялык текстерден үзүндүлөрдү гана камтыбастан, андан тышкары жалгыз гана педагогикалык түшүнүк менен таанышууга мүмкүнчүлүк бербеген, педагогикалык ишмердүүлүктө, тажрыйбада көрө ала турган мисалдарды, көнүгүүлөрдү, башталгыч класстар жана чоң класстар үчүн сабактардын болжолдуу планын иштелип чыгуусун камтыйт.

**Өз алдынча иштөө.**

**№ 1 – кырдаал**

**Н. Носовдун “Витя Малеев мектепте жана үйдө” деген китебинен үзүндүнү окугула. Төмөнкү суроолорго жооп берип, кырдаалды баалагыла:**

- Маселени чыгарып жатканда мугалимдин жүрүм-турумун кандай баалайсыңар?
- Окуучуга мындай мамиле кылуунун артыкчылыктары жана кемчиликтери кандай?
- Силер кантип ойлойсуңар, мугалим “окуучуларды маселелерди чыгарууга үйрөтүү” деген максатына жеттиби? Эмнеге?

- Сиздин окуучуларыңыздын баары сиз окутуп жаткан нерселерди түшүндү жана бардыгы билет деп ишенесизби? Сиз аны кантип билесиз? Сиздин көш карашыңыз боюнча окуучулардын окууну билүүсүнүн негизги көрсөткүчү кайсы?
- Бала жөнүндө жана анын окутуу процесси жөнүндө эмне айта аласыз? Силердин оюңар боюнча алар канчалык жөнү бар?
- Сүрөттөлгөн жагдайда педагог менен индивидуалдык мамиле кылуу колдонулдубу? Эмнеге силер минтип ойлойсуңар? Жообуңарды негиздегиле.
- Сиздин тажрыйбаңыздан же силердин кызматчыңардын тажрыйбасынан ушундай жагдайдан мисал келтириңиз?

*...Бир сонун күнү – биринчи сентябрь болчу – мен эртерээк туруп, китептеримди салдым да, мектепке жөнөдүм.*

*Мен абдан капа болуп жаткам, анткени Ольга Николаевна, эгерде, ал жайында арифметиканы окудуңбу деп сураса, эмне деп жооп береримди билген эмесмин. Эх ушул арифметика! Ошол үчүн менин көңүлүм бузулду.*

*Экинчи сабакта Ольга Николаевна башында биз мурдагы жылы өткөн нерселерди кайталайбыз жана ал ким эмнени жайында унутуп калганын текшерем деди. Ал ушул эле замат текшерүүнү баштады, анан мен керек болсо көбөйтүү таблицасын унутуп калыптырмын. Албетте баарын эмес, аяк жагын. Жети жерде жети кырк тогузга чейин жакшы эле эстедим, андан кийин адаша баштадым.*

*Эх, Малеев, Малеев! Сен жайында керек болсо китепти колуңа албаганың көрүнүп турат. Малеев менин фамилиям. Ольга Николавна ачууланып жатканда, ар дайым мени фамилиям боюнча айтат, ачууланбаган болсо жөн эле Витя дейт.*

*Жылдын башында окуу эмнегедир оор болот экенин байкадым. Сабактар, аларды кимдир бирөө чоюп жаткандай узун көрүнөт. Эгерде мен мектептерди башкарган чоң болсом, сабактар дароо башталбастан, балдар ойногонду унутуп, кичинеден сабактарга көнүш үчүн, бара-бара башталгандай кылмакмын. Мисалы, биринчи жумада бир сабактан, экинчи жумада - эки сабактан,үчүнчү жумада – үчтөн ж.у.с. кылса болот эле. Же дагы биринчи жумада оңой сабактар, мисалы физкультура эле болсо, экинчи жумада болсо ырдоону кошсо болот, үчүнчүдө орус тилди кошсо, ушинтип арифметикага жеткиче. Кимдир бирөө мен жалкоо жана окуганды жаман көрөт деп ойлоп калышы мүмкүн, бирок бул чындык эмес. Мен окуганды аябай жакшы көрөм, бирок мага дароо иштеп баштоо абдан оор: ойноп-ойноп жүрдүң да, анан машина токто – эми окугун.*

*Коридордо Ольга Николаевна мени тосуп алды.*

*- Витя, бул жылы окуюн деп жатасыңбы? – деп сурады ал – Досум, жакшылап ишке кирүүгө убакыт келди. Сен арифметиканы жакшылап окушуң керек, бул сабак мурдагы жылдан бери аксап келе жатат. Көбөйтүү таблицасын билбөө – уят. Аны экинчи класста өтөт да.*

*- Ольга Николаевна,мен билем. Мен аяк жагынан кичине унутуп калыптырмын.*

*- Таблицаны башынан аягына чейин билиш керек. Мунсуз төртүнчү класста окуу болбойт. Эртеңки күнгө жаттап кел, мен текшерем.*

*Мен окууга башынан баштап киришейин деп чечтим да, көбөйтүү таблицасын кайталаганга отурдум. Мен, албетте, Лика укпаш үчүн, өзүмдүн ичимден кайталап жаттым, бирок ал бат эле сабактарын бүтүрдү да, курбулары менен ойногонго чуркап кетти. Ошондо мен таблицаны талаптанылгандай окуй баштадым – үнүмдү чыгарып,анан мени кечинде ойготуп жети жерде сегиз же сегиз жерде тогуз канча*

*болот деп сураганда такалбай жооп берчүдөй жаттадым.*

*Эртеңки күнү Ольга Николаевна мени чакырды да, көбөйтүү таблицасын кандай жаттаганымды текшерди.*

*- Көрдүңбү, кааласаң жакшы окуй аласың! Мен билем го, сенде жөндөмдүүлүк бар.*

*Ольга Николаевна менден жалгыз гана таблицаны сураса жакшы эле болмок, бирок ал мен доскада маселени чыгарганымды каалады. Албетте, муну менен ал баарын бузуп салды.*

*Мен доскага чыктым, Ольга Николаевна үй куруп жаткан жыгач усталар жөнүндө маселени айтты. Мен маселенин шарттарын доскага бор менен жаздым да, ойлоно баштадым. Бирок, бул жөн эле ойлонуп калдым деп айтылат.*

*Ушундай оор маселе келиптир, мен баары бир аны чыгара албайт болчумун. Ольга Николаевна менин ойлонуп жатканымды көрсүн деп, атайын маңдайымды тырыштырдым да, өзүм болсо балдар айтып берет деп, акырындан балдарды карап жаттым. Бирок, доскада турган адамга айтып берүү абдан кыйын, ошондуктан баары унчукпады.*

*- Сен эми маселени кантип чыгарасың? Биринчи суроо кандай болот? – деп сурады Ольга Николаевна. Мен маңдайымды андан дагы бырыштырдым да, балдарга кичине бурулуп, алым келишинче көз кыса баштадым. Балдар менин иштерим жаман экенин түшүнүштү да, айтып бере баштошту.*

*- Балдар акырынгыла, жардам бербегила! Керек болсо мен өзүм жардам берем,- деди Ольга Николаевна.*

*Ал маселени түшүндүрө баштады да, мага биринчи суроону кантип кылышты айтып берди. Мен эч нерсе түшүнбөсөм да, биринчи суроону доскада чыгардым.*

*- Туура, эми экинчи суроо кандай болот?- деп сурады Ольга Николаевна.*

*Мен кайра ойлонуп калдым да, балдарга кайра көз кыса баштадым. Балдар кайра айтып бере башташты.*

*- Акырынгыла! Мен баарын угуп жатам го, силер болсо ага тоскоолдук гана кылып жатасыңар! – деди Ольга Николаевна жана мага экинчи суроону түшүндүрө баштады. Ушинтип жатып, бара-бара Ольга Николаевнанын жардамы жана балдардын айтып берүүсү менен мен маселени чыгардым.*

*- Эми сен маселени кантип чыгарыш керек экенин түшүндүңбү? – деп сурады Ольга Николаевна.*

*- Түшүндүм,- дедим мен.*

*Чынында болсо, мен албетте эч нерсе түшүнгөн жокмун, анан мен ушунчалык аңкоо экендигимди айткандан уялдым да, андан тышкары мен түшүнбөдүм дегенде Ольга Николаевна мага жаман баа коюп коет экен деп корктум. Мен ордума олтурдум да, маселени дептерге көчүрдүм жана анын үстүндө жакшылап ойлоноюн деп чечтим.*

## 6.3 Окуутуда индивидуалдык мамиле кылуу деген эмне?

www.psi.webzone.ru электрондук психологиялык сөздүк “индивидуалдык мамиле кылуу” деген түшүнүккө төмөнкү аныктама берет: “Индивидуалдык мамиле кылуу - психологиялык жана педагогикалык принцип. Ага ылайык окутуу жана тарбиялоо иште ар бир окуучунун инсандык өзгөчөлүктөрүн жана жашоо шарттарын эске алуу керек. Индивидуалдык мамиле кылууда, адамга гумандык мамиле жана аларды өзгөчө баалуулуктар катары **түшүнүү** өзүнүн айтып берүүсүн табат. Индивидуалдык мамиле кылуунун ийгиликтүү ишке ашырылышы төмөнкүлөрдү: инсанды, анын ишмердүүлүгүн жана индивидуалдык

өзгөчөлүктөрүн терең изилдөөнү; жакынкы конкреттүү жана алысыраак максаттарды, жана дагы окучууда тиги же бул сапаттарды (же кемчиликтерди жеңүү) түзүү боюнча маселелерди аныктоону; инсандык өзгөчөлүктөрүн жана ишмердүүлүгүн эске алуу менен, бул берилген инсанды окутуу жана тарбиялоо милдеттерге ылайыктуу педагогикалык таасир берүүнүн принциптерин, усулдарын, каражатттарын жана ыкмаларын колдонууну; тиги же бул окуучуга педагогикалык таасир берүүнүн жыйынтыктарын **анализдөөнү** талап кылат. Индивидуалдык мамиле кылууну ишке ашыруу үчүн окутуу ишкердикте **билим** жана ар биринин оорчулуктарын, каталарын, кемчиликтерин жана ийгиликтерин эсепке алуу чоң мааниге ээ." (http://psihotesti.ru/gloss/tag/individualniy_podhod/)

Окутууну индивидуалдаштыруу көйгөйү илгертеден бери келе жатканына карабастан, аны чечүүгө системалык мамиле азыркы убакытта гана реалдуу түрдө пайда боло баштады.Тарыхый көз караш боюнча, окуутуда индивидуалдык жана дифференцияланган мамиле кылууларды изилдөөлөр, бүгүнкү күндө концепциясы прогрессивдүү педагогикалык илим менен кабыл алынган, инсанга арналган (багытталган) билим берүүнү терең иштеп чыгуудан мурда өтүп кеткен, ошондуктан окутууда индивидуалдык мамиле кылууну инсанга багытталган (арналган) билим берүүнүн контекстинде кароо керек. Ошентип, окутууда индивидуалдык мамиле кылууну иштеп чыгуу, азыркы тапта концепциясы кабыл алынган, инсанга багытталган (арналган) билим берүүнүн негизи болгон.

Инсанга багытталган (арналган) окутууну индивидуализациялаштыруу көз карашынан ишке ашыруу үчүн өбөлгөлөрдүн бир нечеси керек, алардын ичинен биринчи орунда төмөнкүлөр турат:

- Топтук жана индивидуалдык сабактарды өткөрүүнүн жаңы түрлөрү жана ыкмалары;
- Мугалимди жыйынтыктарды гана эмес, анын иш жараянын дагы баамдого түрткү берген окутуу иштин жолдорун баалоого жана талдоого дайыма көңүл бөлүү;
- Мындай жумушту систематикалык түрдө аткарууга атайын мугалимди даярдоо.

**Сиз сабакты пландаштырып жатканда...**

- Индивидуалдык мамиле кылуунун өзгөчөлүктөрүн терең үйрөнүүгө кайсы адабият сизге жардам берет?
- Сабактарда индивидуалдык мамиле кылууну ишке ашыруу үчүн кандай жаңы методдор жана ыкмалар бар?
- Конкреттүү бир сабакта кайсы методдорду жана ыкмаларды колдонуу туура болот? -

**дегенди ойлонуңуз.**

Маалыматтык коомдун шарттарында, билимди активдүү, өз алдынча алуу формаларына негизделген, окутуунун жаңы методдору, маалыматты коллективдүү кабыл алууга багытталган, салттык методдордун мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет (байытат). Заманбап мектептин билим берүү системалардын көп түрдүүлүгүнө өтүүсү, инсанга багытталган билим берүүнүн моделин мектептик тажрыйбада ишке ашырууга умтулуу аны индивидуализациялаштыруунун маселесин актуалдуу кылат.

## 6.4 Интерактивдүү окутуу деген эмне жана ал индивидуалдык мамиле кылуу менен кандай байланыштуу?

Интерактивдүү окутуу окуучулардын окутуп жаткан чөйрө менен түздөн-түз өз ара ишмердүүлүгүндө негизделген. Катышуучулар өзү үчүн үйрөнүп жаткан тажрыйбанын тармагын табышкан, реалдуулук катары окутуучу айлана же окутуучу чөйрө чыгат.

Эгерде интерактивдүү окутууну тереңирээк карасак, окуучулардын эмпирикалык байкоолорун, жашоолук таасирлерин жөн гана жардам берүүчү материал, сүрөттөөчү кошумча катары кошуп коюу жөнүндө сөз жүргөн жок. Окуучунун тажрыйбасы окуп билүүнүн борбордук булагы катары кызмат кылат. Салттык окутууда мугалим өзүнөн окутуучу материалды өткөзгөн “фильтрдын” ролун аткарат, интерактивдүүдө болсо - жумушта жардамчынын, “маалыматтын булактарынын бири” катары кабыл алынат.

Салттык менен салыштырмалуу интерактивдүү окутууда мугалим менен өз ара ишмердүүлүк дагы өзгөрүлөт: анын активдүүлүгү окуучулардын активдүүлүгүнө алмашат, анын максаты – окуучулардын демилгесине шарттарды түзүү. Мындай окутууда окуучулар пассивдүү “окутулуп жаткандар” эмес, толук камдуу катышуучулар болушат да, алардын индивидуалдык тажрыйбасы, даяр билимдерди бербеген, аларды өз алдынча издөөгө түрткү берген, мугалимдин тажрыйбасынан аз эмес мааниге ээ.

**Интерактивдүү окутуунун өзгөчөлүктөрү:**

- “борбор-аудитория” деген схема принципиалдык түрдө алмашылат. Борбор дээрлик жок. Мугалим окутуу процессинин уюштуруучусу жана консультанты гана болот. Окуучулардын өз ара ишмердүүлүгү жана шериктештиги негизги болуп калат.
- Окутуунун интерактивдүү методдорун колдонууда маалыматтык булактарга эркин жетүүгө мүмкүнчүлүк жана өз алдынча окуу приоритеттүү болуп калат.
- Мугалимдин ролу башкаруучудан жардамчыга өзгөрүлөт: баарлашууну, максаттарды койгонду жана аларга окуучуларды жетүүгө түрткү берүүнү, талдоо жана өзүн талдоону өткөрүүгө окутууну билүү.

Интерактивдүү окутууда активдүүлүк маанилүү. Ойлонсок: окуучулардын жогорку активдүүлүгүн кармаганга жардам берген көп деген ыкмалар жана амалдар бар, бирок окуучулар пассивдүү көрүүчүлөр жана угуучулар бойдон кала берет (мисалы, башталгыч мектепте жалпылап жаттоо активдүү колдонулат).

Интерактивдүү окутуунун өзгөчөлүктөрүн түшүнүү үчүн катышуучулардын активдүүлүгүн физикалык, социалдык жана таанып билүүлүк деп бөлөлү.

**Физикалык активдүүлүктүн мисалдары:**

Окуучулар

- жумур орунун алмаштырышат, отурган жерин алмаштырат;
- сүйлөшөт;
- жазышат;
- угушат;
- тартышат; ж.б.у.с.

**Социалдык активдүүлүктүн мисалдары:**

Окуучулар

- суроолорду беришет;
- суроолорго жооп беришет;
- ойлор менен алмашышат ж.б.

**Таанып билүү активдүүлүктүк мисалдары:**

Окуучулар

- мугалимдин айтып берүүсүн кошумчалайт же тууралайт;
- жашоо тажрыйбанын булактарынын бири катары чыгышат;
- көйгөйдүн чечимин өзүлөрү табышат.

Толук кандуу окутууда окуучулар физикалык, социалдык айлана-чөйрө (бири-бири менен, мугалим менен), изилдеп жаткан мазмундар менен өз ара ишмердүүлүктө болушат. Эң негизги эреже жөнөкөй: активдүүлүктүн үч түрү тең өз ара байланышта, ар кандай жана максатка ылайыктуу болушу керек.

**Сиз сабакты пландаштырып жатканда...**

**Төмөнкү учурларды ойлонуп көрүңүз:**

- Окутуунун интерактивдүү методдорун кандай максат менен колдоносуз?
- Бул сабакта активдүүлүктүн кандай түрү сизге керек?
- Жалган активдүүлүктөн кантип айрылуу керек?
- Интерактивдүү окутууда окуучулардын индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн кантип колдонуу зарыл?

Мугалим бир нече негизги позицияларды чыгарат. Алардын ар биринде ал окуучулардын бул же тигил окуу чөйрө менен өз ара ишмердүүлүгүн уюштурат. Эксперттин позициясында тренер жаңы материалдарды айтып берет, слайддарды көрсөтөт, окуучулардын суроолоруна жооп берет ж.б. Уюштуруучунун позициясында окуучулардын социалдык жана физикалык айлана-чөйрө менен өз ара ишмердүүлүгүн жөнгө салат: подгруппаларга бөлүү, тапшырмаларды аткарууну багыттоо, мини-презентацияларды даярдоо ж.б. Азыркы тапта маалыматтык коомдун шарттарында консультант – фасилитатордун позициясы өтө маанилүү. Бул позицияда мугалим окуучулардын тажрыйбасына (жашоодон, окуудан) кайрылат, аларды өз алдынча жаңы маалыматтарды чогултканга, берилген маселелердин чечимдерин тапканга, өз алдынча жаңы маселелерди койгонго ж.б.у.с. түрткү берет.

Фасилитатордун милдети – тажрыйбанын жаңы дененин өсүшүнө жардам берүү. Фасилитатор-мугалим багытты жана кыймыл-аракеттин ыкмасын көрсөтө алат. Бул позицияда иштеп жатып, конкреттүү рецепттерди (“туура жоопторду”) билүүнүн кажети жок, бирок аларды кантип издөөнү түшүнүү керек.

Швейцар психологу Жан Пиаже балдарды “туура жоопторго” үйрөтүп жатып, биз аларды өз алдынча издегенге жана тапканга мүмкүнчүлүктөрүн чектеп коет экендигибизди байкаптыр. Анын жооптору бизге белгилүүлөр менен окшош болушу мүмкүн, бирок айырмаланышы дагы мүмкүн. Окуучуну “керектүү корутундуга” келтирүү илгертеден бери педагогикалык искусствонун көрсөткүчү деп саналган. Бирок, биз менен каралбаган,”пландаштырылбаган” идеялар жаңы билимдин жана тажрыйбанын данегин алып жүрө ала албайтпы?

Фасилитатордун жалпы түрдөгү милдети - маалымат менен алмашуу жараянды багыттоо. Так ушунда, маалыматты өзү берип, түзүүдө жана чечимдерди багыттоодо милдетти турган экспертин ролу менен фасилитатордун ролунун негизги айырмасы. Көркөмдөп айтканда эксперттин милдети – маршрутту ачуу, фасилитатордун максаты – кыймылга жардам берүү.

## 6.4.1 Интерактивдүү окутуунун методдору жана ыкмалары

Бул колдонмодо «Сынчыл ой жүгүртүү» программасында жазылган интерактивдүү методдорду жана окутуунун ыкмалары колдонулду (Бөлүктүн адабиятын кара).

**Сиз сабакты пландаштырып жатканда…**

**Ойлонуңуз:**

- Сиз окуучуларга алар чогуу иштей тургандыгы жөнүндө кантип түшүндүрөсүз?
- Ушундай окутуунун максатын түшүндүрүңүз.
- Топто иштөө эрежелери жөнүндө макулдашып алыңыз.
- Биргелешип иштөө жана жыйынтыктын презентациясы боюнча кадамдык так нускамаларды бергиле.
- Топто иштөөнүн жана жыйынтыктын презентациясынын убакытын белгилеп алгыла.

**Өз алдынча иштөө.**

**№ 2 – кырдаал**

**Жазуучу-юморист Влас Дорошевичтин «Көрктүү оозеки чыгарма боюнча эки сабак» очеркинен кыскача үзүндү окуңуздар.**

1) Бул сүрөттөмөдө автор эмнени шылдыңдайт?
- Мугалим окуучулар менен;
- Окуучулар бири- бири менен;
- Окуучулар окуу маалыматы менен.

2) Өз ара аракеттешүүдө кандай бузулуулар орун алган комментарий бергиле.

3) Индивидуалдуу багыттын кандай принциптерин жана кандай учурда мугалим колдонушу керек эле? Өзүңөрдүн жообуңарды негиздегиле.

* * *

*- Мозгов Николай!*

*Кичинекей жана коркуп калган Мозгов Николай ордунан турат.*

*- Мозгов Николай! „Кудайдын чымчыгын» мага талдап бериңизчи. Жазуучу «Кудайдын чымчыгы» менен эмне айткысы келген?*

*Мозгов Николай кирпиктерин ырмейт.*

*Угуп жатам! Мозгов Николай! Жазуучу эмне айткысы келген?*

*Менин апам оорулуу! – деп Мозгов капысынан айтат.*

*Эмне дейт?*

*Менин апам оорулуу. Жазуучу эмне айткысы келгенин мен билбейм. Мен даярдана албадым.*

*Мозгов Николай сабакты билбеген учурда, Мозгов Николайдын апасы дайыма ооруйт. Мозгов Николайдын апасы аябай ыңгайлуу.*

*Класстын баары күлүшөт.*

*Мен Мозгов Николайга «нота бене» коём. Голиков Алексей! Жазуучу «Кудайдын чымчыгында» эмнени айткысы келген?*

*Билбейм!*

*Голиков Алексей билбейт. Анда Голиков Николай.*

*Голиков Николай унчукпайт.*

*Голиков Алексей жана Голиков Николай эч качан эч нерсе билишпейт.*

*Постников Иван.*

*Пётр Петрович, менин бутум ооруп жатат!*

*Жазуучунун буга эмне тиешеси бар?*

*Мен Пётр Петрович, тура албай жатам!*

*Анда отуруп эле жооп бере бер.. Постников Иван, отуруп дагы жазуучу эмнени айткысы келгенин билбейт? Анда, Иванов Павел!*

*Чыгууга уруксатбы!*

*Иванов Павел чыккысы келип жатабы. Иванов Павел жалпы класска чыгат!*

*…Ушул убакта арткы отургучтун үстүнөн жебеге окшоп, сыяга жетишерлик боёлгон кол көтөрүлөт.*

*- Жазуучу эмне айткысы келгенин Патрикеев Клавдий бизге түшүндүрөт.*

*Патрикеев Клавдий ордунан турат, бирок чечкиндүүлүгү бир заматта жоголот: «Мүмкүн таба албай калам» деп. «Эшикке чыгууга сурансам жакшы болобу?» деп Патрикеев Клавдий ойлонот. Бирок өзүнүн жансыздыгынан уялат да, алсыз үн менен баштайт.*

*Жазуучу «Кудай чымчыгы» ырында, ырас эле, айткысы келген… мындайча … чымчык бул…*

*Класс болсо мурункудан да катуураак күлө баштайт: «Карасаң, кандай билерман табылды! Жазуучу эмне айткысы келгенин билет! Муну Петр Петровичтен башка эч ким билбейт!*

*Патрикеев ыйлаганга даяр:*

*Аларга айтыңызчы күлбөсүн деп… Бул жерде күлгүдөй эч нерсе жок… Жазуучу айткысы келген… чымчык эмне … чымчык иштебейт, эч нерсе жасабайт… ошентсе дагы ал ток болот…*

*Андай эмес! Патрикеев Клавдий отурсун жана билбеген учурда, жооп бергенге эч качан суранбасын. Жазуучу «Кудайдын чымчыгында» эмнени айткысы келгенин эч ким билбейби? Бул кандайча? Бул жөнөкөй эле.*

*Ошентип мугалим түшүндүрөт:*

*Көчмөн жана отурукташкан цыгандардын сөзүнө кудай чымчыгы жөнүндө ыр жазып жатып, жазуучу биздин астыбызда ушул цыгандардын төмөн деңгээлин көрсөткүсү келген. Ушундай гана көз карашта...*

*Петр Петрович, мүмкүн болсо, акырыныраак. Мен жазганга жетишпей жатам! – деп биринчи окуучу суранат.*

*Жазбай эле, түшүнүү керек! Көчмөн жана эч нерсени ойлобогон цыгандардын көз карашында эле ушундай чымчыктын жашоосу мактоонун предмети боло алат. Чымчыкты анын эч нерсени ойлобостугун жана күнүмдүк жашоосун ушундай мактоо ойго келбестик болор эле, ушундай акылдуу жазуучунун оозунан угуу ойго келбес эле. Баарыңар түшүндүңөрбү?*

*Баарын түшүндүк! – деп бардык класс жооп беришет.*

*Мозгов Николай, кайтала!*

*Жазуучу чымчыктын оозуна салат...*

*Отуруңуз. Дагы бир жолу кайталайм. Чымчыктын оозуна салбайт, цыгандардын ырды айтып жүрсүн деп жазуучу ойлогон … Болуптур баары бир! Жазгыла.*

*Ошентип кийинки сабакка ушул милдеттүү түрдө «чымчыктын түшүндүрмөсүн» бардыгы жатташат.*

*…Окуучулар канчалык көп окуп жана баарлашса, ошончолук алар ойлонгондон калышат…*

*Мугалимдин ар бир:*

*Жазуучу муну менен айткысы келген… деген сөзү өз алдынча сынчыл ойлонуунун каза болуусунун жаңырыусу катары угулат.*

*Өзүнүн оюу белгиленген штамптык үлгү менен алмаштырылат. Эч ким ойлонгусу келбейт. Баары бир туура жагын таппайсың жана ката кыласың. Бул нерсени кандайча бешке түшүнөрүн мугалим айтат!*

## Биз баарыбыз ар түрдүүбүз, бирок баарыбыз биргебиз (башталгыч класстын окуучулары үчүн)

Биз текст үстүндө интерактивдүү иштөөнү сунуштайбыз жана ар бир адам өзүнүн социалдык абалы менен, улуту менен, жашы менен, бири-биринен айырмаланса дагы, биздин баарыбызды биз жакын жашаганыбыз бириктирип жатканын балага жыйынтык чыгарууга жардам беребиз. Ал эми бул бири бирибизди түшүнүүгө аракет кылуу, кабыл алуу, жардам берүү керек.

**1-кадам.** Ал окуучуларды тексти окуганга (угууга) көңүлүн коюуга багытталган. Эстегилечи, биз колубузга гезитти акыркы жаңылыктарды билүү үчүн алабыз, китепти болсо кимдир бирөө окуганга сунуштагандан кийин же ал кызыктуу экендигин уккандан кийин окуй баштайбыз. Бул учурда дагы ушундай: текст үстүндө иштөөрдөн мурда, балада ага кызыгууну чакырууга аракет кылуу керек. Балага “сары шаар” кандай көрүнөрүн элестетүүнү сунуштагыла. Мындай шаарда ким жашаса болот? Бул шаар сырт жагынан кандай? Бул шаардын өзгөчөлүгү эмнеде? Эмнеге аны сары деп аташкан? 2-3 мүнөт убакыт өткөнчө ойлонууга мүмкүндүк бергиле, андан кийин ой бөлүшүүнү уюштургула.

**2-кадам.** Балдарга тексти окуганга сунуштагыла, бирок ошол эле убакта белгиленген окуунун эрежелерин колдонуу аркылуу: белгилерди колдонуу менен, тексти маркировкалайт:

- V (чымчыкча) – белгилүү. Бул учурда балдар өзүлөрүнүн божомолдоолору менен туура келген фрагменттерди белгилейт.
- + (кошуу) – жаңы. Балдар өзүлөрүнө жаңы болгон маалыматты белгилешет.
- ? (суроо) – бул белги менен балдар текстте аларда суроо туулган, же болбосо түшүнбөгөн фрагменттерди белгилейт.

Маркировка эмнеге керек? Бул боло турган ишмердүүлүктүн шарты. Бардык коллективдин ишинин ийгилиги, алардын мүчөлөрү биргелешкен келишим менен жүрөбү же жокпу, ошондон көз каранды болот. Бул жөнүндө балдарга азыр айтуунун кереги деле жок. Бирок, эгерде биз балдар менен алар келечекте эмне жасай тургандыгы жөнүндө гана сүйлөшпөстөн, биз муну кантип жана эмнеге жасай тургандыгыбызды сүйлөшсөк, анда бала акырындап ушул алдын ала сүйлөшүп келишкендиктер турмушта керек болорун түшүнө баштайт. Мындан тышкары, бул иштин форматында дидактикалык потенциал дагы берилген – биз баланын колуна жетишердик текстти окуунун натыйжалуу куралын беребиз, ал ага бардык окуу процессинде көңүл буруусун кармап турууга жана текстти талкуулоого даярдык көрүүгө жардам берет.

**3-кадам.** Текстти окуу. Балдарга тексти окуганга убакыт бергиле жана тексти маркировкалаганга мүмкүндүк бергиле.

**4-кадам.** Окуунун жыйынтыгын жупта, андан кийин бардык класстарда/топто талкуулоо. Бул сабактагы эң маанилүү баскыч. Биз балага окуунун жыйынтыгын жупта талкуулоо мүмкүнчүлүгүн беребиз - ушинтип өзүнүн тажрыйбасы менен бөлүшүү даярдыгы, бири бирин байытуу калыптанат. Мындан тышкары, алмашуу процессинде балдар өз күчүнө ишеним пайда болот. Ушуну менен бирге, эгерде силер байкасаңар, ар ким өзүнүн деңгээлинде иштеп жатат, мугалим балага өзүнүн идеяларын түшүндүрүүгө, текстти өзү түшүнүүсүнө эркиндик берет. Жупта талкуулоодон кийин коллективдүү окуунун жыйынтыгын талкуулоодо балдардын өзүнүн билдирүү атмосферасы колдоого алынышы керек. Анткени текст дагы ошол жөнүндө.

## Сары шаар[15]

*Сары деп бир баланын кыжырын келтиришчү. Бала аябай кайгырып, үйдөн кайда болсо деле кетүүнү чечти. Уктоого эртерээк жатып түш көрөт: ал үйдөн кеткендей жана көзү каякка караса ошол жакка баскандай сыяктуу. Караса дарбаза, анда болсо “Сары шаарга кош келиңиздер!” деп жазылып турат. Кирет, анан “а” деп эле калат. Бул сары шаарда бүт баарысы сапсары-сары эле. Сары суулар сары чөптөрдөн агып, анан сары дайрага куюлуп жатты. Дайранын үстүндө сары күндүн кулагы илинип турду. Ушул дайрада сары балыкчылар сары балыктарды жана суу чаянын кармап жатышты. Радиодон болсо сары вальсты берип жатышты, бардык сапсары-сары адамдар бактылуу күлүп жатышты. Ушул жерден ага сапсары кыз чуркап келди.*
*- Сен эмнеге мынча капалуусуң?*
*- Мени бардыгы сары деп кыжырымды келтирет...*
*- Кандай акылсызсың, - деп кыз күлдү, күнгө карасаң, ал кандай түстө!*
*- Сары...*
*- Биз дагы сарыбыз! Демек, биз баарыбыз кичинекей күнбүз. Кубануу керек!*
*Ушул жерде бала ойгонуп кетет. Чуркаган бойдон эшикке чыкса, балдар кайра эле кыйкырып жатышат:*
*- Сары, сары...*
*Ал болсо күлүп коюп, анан сары күнгө амалданып көзүн кысты...*

**5-кадам.** Мурунку баскычта өткөн белгилер боюнча пикир алмашуу, ар бирине өз алдынча текстти өзү түшүнүүгө жардам берди. Бул балдарды жыйынтыктоочу сүйлөшүүгө даярдады:

- Сары шаар эмнеси менен айырмаланат?
- Эмнеге балага ал жакта жакшы болду?
- Ушундай шаар биздин жашообузда болуу үчүн эмне керек?

**6-кадам.** Кичи топтордогу иш. Алардын классы – кичинекей шаар деп элестеткиле деп балдарга сунуштагыла. Сары шаардагы баладай бардыгына жакшы болуш үчүн, кандай эрежелерге анын жашоочулары баш ийиши керек?

Класссты/топту кичи топторго бөлүп, сунуштагыла:

- алардын шаарында ынтымактуу жашоого жардам бере турган 3 эрежени иштеп чыгуу;
- бул шаардын атын ойлоп табуу;
- шаардын гербин сүрөттө.

Сабактын ушул баскычы балдарды коллективдин ичинде өз ара аракеттешүүгө, бири-бирин угууга, алардын астындагы маселени биргелешип чечүүгө үйрөтөт.

[15] *Гапочка И.К. Я читаю по-русски. Книга для чтения со словарем. М.: Рус. яз., 1999. – 13Б.*

Балдарга иштөөгө мүмкүнчүлүк бергиле. Топ ишин бүткөн убакта, аларга өзүнүн биргелешкен ишинин жыйынтыгын презентациялоону сунуштагыла. Биз балдарга өзүнүн индивидуалдуулугун көрсөтүүгө кезектеги мүмкүнчүлүк берүүнү сунуштайбыз, ушуну менен бирге эң маанилүү сапат – толеранттуулукту калыптандырабыз. Презентация убагында кубанычтуу атмосфераны колдоого аракет кылгыла. Балдардын ишин баалабай эле койгула. Алардын күндүн шаарын көргөнү бир аз окшошуп кетүү деп ойлосо болот.

Сабак бир суроо менен бүтүшү мүмкүн:

- Ушундай шаарды дагы кайсы жакта курса болот? Бул кимге байланыштуу болот?

Сүрөт конкурсу иштин уландысы болушу мүмкүн. Балдар ушул куракта сүрөт тартканды жакшы көрүшөт. Ушул сабакта өзү көрсөткөн долбоордогу шаардын сүрөтүн тартканга сунуштагыла. Кийинки сабакта болсо сүрөт көргөзмөсүн уюштургула, класстык бөлмө ачык түстөгү боекторго бөлөнөт. Мектепте, көчөдө, шаарда, короодо кандай жашаш керек экендигин ал бизге эске салып турсун.

### Сиз сабак өтүүнү пландаштырып жатканда ...

**Ойлонуп көрсөңүз:**

- Баяндалган техника инсанга багытталган окутууну иш жүзүнө ашырууга кандай жардам берет?
- Кайсы сабактарды үйрөнүүдө бул текстти колдонсо болот?
- Сабак өтүп жатканда сиздин сабагыңызды үйрөнүүдө эмнени өзгөртсө болот?

Бул сабакта интерактивдүү техника ИНСЕРТ (эффективдүү окуу жана ойлонуу үчүн интерактивдүү белги коюу системасы) колдонулду.

**Техниканын кадамы:**

- Текст окуу мотивациясын калыптандыруу: тексттин мазмунун аталышы боюнча алдын ала божомолдоо.
- Текстти окуу эрежесин киргизүү: текстти «V» (белгилүү), «+» (жаңы), «?» (суроо) белгисин коюп маркировкалоо жана маркировканы колдонуп текстти окуу.
- Окуунун жыйынтыгын жупта, топто/класста талкуулоо.
- Жыйынтыктоо таблицасын түзүү жана түзүлгөн идеяларды окуу.
- Жыйынтыктоо маеги.
- Шаардык долбоордун үстүндө кичи топтордо иштөө*.
- Жыйынтыкты чыгаруу. Сүрөттөр конкурсун өткөрүүгө сунуштоо.

## Ырайымдуу болуу деген – бул эмне? (чоң класстагы окуучулар үчүн сабак)

Ушул сабакта биз адамдын негизги бир сапаты – тилектеш болуу, бирге иштешүү жөнүндө сүйлөшүүнү сунуштайбыз. Окуучулар бул сүйлөшүүгө ачык болушу үчүн, аны менен кызыкса, «Адабият ийрими» деп аталган интерактивдүү техниканы колдонсо болот жана белгилүү орус жазуучусу Д.Граниндин чыгармасынан текст окуса болот.

** Бул кадамды колодонбой койсо болот. Сабакты жыйынтыктоочу баарлашу менен жана сүрөт конкурсун өткөрүү менен бүтүрсө болот. Балдардын кызыкчылыгына байланыштуу болот.*

**1-кадам.** Болочок баарлашуунун ийгилиги көпчүлүк убакта ага көңүл буруудан, пикир алмашууга даярдыгын көрсөтүүдөн байланыштуу болот. Бул нерсе болуш үчүн, окуучуларга башынан эле өзүнүн турмуштагы байкоолору, тажрыйбасы менен бөлүшүүнү сунушташат. Аларга эмнегедир эсте калган, турмушта болгон эпизоддорду окуучуларга эстегенди сунуштагыла. Окуучулар көңүлүн бүт койгонго жана кыскача жазууларды жасаганга убакытты бөлгүлө*. Сиздин оюңузча апкаарып калган окуучуга жардам берүүгө ушул иш убагында келиңиз, ага суроо бериңиз, өзүнүн байкоолору менен алмашууга көңүлдөнүүгө жардам бериңиз.

Жазып көрсөтүлгөн сабак бир нече жолу чоң класстарда колдонулган. Байкоолор көрсөткөндөй, турмушунда болгон эпизоддорду эстөөгө канчалык корутундалган багыттоо болсо деле, окуучулар боорукерлик, көңүл буруу өзү жагынан болгон, же ага карата болгон (көбүнчөсү), же алардын жакындарына болгон эпизоддорду эстешет. Ошондуктан жаш өспүрүмдөр орунсуз окуяны эстейт деп тынчсызданбаңыз, аларга эркиндикти бериңиз.

**2-кадам.** Биринчи жуптар менен, андан кийин топто өзүнүн эскерүүсү менен алмашууну сунуштаңыз. Жуп менен алмашуу ишенимдүүлүккө ээ болууга жардам берет. Мындан башка жуп менен иштөө ар бирине, жуп менен же топто баарлашуу убагында өз оюн айтууга мүмкүндүк берет. Жаш өспүрүмдөр өзүнүн шериктеринин ойлорун баалоого аракет кылышат. Бул анчалык деле жаман эмес. Качан сиз жалпы талкуулоодо өзүнүн байкоосу менен алмашууга сураныч менен кайрылсаңыз, бардыгы үчүн кимдин эскерүүсүн окууга болорун, класста сөзсүз түрдө сунуштар айтылат. Бул кимди сунуштаган болсо, ага жагымдуу болот, сизге болсо пикир алмашуу маселесинин башталышын жеңилдетет. Бул жагдайда эң негизгиси – айтылган турмуштагы окуяга түз баа бербөөгө аракет кылыңыз. Окуучулар бөлүшкөн сезимдерди, эмоцияларды колдоп, эске түшүрүүнүн эмоционалдык баасын жакшы көрсөтсө болот. Мүмкүн болушунча көбүрөөк окуучулар өзүлөрү түзгөн кичинекей аңгемелерди айтып берүүсүнө аракет кылыңыз.

Эми аңгемени окууга киришсе болот. Дал ушундай окуя белгилүү жазуучу Даниил Гранин менен болгондугу жөнүндө билдирүүнү алдын ала ага кабардар кылыш керек. Аңгемени мугалимдин өзү окуса болот. Өз алдынча окуганга убакыт берсе болот. Ушул текстти балдар кандайча ыңгайлуу кабыл аларын ойлоп көрүңүз.

Д. Граниндин “Точка опоры” деген аңгемесинен

*Мурдагы жылы менде кайгылуу окуя болду. Мен көчөдө кетип бара жатып, тайгаланып кетип жыгылдым... Аябай жаман, мындан жаман болбойт го, бетим менен жыгылдым, мурдум сынды, бетимдин баары жанчылды, колум ийнимен чыгып кетти. Бул кечки саат жетиге чамалуу болду. Мен жашаган үйдөн алыс эмес, шаардын борборунда. Аябай кыйындык менен турдум, бетим кан жайылган, колум камчыдай болуп салаңдап турат. Жакынкы подъездке кирип кеттим, кол аарчым менен канды токтотоюн дедим. Каяктан, кан ого бетер ага баштады, мен шок абалында кармалып жатканымды сездим, оору аябай катуулап баратты, батыраак бир нерсе кылуум керек. Сүйлөй да албайм, оозум жанчылган. Арт жакка, үйгө бурулууну чечтим.*

*Мен көчөдө кетип бара жаттым, менимче темселбей эле; бетимди кандан кызарган жүз аарчым менен басып алып, пальтом болсо кандан жалтырайт. Бул жол жакшы эсимде, болжолунда үч жүз метрдей. Көчөдө адамдар аябай көп болчу. Аял кызы менен, бир жубайлар, карган аял, эркек киши, жаш балдар менин алдымдан өтүштү, алардын баары башынан кызуугу менен мени карап жатышты, андан кийин көздөрүн*

* *Баяндалып жаткан сабак жогорку класстарда апробацияланган. Байкоолорго караганда, эстеп калган эпизоддорду эстөө деп берилген жалпы багыттарга карабастан окуучулардын эсине кайрымдуулук, жакшылык кылган эпизоддор келе баштайт. Ошондуктан кам санабай эле коюңуздар, жаш өспүрүмдөргө эркимдик белгиле.*

*ала качышып, тескери караштЫ. Ушул жолдо эч болбогондо бирөөсү мага келип, сага эмне болду, жардам кереги жокпу деп сурасачы. Мен көп адамдардын өңүн эстеп калдым, жардамды күчөгөн сезим менен күткөндүктөн, балким, өзүнөн өзү көңүлүм бурулду...*

*Оору аң-сезимимди буйдалап жатты; эгерде мен азыр жолдун жээгине жатып калсам, менден камырабастан эле аттап, айланып өтүшөрүнө. Мен түшүнүп жаттым, үйүмө жетишим керек.*

*Кийинчерээк мен ушул окуянын үстүнөн ойлондум. Адамдар мени мас киши деп ойлоштубу? Ушундай ойго мен алып келдим бекен, жок андай болбош керек. Эгерде мас деп ойлошсо деле, бирок...*

*Менин бардык жагым кан экендигин, алар көрүштү го, бир нерсе болдубу, жыгылдыбы, же катуу урунуп алдыбы, - эмнеге жардам көрсөтүшкөн жок, эмне болду деп, жөн эле сурап коюшкан жок? Демек, кийлигишпей, убакытты, күчтү коротпой жөн эле өтүп кетүү, "бул мага тиешеси жок" дегендик көнүккөн адат болуп калдыбы.*

*Ойго түшүп жатып, ушул адамдарды ызалануу менен эстеп жаттым, биринчи убактарда ачуум келип жаткан, күнөөлөгөм, түшүнбөй жаткам, андан кийин өзүмдү эстей баштадым. Анан өзүмдүн жүрүм-турумуман ушуга окшош нерсени таап жаттым. Оор абалда болгон учурда башкаларды жемелей берүү оңой, бирок өзүңдү дагы эстеп жүрүш керек. Менин жанымда дагы ушундай окуя болду деп айта албайм, бирок өзүмдүн жүрүм-турумумда ушуга окшогон бир немени байкоочумун – четке чыгып кетүү, башка жакка бурулуу, кийлигишпөөнү каалоо... Анан, өзүмдүн айыбымды кармап калып, түшүнө баштадым, ушул сезим адатка айланганын, ал бекем тамыр жайып алганын, ал жабышып алганын.*

*Тилекке каршы, биздин адеп-алхак жөнүндөгү кеңири сүйлөшүүбүз өтө эле жалпы мүнөздү алып жүрөт. Адеп-алхак болсо... ал айкын нерселерден турат – белгилүү сезимден, сапаттан, түшүнүктөн.*

*Мындай сезимдердин бирөөсү – ырайымдуулук сезими. Бул термин азыркы убакта бир аз эскирген, популярдуу эмес жана ошондой эле биздин жашоодон бөлүп таштагандай. Мындай адат мурунку учурга гана таандык. "Ырайымдуу эже", "ырайымдуу байке" – жада калса аларды сөздүк "эскирген" деп берет, башкача айтканда эскирип калган түшүнүк.*

*Ленинградда Милосердие деген көчө бар болуучу. Бул атты эскирип калды дешип, бул көчөнү Текстиль көчөсү деп жаңы ат коюшкан.*

*Ырайымдуулукту алып салуу – демек адамды адеп-алхактын бирден бир таасирдүү көрсөткүчүнөн ажыратуу деп эсептелет. Илгертеден бери бардык жаныбарлардын, куштардын түркүмүнө бул керектүү сезим таандык: жыгылгандарга жана жабыр тарткандарга ырайым кылуу. Анан кандайча ушундай болду, бизде бул сезим калыңдап өсүп кетти, басылды, каралбай калды? Көңүл уюта турган боорукерликтин, кайгыга ортоктош болгон, чыныгы ырайымдуулуктун бир топ мисалдарын келтирип мага каршы болсо болот. Мисалдар бар, ошону менен бирге эле мурдатан эле биздин жашоодо ырйымдуулуктун азайышын биз сезебиз. Эгерде ушул сезимдин социологиялык ченөөсүн жүргүзө ала турган болсок.*

*Адам башкалардын оорусуна жооп кайтаруу жөндөмдүүлүгү менен төрөлөт деп ишенем. Мен ойлойм, бул тубаса, ал бизге инстинкт менен бирге берилген, машыкпайт, ал алсызданат жана жоголот.*

**3-кадам.** Дайыма эле текст окулуп бүткөндөн кийин (же аны бардыгы өз алдынча окушат), кыска жымжырттык өкүм сүрөт. Андан кийин, албетте, өз оюн айтуу каалоосу пайда болот. Бирок балдарга сөз берүүгө шашпагыла. Аларга талкуулоого даярданууга сунуштагыла. Ал үчүн классты кичинекей

топторго бөлгүлө. Андан кийин топтун ар бир мүчөсү, ал аткара турган, "ролду" алышы керек. Бул сабактын маанилүү баскычы. Силер ролду балдардын жөндөмдүүлүгүнө, анын каалоосуна жараша өзүңөр дайындасаңар болот. Ар бир кичинекей топтун ичиндеги балдардын өзүлөрүнө сунуштасаңар болот. Бул кезектеги ролдор:

**Байланышчы** – белгиленген окшоштук менен байланыштуу болгон тексттин түшүндүрмөсүн берет, чыныгы жашоодогу анык иштер менен айкалышкан белгилерди табат.

**Изилдөөчү** – тексттин сөзүн талдайт, текстти терең түшүнүүгө жардам бере турган негизги 5-7 сөздү табат.

**Суроо берүүчү** – текстти терең түшүнүүгө багытталган суроолорду; окурманды мындан ары текст үстүндө ойлонууга алып келген суроолорду берет.

**Баяндамачы** – тексттин үстүндөгү иштин жыйынтыгынын негизги пикирин кыскача корутундулайт жана алар жөнүндө кыскача билдирме дайындайт, 2-3 негизги үзүндү кошуп чыгат.

Баяндамачыга суроолор:

- Бул текст эмне жөнүндө?
- Анын актуалдуулугу эмнеде?
- Автор кантип окурмандарды ойлонууга аракет келтирет?
- Окурмандарды эмне өзгөчө жандандырат (жаны ачуу, боор ооруу, сезим козгоо)?
- Окурман эмне жөнүндө ойго батат?

Алдын ала бул ролдорду доскага жазып коюу же ар бир окуучуга талдалган ролдорго жараша тапшырмаларды таратып койсо жакшы болот. Ар бир топтун мүчөсүнүн алдында турган маселелерге бир аз кенен, эч нерсесин калтырбай токтолуу керек.

**4-кадам**. Ал аткарган ролго жараша, ар кимге өз алдынча текст үстүндө иштөөнү сунуштагыла. Аларда 10 мүнөттөн кийин эксперттик топторунда иштөөгө мүмкүнчүлүгү болорун, балдарды алдын ала эскертип койгула (эксперттик топ – ролду эске алуу менен бириктирүү болгон топтор). Сабактын бул баскычы ар бир окуучуга бир жагынан жоопкерчиликти, экинчи жагынан өз алдынчалыкты жана индивидуалдуулукту көрсөтүүнү сезүүгө мүмкүндүк берет. Ушул этапта мугалимдин максаты – жумушчу чөйрөнү түзүү: окуучуларды дааналап топторго бөлүү жана ким иштен кыйналса, ага жардамга келүү.

**5-кадам.** Бул баскычта окуучуларга текст үстүндө иштөөдө аткарган ролдоруна жараша биригишип, эксперттик топтордо иштөөнү сунуштагыла. Бул баскычта окуучулар өзүнүн индивидуалдуулугун жоготушкандай сыяктуу көрүнөт, алардын милдети эксперттик топтун ичинде жалпы бир немени иштеп чыгуу. Бирок бул мындай эмес. Өздөрүнүн иштеп бүтүргөнү менен жана текстти талдоо тапкан материалды байытууга окуучулар эксперттик топторго биригишет. Эксперттик топтордо иштеп жаткан убакта, алардын ичинде болуп жаткан талкуулоого кызыгууну арттыргыла. Ар бир топтун ишинин өзгөчөлүгүнө көңүл бургула. Ошентип "байланышчылар" чыныгы жашоодогу анык иштер менен айкалышкан белгилерди табат.

Албетте, бул жерде окуучулар сабактын башталышында өздөрү эстеген окуяларга таянышат. Алардын милдети автордун баштан өткөргөнү жана өздөрүнүн башынан өткөргөнүнүн окшоштугун көрүү. Алар тексттен кээ бир үзүндүсүн окуса болот жана алардын байкоосунда дагы ушундай болгонуна көңүл бурса болот. "Изилдөөчүлөр" тексттин сөзүн талдайт, алардын көз карашында текстти терең түшүнүүгө жардам бере турган негизги 5-7 сөздү табат. Ар бир окуучуда өзүнүн турмуштагы тажрыйбасы болгондуктан, тиги же бул сөздөн сын тапкандыктан, алардын тандоосу абдан жеке иш.

Текстти терең түшүнүүгө багытталган жана окурманды мындан ары текст үстүндө ойлонууга алып

келген суроолорду “Суроо берүүчүлөр” түзүшү керек. Бул жерде чындыгында эле алар ойлонууга себеп болчудай, окуучулар сабаттуу суроолорду түзүү үчүн көз салуу зарыл.

**6-кадам.** Окуучулар эксперттик топтордо иштегенден кийин, аларга башталгыч топко биригүүгө, эксперттик топтогу иш жыйынтыгы менен алмашууну сунуштагыла. Бул баскычта баяндамачы ишке кирет. Анын милдети - баарын угуу, ал өзүнүн чыгып сүйлөөсүн кантип көрүп жатканы тууралуу топтун мүчөлөрү менен бөлүшүү. Баяндамачыны чыгып сүйлөө даярдыгына окуучулар кошулушу үчүн, аларга түрткү көрсөтүү.

**7-кадам.** Сабактын бул баскычында окуучулар өзүнүн баяндамасы менен чыгып сүйлөшөт. Баяндамачынын ар биринин чыгып сүйлөшү, класста талдоого анын кичинекей тобу түзгөн бир суроо менен бүтөт. Ушу себептен окуучулар жайылган талкуулоого чыгышат. Жайылган талкуулоо өз оюн айтуунун тереңдиги жана ойлонуусу менен айырмалайт: ар кимдин өз оюн айтуу мүмкүнчүлүгү пайда болот жана ар кимдин эмне айта турганы бар, анткени бардык катышычуулар бүт сабак учурунда өз алдынча текст үстүндө ой жүгүртүштү. Ошол эле убакта классташтарынын колдоосун дайыма сезип жатышты, бул алардын иш даярдоосун жетишерлик бүтүрүүгө алып келди.

Ырайымдуулук темасын талкуулоодо, сабактын башталышы формализмден кутулууга мүмүкүндүк бергенин белгилеп кетсек болот. Суроолорго жооптор баштан өткөргөн сезим менен болот. Тажрыйба көрсөткөндөй, ушул сабактан кийин окуучулар, боорукер боло башташат, өзүлөрүнүн кылган иши жөнүндө ойлоно башташат, башка адамдардын дилинде алар жөнүндө кандай ой болорун, көп нерселер алардын өзүлөрүнөн жана айланадагыларга кандай мамиле кылганына байланыштуу болорун түшүнө башташат.

Ырайымдуулук, боорукерлик жөнүндө сөз жаш өспүрүм куракта өзгөчө актуалдуу. Ушул куракта балдарда компромисстүүлүк жок, кээ бир учурларда таш боор экендиги белгилүү. Ошондуктан ушул жөнүндө алар менен сүйлөшүү керек. Негизгиси, бул сүйлөшүү чын жүрөктөн болушу керек. Ушул сабакта сунушталган техника буга мүмкүндүк берет деп ойлойбуз. Ал турмуш баалуулугу жөнүндөгү өзүнүн элестетүүсүн өзгөртөт, ал өзүн көрсөткөнгө мүмкүндүк берет, баланын индивидуалдуулугун сактайт. Ошондуктан окуучуларга “Ырайымдуулукту кантип сактоого болот?” же “Жан-дилибиз шал болбоо үчүн эмне кылуу керек?” деген 5 мүнөттүк эссе жазууну сунуштоо орундуу болот.

### Сиз сабак өтүүнү пландаштырып жатканда ...

**Ойлонуп көрүңүз:**

- Кандай темаларды талкуулоодо «Адабият ийрими» техникасын колдонсо болот?
- Бул техниканы колдонгондо сабактын эмнеси өзгөрөт, эгерде ал фильмди көрүү жана гезиттеги макаланын жыйынтыгы боюнча түзүлгөн болсо?
- Бул техниканы сабакка колдонуу үчүн материалдарды тандоодо балдардын курагы кандайча таасир этет?
- Кайсы предметтерди үйрөнүүдө бул сабакты колдонсо болот?

«Адабият ийрими» техникасы төмөндөгү кадамдардан турат:

1. Темага көңүл бурдуруу: турмуштагы байкоолор менен тема боюнча боло турган талкуулоолор менен алмашуу.

2. Билдирүүлөр менен таанышуу.*
3. Кичи топтордо ролдорду бөлүштүрүү жана окуучуга бөлүнгөн ролго жараша билдирүү менен иштөө.
4. Эскперттик топтордогу иш ( окуучулар ролдун жалпылыгына жараша кичи топторго биригишет).
5. Алгачкы кичи топтордогу иш (боордош). “Баяндамага” даярдык көрүү.
6. Иштин жыйынтыгынын презентациясы. Дискуссия.
7. Жыйынтыкты чыгаруу: кичинекей эссе.

## «Адамгерчилик» деген эмне? (сабак чоң класстагы окуучулар үчүн)

Бул сабакта биз чоң класстагы окуучулар менен өмүр бою алып жүрүүчү сапаттар, адамгерчилик жана эске сактоо жөнүндө сүйлөшүүнү сунуштайбыз. Сабакта текстти окуу болушу мүмкүн. Ал сүйлөшүүгө жана талкуулоого түрткү берет жана негизин түзөт. Текст үстүндө ойлонуу жана мындан аркы дискуссия окуучулардын текст менен өз ара

интерактивдүү байланышуусу менен жана ошондой эле бири-бири менен жана мугалим менен курулат.

**1-кадам.** “Адамгерчилик” деген сөзгө өзүнүн түшүнүгүн берүүгө жана ушул сапатты алардын түшүнүгү бекемдеген, турмуштагы эпизодду эстөөгө балдарга сунуштагыла:

- Силер “адамгерчилик” деген сөздү кандайча түшүнөсүңөр? Бул эмне дегенди түшүндүрөт? Силерде турмуштан алынган, силердин түшүнүгүңөрдү сүрөттөгөн кандай мисалдарыңар бар.

Балдарга кыскача жазууларды өзүлөрүнүн дептерине жазып алууга, аларга (7-10 мүнөт) убакыт бергиле. Ушундан кийин жупта ой бөлүшүүнү уюштургула. Мындан кийин идеялары менен топтордо бөлүшүүнү балдарга сунуштагыла. Бул алдын ала боло турган иш окуучуларды келерки сүйлөшүүчү темага көңүлүн бурууга, өзүнүн жеке тажрыйбасын кошууга мүмкүндүк берет. Топто идеялар менен бөлүшүү, мындан башка, бардык окуучуларды сүйлөшүүгө тартат. Ушул баскычта бардык айтылган ойлорго кызыгуу арттыруу, жеке өзүнүн байкоолору менен бөлүшүү убагында оң мотивацияны колдоо сизден талап кылынат.

**2-кадам.** Сабактын бул баскычында окуучуларга өз алдынча текстти окууга жана адамгерчиликтин темасын ачкан тексттеги үзүндүлөр менен иштөөгө туура келет. Бул иштин натыйжалуулугуна эки бөлүктүү күндөлүк форматы жардам берет. Балдарга “Бетондогу гүл” деген текстти окуганга жана мугалим сунуштаган тексттен үч цитатага комментарий берүүнү сунуштагыла. Биз төмөндө эки бөлүктүү күндөлүк форматын мисалга келтиребиз, ушул сабакта киргизүүгө кеңеш беребиз.

| Цитата | Комментарий (Сиз цитатаны кантип түшүндүңүз? Ал кандай сезимдерди жана ойлорду пайда кылды?) |
|---|---|
| «…кол көтөрүлбөйт. Гүлдөй берсин». | … |
| «Адатта бизде кандай, эгерде бир нерсе кылууга бөгөт болсо, демек жоголсун!» | … |
| «Булактар жана эс калды» | … |

* *Бул сабакта биз адабий текстти колдондук. Бирок биз жөн эле маалымат жөнүндө айткан жокпуз. Гезиттеги кыскача макалалардан, ТВ боюнча репортаждардан жана фильмдин материалдарынан изилдөөнүн кийинки талкуулоолорун курса болот. Бирок ошону менен бирге кружоктун катышуучулары аткара турган ролдорду ойлош керек.*

# Бетондогу гүл

*Менин мурунку үйүмдө, жайкы ашкананын жанында, жөнөкөй биздин гүл - петуньялар өсүшөт. Алар өзүнөн өзү айдалбай эле өсүп жатышат жана алар кичинекей эле нерсени; сугарып жана отоп коюуну талап кылышат. Алар аябай гүлдөшөт жана кечинде ушунчалык жыттуу жыттанышат. Ушул жайда петуньянын өсүп чыккан көк тамыры бетон аянтчадагы жарылган жеринен, ашкананын жанынан, жайкы тамак ичүүчү столдун астынан жарып чыгыптыр. Биринчи убактарда аны эч ким байкабаптыр, көргөндөн кийин: өсө берсин деп чечишти. Анан ал өсө баштады. Июль айында көгүлтүр түстө гүлдөдү. Бетонду тамыры менен бузбасын деп жулуп таштаса деле болмок, бирок кол көтөрүлбөйт андайга. Гүлдөй берсин.*

*Бул гүлдү караганда, кээ бир нерселерди эстейм.*

*Кыштакта, ээн жаткан таштар менен курчалган, жолоочулар токтогон үй бар. Ушул бийик дубалдын түз сызыгы бир жеринде, акырындап айланып өтүп жана жаш кызыл карагайды эркиндикте калтырып, кандайдыр бир жарым тегерек жасайт. Мен биринчи жолу көрүп, аябай таң калдым: керек экен да! Араалап салбай, тегеренип өтүштү. Сейрек кездешүүчү иш. Адатта бизде кандай, эгерде бир нерсе кылууга бөгөт болсо, демек жоголсун!*

*Кээде ошол жакта болуп калган учурда, жанынан өтүп бара жатканда, акырын басып калам ойлонуп: “ Жок, бул кожоюндун жок нерсени эңсегени жана кесири эмес. Бул адамдын белгиси”.*

*Дагы бир эсимдеги нерсе. Согушка чейин кадимки жыгачтан бир кабаттуу имарат кылып, мектеп курушкан. Бөлмөлөрүнүн бирөөсүндө, менимче кире бериште, алмурут багы өсчү. Кадимки эле алмурут. Тактай аркылуу өсчү. Көктөмдө ал гүлдөчү, жашылданчу; өз убагында мөмө байлачу, жайылчу. Бул жөнүндө мурунку окуучулар, сейрек көп жашаган адамдар эстешет.*

*Мурда бардык кыштактагылар ушул булактын суусу менен огороддорун сугарышчу, кудук азыр деле өзүнүн аябай мол булактары менен атактуу. Мөмө бактар дагы тегеректегилердикинен жакшы болучу. Азыр кыштак жок. Булактар жана эс гана калды.*

*Бирок, булактар жана мөмө бактар башка жактарда деле бар. Алмуруттун мектептин имаратынын ичинде гүлдөп өскөнү жөнүндө уккан жокмун. Бул жерде болсо – болгон.*

*Ойлонуп көрсөк... Биринчиден, адатта болбогондой. Канчалык мээ айланган иш: курулуш, иш кычап жатат, бул жерде так ушул баш аламандыктын ортосунда жаш терек пайда болду. Кыюуга болбойт – деген чечимге келген акылдуу адам табылды. Жөн эле чечкен жок, сактап калуу керек деп, башкаларды дагы ишендирди. Башка бирөөлөрдү адатта болбогон нерсеге ишендирүү – бул аябай оор болот. Кимдир бирөөсү: мейли мектепте эле өсө берсин; балдар жана өсүп жаткан бак - бул аябай жакшы болот деп айтып жатышты. Кээ бирөөсү болсо каршы болушту: ар бир нерсенин өзүнүн орду болуш керек, бактар чатырдын астында эмес, короодо; эгерде ар бири ойлоп таба берсе... Мына бардыгынан коркунучтуусу ушул: эгерде ар ким бир нерсе ойлоп тапса... ошондо, бардыгы бүтөт, тартип, чөйрө бузулат деп ойлошот. Албетте, адамдарды ишендирүү оңой эмес. Андан көрө алмурутту кыйып салган оңой. Бирок кыйган жок жана чөйрө кыйраган жок.*

*Андан бери жарым кылым өттү. Мектеп эмес, кыштак дагы эчак эле жок. Алмурут жөнүндөгү эскерме эсибизде калды. Көп жашап калган аял, менин кошунам, жакында кыштакка барып келгенин, өзүнүн жаштыгын эстей баштады. Ошол замат, баягы*

*эле алмурут жөнүндө. "Кирсем... Ал жакта алмурут гүлдөп жатат. Тим эле укмуш..." деп айтып жатканда кары аялдын жүзү жадырап жатты.*

Б. Екимовдики боюнча

**Кат** – окуучулар үчүн анча деле жагымдуу эмес аракеттин түрү. Бирок, ошентсе деле, өйдөдө көрсөткөн формат боюнча дептерге милдеттүү түрдө жазууну балдарга сунуштагыла. Адамгерчилик жөнүндө өзүнүн түшүнүгү менен мындан мурдагы алмашуусу жана турмушундагы байкоолорду, көпчүлүк окуучуларга өзүнүн идеяларын жалпы талкуулоого алып чыгуудан мурда, аларды аябай кылдаттык менен ойлонуу керектигин сезүүгө мүмкүнчүлүк берет. Эгерде сиз кээ бир окуучулар кыйналып жатканын көрсөңөр же ал эмне айтарын мындай эле билем десе, аларды кат үстүндө ойлонууга түрткү бериңиз, аларды кээ бир өзүнүн ойлоруна алып келген суроолорду бериңиз. Окуучулар талкуулоого кандай даярданып жатканын эске алып, ушул иш үчүн убакытты белгилеңиз.

**3-кадам.** Комментарийлерди окуп берүү. Окуучулар жазууларды жазгандан кийин, окуучуларга цитатага комментарий берүүнү сунуштагыла. Башталышында биринчи цитатага 3-5 окуучуга комментарийди окууну сунуштагыла. Бир эле цитата жөнүндө ким эмне ойлорун, окуучуларга угууга кызыктуу болот. Тексттин кайсы фрагментин алар кошумча көрсөтүшөт, же ушул цитатанын артынан өзүнүн кандай байкоолорун келтирет. Бардык үч цитатанын комментарийлерин айтып берүү ушундайча өтөт.

**4-кадам.** "Биргелешип издөө" дискуссиясы (талаш-тартыш) Окуучуларга тексттин мазмунун терең түшүнүүгө мурда болуп өткөн иш жардам берди. Бул жайылтылган дискуссияга (талаш-тартышка) катышууга окуучуларды даярдады. Биз төмөндө дискуссияны (талаш-тартышты) түзүүгө керектүү суроолорду келтиребиз.

1. Автор үчүн "Бетондогу гүлдүн" мааниси эмнеде? Ал силерге эмне деген маани берет?
2. Өзүнүн аңгемесинде автор эмне менен салыштырат? Бул салыштыруу эмне жөнүндө айтат?
3. Сиз макул болбогон учурлар текстте барбы?
4. Автор – эркек? Эгерде автор аял киши болсо, анда текстте эмне өзгөрмөк?
5. Өзгөрүүсүз эмне калды? Сиз эмнеге мындай ойлойсуз?
6. Азыр сиз үчүн "адамгерчилик" деген эмне?

Суроо боюнча пикирлери менен алмашуу учурунда окуучулардын өз оюн айтканда баа койбой эле койгула, аны эркин жасагыла.

**5-кадам.** Талаш-тартышты үч мүнөттүк эссе менен бүтүргүлө, мында окуучулар адамгерчилик жөнүндө жана анын биздин жашообуздагы ролу жөнүндө өзүнүн пикирин кыскартып жазышат. Окуучулардын жалпылоо ой жүгүртүүсүн, аларды азыркы учурда тынчсыздандырган окуялар менен байланыштырууну байкап көргүлө.

## Бала кантип шаарды сактап калды (башталгыч мектептин окуучулары үчүн сабак)

**Биз башталгыч мектептеги сабак үчүн, балада патриоттук сезимдин калыптанышына түрткү бере турган төмөндөгү материалдарды сунуштайбыз. Бул материалдар балдарда ахлак-адеп сапатты калыптандырууда кайдыгер мамиле кылуудан кетүүгө жардам берет.**

"Бала кантип шаарды сактап калды" жомогун окуп чыккыла. Бул кыргыз элинин жомогу балдарда кандай ахлак-адеп сапатын тарбиялайт экендигин ойлонгула? Ушул жомоктун окуучулары менен окуунун жана талкуулоонун кандай методдун колдонсо болорун ойлонгула. Окуучулар менен кандай маектешүүнү өткөрсө болот? (ушул бөлүккө арналган адабиятты кара).

Маектешүү үчүн суроолорду ойлоп тапкыла:

- жомоктун мазмуну жөнүндө (мисалы: Бул жомок эмне жөнүндө? Ал кандай окуялар жөнүндө айтып берет?)
- душмандар жөнүндө (мисалы: Душмандар кандай эле?)
- башкы каарман жөнүндө (мисалы: Бала кандай эле? Силер ал жөнүндө эмнени айта аласыңар? Эмнеге карылар анын сунуштары менен дароо эле макулдашкан жок?)
- ушул жомок берген сабак жөнүндө (мисалы: жомок эмнеге үйрөтөт?)
- силердин сунуштар.

Окуучуларды суроолорго жооп берүүдө текст менен далилдөөнү сураңыз. Контролдоо суроосу болуп: “Бул текстте барбы? Сиздин кандай далилиңиз бар? - деген суроолор болушу керек.

## Бала кантип шаарды сактап калды

*Илгери өткөн заманда Жаныбек деген каардуу хан жашаптыр. Ал өзүнүн кошуна хандыктарга каардуу кол салуусу менен даңкы чыгыптыр. Күндөрдүн бир күнүндө Жаныбек хандын түгөнгүс жоокерлери Султанмамыт хандын шаарын курчап алат. Курчалган шаардын жашоочуларына душмандар кайрылышат: “Эгерде силер үч күндүн ичинде багынып бербесеңер, биз силердин шаарыңарды кыйратабыз”.*

*Султанмамыт бүт карылар кеңешин чогултат. Карылар кантип кырсыктан кутулабыз деп көпкө чейин ойлонушат, бирок таптакыр эч нерсе ойлоп табышпайт. Ошентип, Жаныбек хан белгилеген акыркы күн келди. Аңгыча болбой карылар кеңеши отурган боз үйгө эски тон кийген, тай минген кичинекей бала келет. Бала амандашып анан айтат:*

*Мени Жаныбек ханга жибергиле. Мен биздин шаарды душмандын курчоосунан бошотууга аракет кылып көрөйүн.*

*Бул сөздү карылар угуп алып күлө башташат. Султанмамыт болсо жини келет.*

*Кет бул жерден, - каарданып балага айтат, - Сен азыр кичинесиң мындай иштерге кийлигишкенге!*

*Бирок бир абышка эскертет: - Ханым менин, ачуу –душман, акыл – дос. Бул балага жиниңди келтирбе. Балким, чын эле ал биздин шаарыбызды сактап калат. Келиңиз аны Жаныбек ханга жиберели.*

*Карылар ойлонушуп, талашышып, анан акыры баланы Жаныбек ханга жиберүүнү чечишти.*

*Ошондо бала ага эң кары төөнү жана эң сакалдуу эчкини берүүнү суранды. Карылар таң калышып, бирок бала эмнени сураса, баарын беришти.*

*Бала төөгө минип, эчкини жип менен жетелеп алды. Ал душмандарга келди.*

*Жаныбек хан баланы көрүп, жини келди.*

*Кантип эле Султанмамыттын хандыгында улуураак жана сакалдуу элчи табылган жокпу? – деп кыйкырды.*

*Бала коркпой эле, жай жооп айтты:*

*Эгерде хан, сен, эң эле улуураак менен сүйлөшкүң келсе, анда бул төө менен, эң эле сакалдуу менен болсо – бул эчки менен сүйлөш!*

*Жаныбек хан баланын табышкердигине таң калды.*

*Сен эр жүрөктүү жана акылдуу экенсиң! – деп каардуу хан айтты.*

*Мен сага бул үчүн сыйлык берем! Эмне кааласаң ошону сура!*

*Менин төөмдүн териси канча жерге батса, мага ошонча жер тартуула! – деп суранат бала.*

*Мындай сураныччты угуп Жаныбек хан күлүмсүрөйт, анан балага анын төөсүнүн териси канча жерге батса ошончо жерди берүүгө макулдугун берет. Ошондо бала карыган төөсүн соет, анын терисин аябай ичке тилке кылып кесет. Андан кийин ушул тилкелерди бир аябай узун курга байлап, аны менен камалган шаарды курчайт.*

*Муну көрүп Жаныбек хан капа болот. Бала аны алдап кеткенин түшүнөт. Эми эч нерсе кыла албайт: хан өз сөзүн эки кылбаш керек. Ал балага курчоодо калган шаарын тартуулайт, анан өзүнүн жоокерлери менен кетет. Ушинтип бала өзүнүн шаарын сактап калат.*

Маектешүү бүткөндөн кийин окуучуларды башкы каарман-бала, жомоктогу баладай аракет кылгандай көркөм адабияттан (жомоктор, аңгемелер, тарыхый окуялар) мисалдарды келтиргенди сурангыла.

## 6.5 Адабияттар


1. Айджанова Д.К. Закаева Г. Искакова А.Т., Якубова Г.С. Step by Step программасынын психология жана педагогикалык терминдеринин глоссарии. – Алматы, 2001.
2. Бекбоев И.Б.. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери.- Бишкек, 2003.
3. Бекбоев И.Б. Кесиптик компетенттүүлүк – педагогикалык эмгектин сапатынын негизи// Жаңы мектеп – жаңы мугалим: Эл аралык илимий-практикалык конференциясынын материалдары . – Бишкек, 2003. – 83-93 б.
4. Валькова И.П., Низовская И.А., Задорожная Н.П., Буйских Т.М. Сынчыл ойломду кантип өнүктүрүү керек (Педагогикалык рефлексиянын тажрыйбасы). – Бишкек: ОФЦИР, 2005.
5. Интерактивдүү окутуу методу жана классты башкаруу. – Бишкек: IFES, 2004.
6. Кларин М.В. Интерактивдүү окутуу – жаңы тажрыйбанын өздөштүрүү инструменттери// Педагогика. – 2000. – №7. – 12-18 б.
7. Низовская И.А. «Сынчыл ойломду өстүрө турган окуу жана жазуу» программасынын сөздүгү. - Бишкек: ОФЦИР, 2003.
8. Роджерс К, Фрейберг Д. Окуу эркиндиги. – М.: Смысл, 2002.
9. «Сынчыл ойломду өстүрө турган окуу жана жазуу программасынын» хрестоматиясы/ Түз. М.Эсенгулова, Ж. Асекова. – Бишкек: ОФЦИР, 2004.
10. Унрау Н. Ойлонуучу мугалимдер, ойлонуучу окуучулар. – Бишкек: «Сорос-Кыргызстан» Фонду,1999.
11. Ярулов А. Жекече мамиле кылуу менен окутуу. - http://zdd.1september.ru/2004/21/1.htm

# 7. Стереотиптер (өзгөртпөй эле кайталана берүү) жана жаман ойдо болуу. Чечүү методдору

**Кымбаттуу кесиптештер! Мынакей биз сизде бир-бирине каршы келе турган сезимди козгоочу бөлүмгө келдик. Бирок ар кандай курактагы балдар менен мектепте, мектептен тышкары, ата-энелер менен иштөөдө бул бөлүм ушундай эле керек жана кызыктуу.**

Биздин күнүмдүк жашообузда конфликттер дээрлик эле орунду ээлешет. Бул нормалдуу жана табигый нерсе. Ал турсун конфликт – бул өнүгүүнүн кыймылдаткычы деп айтышат. Конфликтин орду аны чечүүдө андагы актуалдаштырылган карама-каршылыкты алып салганында. Биздин реалдуулукта конфликтеги негативдүү мамилени позитивдүүгө алмашуу мүнөздүү.

**“Конфликт” деген сөз көп түшүнүккө ээ.**

Психологияда конфликт деп ар түрдүү мотивдердин кагылышуусун түшүнөт. Конфликт – кагылышуу, олуттуу келише албастык, бул учурда жагымсыз сезим жана баштан өткөргөн нерселер сизди тынчсыздандырат.

Конфликте адат болгон жүрүм-турумдардын стратегиясы: конфронтация, сүйлөшүүлөр, компромисс-макул болуу, кутулуу, көнүү (К.Томас).

Конфликтүү жүрүм-турумдун жаңы стратегиясы: интеграция – мындай чечим табылганда эки жактын каалоосу аткарылат, эки жактын биреөсү дагы эч нерсе жоготпойт. Интеграциянын негизинде абдан олуттуу карама-каршылыкты, колдонуучу маалыматты түшүнүктүү кылуу ж.б. бардык айырманы даана жана ачык табуу. Башкача айтканда бул конфликти чечүү ыкмасы “утуу-утуу” методу деп аталат.

**Позитивдүү мамиле кылууда конфликти төмөнкүдөй түшүнүү сунушталат:** “ишмердүүлүктөрдүн кагылуусунда өзгөргөн атайын мүнөздөмөнү, жаңы мазмунду өз ара аракеттешүүдө ишмердүүлүктү кабыл алуу процессинде көрсөткөн, жаңы шарттарга дал келгенди камсыз кылган” (Б.И.Хасан).

**Позитивдүү (конструктивдүү) конфликттин функциялары кээ бир маселени чечүүгө жардам берет:**

- адамды (топту) ал туш келген жаңы шарттарга ийкемдешет;
- келише албастыктын булагын аныкташат жана аны четке кагышат;
- карама-каршылыкты табуу жана четке кагуу, аны туруктуу абалга келтирип, топту ушул факторлордон бошотот;
- топтун мүчөлөрүн бириктирип жана аларды анын биримдигинин коргоо үчүн жол көрсөтүү;
- ички курчугандыкты алып таштоого жардам берет;
- башка биреөгө таасир этүүгө туура келе турган куралды табууга жардам берет;
- топтун мүчөлөрүнө өзүнүн жакшы сапаттарын топто ачууга, анда кадыр баркка ээ болууга мүмкүнчүлүк берет,

Конфликттик кагылышууда баштан өткөрүүнүн негативдүү белгилери жеңил бөлүнүп чыгат, аларды турмуштагы үч кескин баштан өткөрүүгө алып барса болот. Бул стресс, фрустрация жана кризис.

**Стресстик кырдаал** - эмне кыларын билбей калууну баштан өткөрүү, күтүлбөгөн интенсивдүү жана маанилүү дүүлүктүргүчкө кандайча таасирденүүнү билбестик.

**Фрустрация** – айырмалуу белги жолдошу жана бир эле убакта конфликтин генератору.

“... Көпчүлүк убакта адамдын өзүнүн каалоосун карама-каршылыгынын жана коом белгилеген чектөөнүн тыюу салуусунун натыйжасында фрустация пайда болот. Адам бойго жеткен сайын бул конфликт ички конфликт боло баштайт” - бул кубулушту Д.Крейч жана Н.Ливсон ушундай карайт.

Чынында бардык эле фрустрация механизм боюнча конфликтке окшобойт.

Конфликт менен кризистин катышы өтө татаал болуп эсептелет. **Кризис** – баштан өткөрүүдө аныкталган жана аракетте туура келбегендикти же жаңы абалдагы ресурстун кемчилдигин түшүндүрөт.

Жаштык сөзсүз түрдө эле кризистүү болобу жана факторлордун так эле кайсынысы - биологиялык, социалдык же өмүр баяндык - жаштыктын өтүү мазмунун жана мүнөзүн аныкташат?

Балдардын 11-12 жашынан 15-16 жашына чейинки мезгили жаш өспүрүм курак деп эсептелет.

Ушул куракта дүркүрөгөн психофизикалык өсүүсү жана баланын социалдык активдүүлүгүнүн кайра куруусу болот. Америкалык психолог Стэнли Холл, 8-12 жашында жаш курак алдындагы мезгил, уялчаактыктын аягына, цивилизациянын башталышына туура келет; жаш курак (12-13 жаш), жыныстык жетилгендиктин башталышын бойго жеткенге чейин мезгилди кучагына алат (22-25 жаш) жана романтизм заманына барабар деп эсептеген.

Немец философу жана психологу Эдуард Шпрангер жаштыкты эки фазага бөлөт:

- 14 - 17 жаштагылардын негизги проблемасы – кризис, балалык мамиледеги көз карандылыктан эркиндикке умтулууга байланыштуу;
- 17-21 жаштагылардын обочолук кризиси, жалгыздык сезими биринчи планга чыгат. Өтмө жаш проблемалары боюнча кээ бир иштердин авторунун Е.Б.Хасандын артынан, жаш өспүрүмдүн алдында үч “тармакта” өз тагдырын өзү чечүү маселеси турат деп биз эсептейбиз.

**Жыныстык.** Б.а. жыныстык идентификация туура болушу керек. Бул жерде биз көп сандагы конфликти көрсөтөбүз, баарыдан мурда жаш өспүрүмгө тиги же башка жынысты арга менен көрсөтүүсү байланыштуу.

**Курактык.** Дал ушул мезгил учурунда жаш өспүрүмдө “Ал ким?” деген даана сезим жок. Ал өзүн кичинекеймин деп сезбейт, бирок чоңмун деп дагы сезбейт. Бул жерде дагы конфликт пайда болот, кандайча кылып чоңдор жөнүндө ар кандай көрсөткүчтөрдү байкап көрсө болот.

**Социалдык.** Жаш өспүрүмгө коомдо өзүнүн референттик тобунда, белгиленген орунду ээлеп алуу керек. Чоңдор дагы маанилүү болгондуктан: кайсы нормалар менен чоңдор бул дүйнөдө жашайт, ага анын таануусу жана түшүнүүсү керек. Ага азыр эмне туура келет, эмне келбейт. Чоңдордун дүйнөсү менен конфликттин артында толуп жаткан себептер турат. Адатта алар төмөндөгүлөр: бала өздөштүрө турган баланын нормасынын ортосундагы карама-каршылык жана чоңдордун нормаларына ал чоң кишилердей болуп түшүнүшү керек, чоңдордун баланын бойго жетүүсүн кабыл албоосу, ага кичинекейдей мамиле кылуусу баланын курбуларга багыт алуунун себеби болуп саналат, алардын ичинде ал өзүнүн бойго жеткен инсандыгына керектүү урматтоонуу алат.

Жаш өспүрүмдөрдүн жүрүм-турумунда үй-бүлөнүн шартына байланыштуу болбогон азыркы жана өткөн убакта бир дагы социалдык же психологиялык көз-караш жок. Ата-энелер жана балдардын өз ара аракетенүүсүнүн татаал түрмөгүндө көпчүлүк убакта, бардык туруштуктар өзгөрүп жатканда, жаш өспүрүмдүн баягы пубертаттык кризисин эске алышпайт.

- мурунку кызыгууларын жоготуп жана жаңыга ээ боло электе, жаш өспүрүм чөйрө менен болгон байланышты жоготот жана өзүн жалгыз сезет;

- физикалык жактан эр жетүү бойго жеткендик сезимин берет, үй-бүлөдө жана мектепте болсо социалдык статусу өзгөрбөйт;
- авторитетке беделдүүлүккө сын мамиле пайда болот, ата-энелер биринчи курмандык. Алар менен суктанууга алар анча деле жакшы эмес. Ата-энелердин астында балалык баш ийүүдөн бардыгы ажырашат;
- ата-энелер ыраатсыз кишилер: баланы чоңдордун жашоосуна даярдап жатып, ушул учурду өткөзүп ийишет;
- баштан өткөрүүнүн негизгиси ахлак-адептүү баалуулукту, жашоонун маанисин, ахлак-адептүү беделди издөө болуп калат. Ушулар дайыма эле ата-энелер болобу?

Үй-бүлөлүк өз ара мамиле калыптанууда көзөмөлдүн жана тартиптин басымдуулук кылуучу түрү аябай зарыл. Көпчүлүк убакта чоңдордун жашоосуна балага ачылган жол “сен...керек” аркылуу жатат. Ошол эле убакта жаш өспүрүм чоңдордо “керектен” башка, “каалайм”, “жасай алам” жана “болот” деген өзгөчө бар экендигин көрөт. Башталышында бул – апасы менен өз ара аракеттешүү, андан кийин – үй- бүлөдө; андан кийин – сюжеттүү ролдук оюнда; акырында топто. Жаш өспүрүмдөрдүн өзүлөрү бул нерсени ата-энелерге берип коюшуп, өз көйгөйүн түзүүдө оордукту сезишти, – “өзүңөр алып келдиңерби, эми мейли өзүлөрү түзүшсүн” деп. Жуптардан 15-тен 10-ну эмненин артынан психологго кайрылганын талкуулашты: “окуудагы көйгөйлөр”, “апам менен урушам”, “үй ичинде жардам бергим келбейт”, “менин досторум ата-энеме туура келбейт”.

## 7.1 Конфликттин өсүүсү

**Чыр-чатак,** келишпестик, жалпысынан алганда карама-каршылык. Чыр-чатактын негизинде кризис жатат, ал болсо мурунку куралдар менен коюлган максатка жетүү, тактика менен стратегиянын ортосундагы карама-каршылык жаңы курчаган жердин пайда болушу, баалуулукка жаңы баа коюлганда мүмкүн болбогондо пайда болот.

**Конфликтин коньюктурасы** (конфликтин мүнөздөмөсү) – түзүлгөн жагдайдан пайда көрүүнүн максималдуу тактикасы.

**Теңтайлашуучулук** – коньюктурдук түрдөгү оюн, ал башка бирөөлөрдүн кемчилигин жарыя салып, көбүрөөк пайда көрүүгө, алууга багытталган. Тактика – бурмалоо, сыноо, жокко чыгаруу.

**Эрегиштик** – теңтайлашуучулук, бирок тереңирээк жана тийиштүү жолдон чыкпагандык, максатынын жана себебинин окшобогондугу.

**Кызматташтык** – бул процесс бир нече кадамдан турат: өз ара урматтоо, коммуникативдүү, конструктивдүү чечимдер.

**Күрөш – конфликтин түрлөрү.**

1. Ачыктык – бир-нерсе ырас эмес экенин даана түшүнөбүз.
2. Жашыруун – дагы деле конфликт экендигин билбейбиз.
3. Мотивациялык – муктаждыктын жана ниеттин конфликти (алар адамдарды аябай бириктиришет).
4. Байланыштуулук (коммуникативдүү) – баарлашуунун тосколдору, эсептөөлөр принциптерге жеткирилет, кайтарым байланыш жок. Себеп – таш боордук, өз ара мамиледе ийкемдүүлүктүн жоктугу.
5. Максаттуу конфликт – максат үчүн.
6. Статустук – биринчилик үчүн, ким башкы, тандоо конфликти.

**Конфликттерди чечүү ыкмалары.**

**Конфликтти кантип башкарса болот? Педагогикалык кызматта конфликттер менен натыйжалуу башкаруунун негизги шарттары:**

1) Педагогдун конфликттин себебин табуусу;
2) Мугалимдин конфликтти баамдосу;
3) Турмуштагы жагдайда конфликттин катышуучуларынын социалдык тажрыйбадагы өзгөчө эсеби.

**Педагогдун ишинде конфликтти башкаруунун 4 стратегиясы болушу мүмкүн:**

- Алдын ала чара көрүү
- Басуу
- Кийинкиге калтыруу
- Уруксат берүү

**Конфликттин алдын ала чара көрүүнүн стратегиясы** – бул конфликтүү жагдайды талдоо жана конфликттин чыныгы нерсесин четке кагуу.

**Конфликтти басуу стратегиясы,** конфликттин кайталангыс деструктивдүү фазасына жана эч нерсеси жок конфликтке карата колдонулат.

1. Максатка багытталгандык менен жана ырааттуу түрдө конфликтешкендердин санын азайтуу.
2. Бири-бирине карата потенциалдуу конфликттүү адамдардын же балдардын арасындагы өз ара мамилесин тартипке келтирүүчү эрежелердин, ченемдердин, буйруктардын системасын иштеп чыгуу.
3. Бири-бирине карата потенциалдуу конфликттүү адамдардын жана балдардын ортосундагы тикеден-тике өз ара аракеттенүүсүн оорлоткон же каршы болгон үзгүлтүксүз шартты түзүү жана колдоо.

**Кийинкиге калтыруу стратегиясы** убактылуу чаралар болуп саналат, алар тиги менен конфликтти акырындатууга жардам берет, кийинчерээк качан шарттар жетилгенде, анын уруксатына ээ болуу:

1. Педагогдун конфликттешкен тарапка мамилесин өзгөртүү: конфликттешкен бирөөнүн же экөөнүн күчүн карама-каршы тараптын элестетүүсү; башка бирөөнүн элестетүүсүндө конфликттешкен бирөөнүн ролун же ордун кичирейтүү же чоңойтуу.
2. Конфликттик жагдай жөнүндө педагогдун түшүнүгүн өзгөртүү (конфликттин шартында ал менен байланыштуу адамдардын өз ара мамилесинде).
3. Педагогдун элестетүүсүндө конфликттин нерсесинин маанилүүлүгүн (мүнөзүн, тышкы көрүнүшүн) өзгөртүү, ошону менен аны азыраак конфликтүү кылуу (конфликтин нерсесин баалуулугун азайтуу жана көбөйтүү, муну артынан ал керексиз жана жетпес болуп калышы мүмкүн).

Силер үстүдө көрсөткөн стратегияларды кайда жана кандайча колдоно аласыңар, ойлонгула? Бул канчалык иштиктүү?

Жеңиштин "төрку бөлүмүнө" эч кандай компромиссиз, бардыгы чыгарылат.

**Конструктивдүү чечимдердин иштеп чыгуу планы:**

1. Көйгөйдү (проблеманы) аныктоо.
2. Мүмкүн болгон биргелешкен чечимди иштеп чыгаруу (бир нече).
3. Ушул чечимдерди баалоо.

4. Эң жакшысын тандоо.
5. Чечимдин ыкмаларын аныктоо.
6. Конфликт толугу менен чечилгенин баалоо.

**Конфликтти чечүү ыктары:**

1. “Жеңүү-жеңүү” позициясы.
2. Чыгармачылык менен мамиле кылуу – көйгөйдү (проблеманы) кантип өзүң үчүн жаңы мүмкүнчүлүккө айландыруу.
3. Эмпатия – жакындоого алып келген баарлашуу.
4. Өзүн өзү ыңгайлуу бекитүү – инсандыкка эмес, көйгөйгө (проблемага) кол салуу.
5. Биргелешкен бийлик – бийлик үчүн күрөштү кантип эч бир тарапка кошпоо (нейтралдоо).
6. Кантип эмоцияны башкарууга болот.
7. Конфликтти чечүүгө даярдык, бир нерселерге объективдүү көз караш кылууга тоскоол болгон инсандык көрсөтмөнү кантип таанып билсе болот.
8. Альтернативаны (мүмкүн болгон эки чечимдин бирөөсүн тандап алуу зарылдыгы) иштеп чыгуу.
9. Сүйлөшүүлөр – натыйжалуу пландаштыруу жана стратегиянын варианттары.
10. Элдештирүүчүлүк.

## 7.2 Педагогикалык конфликтерди чечүү методу

Педагогикалык конфликттерди **үч чоң топко** бөлсө болот.

**Биринчи топто** – себептүү конфликттер. Окуучулар окугусу келбейт, же кызыгуусу жок, же кыстоо менен окушат, ошондо мугалимдер менен окуучулардын ортосунда себептүү конфликттер пайда болот. Өзүнүн негизинде мотивациялык факторго ээ болгондуктан, бул топтун конфликттери көбөйөт жана аякы жыйынтыкта мугалим менен окуучунун ортосунда кастык, каршылык, жада калса күрөш пайда болот.

**Экинчи топто** – мектептеги окутуунун уюштуруусунун начардыгы менен байланыштуу конфликттер. Биздин мектептеги окутуу процессинде окуучулар өткөн **төрт конфликттүү мезгилди** айтып жатабыз.

**Биринчи мезгил – биринчи класс:** негизги ишмердүүлүктүн оюндан окууга алмашуусу болот, жаңы талабы жана милдети пайда болот, 3 айдан 1,5 жылга чейин көнүү убактысы созулат.

**Экинчи мезгил - 4 дөн 5-класска которулган** мезгил. Жаңы мектеп сабактары пайда болот, балдар бир мугалимдин ордуна ар түрдүү сабактын мугалимдеринде окушат.

**Үчүнчү мезгил – 9-класстын башталышында** жаңы азаптуу көйгөй (проблема) пайда болот: 9-класстан кийин эмне кылыш керек – атайын орто окуу жайына баруу керекпи же 10-11-класста окууну улантсабы. Көпчүлүк жаш өспүрүмдөр үчүн 9-класс чек болот, анын артынан алар аргасыздан чоңдордун жашоосун баштоого туура келет.

**Төртүнчү конфликттүү мезгил:** мектепти аяктоо, келечектеги кесипти тандоо, ЖОЖго конкурстук экзамендер, жекече жана (интимдик) башкаларга айтылбай турган жашоонун башталышы.

**Педагогикалык конфликттердин үчүнчү тобу** - окуучулардын бир-бири менен, мугалимдердин жана окуучулардын, мугалимдердин бир-бири менен, мугалимдердин жана мектептин администрациясынын өз ара аракеттешүүнүн конфликттери. Бул конфликттер субъективдүү мүнөздүн себебинен

конфликтешкендердин инсандык өзгөчөлүгүнөн, алардын максаттуу көрсөтмөсүнөн жана баалуулук түшүнүгүнөн пайда болот.

"Окуучу-окуучу" арасында лидерликтин конфликти абдан көп таркалган, класста балдар менен кыздардын топтору конфликттешет.

Себептүүлүктөн тышкары, "окуучу-окуучу" өз ара аракеттенүүдөгү конфликттери, ахлак-адептүү этикалык мүнөздөгү конфликттер чыга келиши мүмкүн.

Мугалимдер ортосунда болгон конфликттер ар кандай себептер менен пайда болот: мектеп күн тартибинин көйгөйүнөн тартып интимдик-инсандык тартип кагылышуусуна чейин.

"Мугалим-администрация" өз ара аракеттешүүсүндө бийлик жана баш ийүү көйгөйлөрүнөн конфликттер чыгат.

**Педагогикалык конфликт: түзүлүш, чөйрө, динамика.**

Конфликттин жагдайынын түзүлүшү, катышуучулардын ички жана тышкы позициясынан, алардын өз ара аракеттешүүсүнөн жана конфликттин объектисинен болот. Катышуучулардын ичиндеги позициясынан катышуучулардын максатын, кызыгуусун жана себебин бөлсө болот. Конфликттешкендердин сөз сүйлөө кылык-жоругунан сырткы позициясы көрсөтүлөт, ал алардын ойлорунда, көз карашында, каалоолорунда берилет.

Эгерде сиз анын сырткы жүрүм-турумуна багыттоо кылбай, ички позициясына, б.а. анын максатын, кызыгуусун жана себебин түшүнө алсаңар, силердин жаш өспүрүм менен конфликттүү өз ара мамилеңер жакшы жакка өзгөрүшү мүмкүн.

Конфликтин тармагы ишкердик же инсандык болушу мүмкүн. Мугалимдер менен окуучулар ар дайым конфликттүү кырдаалдарда кездешүүгө туура келет. Бирок, конфликт ишкердик тармакта болушуна жана инсандык болуп кетпөөгө умтулуу керек.

**Конфликттин динамикасы негизги үч деңгээлден турат:
өсүү (1), ишке ашыруу (2), өчө баштоо (3).**

Конфликтти "жабуунун" натыйжалуу ыктарынын бири – өз ара аракеттешүүсүнүн байланышынын тегиздигинен буюмдук аракет тегиздигине аны өткөрүү (класстык бөлмөнү тазалоо, карды тазалоо). Ошондо терс энергия сарп кылынат жана конфликт болбойт.

**Конфликтти чечүүдө оюн методдору:**

1. **Интроспекция методу,** адам өзүн башка бирөөнүн ордуна коёт, андан кийин ойлорду жана сезимди өзүнүн элестетүүсүндө анын оюу боюнча башка бирөө ушул учурда эмнени сезип жатканын көз алдында элестетет.

2. **Эмпатия методу** башка адамдын баштан өткөргөнүн түшүнүү техникасында негизделген. Эгерде сиз эмоционалдуу болсоңуз, интуиция менен ойлонууга туура келсеңиз, бул метод сизге пайдалуу болот. Эмоционалдык психикалык түрү бар адамдарга "художниктер" тибине – тил жана адабият мугалими, сүрөт жана музыка мугалимдери кирет. Эстеп коюу маанилүү, эгерде өзүңүздүн башчыңызга ишенгенди билсеңиз, интиуция сезимин жана интеллектуалдык интерпретацияны өз убагында токтотконго жөндөмдүү болсоңуз, метод бийик деңгээлге жетүүгө мүмкүндүк берет.

3. Эгерде өзүнүн ой жүгүртүүсүнө таянса, ким рационалдуу болсо ага **логикалык талдоонун методу** туура келет. Шериктешин өз ара аракеттешүү менен түшүнүү үчүн, ушундай киши ал жөнүндө жана жагдай жөнүндө аңгемелешкен адам кабылган интеллектуалдык түшүнүү системасын түзөт. Мектептеги математика мугалими көпчүлүк убакта "терең ойлоого жөндөмдүү кишилердин" тибине кирет.

## Мугалимдин конфликте элдештирүүчү болушу

Мугалим өзүнүн педагогикалык практикасында окуучулар ортосундагы, ата-эне жана окуучунун, мугалим жана мектеп дирекциясы менен болгон конфликтти жөнгө салууга дуушар болот. Ушундай учурда мугалим атайын элдештирүү аракетинин жардамы менен жолун табууга көмөк көрсөтө алат. Элдештирүүчү конфликттик жагдайда баарлашуудагы жана өз ара аракеттешүүдөгү конструктивдүү элементтерди өркүндөтөт жана бекемдетет, конфликтти жөнгө салат. Элдештирүүчү конфликттешкендердин бирөөсүнүн дагы көз карашын кабыл албоо керек, конфликтөөчү объектке калыс болуу керек.

**Конфликтте элдештирүү методикасы 3 кадамдан турат:**

**1-кадам. “Сүйлөшүүгө убакыт тапкыла”.** Мына ушул этапта элдештирүүчү катышуучуларга сүйлөшүүнүн убакыты жана орду боюнча макулдашууга жардам берет:

- сүйлөшүү узакка созулушу керек (2 - 4 саат);
- орун ар кандай тоскоолдуктар жок болгондой кылып тандалат (телефон менен сүйлөшүү, эшикти ача берүү, шыкалоо жана башкалар);
- сүйлөшүүнүн убакыты менен катышуучунун бирөөсү дагы чектелбеши керек (эч жакка шашпоо);
- макулдашуу учурунда күч ыктарын колдонуу тыюу салынат (тигил адамды көнүүгө, багынууга ) аргасыз кылуу;
- эгерде макулдашуу башталса, бөлмөдөн белгиленген убакыт бүткөнгө чейин чыгууга тыюу салынат.

**2-кадам. “Уюштурууну пландаштыргыла”.** Сүйлөшүүнүн башталышында аны туура “жүргүзүү” зарыл. Мугалим кириш сөз менен чыгып сүйлөйт. Силер макулдашууда түзгөн көрсөтмө, бир дагы окуучуну өзүнүн позициясынан баш тартууну аргасыз кылбайсыз. Окуучулар менен жаңы позицияны иштеп чыгасыңар, анда бардык конфликттешкен тараптардын позитивдүү моменттери эске алынат.

**Сүйлөшүүлөрдө үч катаны жасабоого аракет кылуу зарыл.**

1. **“Же утасың, же утуласың”**. Конфликтте бир эле тарап туура (чын), экинчи тарап бардык учурда туура эмес деген кыялдануу адамдарга макулдашууга тоскоол болот. Тууралар жана күнөөлүүлөр жок, ар бир адам өзүнүн максатына жана өзүнүн каалоосун канааттандырганга умтулууга укуктуу, бул нерсеге аракет кылууда башкалардын максатын жана каалоосун эске алуу зарыл.
2. **“Сен жаман адамсың”**. Көпчүлүк убакта адамдар ортосундагы конфликттер конструктивдүү эмес чечилет, анткени катышуучунун бирөөсү өзүнө жана башкаларга, анын кас тарабы – жаман адам жана ушул конфликт шеригинин мүнөзү оор болгондуктан келип чыкканын далилдейт.
3. **“Жолтоо”**. Конфликтин объектиси – макулдашууга жетишүүгө аябай олуттуу тоскоолдук.

**3-кадам. “Айтып ал”.** Чаташуунун объектисин табуу жана көйгөйүн (проблемасын) так кылып айтуу. Өзүнүн көз карашын толугу менен айтууга жана башка бирөөнүн көз карашын угууга жаш өспүрүмдөргө мүмкүнчүлүк бергиле.

“Макулдашуу”. Сүйлөшүүдө, катышуучулар айтарын айтып, “жаны жеңилдеп” калган учур келет. Алар психологиялык жактан элдешүүгө даяр.

## Жалпы сунуштар

**Чыңалуу пайда болгондо көрсөтсө болот:**

- сүйлөшүп жаткан адамга көңүл буруу;

- боорукерлик, ынактык, кызыктыргандык, жөнү бар мамиле;
- табигыйлык;
- сүйлөшүп жаткан адамдын алсыздыгына чыдамдуулук көрсөтүү;
- ага тилектеш болуу, катышуу;
- чыдамдуулукту жана өзүн-өзү көзөмөлдөө;
- жайбаракат үн;
- кыскалык жана аз сүйлөгөндүк;
- эгерде сүйлөшүп жаткан адам өтө эле толкунданып жатса же аябай бат сүйлөп жатса, сүйлөшүүнүн ритмин, темпин бир аз созуу керек;
- кандай окуялар ушундай абалга аны алып келгенин, элестетүү менен шеригинин ордуна өзүн коюп жана түшүнүүгө аракет кылса болот.
- "мага ушундай абалда кандай болмок эле?" деп сезүүгө аракет кылып көрүү.
- кээде туура жана туура эмес көз караштардын жана жооптордун болбостугун унутпагыла.

Узун сөздү (фразаны) сүйлөшүп жаткан адам жактан нейтралдуу жана позитивдүү реакцияны болгудай кылып түзүү керек. "Мен эч качан ойлогон эмесмин, а сен болсо, көрсө мындай..." – деген типтеги жеке баа берүүдөн алыс болуу керек. Бул үчүн өзүңдүн сезимиңди сөз менен айтса болот "Сен жасап жатканда... бул жагдайда, анда мен... сезем (ачуланууну, жини келгенди, агрессияны, көңүл калууну, кайгыны, кубанычты, бакытты, көңүл эргитүүнү, жеңилдикти, көтөрүүнү, тынччылыкты). Ушул узун сөздөн (фразадан) кийин тынччылык жана жагдайды эстүүлүк менен баалоо пайда болот деп көбүнчөсү белгилейт.

**Сөзү жок жүрүм-турум:**

- Айтып алууга мүмкүнчүлүк берүү, кыйкырып өз үнүн угузуудан же сөздү бөлүүдөн алыс болуу;
- Көңүл коюу менен угуу;
- Эгерде сүйлөшүп жаткан адам ашыкча активдүү болсо, тынычтуу жасоо;
- Сиз сүйлөшүп жаткан адамдын абалын түшүнүп жатканыңызды көрсөтүү (башты ийкөө, сүйлөшүп жаткан адам тарапка эңкейүү ж.б.)
- Аралыкты кыскартуу, абалды теңдөө (жакындоо, жанында отуруу, керек болсо тийип кою, күлүмсүрөсө да болот).

**Маекти алып баруу жолдору:**

- Сүйлөшүп жаткан адамга ак ниеттүүлүк менен салам айтуу.
- Отурууну сунуштоо (сүйлөшүп жаткан адамга мүмкүн болушунча тик бурчуна же учтуу жагына отуруу, андан анчалык алыс эмес, силердин ортоңордогу стол, парталар түрүндөгү тоскоолдон алыс болуу ж.б.).
- Сүйлөшүп жаткан адамдын сөзү сизди кандай абалга алып келгенин айтуу.
- Сүйлөшүп жаткан адамдын жөн-жайы жана абалы жөнүндө айтуу.
- Фактыларга кайрылуу (эмоционалдык баалоодон алыс болуу).
- Бар болгон жакта, күнөөнү моюнга алуу.
- Сүйлөшүп жаткан адамдын чындыгын, ошол пункттардан ал шексиз туура болсо моюнга алуу.

- Айтып жаткан суроонун канчалык маанилүү экендигин сиз түшүнүп жатканыңызды сүйлөшүп жаткан адамга сезүүгө мүмкүнчүлүк берүү.
- Сүйлөшүп жаткан адам менен кызыгуунун, максаттардын, маселелердин жалпылыгын айрыкча белгилөө.
- Көйгөйдү чечүүгө сиздин кызыккандык бар экендигин көрсөтүү.
- Сүйлөшүп жаткан адамга ишенүү бар экендигин көрсөтүү.
- Көйгөйдү чечүүчү шериктин эң жакшы сапаттарын белгилөө.
- Шериктин маанилүүлүгүн көрсөтүү, топтогу анын ордун, ролун, күчтүү сапаттарын, башкалар тараптан ага болгон жакшы мамилеси.
- Сүйлөшүп жаткан адамдан кеңеш суроо, ал сиздин ордуңузда ушул кырдаалда эмне кылмак.

Көпчүлүк убактарда мугалимдерде баарлашууда өзгөчө иши пайда болот, инсан аралык мамилеге бир далай энергия сарпталат, мугалимдердин кесибинин өзгөчөлүгү ушунда. Так ушул жерде, мугалим үчүн өтө олуттуу, конфликттерге жана стресстерге алып келген көптөгөн түшүнбөстүктөр пайда болот, анткен себеби дайыма акылдан тышкары жакта жатат. Башкача айтканда, конфликт менен кездешкенде мугалимдер дайыма, алар интуитивдүү туура деп ойлогондой аракет жасашат.

Ушундай жүрүм-турум педагогдун балалык акылдан тышкары тажрыйбасында түзүлөт (мугалим төрөлгөн жана тарбияланган үй-бүлөдө ар кандай суроолор ушундай коюлчу жана чечилчү). Түзүлгөн жүрүм-турумдун конструктивдүү стереотиптерин (начар жактарын) жеңип чыгуу үчүн, педагогго ушул тармактан теоретикалык билим жана практикалык көндүмдөрдү алуу керек. Биз толугу менен бул тармактагы пайда болгон көйгөйдү чече албайбыз, бирок олуттуу жардам көрсөтө турган **бир нече психологдун пайдалуу кеңештерин бере алабыз.**

- Өзүнүн абалын ашыра жүктөөнүн натыйжасынын жыйынтыгындай түшүнүү. Өзүнүн турмушун өзгөртүүнү каалоо, өзүнүн кесиптик ишинин күн тартибин психологиялык жүктөлүүнү азайтууга көрсөткөндөй кылып кайра куруу.
- Сабакка даярданууда, мугалимге жеңилдөөгө жана кичине эс алууга мүмүкүндүк бергендей, окуучулар менен өз алдынча иштөө учурун пландаштыруу.
- Психологиялык жайлуу болгон жерлерде көбүрөөк жүрүшү керек. Эмоционалдуу көңүлдү жакшы көтөргөн адамдар менен баарлашуу.
- Дүйнө кемчилиги менен жана ал биз күткөндөй эмес экендигин түшүнүү. Ошондуктан бардыгына жооп берүүнү жана каалаган натыйжага жете аларыңды күтүүнүн кереги жок. Өзүңдүн кичинекей дүйнөңдү, өзүңдүн компетенцияңдын чегинде өзүңдүн кесиптик жана ишкер жоопкерчилик менен түзүү керек.
- Адамдардын ортосундагы мамиленин чөйрөсүндө өркүндөө, бул үчүн атайын тренингдерди колдонуу (коммуникативдүү, арт-терапевтикалык), психолог-адиси менен кеңешүү, мектепте ар кандай психологиялык семинарларды уюштуруу жана өткөрүү.
- Күнүмдүк эскичиликти өтүүгө умтулуу. Бул үчүн ар түрдүү психологиялык куралдарды колдонуу.
- Кесиптик бекинүүдөн жана обочолонуудан алыс болуу, жумуштагы кесиптештер менен өзүнүн көйгөйлөрүн (проблемалын) талкулоо.
- Алсыздануута түрткү берген жана психикалык чыңалууну алып таштоого дене-тарбиялык көнүгүүлөр менен машыгуу керек.
- Турмуштагы башка окуяларга өтүү, өз жумушу менен аралыкты кармоого умтулуу.

## 7.3 Негизги эмоционалдык абалды өнүктүрүүгө оюндар:

**Көңүл буруу, кызыгуу, кубануу, ыкылас коюу жана у.с. Дененин ачык кыймылы жана бетти ымдоо. Таанышуунун ыгын, өзүн кармоонун ыгын, олуттуу окуяларда өзүн конструктивдүү кармаганды билүүнү өнүктүрүүгө оюндар.**

### “Ысык отургуч” оюну

Балдар өздөрүн туура эмес алып жүргөн, аларга азыр уят сезилген, эч качан кайталагылары келбеген окуяларды эстешет. Бардык балдар тегерек болуп отурушат, өзү жөнүндө айтып жаткан тегеректин ортосуна отурат. Аңгемеден кийин балдар жүрүм-турумдун жакшы жактарын сунуштамашат, андан кийин алар кайрадан ойнолот.

### “Курмандык” оюну

Класстагы ачык терезенин жанында кыз отурган. Отургучтун үстүндө гүл салынган ваза турган. Капыстан катуу шамал согот. Терезе ачылып кетип, ваза кулап түшөт. Кыз коркуп кетет. Класска балдар келишти. Коңгуроо кагылып мугалим дагы кирип келди. “Лена гүлү менен вазаны сындырып салды” – деп балдар кыйкырышты. “Бул мен эмес, бул шамал!” – деп кыз айтса деле болбой, аны эч ким укпады. Ал бетин колу менен жаап алып ыйлап жиберди.

Балдар корккон, ыйлап жиберген, таарынган кызды элестетип көрсөтүшөт. Андан кийин аларга кызды сөзү жок эле ырайым кылууга, анан аны сөз менен жубатуу сунушталат. Балдардын ырас боло турган жүрүм-турумунун варианттары талкууланат.

### “Өткөнкү, азыркы жана келерки аты менен окшоштуруу” оюну

Чоңдор балага өткөн, азыркы жана келерки убактагы өзүнүн портретин тартууну сунуштайт**.** Андан кийин ал 3 варианттагы баланын атын айтат жана кайсы карточкага ал көбүрөөк дал келерин андан көрсөтүүнү суранат. Бала кандай болгонун, бар жана болорун талкуулоо.

#### Тема: Достук (2-класс). Үлгүлүү сабак.

Мугалим И.Василенконун “Көпүрө” аңгемесин окуп жана суроолорду берет.

1. Эмнеге достор урушуп кетишти?
2. Эмнеге мектептеги достору аларды элдештире алышпады?
3. Балдар бири-бирине кандай мамиле кылышчу?
4. “Токойдун ичинде алыста болсоң – ошончолук отун көп”. Макалдын маанисин түшүндүргүлө. Ушул окуяга туура келеби?
5. “Өзүңө эмнени каалабасаң, аны башкага жасаба”. Ушул сөздөрдү сиз кимге айтар элеңиз?
6. “Акылдуу өзүн күнөөлөйт, акылсыз – өзүнүн досун”. Бул макалды эмне үчүн ушул аңгемеге сунуштаса болот?

**Саноо (жаттоо):**

Илгери–илгери менби, сенби, биздин ортобузда талаш болду. Ким баштады? – эстей албадык, бирок ушул күнгө чейин дос болбой калдык. Мүмкүн оюн ушул жолу бизди элдештирет?

**Талкуулоо:**

- Гриша менен Димага кайра достошконго эмне жардам берди ? (айтып берүү)
- Мурда балдар элдешкилери келди беле, кандай деп ойлойсуңар?
- Эмнеге аңгеме “Көпүрө” деп аталган?

**Сабактын жыйынтыгы:**

“Ката кылганды билген, оңдогонду да бил”. Сиздин турмушуңузда ушул макал керек болгон окуя болгон эмеспи, эстегиле? (талкуулоо).

**Тема: «Кандайча кылуу керек?» (2-класс).**

**Дидактикалык материал менен иштөө:**

Мугалим тигил же бул жүрүм-турум кырдаалын ачкан сүрөттөрдүн сериясын колдонот. Балага башталышын жана аягын ойлоп табуу сунушталат. Андан кийин текшерүү болот (жабылган карточкалар ачылат жана колдоого алынуучу жүрүм-турумдардын варианты сунушталат).

Ар түрдүү темаларга бөлүктөр топтолот: “Сылык бол” бөлүгү (автобустагы баланы көрсөткөн 6 карточка).

1–4 - карточкалар ачылган (5–6 - карточкалар жабык).

- Силердин оюңар боюнча бала кандай кылат?
- Ал эмне үчүн ушуну жасады? Жүрүм-турумдун башка варианты бар болушу мүмкүнбү?
- Кайсыл учурда баланын жүрүм-турумун силер жактырмаксыңар?
- Эгерде баланын жүрүм-туруму силерге жакса, силер ага эмне деп айтмаксыңар?
- Эгерде баланын жүрүм-туруму силерге жакпаса, силер ага эмне деп айтмаксыңар?
  5–6-карточкаларды ачабыз.
- Силердин кимиңер ушул баладай иш жасайт элеңер?

**“Белек” кырдаалы (эркин ойлогон нерсени айтуу, өзүңдүн жоопторуңду далилдөө):**

Бир кыз туулган күнгө чакырылган. Апасынан кымбат баалуу белекке акча сурайт. Эгерде белек арзан болсо, ал жөнүндө сараң жана ал өзүнүн дос кызын жакшы көрбөйт деп ойлошорун ал ишенет. Апасы кызын ойлогон ою туура эмес экендигин түшүндүрүүгө аракет кылат...

Кырдаалды ойноо. Кыздын ролун алдын ала дайындалган окуучу ойнойт, апасынын ролун - алдын ала бул жагдай менен тааныш класс ойнойт.

**Сабактын жыйынтыгы:**

- Сабактан сизге эмне жакты?
- Сиз өзүңүз үчүн негизги жана башкы эмнени эстеп калдыңыз?
- Тушмушта сизге эмне керек болуп калышы мүмкүн?

**1-бөлүм. Бул чоңдордун таң каларлык дүйнөсү.**

Балада чоңдорду билүү жана түшүнүү улууларды урматтоонун уңгусу, ата-энеге болгон сүйүү биринчи кезекте үй-бүлөдө түзүлөт (чоң атага жана чоң энеге, алардын жашоосунун, чыгыны иштеринин жана мамилесинин тарыхы). Бул сапаттар үй-бүлөдөгү улуу мүчөлөр бала менен болгон өз ара аракеттешүүдө жалпы үй жумуштарында, эс алууда, майрам учурунда түзүлөт. Үй-бүлөдөгү улуу мүчөлөрдүн көңүлү, кылык-жоруктары, алардын бир-бири менен болгон мамилеси баланын коммуникативдүү

көндүмдөрүнүн калыптанышына түздөн-түз таасир кылат. Жүрүм-турумдун эрежелери жана чоң адамдар менен баарлашуу, көчөдөгү ар түрдүү жагдайларда, унаада, дүкөндө жана коомчулук жерлерде бала өздөштүрөт.

Оюндар: "Менин үй-бүлөмдүн тарыхы", "Достошкон үй-бүлө", "Туулган күн", "Менин үй-бүлөм", "Конокторду кабыл алуу", "Дачага барып келүү", "Интервью", "Мен күндү кантип өткөрдүм", "Чай ичүү", "Теплоходдо саякаттоо", "Кожоюн аял", "Менин үй-бүлөмдүн кечи".

**2-бөлүм. Менин "мен" жөнүндөгү жашыруун сырым.**

Өзүңдүн образың – бул ар бир бала өзүнө кандай мамиле кылганы, анын акылынын жана сезиминин жыйынтыгы. Баарлашуу процессин ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн зарыл болгон өзүн-өзү урматтоону, өз кадырын баалай билүүнү позитивдүү акыл жана сезим түзүшөт.

Өзүнө болгон жол таптакыр жеңил эмес. Бала жөн эле "мен" деген менчиктүү нерсенин бар экендигин билүү керек эмес, бирок аны баалаганды үйрөнүшү керек. Башталышында өзүн тыштан көрүүнү үйрөнүү зарыл: өзүнүн сырткы келбетин, жүрүм-турумдун өзгөчүлүгүн жана манерасын, мүнөзүнүн кээ бир түрүн. Бул ар бир балага жеке индивидуалдык сезимди жана өзүнүн өтө сейректигин салууга жардам берет. Балдар өздөрүн баалаганды, мактоону туура кабыл алууну, өзүнүн ийгиликтерин жана жетишкендиктерин байкап жана анализ жасоого аракет жасаганды үйрөнүү зарыл. Бул баарлашууда керектүү ишенимдүүлүктү табууга, өзүн жеңил жана сергек сезүүгө, ар дайым адамдарга күлкү тартылоону үйрөнүүгө жардам берет.

Өзүн-өзү урматтоо сезими жана өзүнө, өзүнүн күчүнө ишенимдүүлүгү балдарга ар кандай аракетке активдүү киришүүгө, өзүнүн акылы жана сезими менен чын көңүлү менен бөлүшүүгө бири-бири менен баарлашууда мүмкүнчүлүк берет.

Өзүн-өзү билүү процесси баланын өзүнө-өзү баа берүүсүн түзөт. Сен кандай ойлойсуң жана аракет кыласың, айланадагылардын мамилесин баалаганды билесиңби, билүү зарыл. Бул мындан ары башка адамдар менен баарлашууда бир далай ийгиликтерге жетишүүгө жардам берет.

1. **Оюндар:** "Мен деген эмне"?, "Менин жаркыраган күзгүм, айтчы", "Менин автордук сүрөтүм".
2. Балдардын турмушундагы окуялар жөнүндө китептерди, кинотасмаларды окуу жана талкуулоо. Адамдардын кылган ишин жана мамилесин түшүнүү жана баалоо.
3. Эмоционалдуу абалда көрсөтүлгөн, ар түрдүү жандоолорду таануу үчүн этюддар: "Кичинекей скульптор", "Күзгүлөр дүкөнүндө", "Сыйкырланган бала".
4. Кубаныч, жыргал эмоционалдуу сезимдерин көрсөтүүчү этюддар: "Эркелетүү", "Таттуу момпосуй", ачык-айкын каражаттар аркылуу: кыймыл-аракеттер (башты төмөн жакка ийүү, колдун, буттун мүнөздүү кыймыл аракеттери), ымдоо (жумулган көздөр, жылмайыш).
5. Капалануу, азап чегүү сезимдерин билип көрсөткөндү өнүктүрүү этюддары. Ачык-айкын каражаттар (тизелердин титирөөсү, колдордун жышысу, тулку бойдун бүкүрөйгөн абалы, курсакка кысылган колдор, колдун манжаларын дем менен жылытуу). Ымдоо (көтөрүлгөн жана түйүлгөн каш, бакырайган жана жүлжүйткөн көздөр).
6. Жек көрүү, жийиркенүү сезимдерин билип көрсөткөндү өнүктүрүү этюддары ("Туздуу чай", "Кир"). Ачык-айкын каражаттар: кыймыл-аракеттер (башты ийүү, басыш), ымдоо (кабагын түйүү, тырышкан мурун, үстүңкү эрин көтөрүлгөн).
7. Таң калуу сезимдерин билип көрсөткөндү өнүктүрүү этюддары ("Таң калуу", "Тегерек көз"). Ымдоо, жандоо, дененин турушу.
8. Көңүл буруу, ыкылас коюу, кызыгуу сезимдерин билип көрсөткөндү өнүктүрүү этюддары. ("Ал жакта эмне болуп жатат?", "Ойлонуу").

9. Оюн этюддары (“Урушуп кетүү жана элдешүү”, “Ар кандай көңүл”, “Сейилдикке чыгуу”).
10. Коркуу сезимдерин билип көрсөткөндү өнүктүрүү этюддары (“Бачики коркот”). Ачык-айкын каражаттар: коркууну тууроо кыймыл-аракеттери; басуу, ымдоо.

**3-бөлүм. Бири-бирибизди кандай көрөбүз.**

Чыныгы адамкерчилик баарлашуу өзүнүн менчик “мен” дегенин түшүнүүдөн башталат. Бара-бара бул сезим, башка адамдарга кайрылган кылык-жоруктун жана сөздүн белгилери менен толуктанат. Ушундай өз ара аракеттешүүнүн баалуу жыйынтыгы болуп, жанында башка адамды, ага таандык сырткы келбети жана ички жан-дили менен көрүүгө мүмкүнчүлүк берүү саналат. Өзүнүн эмоционалдык абалын жана башка адамдын кылык-жоруктарын жакшы түшүнүүсү жагуу сезимине, урматтоого жана баштан өткөрүүгө алып келет, алар айланадагы адамдар менен баарлашуунун зарыл шарты болуп саналат.

Өзүн шеригинин ордуна коюу жөндөмдүүлүгү баарлашуу боюнча аны жакшы түшүнүүгө, анын мүнөзүнүн айрым түрүн бөлүп жана алардын мамилесинде жана аракетинде көрсөтүү жардам берет. Өзүнүн шеригинин ролун өзүнө алганды билүү, башкалардын кемчилигине чыдамдуулукка үйрөтөт, баштан өткөрүү сезимин жетилтет.

1. ”Көркөм сүрөткө таянуу менен мүнөздү табуу (оюндар: “Достордун сүрөттөрү”, “Менин досторума оюнчуктар”, “Досторумдун портреттеринин көргөзмөсү”).
2. Катышуучулардын мындан ары жүрүм-турумун ойлонуу максатында, оюн убагында балдардын сөздөрүн жазуу жана кайта өндүрүү үчүн атайын оюн жагдайларын түзүү (атайын техникалык каражаттарды колдонуу).
3. Адамдын сырткы көрүнүшү менен анын ички дүйнөсүнүн тең салмактуулугун белгилөө оюндары.

**4-бөлүм. Өзүн-өзү кармай билүү.**

Сүйлөшүп жаткан адамдын айткан сөзүнө көңүлдү бүт коюу, өзүңдүн сүйлөгөн сөзүңдү жана кылык-жоругуңду көзөмөлдөө, өзүнүн жүрүм-турумун башкарууну билүү баарлашуу процессинде чоң маанилүү ролду ойнойт. Көрсөтүлгөн билгичтиктин компонентинин бири болуп эрки менен алсыздануу жөндөмдүүлүгү болуп саналат. Мектеп курактагы кичинекей балдарда аны түзүү кыйын эмес, анткени өзүнүн мүнөзү боюнча алар аябай активдүү, бат таасирленүүчү жеңил сезгич. Алсыздануу, өзүн бат бош алып жүрүүнү билүү өзүнө төмөндөгү негизги компоненттерди кошот:

- күчөнүү жана начарлануу менен байланыштуу болгон дененин сезимин баамдоо;
- оюн жагдайында тынчтык сезимге батуу;
- баланын керектөөсүнө жана тиешелүү кызыкчылыктарына, релаксациялык көнүгүүлөр жана аракеттердин жардамы менен чыңалууну алып таштоо жана алсыроо абалына кирүү.

Оюндар: “Муштумдар”, “Штанга”, “Пружинкалар”, “Ар биреөлөр уктайт”, “Үнду ук”.

Кыймылдоо автоматизимин өтүү оюндары: “Тыюу салынган кыймыл”. Эрежелер менен кыймылдама оюндары. Уяңдыкты жеңип чыгуу оюндары.

### Балдар жана мугалимдер үчүн конфликттүү жагдайды чечүүгө көнүгүүлөр

## «Көпүрө»

Класста же көчөдө бор менен мугалим сызыкты тартат жана төмөндөгү нускаманы берет. “Силер көпүрө менен карама-каршы жээкке өтүп бара жатасыңар, жана силердин алдыңардан башка жээкке көпүрө менен башка адам бара жатат. Көпүрө аябай ичке, бирок сизге жана тиги адамга сөзсүз түрдө көпүрөнү өтүш керек. Эгерде силер сызыктан өтүп кетсеңер, анда силер бутуңардын астындагы шаркыраган

сууга кулап каласыңар. Силердин аракетиңер. Мугалим эч кандай комментарий бербейт. Балдар өз алдынча түзүлгөн жагдайдан чыгуу жолун табышат. Көнүгүүлөр үнчукпай жасашат. Андан кийин, таасирлер менен бөлүшсө болот. Мугалим сураса болот: Силерге бул көнүгүүдөн эмне эң кыйын болду, эмне жакты, эмне үчүн?

**Этникалардын ортосундагы мамилени түзүүнүн булагы**

Алдын ала илинген кагазга түстүү карточкаларды чаптоонун жардамы менен ар түрдүү улуттун мүнөздөмөсүн бөлүүгө катышуучуларга сунуштагыла:

| япондор | америкалыктар | цыгандар | итальяндар | французздар |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

Төмөндөгү түстөр менен мүнөздөмөлөр көрсөтүлөт.

Алдын ала түстөрдү белгилеген плакатты даярдап койгула (кагаздын бар болгонуна жараша түс өзгөрүп калышы мүмкүн):

- кызыл – өзүнө эле ишенгендер
- көк – педанттык ( артыкча кылдат, тыкандар).
- сары – куулар, амалдуулар
- жашыл – жини бат келүүчүлөр
- сары кызыл – жеңил ойлуулар

Ар бир катышуучуга ар түстөгү 5 карточканы тараткыла. Андан кийин плакатта түстүү-мүнөздөрдү бөлүштүрүүгө 5 мүнөт убакыт бергиле. Бул процесс талкуулоосуз, үнчукпай өтүшү керек экендигин белгилеп кеткиле.

Катышуучулар менен плакатта сүрөттөлгөн жыйынтыкты талкуулоо жасагыла.

**Талкуулоо үчүн суроолор:**

- Ар бир улут үчүн кандай мүнөздөмөлөр басымдуулук кылат? Эмне үчүн?
- Сиздин жашооңузда бул улуттун өкүлдөрү менен жолуктуңуз беле?
- Эгерде жолукпасаңыз, эмненин негизинде мүнөздөмөнү бердиңиз?
- Эгерде жолуксаңыз, бул мүнөздөлөр канчалык дал келишет?
- Жалаң эле ушул этникалык топтун өкүлдөрүнө гана эмес алар бардыгына колдонсо болобу?
- Эгерде андай эмес болсо, анда эмнеге силердин көпчүлүгүңөр бул этносторду ушундай кылып мүнөздөдүңөр?

**Мүмкүн болгон жыйынтык:**

- Адамда жаман ойдо болуу шыгы бар – бул буюм, жагдай, адам же топ жөнүндө алдын ала жетишерлик себеби, маалымат берүүсү же тажрыйбасы жок эле, түзүлгөн пикир.
- Жаман ойдо болуу стереотиптерди түзүүдөгү негиз болот, качан гана жаман ойдо болуу белгиленген топко карата ушунчалык жалпыланса, топтун бардык мүчөлөрү бирдей белгилерге ээ деген пикир пайда болот.
- Өзүңдө жаман ойдо болуу жана стереотиптер бар экендигин түшүнүү зарыл, алар оң же терс экендигин аныктоо керек.
- Биздин стереотиптер (өзгөчө негативдүү) биздин жүрүм-турумга жана чечимдерге таасир этпеси маанилүү.

“Жаман ойдо болуу жана стереотиптер” деген материалды топтун катышуучуларына тараткыла (мугалимдер, чоң класстагылар). Окугула жана топто талкуулоо жасагыла.

### Жаман ойдо болуу жана стереотиптер

**Жаман ойдо болуу** – бул буюм, жагдай, адам же топ жөнүндө алдын ала жетишерлик эмес себеби, маалымат берүүсү же тажрыйбасы жок эле түзүлгөн пикир.

Дүйнө бир далай татаал болгондуктан, адамдарга ар бир окуяны же айрым адамды түшүнүүгө дайыма убакыт дагы, энергия дагы жетишпейт. Ошондуктан өзүбүздүн кабыл алуубузду жаман ойдо болуунун жардамы менен жөнөкөйлөтөбүз. Далай ирет жаман ойдо болуу анчалык коркунучсуз. Алар болгону эле дүйнөнү башкарууга боло тургандай кылышат. Бирок алар топтордун же өзүнчө адамдардын ортосунда пайда болсо жана бири-бирине карата жүрүм-турумуна терс таасир берсе, жаман ойдо болуу кыйратуучу курал болуп калышы мүмкүн.

**Жаман ойдо болуу** көбүнчө сезимге жана көз карашка негизделет, алар кабыл алууга таасир этет. Болуп жаткан нерсени кабыл алуубузду биздин көз карашыбыз аныктайт (факты жагынан алганда, ырым-жырымыбыз биз эмнени көргөндөн жана уккандан негизделбей, тескеринче: кабыл алуу жана адамдын жүрүм-турумун жана жагдайды түшүндүрүү жаман ойдо болуунун таасирине кабылышат).

Жаман ойдо болуудан качууга кыйын, анткени аны калыптандырууда үй-бүлө жана социалдык тарбия, андан тышкары кандайдыр бир жалпылыктын бир бөлүгү болуу керектүүлүгү чоң ролду ойнойт. Кичинекей кезибизде кабыл алынган сезим жана көз караштар мындан ары инстинкттик мүнөзгө ээ болот. Чынында да, адам жаман ойдо болууга жакын болот, эгерде ал авторитардык чөйрөдө тарбияланса, үй-бүлөдө кандайдыр бир догмаларга шек келтирилбесе, мисалы, өзүн-өзү урматтоо жетишпеген учурда же эгерде адам өзү курчоодо болсо, өзүнө окшобогон адамдарды ал жолугушу мүмкүн эмес болсо керек.

Бир топко жаман ойдо болгон адамдар, ошондой эле жаман ойдо башка топторго болору аныкталган. Мисалы, белгилүү динчил топтун мүчөлөрүнө каршы ал жаман ойдо болсо, ал ушундай эле расалык жок нерсеге ишенүү болот го дейм. Жок нерсеге ишенүү өнөкөт болгон адамдар, эгерде аларга туура эмес экендигинин далилдөөсүн көрсөтсө дагы, эгерде кандайдыр бир окуя топко, айрым адамдарга же көйгөйгө болгон мамилесин негизинен өзгөртсө дагы сокур жактоочулар, алардан баш тартышпайт. Бийлик дайыма жаман ойдо болууга демилге берет, алар саясатта пайдалуу болушу мүмкүн.

Белгилүү топко жаман ойдо болуу ошончолук жалпылаган учурда, бул топтун бардык мүчөлөрү мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ деген пикир пайда болуп, **стереотиптер** пайда болот. Мисалы, бардык аялдарды өтө эле эмоционалдуу катарында, бардык эркектер – агрессиялуу, бардык иттер кожоюнуна берилген ж.у.с.

Маданият дагы, ММК дагы, саясат дагы аларды демилгелеп жатканда стереотиптерден качуу кыйын болот. Кээде стереотиптер жана жаман ойдо болуу жарым-жартылай чындыкка ылайык келип калышы мүмкүн. Бир батыш ирландык макалда айткандай “Калптын жарымы – чындык”. Бирок стереотиптер бардык топтун мүчөлөрүнө кээ бир ырастоонун туура болгондугуна карабай белгилүү түрлөрдү таңуулашат.

Өзүңдүн жеке жаман ойдо болушуңдун деңгээлин түшүнүү аябай зарыл. Аракетте жана жүрүм-турумда ушул көңүлдүн көрүнүштөрүнүн үстүндө иштөө зарыл. Бирок, бардыгынан маанилүүсү бул эмес, биздин башка бирөөгө жаман ойдо болобузбу, ушул жаман ойдо болуу биздин жүрүм-турумга жана биздин коомдун түзүлүшүнө таасир этеби.

# 7.4 Глоссарий

**Альтернатива** – 1. Бир же бир нече өз ара карама-каршы варианттардын бар болуусу. Ар бири ушундай мүмкүнчүлүктөн. 2. Мүмкүн болгон бир нече өз ара карама-каршылыктын, чечимдердин бирөөсүн тандап алуу зарылдыгы.

**Анализ** – 1. Бүтүндү ажыратылма элементке бөлүүдөн турган, чындыкты илимий-изилдөө методу. Ant: синтез 2. Заттардын составын жана сапатын жөнөкөй элементтерге бөлүү жолу менен аныктоо. 3. Деталдуу, бардык жагынан окуу, кандайдыр бир фактыны, кубулушту, окуяны карoo. Кандайдыр бир заттын составынын жана касиетинин изилдөөсүнүн жыйынтыгы (кандын, сийдиктин ж.б.).

**Деструктивдүү** – (син) Курулай, мазмунсуз, бүлгүнгө алпаруучу, куру бекер, кыйраткыч.

**Догматизм** – Схемалык, авторитетке сокур ишенимге таянуу, бир тараптуу ойлонуу, эч талашсыз деп саналган кандайдыр бир эски абалды коргогон жана догматтарга таянуучулук...

**Жагуу** – Жакшы таасир калтыруу, сыйлоо сезимин туудуруу, өзүнө кызыктыруу, жагуу.

**Ийкемделүү** – 1. Аз даярдалган окуучулар үчүн тексти жеңилдетүү, башталгычтар үчүн чет тилин үйрөнүү. 2. Организмдин же алардын айрым органдарынын өзгөрүлгөн жашоо шартына көнүүсү.

**Интроспекция** – Өзүнүн байкоосунда негизделген психикалык процессти окутуу методу.

**Инцидент** – Жагымсыз окуя, жаңылыш; кагылышуу, конфликт (чыр-чатак).

**Конкуренция** - Бир нерседе же кандайдыр бир иште теңтайлашуучулук; жакшы жыйынтыкка жетүү үчүн күрөш.

**Концепция** – Тиги же бул чындыктын көрүнүшүнө көз караштардын системасы.

**Конъюнктура** – 1. Кырдаалдардын айкалышы, түзүлгөн кырдаал, кайсы бир областын коомчулук турмушунда түзүлгөн абал бир нерсенин жыйынтыгына, натыйжасына таасир кылуусу зарыл. 2. Экономикада түзүлгөн абал, көрсөткүчтүн жыйындысын мүнөздөгөн, дүйнөдөгү чарбанын же өлкөнүн чарбасынын абалын көрсөтөт.

**Креативтүү** – Тургузуучулук, чыгарма.

**Кризис** – 1. Кандайдыр бир абалдын, учурдун чукул өзгөрүшү. 2. Оорунун өтүүсүндөгү бурулуш учуру, оорулуунун абалын жакшырууга же начарланууга алып келген. II 1. Кыйын абал, катаал жетишпестик, бир нерсенин жетишпестиги ( финансалык жактан баш-аламандык же жан көңүлүнүн абалынын оордугу). 2. Карама-каршылыктан чыккан коомдун оор, стабилдүү эмес абалы.

**Мотивация** – Туруктуу мотивдердин жыйыны (мотив 1), инсандык мүнөзү менен аныкталган, анын баалуулук багыттоосу жана аны ишмердүүлүгүнүн багытталгандыгы; мотировка. II Психофизиологиялык сигнал, мээнин бөлүгүнүн козгоосун жана жаныбарлардын адамдын өзүнүн муктаждыгын канааттандырган козготуусун чакырган; бир нерсенин ортосундагы себеп-максаттуу байланыштын бар болуусу (кылык-жоругу, аракеттери, көрүштөр менен); керектик, инстинк, катуу кызыгуу (психологияда).

**Нейтралитет** – Мамлекеттин саясий жана укук абалы, согушка катышпаган жана согушуп жаткан мамлекеттерге карата бирдей – эч кимге жан тартпаган позиция (эл аралык укукта). 2. Башкалардын талашына, башкалардын конфликтөөшүсүнө аралашпоо.

**Приоритетүү** – 1. Кандайдыр бир ачылышта, ойлоп чыгарууда ж.б. биринчилик. 2. Бир нерсенин

басымдуулук, биринчилик мааниси.

**Резерв** – Көрөңгө (кор).

**Референттүү** – Адам өзүнүн моралдык баалуулугунун системасында багытын табат.

**Өзүнө-өзү баа берүү** - Өзүнө-өзү, өзүнүн кадырына жана кемчилигине баа коюу.

**Сензитивдүү** – Сезимталдык, сергек кабыл алуу жөндөмдүүлүгү.

**Статус** – Укуктуу абал (бирөөлөрдүн же бир нерселердин укугунун жыйыны жана милдеттери), жана ошондой эле абал (состояние).

**Стресс** – Психикалык чыңалуунун абалы, адамда же жаныбарларда күчтүү жагымсыз таасирлерден пайда болот.

**Структура** – Өз ара жайлаштыруу жана ажыратылма бөлүктөрдүн, бир нерсенин элементтеринин байланышы; түзүлүш.

**Фрустрация** – Көңүл калуу абалында пайда болгон психологиялык абал, адам үчүн маанилүү максаттын аткарылбай калышы жана бук кылуучу коркунучта, чыңалууда, арылгыс абалында көрсөтүлөт.

**Эмоция** – Ички жана тышкы дүүлүктүргүчтүн аракетине адамдын жана жаныбардын субъективдүү реакциясы, кубаныч, коркуу, жыргал жана наразылык түрүндө көрсөтүлгөн.

**Эффектүүлүк** – Өндүрүмдүүлүк, жемиштүүлүк, таасирдүүлүк, жыйынтыктоочу.

**Эмпатия** – Чоочун бирөөнүн эмоционалдык абалына кирүүгө жөндөмдүүлүк, чогуу сарсанаа болуу. Башка адамдын сезимдери жана ойлору менен өзүнүн сезимдерин интеллектуалдуу окшоштуруу.

# 8. Справочник: Бул же тигил көйгөйлөр пайда болгондо кимге кайрылуу керек

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Джалал-Абад областы:** | | | |
| **«Каниет» кризистик борбору** | Джалал-Абад шаары, Токтогул кичикөч, 7, 11 | 5 50 84, 0779 231 332 | Саралаева Жанна |
| **Психологиялык ден соолук областтык борбору** | Джалал-Абад шаары | 7 34 57 | |
| **Ош областы:** | | | |
| **Психологиялык ден соолук Ош областык борбору** | | 5 72 88 | |
| **Коомдук фонд “Мусаада”** | Ош шаары, Атабаев көч., 2 | 2 27 87 | Нурммаматов Иса Темиржанович |
| **Коомдук фонд “Ата-энелер наркотикке каршы»** | Ош шаары, Исанов көч. | 5 94 03, 5 39 63 | Бурханов Сабыр Садыкович |
| **Коомдук фонд “Мастер радости”** | Ош шаары, Ленин көч., 205, 420 | 0550 42 29 02 | Лариса Касура |
| **Коомдук фонд “Аялзат”** | Ленин көч., 221, облустук администрация имараты | 5 56 08 | Эштаева Наргиза |